

# Эр Табылды

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# Эр Табылды

Айтуучу

А. Тыныбеков

Кыргызмамбас
1957

Колуңуздардагы китеп Актан Тыныбековдун варианты боюнча толуктап иштелип кайрадан басылды. Поэманын идеялык мазмуну кыргыз элинин көчмөндүү турмушундагы ички жана тышкы душмандарга каршы патриоттук күрөшүнө негизделген.

Поэмадагы эң башкы оң каарман Эр Табылды болуп эсептелет. Ал кыргыз жерине ач көздүк менен басып кирген калмак колуна, анын уюштуруучусу Чалкалмакка каршы жеңиштүү согуштарды уюштурат. Чалкалмактын басып алуучулук аракетине Кудайназар сыяктуу кыргыз элинин өз ичинен чыккан куйту адамдар жардам берип чыккынчылык ролун ойносо да, жалпы элдин сүйкүмүнө, колдоосуна ээ болгон адилеттүү Табылды акыры чоң жеңишке ээ болот.

Поэмадагы оң каармандардын ичинен жалгыз гана Табылдынын эмес, анын карындашы Карлыгач, ошондой эле элден чыккан Эрмек, Элдияр сыяктуу баатырлардын да образдарын көрүүгө болот.

Китеп кыргыз калкынын оозеки чыгармаларынын баалуу мурасы катарында окуучулардын массалык чөйрөсүнө арналат.

Бул китептин басылышына карата өз пикириңиздерди төмөнкү адрес боюнча жиберүүңүздөрдү сурайбыз.

*Фрунзе шаары, Дзержинский көчөсү, үй № 49 Кыргызмамбас.*

## СӨЗ БАШЫ

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларын жыйноо жана бастыруу иштери революциядан кийин гана, Совет бийлиги убагында жолго коюла баштады. Тагыраак айтканда 1930-жылдардын ичинде «Курманбек», «Саринжи-Бөкөй», «Кожожаш», «Эр Табылды» жана башка чакан эпостор жарыкка чыгарылган.

Кыргыз элинин эпостору өзүнүн мазмуну жагынан: социалдык турмуштук жана баатырдык эпостор болуп экиге бөлүнөт. Баатырдык эпостордун түрүнө «Эр Табылды» да кирет. «Эр Табылдынын» азырынча бизге белгилүү эки варианты бар. Бири—Актан Тыныбековдуку, экинчиси — Жума Жамгырчиевдики.

Колуңуздардагы китеп Актан Тыныбековдун варианты боюнча кайрадан басылды, анткени — Жума Жамгырчиевдин варианты көлөмүнө жана окуялардын жүрүшүнө караганда «Эр Табылдынын» толук иштелген варианты болбостон, жөн гана Актан Тыныбековдун «Табылды» поэмасынын бир үзүндүсү сыяктуу болуп калган.

Кыскача болсо да, «Эр Табылдынын» идеялык мазмунуна, кайсы бир каармандардын образдарына токтолуп өтөлү. Тарыхта 15-кылым менен 18-кылымдын аралыгында Орто Азия элдерине жунгарлардын (калмактардын) жасаган бүлүндүргүч чабуулдары белгилүү, алардын чабуулдары бул жерде жашаган элдерге экономика жана маданият жактан чоң зыяндарды келтирген. Орто Азия элдеринин калмактарга каршы күрөштөрү эң көп элдик оозеки чыгармалардын мазмунун жана эл баатырларынын образдарын түзгөн.

Чыгарманын негизги сюжетин тышкы душмандарга (калмактарга) болгон каршы күрөшү түзөт. Бирок, ай-

туучу окуяны түз эле калмактар менен болгон кагылыштан баштабай, окуучуга түшүнүктүү болуш үчүн, ал уруштун кандайча даярдалгандыгынан баштайт.

Эрменкандын эки аялы болот. Улуу аялынан (калмак кызы) Кудайназар болуп, кичи аялынан Табылды төрөлөт. Кудайназар атасынын барында эле өзүнчө бөлүнүп кетип, 60 уулдун атасы болот. Эрменкан өлгөндө Табылды жаш калат да, Кудайназардан көп кордук көрөт. Табылды улам чоңойгон сайын эл таламын талашкан кайраттуу азамат боло баштайт. Табылдынын эл арасында кадыр-баркка ээ болушу Кудайназарга жакпайт. Кудайназар канчалык жамандык издесе да, Табылды ага каршы эч жамандык ойлобойт. Ошондуктан, Табылды, атасына аш берерде Кудайназарга киши аркылуу кат жиберет:

«Кудайназар абама,
Атамдай болгон агама,
Алдыңа киши жиберип,
Айттырам кабар мен сага».

Бирок, Кудайназар Табылдынын аны ага катарында сыйлаганын эч баркка албайт. Табылдыга көрсөткөн мурунку кылыктарын эске түшүрүп: «Мен барып малын, пулун тартып алганга жалгыз кул коркуп калган экен го, дагы жүрөгүн чыгара кат жазып жиберейин»—деп мактана баштайт. Кудайназар ашка келет, анда чатак чыгаргандыктан, элге жаман көрүнөт. Ичине кек сактап калган Кудайназар, кийин Табылды ооруп калганда, таякеси Чалкалмакка «Табылдыны чаап кет, жылкысын тийип кет»—деп кабар берет.

Чалкалмакка каршы уруш мына ушундан башталат. Табылды поэмада жекече баатыр катарында сыпатталбастан, дайыма эл менен бирдикте болот, элдин күчүнө ишенет, ушул себептүү ал дайыма эл арасында кадыр-баркка ээ болот. Ошондуктан, Табылды уруштан жеңиш менен айлына кайтканда элдин кубанычы койнуна сыйбай, аны чоң сыймык менен салтанаттап тосуп алышат.

«Алты миң түтүн катаган,
Эрмектен кабар угуптур.
«Табылдыны көрсөк»—деп,
Уккан адам токтобой,
Убап-чубап жүрүптүр.

Караламан катаган,
Калбай кетип баратат.
Катын-бала аралаш,
Чалдар кетип баратат.
Торпок минип топондоп,
Балдар кетип баратат».

Кыргыз эпосторунун көпчүлүгүндө калк өзүнүн сүйгөн баатырына гана ушундай жылуу сезимдерин, кубанычтарын билдиришет.

Поэмада бирдиктүүлүк, ынтымактуулук, бирин-бири сыйлоо жана башка адамгерчилик сапаттар Табылды менен анын кырк жигитинин бири-бирине кылган мамилелеринен да ачык көрүнөт. Алардын ортосунда баш-аламандык, бир-бирине эрегишүү болбойт. Табылдыны кырк жигити өзүлөрүнүн улуу агасындай сезип жана ашкан баатыр катарында эсептешсе, Табылды өзүн кырк жигиттин бириндей гана көрөт. Анда бой көтөрүү, өз күчүнө ишенип кайсы бирлерин жекирүү деген болбойт. Урушта чарчаган кырк жигит эс алууга киришкенде, Табылды аларга кароолчу болуп турууну да намыс көрбөйт.

Мындай бирдиктүүлүк, ынтымактуулук Чалкалмактын сандаган көп колунда такыр жокко эсе. Чалкалмак Табылдылар менен бир-эки беттешкенден кийин эле, өз колунун тартипсиздигине, ыркы жоктугуна кейийт. Бул көрүнүш поэмада өтө сонун сүрөттөлөт.

Өз ара жардамдашуу, бирин-бири түшүнүү жана достук мамилелер поэмада Табылды менен анын достору Элдияр, Эрмектин образдары аркылуу да эң сонун берилген.

Поэмада Элдияр Табылдыга баатырдыгы, күчү менен салмакташа албаса дагы, ал Табылдыдан бир канча айлакер. Элдияр Табылдыга бир чети агадай, экинчи чети чыныгы достой мамиле кылат. Табылды кайсы бир убакта ылайыксыз көктүктүн, аша чапма эрдиктин кесепеттеринен кемчиликтер кетирип баратса, Элдияр аны түз жолго салууга аракеттенет. Ал эми, поэмадагы карыя Уста көптү көргөн акылман аксакалдардын көркөм тиби катарында баяндалат. Уста «Манас» эпосундагы Бакай сыяктуу, баатыр уландарга дайыма акылын айтып, кеңешин берип, аларды эл таламын көздөөгө чакырат.

Поэмадагы терс образ Чалкалмак — эл чабуу, жер басып алуу менен жан сактаган, өзүнө кишини теңебеген көпкөлөң неме. Ал башка элдерге кылган бүлүндүргүч чабуулун, зордук-зомбулугун өз элине да кылуудан баш тартпайт. Ошондуктан, эл ага ишенбейт, аны кадырлабайт.

Поэма ички-тышкы душмандарды жеңип, элдин кубанчын салтанаттоо менен аяктайт.

«Эр Табылды» поэмасы кыргыз элинин өз эркиндигин сактоо үчүн жүргүзгөн күрөшүн көркөм сүрөттөгөн тарбиялык мааниси бар жогорку идеялуу чыгарма катарында көп кылымдардан бери өмүр сүрүп келе жатат. Ал мындан ары да жаштарды патриотизм духунда тарбиялоого, аларды элдин өткөндөгү турмушу, үрп-адаты көз караштары менен тааныштырууда да өз маанисин жоготпойт.

*Төлеев Ж.*

Мурунку өткөн заманда катаган деген эли бар, Кара-Тоо деген жери бар, миң үйлүү катаганды бийлеп, Ат-Башы, Нарынды жердеп Омокан деген өткөн. Омокандын: Ормонкан, Эрманкан деген эки уулу болгон. Бул Ормонкан, Эрманкан баатыр чыгып катаган элин кайтарып, калмактын мизин майтарып, эрдик менен эл багып катылгандын катыгын берип туруучу эле.

Ормонкандын баласы жок жүрүп өтүп кетти. Эрманкандын мурунку калмак аялынан Кудайназар деген бир уулу болгон. Ал Кудайназар чоңоюп бой тартканда эле, куу-шум чыкты. Кудайназардын жети уулу болду. Алтыбай, Кенжебей, Олжобай, Аргынбай, Чаргынбай деген балдары өзү менен тең өсүп; Кудайназар өзүн-өзү бийлеп,— өз алдынча сүйлөп, бөлөк айыл болуп, бөтөн сууга конуп Эрманкандан эл талашып эрегишип басташып кармашып чыкты.

Кырк каракчы атанып ууру кылып — жол тосуп, нар өлтүрсө пул бербей, эр өлтүрсө кун бербей, зордукчул чыкты. Бул Кудайназардын жаман адаттарын койдура албай канча сапар энчи берип жүрүп, Эрманкан айласы кеткенде Кудайназардын энесин колуна берип, өзүн балалыктан кечтим деп көп мал энчи берип элден, жерден кууп жиберди. Эрманкан элүү жашка чыкканда нойгут элине барып Агача деген кызды алып келди.

Агача он жылга чейин төрөбөй жүрдү, Эрманкан алтымыш эки жашка чыкканда, Агача бир эркек бала тапты. Атын Табылды коюп—эли-журту сүйүнүп, «карып кеткен кезинде Эрманкан эркек балалуу болду» дешип калың той берип; таң-тамаша кылып тарашты. Эрманкандын көңүлү жай болуп кубаттанып калды.

Агача жана бир кыз тапты, атын Кардыгач койду. Табылды он үчкө чыккында, атасы Эрманкан өлдү. Кудайназар келип «энчилеш малым» деп жесир катын Агача, жетим бала Табылдынын малына зордук кылып мал бөлүп алып кетти. Табылды он төрт жашка чыкканда, атасынын казынасын ачып жоо жарагын алып, кырк жигит күтүп Элдияр, Эрмек деген эки досун эненин эмчегин бирге эмишкен бир тууган кылып алып, кырк жигитин мылтык атуу, кылыч чабуу, найза саюуга маш кылып, атка адис кылып, баатырлык му-

нөзгө киришип, кырк жигитине соот, чопкут, чарайна, калкан даярлап, мал-пулдун көзүнө карабай жоо жарагын алдырып, элден чыккан күлүк аттарды алып, эл кайтарып жол чалып, атасы Эрманкандан мыкты болду.

Бул арада атам Эрманканга аш берсемби деп катаган калың элин жыйнап, кеңеш сурап калды. Көпчүлүк эл Эрманканга аш берүүнү маакул таап казак, кыргыз, өзбек элин чакырып Анжыян-аркага кабар салып ашка даярданып калышты. Табылды ойлонуп: «күнү катындын баласы болсо да, Эрманкандын уулу деген аты бар эмеспи, Кудайназарга кабар берейин» деп жазган каты:

«Кудайназар агама,
Атамдай болгон абама,
Алдыңа киши жиберип,
Айттырам кабар мен сага.
Жаш Табылды ининден,
Жалпы кыргыз элинен,
Жесир калган каралуу —
Агача аттуу энеңден;
Кудайназар карыга
Балдарыңдын баарына.
Дувай салам кат жаздык
Туугандыгың сагына.
Эрманкан ашын бермекке,
Эли конду жабыла.
Катаган калың тууганың
Катар конду камына.
Карыябыз эле деп,
Кат жазды иниң жалына;
Каргадай жалгыз иниңдин,
Караан болгун жанына.
Келсин деп сага кат жаздык,
Атаңыздын ашына.
Ак сакал болуп турсун деп,
Аш берген элдин башына.
Агалыгың сыйлаган,
Каргадай жетим иниңиз —
Атаң Эрман ашында,
Айлыңызды билиңиз.
Алыстан келген көп элге,
Аралашып жүрүңүз.
Анча-мынча душманга,
Бар эмеспи сүрүңүз.
Чоочун мейман чакырдык,

Чогулушта болуңуз.
Чогулуп тууган бололу;
Чогоолдукту коюңуз.
Келбей жатып калбаңыз,
Кебим ушул абаке,
Кечирип туруп сындаңыз.
Алдыңа жазган кат ушул,
Айта турган арыз ушул».

Бул катты алып барып Кудайназарга берди. Кудайназар катты көрүп, көтөрүлүп «Мен барып малын, пулун тартып алганда жалгыз кул коркуп калган экен го, дагы жүрөгүн чыгара кат жазып жиберейин» деп барган кишиден жазган каты:

«Мен — Кудайназар абаңмын,
Атаңдай болгон агаңмын.
Өзүң келип сүйлөшпөй,
Атаңдын көрү куу жалгыз,
Арага киши салганың.
Аш берем деп атаңа,
Адамсынып калганың,
Атанын малын күттүрбөй,
Акылыңды табармын!
Аш үстүнөн көрөрсүң,
Алтымыш менин балдарым.
Ашыктай болгон куу жалгыз
Атаңда акым көп эле;
Аламын сенден калганын!
Энең калмак эле деп,
Элден кууган Эрманкан,
Эл ичине тургузбай,
Жерден кууган Эрманкан.
Эрте кеч кармап мал сойгон,
Жемден кууган Эрманкан...
Атаңдын өчүн аламын,
Аш берсең мен да барамын.
Ашыктай сендей жалгыздын
Азапка башын саламын.
Ак калпак кыргыз журтумду
Анык колго аламын.
Абалкы болгон кеңештен,
Акылсыз кандай каламын?
Аягында кат жазып,
Акчыланып каласың!

Айылды өзүң билгенсип,
Ары жок кандай баласың:
Эр болсоң ашты берип көр,
Эрегишсең келип көр —
Ээн баш сендей жалгызды
Эбине салчу мендей шер!
Барсам барып каламын,
Башыңа балаа саламын.
Баш байгеге сен кулду,
Байге кылып саямын.
Байбиченин баласы,
Баатыр абаң мен болом.
Агача токол энеңи
Аяккы атка саямын!
Кулдугуңду билгизип,
Куур тонду кийгизип,
Кунанга байге кылбасам,
Кудайназар атыкпай,
Кубултуп атым бурбасам!»..

Барган киши бул катты алып келип Табылдыга берди. Табылды бул катты калың катаган элине окуп берди. Катагандын карыясы Уста деген Табылдынын аяш атасынын айткан сөзү:

Калың кыргыз катаган,
Ханыбыз эле Эрманкан.
Калмактын сөзүн уктуңар,
Кудайназар куу калмак —
Каймана болгон атадан.
Каракчы болуп мал уурдап,
Канча бир жылы жашаган.
Эрманкан кууган элинен,
Ат-Башы, Нарын жеринен,
Коркпо, балам Табылды,
Каракчынын кебинен.
Эрманкан ашсыз калабы?
Табылды жаман балабы?
Ушунча журтка бир калмак,
Урушуп бузук салабы?
Камынып ишиң кыла бер,
Ойлобой, балам, санааны.
Атадан арам туулган,

Андыктан элден куулган,
Аш үстүндө эр болсо,
Салып көрсүн чуулган.

Көпчүлүк катаган эли Устанын сөзүн маакул деп, уга турган акыл деп, таркап аштын камын кылып жатышты.

Карыя Уста камынып, калың элди жайгарып, кең Соң-Көлдүн боюна көнуп, Эрманкандын малынан он миң кой, бир миң жылкы, бир жүз төөнү аттын байгесине арнап бөлүп алып, кемегени казып, келген элди тосуп, конок бөлүп кондуруп жатышат. Эмки сөз Кудайназардан болсун.

Суусамыр чыга жайлаган,
Күлүктөрүн байлаган,
Күндө жарак шайлаган,
Эки жүз түтүн эли бар
Эркиндүү кыйын кеби бар,
Үйүндө жатып оолукса,
Кудайназар абаңдын
Аш бердирбес деми бар!
Соң-Көлгө айыл конду деп,
Угуп калган чени бар.
Кудайназар абаңдын,
Кутургандай көзү бар,
Аш берем десе Табылды,
Кууратам деген сөзү бар.
Аттарын таптап байлады,
Ар жарагын шайлады.
Алтымыш уулун чогултуп,
Аш жөнүнөн сайрады.
—Эрманкан биздин атабыз,
Эмне тынчып жатабыз.
Ок дарыны калың ал —
Ашта жамбы атабыз.
Конок болуп барабыз,
Байгеге атты чабабыз,
Корсоңдосо, жалгыздын
Башын кесип салабыз.
Ашка жалпы барабыз,
Алтыбайдын күлүгү
Алатоону чабабыз,
Алты сан кыргыз элине
Алтыбайды хан кылып;
Абийирди эми табабыз.

Чүй боюна барып кел,
Чүй өзөнүн чалып кел,
Сокур кара сынчы бар,
Күндөп, түндөп алып кел.
Ашта сынын көрөмүн,
Алтымыш уулумду сынатып,
Акысын толук беремин.
Чатак кылса Табылды,
Чаап алып келемин.
Эрманкан малын чачамын,
Эртең жолго басамын,
Элден журттан бөлүнүп,
Эченден бери жашадым.
Карып кеткен кезимде,
Хан көтөрүп баламды
Капамды эми басамын.
Кадырлап жакшы күтпөсө,
Каргадай болгон жалгыздын
Канын суудай чачамын!
Алмадай башын кесемин,.
Ачуума тийсе, жалгыздын,
Айлында кардын эшемин.
Ага болушса катаган,
Ал элден мен да кечемин.
Көл башында Чалкалмак,
Көчүп кирип кетемин. —
Деп оолугуп агаңыз,
Кудайназар абаңыз,
Балдарына кеп айтып,
Эрманкандын ашына,
Барабыз эртең деп айтып.
Сынчыга киши чаптырып,
Ок-дарысын арттырып,
Аш сөөлөтү болот деп,
Сурнайын тарттырып.
Жабуулап күлүк коштотуп,
Жасоосун жыйнап топтотуп,
Жамбы атууга даярдап,
Жасайыл мылтык октолуп.
Кемегенин башына,
Кеч киргенде абаңыз,
Келип калса Табылды—

Кернеј, сурнай тарттырып,
Сурнайдын үнү угулуп,
Суу-суудан киши чогулуп,
Кернейдин үнү угулуп,
Кемегенин башына,
Келип жатат ар кайдан—
Ким болду деп чубуруп.
Кузгундай көзү кызарган,
Куудай сакал агарган,
Кудайназар чал экен,
Купшуңдаган жан экен.
Кулагы типтик укмуштуу —
Минген атын карасаң,
Куу байталы бар экен.
Кутургандай көзү бар,
Кубулжуган сөзү бар,
«Куу жалгыз кайда чакыр деп,
Кудайназар дуңгул чал,
Агаң ашка келди де,
Адамдын баары көрдү де,
Атаңдын көрү Табылды,
Алдыма келсин бери де.
Көтөртүп койгон үйү жок,
Көрүшүп келген бийи жок,
Аш берем дейт куу жалгыз,
Ага, ини менен ою жок.
Кабарды катуу салып кел,
Кадырлап мени күтпөдү,
Каргадай болгон жалгызды,
Кармап байлап алып кел.
Жылкысын тийип айдап кел,
Жалгызды кармап байлап кел.
Ачууңа тийсе тил албай—
Айлында өзүн жайлап кел.
Алтыбай балам барып кел,
Эки бала ээрчитип,
Эрдик кылып айдап кел!»

Деп Кудайназар кемегени тегеректеп түшүп олтурду. Катаган элинин карыясы аш башкарган ак сакал Уста келип Кудайназарга айткан сөзү:

—Кудайназар аксакал,
Эрманкандын уулусуң,

Ашка бузук салам деп,
Эмне кылган жумушуң?
Жарайбы сенин өзүнө,
Душмандык кылып турушуң?
Өз атандын ашында,
Өкүмдүк кылган урушуң.
Аныгын айтсам сен өзүң,
Элден качкан уурусуң.
Сен—жарагың болсо жамдап чык.
Жасоонду бөлүп камдап чык,
Урушар болсоң бери чык,
Укканың ушул эми чык.
Өз атандын ашында,
Өлтүрөм сени, сөзүмдү ук!
Кармашар болсоң бери чык!
Табылды арзан балабы,
Тартынып сенден калабы?
Эрманкандын ашында,
Эрдигин калмак салабы.
Калың кыргыз сен кулга
Ээлетип туруп калабы?

Кудайназар Устанын бул сөзүн укканда кийин, деми суул «аттаналык, ак сакал» деп, калмактар карбаластап аттанып, Таштулганын төрүн көздөй чыгып кетишти.

Алтыбай эки бала ээрчитип алып Табылдынын айлын издеп бармак болуп атганган эле. Табылдыга баруудан коркуп келе жатса, алдында калың жылкы жайылып келатканын көрүп; «эки бээ кармап алып барайын» деп, эки бээ кармап алып кайра келди. Келсе кемегенин башында эч бир киши жок. Суу алганы келген эки келинди көрүп Алтыбайдын айткан сөзү:

Суута келген келиндер,
Сураган сөзгө жооп бер,
Коркпогула, балдарым,
Сөз айтамын бери кел.
Кемегенин башында.
Алтымыш уулу кашында,
Ашка келген абабыз,
Алтымышта жашында,
Аппак сакал карыя,
Алардан кабар уктуңбу?
Айткыла менден жашырбай,
Жакшылар тосуп келдиби,

Жайлап жооп бердиби,
Жакшы конок кылууга
Жамааты бөлүп кеттиби.
Аларды топко бөлдүбү,
Табылды бала келдиби,
Таазим менен абама,
Таза салам бердиби?
Аш башкарган ким эле,
Абамдын жайын билдиби?
Айткылачы келиндер,
Алтыбай деген мен болом.

Анда келиндердин Алтыбайга берген жообу:

Каттаган элден кеп уктук,
Кабарды сизден эми уктук.
Кудайназар келиптир,
Кузгундай бир чал деп уктук.
Эрманкандын уулу дейт,
Уулу эмес калмак кулу дейт.
Кемегенин жанынан
Кетирип Уста кууду дейт.
Алтыбай деген бир уулун,
Арачы кылган элге дейт.
Аттанып абаң жөнөптүр,
Таштулганын төргө дейт.
Сөзүбүз ушул акелер,—
Башка сөз жок бизде дейт.

Алтыбайдын ачуусу келип, «менин арачы болгонумду кайдан уккан деп сөзүнүн жалганы чыгып, келиндин чачын жулсамбы—керин салып урсамбы, кебимдин чыкты катасы, кеп салып эли чогулуп кеңешип алганбы, куугунтук жеп абакем куулуп төргө барганбы деп. Алтыбай эки бээни жетелеп алып, Таштулганын төрүнө чыгып барып, абасын андан таап алып эки бээни союп, этине мыктап тоюп жатып калышты.

Эртен менен Кудайназар балдарын чогултуп алып айткан сөзү:

«Аксакал болгон кезинде,
Аштан конок жетпесе,
Аш башкарган кишилер,
Аралабай кет десе;
Алтымыш уулум барында
Аламын жоону деп жүрөм—
Ар ким мага беттесе.

Балдарым, бери келиңер,
Бабаңдын сөзүн угуңар
Баарың бирдей балдарым,
Кайраттанып чыгыңар.
Табылды жалгыз көрүнсө,
Таш менен жыга уруңар.
Алаксыбай, балдарым,
Абаңдын сөзүн угуңар.
Табылды жолун тосуңар,
Таамайлап уруп жыгыңар,
Катардан минтип калганча;
Кара уруш салып чыгыңар.
Каргадай болгон жалгыздын,
Кармап башын жулуңар.
Катаган эли болушса,
Качпай тосуп туруңар.
Калмаксың деп четтетсе,
Калыстык кылбай катаган;
Качырып бизге беттешсе,
Бал тилимди салайын,
Баарыңарды урдурбай,
Аман алып калайын.
Куу байтал менен чү коюп,
Көл башына барайын.
Хан Чалкалмак—тагамдан,
Калың кошун алайын,
Катаган элин каптатып,
Кararта чаап салайын.
Астыртан кабар салайын,
Аскерди арбын алайын,
Атаңдын көрү кыргызды,
Абдан чаап салайын.
Аш бийлебей калганча,
Арымдан өлүп калайын!
Аттангыла балдарым,
Ашты көздөй баралык.
Улуу жолдун боюна,
Көчө болуп калалык.
Сокур Кара сынчыга,
Чубатууга салалык.
Сынга толгон баланы
Хан көтөрүп алалык.

Деп абасы айтканда;—
Көөкөрдө калган арактты
Көңтөрө ичип салышып,
Абасынын бул сөзүн
Балдары маакул алышып,
Абырдан шабыр ат токуп,
Ат токуса бат токуп,
Аттанышып калмактар,
Улуу жолдун боюна,
Таштулганын оюна.
Келип түшүп олтурду
Табылды кетер жолуна.
Койдой кара таш эңип,
Алтыбай алды колуна.
Жалгызды жыга урам деп,
Каранып оңду солуна.
Алатоо күлүк ат менен.
Алтыбай турат айкырып,
Арак ичкен калмактар
Ар кимиси бакырып,
Аркадагы сынчыны,
Абаңыз алды чакырып.
Кудайназар кеп айтат:
«Кана, сынчым, балыңды ач!
Балдарды сына» деп айтат.
Алтыбайды баштатып,
Алтымыш уулун чубатты,
Кенжебайды баштатып,
Кезеги менен чубатты,
Уландарын чубатып,
Улам бирин сынатып,
Олтура албай аттанып
Куубайтал менен чуратып,
Балдар чубап бүттү эле,
Баарысы сындан өттү эле.
Кудайназар баатырга,
Эми кезек жетти эле;
«Карып калган кезинде
Жакшы сына сынчым деп,
Абаңыз сындан өттү эле,
Куу чочморун колго алып,
Сынатып өтүп кетти эле.

Сынчынын өңү бузулуп,
Айталбай сөзү кысылып,
Улуу жолду бет алып,
Тунарып көзү сүзүлүп,
Куубайтал менен дыргытып,
Куюндай чаңын бургутуп,
Кудайназар келди эми.
Кулагын салып сөз угуп,
Кең Чүй ата жериңден,
Келдим эле элимден,
Кебиңди айтчы сынчым дейт.
Кечиктирбей уксам мен,
Ачык айтып ак сүйлөп,
Айтчы сынчым кебиңден.
Алтыбай сынга толдубу,
Айтар кезиң болдубу.
Кенжебай сынга толдубу,
Кеп салар маалың болдубу
Карыса да абаңдын,
Башына сыймык кондубу?
Олуя болсоң оюңду айт,
Оңчулуктуу кебиңди айт.
Сынчы болсоң сыныңды айт,
Сөз жашырбай чыныңды айт.
Сүйүнчүңө төө берем,
Сүйрү эмчектүү бээ берем.
Жолдугуңа ат берем,
Кечиктирбей бат берем.
Алты миң түтүн кыргызга
Хан болор балам бар бекен?
Карыса да абакең,
Касиеттүү жан бекен?
Айт сыныңды сынчым деп».
Абаңыз турат энтелеп.

**Сокур Кара сынчынын тубаса эки көзү жок туулган киши эле, сынчынын Кудайназарга айткан сөзү:**

«Кудайназар агабыз,
Атабыз курдуу ababыз.
Шаштырып мени кыйнайсың,
Шашпаңыз түбү ыйлайсың.
Төмөнтөн келет калың чаң,

Чаң ичинде бир топ жан,
Ошол чаңды байкачы,
Мен—ошол чаңга болдум таң.
Үнүм чыкпайт айтууга,
Койбодуң үйгө жатууга,
Берилесин ошол чаң».

Кудайназар ачуусу келип аттан түшө калып сынчыга айткан сөзү:

Айтсаңчы сынчы кебиңди,
Азыр табайымбы эбиңди,
Алыскы чаңды каратып
Аласкытам дедиңби?
Көрүнгөнүн сен айтып,
Жазсаңчы көңүл черимди,
Кандай курган сынчысың
Каптатам сага жинимди,
Кара ниет окшойсуң
Калп айтарың билинди.

Сынчы кабагын түйүп, кашайып жаны күйүп, Кудайназарга айткан сөзү:

«Кудайназар карыя,
Менин сыным жарыя,
Кара ниет болбостон,
Айтчы элем элдин баарына.
Мени сынга бек тууган,
Эки көзүм жок тууган.
Сындын айт дегенин айтчу элем,
Кой дегенин койчу элем;
Сынап жүргөн сынымды,
Ачууң келбей угуптур,
Айтайын эми сырымды.
Көрүнгөнүн айтайын,
Көөнүңө салып кайтайын,
Билингенин айтайын,
Билиндирип кайтайын.
Айтсам сенден өлөрмүн,
Айтпасам сындан өлөмүн.
Көзүм жок сокур болсом да,
Көп элдин түрүн көрөрмүн.
Алтыбай деген бир уулуң
Ала көөдөн жөн экен.

Акылы тайыз бала экен,
Аракка жакшы кызыса,
Алпооз сөзү бар экен.
Көйрөң чалыш кул экен,
Көөсөр сымак уул экен.
Ачкыл жандуу киши экен,
Алыша кетсем койбойм деп,
Ишенгени күчү экен.
Катынынын жанынан,
Күндүк жерге жол жүрсө,
Айласы кетчү ит экен.
Кенжебай деген бир уулуң,
Керет сөрөй жан экен,
Өзүнүн боюн көтөргөн,
Кербес сымак бала экен.
Келин, кыздын жанында
Кеңеш тапчу ал экен.
Эки көз сөрөй эме экен,
Эстүүсүнгөн кул экен,
Кирди чыкты эси бар,
Кичи пейил уул экен.
Кенжебайдын тилинен
Чыкпай жүрсөң абаке,
Аштан ачка болбойсуң.
Аттан жөө калбайсың.
Анын тилин албасаң,
Карып кеткен кезиңде;
Кардың ашка тойбойсуң.
Таштабайт сенин көөнүңдү,
Жаман кылбайт жөнүңдү.
Балдарыңды көргөндө,
Кабыргам жаман сөгүлдү.
Бычакка саптык уулуң жок,
Кайгырып жашым төгүлдү.
Жалган айтсам оңбоюн,
Жалпы балаң биригип,
Жан бактыдай көрүндү.
Жаман көрсөң, ак сакал,
Жаныма салгын өлүмдү.
Ачууланба, абаке,
Ашык айтсам өлөйүн.
Абдан жакшы угуптур;

Өзүңдү сынап берейин:
Тилиңде балың бар экен,
Көзүңдө каарың бар экен.
Эр көкүрөк ээликме,
Сөзүңдө заарың бар экен.
Бал тилиңди салганда,
Ташта болсо эриткен.
Таңдайда сөөлүң бар экен.
Бирок—ачууң чукул шашылган,
Акылыңды качырган,
Аягына жете албай,
Аш бышымда жазылган,
Жайкы күндүн түрүндөй
Жаай түшүп ачылган:
Жаалың келсе бир паста,
Жакыным дебей качырган.
Жазгы күндөй сөгүлгөн,
Жалындуу болуп көрүнгөн,
Жаш кезиңде абаке,
Жалтанбапсың өлүмдөн.
Жашың өтүп кетиптир,
Көрүң жакын көрүнгөн.
Кармаган жерден кан чыккан,
Каарлансаң жан чыккан,
Каптап кетти арбагы
Төмөнкү калың чаң чыккан.
Сыймыгың баштан качыптыр,
Сырттан сөөгүң жашыптыр.
Төмөнкү чаңдын арбагы,
Абаке сени басыптыр.
Тапыпсың жүргөн жолуңдан,
Таалайың кетип колуңдан.
Издегениң чыр экен,
Имерип шайтан соңунан.
Балы кетип тилиңдин,
Баркы кеткен күнүңдүн.
Мына-мына-мына дейт
Мен эмес өзүң сына дейт.
Калың чаңдын ичинде,
Кан заада неме тура дейт.
Жакын келди калың чаң,
Чаң ичинде бир топ жан,

Кайсы хандын баласы,
Как ошого болдум таң.
Астында атын карасам,
Айбандан башка түрү бар,
Үстүндө ээсин карасам,
Адамдан башка сүрү бар.
Саадагын белге салынган,
Туяксыз жүрүп атасы,
Зарыктырып табылган.
Душманды көздөй бет алса,
Ак жолборстой чамынган.
Кырк жигити кашында,
Кырмызы жоолук башында,
Мүчөлүнөн өтүптүр.
Аттанып он төрт жашында,
Кызыл чийкил жаш бала
Болот кылыч байланып,
Бозум куштай айланып,
Алма баш мылтык асынып,
Акыл ойлоп озунуп,
Ак ниеттүү боз балдар,
Алган экен кошулуп.
Арбагы артык бул элден,
Асманга чаңы созулуп.
Жаагынан түк чыккан,
Жалындап көздөн от чыккан.
Бала жолборс өңдөнүп,
Ушул кайсы хандын баласы?
Укмуштан угуп жүрчү элек,
Бул эмдигинин Манасы.
Өтүп барат мынакей,
Абаке байкап карачы.
Айбатына чыдабай
Канчасы качып кетти экен.
Балдарыңды саначы?
Чоочуп кетип абакең,
Жолго көзүн салды эми,
Чаңды карап калды эми.
Эки жакты карабай,
Эч кимден жанын аябай,
Эр Табылды көрүндү.
Душманым бар деп санабай,

Арчатору буудандын,
Шайбырына төндүрүп,
Басыгына көндүрүп,
Жалаң кылыч байланып,
Жагалуу айдай айланып.
Жаалы келип толгонуп,
Жалгыздыгын ойлонуп,
Кызыл жүзү бозоруп,
Ант ичкендей кумсарып,
Кырк жигитин ээрчитип,
Табылды өттү сумсайып.
Чочуганда эрдик жок,
Кудайназар абаңыз,
Кубулжуган агаңыз,
Алдынан каршы чыга албай,
Айткан сөзүн кылалбай,
Айбатын көрүп баланын
Ал жерге токтоп туралбай,
Кутулар жагын бет алып,
Сынчынын сөзүн угалбай
Жалгызга зыян кыла албай,
Балдарына караса,
Жашынышып калыптыр.
Калың аттын ичинде,
Калкаланып чыга албай.
Алтыбай жүрөт бата албай,
Колунда койдой караташ,
Коёрго жер жок ката албай,
Кенжебай жүрөт кете албай,
Кекенчине жете албай.
Келжиреп мында турганча
Бая эле кемеге жакка бет албай.
Кудайназар абаңдын
Кужуру келип курушуп,
Куйкасы жаман тырышып,
Кубат кылган балдарым
Силерби деп урушуп.
Алтымыш жаман бергиче,
Ашыктай жалгыз берсечи,
Токсон жаман бергиче
Томуктай жалгыз берсечи.
Аттангыла, өлүктөр,

Аркасынан барайын,
Бал тилимди салайын.
Эрке атан өскөн жалгызга
Эл болушуп алайын,
Ат үстүндө чыр салбай,
Байгеге атты чабайын.
Қалың элди таратып,
Акылын өзүм табайын.
Ашка конок болоюн,
Абдан этке тоёюн.
Ак сакал деп сыйласа,
Агасындай болоюн.
Алты миң түтүн кыргызга
Хан көтөрүп коёюн.
Арам көөнү бар болсо,
Ашыктай болгон жалгыздын,
Алмадай башын алайын.
Ай баткандай кылайын,
Арадан атты кошоюн,
Ашына бузук салайын,
Байгесин зордук кылайын.
Мандалактай жалгызды
Тамырын түптөн жулайын.

Деп Кудайназар кемегенин башындагы калың элге келди. Элди ортосунда эр Табылды аяш атасы Уста менен сүйлөшүп турганы көрдү. Кудайназар: — «жүргүлө, балдар, бүжүрөгөн кошоматчы Уст кул кечеки менин сөзүмдү Табылдыга айтып жатат ко. Ачуулуну астынан чыкпа деген, каны суюк жаш бала кагылыша кетип жүрбө сүн» деп кабачыраак жерге балдарын түшүрүп коюп кашатчада карап олтурду.

Ашка чогулган калың эл тегерек тартып тең болуп, эл ортосу ке болуп, эр сайышып, балбан күрөшүп, эр эңишип, жамбы атышы тамашасын бүтүрүшүп тарашты.

Сурнай керней тартылып,
Ырчылар жар чакырып,
Эртең эрте тургун деп,
Ат чабар жерге жүргүн деп,
Табылдынын жарлыгын,
Баарың толук билгин деп.
Қызыл жарга барасың
Кыйын күлүк чабасың,
Чыгып келсе күлүгүң
Қызык олжо аласың.

Кыябында жок болсо
Атындын карды ток болсо,
Жүгүрө албай токтолсо,
Байгеден куру каласың.

Бөлүнгөн үйлөргө конокторун алып, үй ээлери тарап кетишти. Кудайназар айылга батпай же ашка келбей эле үйүндө жатпай же конокко бөлүнбөй коктудан чыгып көрүнбөй, кайда барарын билбей, калың элдин бул жүрүшүн сүйбөй:

Ачуусу келип бакырып,
Алтыбай деп чакырып,
Алатоо күлүк атыңды,
Тердеткин деп камынып.
Талаада жалгыз калганга,
Терикkенден чамынып
Аттан тандап мингин дейт,
Жылкыны көздөй жүргүн дейт
Эки семиз бээ алып,
Эртелеп бизге келгин дейт.
Төргө чыгып баралык,
Эки бээ союп салалык.
Эрманкандын малынан,
Эптеп өчтү алалык.
Элдин баарын таратып,
Эрбеңдеген жалгыздын,
Эбин шашпай табалык.
Энебиздин энчисин,
Эркибизче алалык.

Деп Алтыбайга кошуп төрт уулун аткарып, төрдү карай бет алып барып жатып калды. Алтыбай Эрманкандын жылкысына барып, эки бээ кармап алып, эрдемсинип чапкылап абасына барып, эки бээни союп салып, көк тезекти чоң калап, эки бээнин этинен жая бычып куйкалап, тезектин чогуна эт бышырып жеп жатып калышты.

Таң агарып сөгүлдү,
Тараза жылдыз көрүндү.
Калың эл дүрбөп атганып,
Кызыл жарга бет алып,
Байрактын баары делбиреп,
Желектин баары желбиреп,
Ак сакал уста эл баштап;
Адам калбай айылда,
Келе жатат мелтиреп.
Кызыл жарга жыйналды,

Кылкандай күлүк чубады,
Кыя тап келген күлүктөр
Чубабай карап турабы.

Атты айдап, байгени кызыл жарга коюп, Таш кечүүнү кечирип, Торпу менен түшүрүп, Кыргоонун аягынан атты коё берди. Устанын уулу Элдиярдын Кертабылгы деген аты ыраак чыгып келатат эле, Таш төбөнүн оюнан—Моло ашуунун сайынан, Кудайназар—Алтыбайдын Алатоо деген атын арадан кошуп, «Алтыбайлап» ат келди «Кенжебайлап» бат келди, калың байгени калмактар тегеректеп алышып жөнөшмөк болушту.

Элдияр, Эрмек Табылдыга келишип: «кана, досум, үй үстүнө келген жоого байгени алдырып жиберебизби? Калмактарга барып катуу уруш салып, калың байгени ажыратып, намызыбызды албайбызбы»? дегенде, Элдияр—Эрмек досуна Табылдынын айткан сөзү:

— Баракелде эки дос,
Ал айтканың чын эле,
Айта турган сын эле.
Бирок менин оюмда
Бир акыл турат уккула;
Калмакка катуу барарбыз,
Кармашып байге аларбыз.
Калың кыргыз элине,
Жаманаттуу болорбуз:
Атасынын ашында,
Агасы менен урушуп,
Арсыз бала экен деп,
Мал талашып жулушуп.
Байкуш бала экен деп,
Кыргыз-казак көп элге,
Жаман аттуу болорбуз:
Андан көрө, досторум,
Баш байгеден кечели.
Бирдин соңу байгени,
Айдап алып кетели.
Байгени алып абакем,
Мактанып калсын бул элге.
Баштагыдан абакем,
Шаттанып калсын бу жерде.
Айланайын эки дос,
Байгеге уруш кылбайлы,
Бастырып ага барбайлы.
Табылды коркуп калды деп,
Алтыбай акем мактансын,

Кенжебай акем шаттансын.
Алып кетсин байгени,
Атакемин ашында;
Жаңжалсыз конок аттансын.
Атамдан калган малы көп,
Казына толгон дилде бар,
Канчалык алтын бизде бар.
Өрүшү толгон жылкы бар,
Өзүнчө далай мүлкү бар.
Короосу толгон кою бар,
Дагы байкап билербиз,
Алардын кандай ою бар?!
Мен сурадым, эки дос,
Ушул ишти коюңар.

Табылды эки досун токтотуп, элдин баарын таратып, ашты өткөрүп жатып калды. Атадан уул туулса ушундай туулсун деп кыргыз-казак калың журт Табылдынын жаш туруп баш болгонуна ыраазы болушуп тарап кетишти.

Кудайназар эл тарагандан кийин, «малыңарды айдап келгиле балдарым» деп үйүнө карай келе берди. Алтыбай, Кенжебай кеңешип, малды бүгүн үргүтүп алып эртең айдап кетербиз деп, ошол жерге түнөп алып, четинен кармап үч төрт койду союп салып жатып калды.

Эртең менен жаман суусап калышкан экен. Алтыбай инилерине кеңеш салды: «балдар, аттангыла, Табылдынын үйүнө баралык, энеси сарамжалдуу киши эмеспи, канетсе да арак бардыр, арагынан ичип алып «ашта конок бербедиң» деп, тарынчы айтып, нары чети үйүнөн чыккыс кор кылып салып жүрө берели» деди. Алтакемдин бул сөзү акыл сөз, уга турган маакул сөз дешип жөнөп калышты.

Кардыгач жаман түш көрүп, эртең менен тура калып айыл үстү жагындагы дөбөгө жүгүрүп чыгып эки жакты караса, жогортон көп киши келе жатат, бул кишилердин түрү суук көрүнүп эси чыгып энесине келип айткан сөзү:

«Айланайын энеке,
Жогортон келет бир топ жан.
Тааный албай болдум таң.
Оңой олтоң эл эмес,
Оңдуруучу неме эмес.
Илебине нан бышат,
Камчы басып атына,
Төмөн карай жарышат.
Абакемди тур дечи,
Кырк акем кайда болду экен,
Кыйкырып бери жүр дечи.
Жүрөгүм согот түрсүлдөп,

Өпкөм кагат бүлкүлдөп.
Кырк акемди чакырып,
Айтсаңчы эне келсин деп.
Абакем жалгыз турганда;
Алыстан душман келбесин,
Айылга келген жоо жаман
Азапка бизди салбасын.
Арбын киши көрүнөт,
Абама айтчы энеке,
Ага, инисин жыйнасын.
Деп Кардыгач тура албай,
Кайра чуркап барды эле,
Элди карап калды эле,
Жүгүрдү кайра Кардыгач,
Турса экен деп абамдар».

Кардыгач кайра үйгө келсе, Табылды төшөгүнөн туруп кийинип жаткан экен. Аны көрүп Кардыгач Элдиярды карай жүгүрүп барса, Элдияр дүрбүсүн алып эки жакка салып олтурган экен. Кардыгачты көрүп Элдиярдын айткан сөзү:

— Айланайын Кардыгач,
Азандан келдиң жүгүрүп.
Жогорку элди сен көрүп
Жоо белем деп түшүнүп,
Анын жайын мен билем,
Алардан коркпо, чырагым.
Ал келаткан топ киши
Аты чыгып байге алган
Алардын көөнү жайланган.
Олжо малдан союшкан,
Этке түндө тоюшкан.
Алтыбай акыл тапкандыр,
Арак издеп чапкандыр.
«Агача аяш энемден,
Арагы болсо ичсек деп
Ашыгып келе жаткандыр.
Аланказар кулдарга.
Алдырып кантип коёлук
Ачуубузга ал тийсе,
Атын жыгып соёлук.
Чочубагын чырагым
Чогулуп алып баралык.

Аңгыча болбой Алтыбай баштап алтымыш калмак келип Табылдынын үйүнө түшүп калды. Табылды атын байлап, алдына орун жайлап, алтын ооз аркыттан арак куюп, өзү сунуп олтурду.

Аракка кызып калып Алтыбай оолугуп айткан сөзү:

Кечээ күнү кечинде,
Кечке маал бешимде,
Алатоо чыгып байге алып
Абийир таап олжо алып;
Ерманкандын тукуму,
Өз байгесин өзү алып,
Өкүм сүрүп эл бийлеп
Өзүнчө сонун шаңданып.
Аксакал Кудайназардын
Аты чыгып байге алып,
Атасынын ашында
Алда канча жанданып.
Кыргыз-казак көп элден
Канчалык күлүк чабылып.
Калың элдин ичинде,
Караандатпай ат чыгып,
Сан кара боз байгени
Айдап алып жатканда;
Туугансып жетип келбейсиң,
Ашка келсек алыстан,
Анда конок бербейсиң.
Жарыбаган Устадай,
Жакыныңды көрбөйсүң.
Табылды сенин кылышың,
Душманча жүргөн жумушуң!
Өлгүчө эстен калбайтко,
Өзүңдүн кылган бул ишиң?!
Өзүмдөн башка жан жок деп,
Өкүмсүнүп жүрүшүң.
Арчатору мингенсип,
Ашты бийлеп жүргөнсүп,
Бозум кушуң салгансып,
Эл четине конгонсуп,
Атаңдын көрү куу жалгыз,
Кырк жигит жыйнап алгансып,
Кыргызды бийлеп калгансып,
Кыйладан өзүң балбансып,
Кермеге атты салгансып,

Кесирленип алгансып,
Келсек ашта кондурбай
Кектүү болуп калгансып.
Аш үстүндө урарда,
Алмадай башың жуларда;
Абакем кылды карылык.
Атамдын ашын берем деп,
Кат жаздың бизди чакырып,
Абакелер көргүн деп,
Алда канча зарыгып.
Араң келдик үйүңө,
Абдан калдык тарынып.
Бүгүн үйгө кетебиз;
Мында туруп нетебиз?
Минте берсең жалгыз кул,
Түбүңө бир күн жетебиз.
Кыйыр айтсаң кокустан,
Каргадай башың кесебиз.
Тууган деп түштүк үйүңө,
Тартуубузду бербесең,
Тарындык сенден кечебиз!

Табылды бул сөздү угуп айткан жообу:

Баракелде Алты-Аке,
Бали ракмат Кенже-аке —
Тууган деп мага келипсиң,
Тугандыгың билипсиң.
Алатоо күлүк ат чыгып,
Алдыңкы байге алыпсың.
Арадан кошуп атыңды,
Аңыраңдап калыпсың.
Алсынчы деп тим койсом
Адамсынып калыпсың!
Ашка кел деп кат бердим,
Ашыгып жазып бат бердим.
Атаңдын ашын билер деп
Алдыңа киши жибердим.
Ашка барбай калам деп,
Барсам жаңжал салам деп
Алдыңкы аттын байгеге
Табылдыны саям деп
Арбак урган Алтыбай,

Атаң экөөң кат жаздың!
Ага кошуп мөөр бастың.
Кишимди кайра жөнөтүп,
Атын жыгып алыпсың,
Акың бардай жөөлөтүп,
Тууган сендей болобу?
Чакырса келбей коёбу?
Алыстан чоңдук көрсөтүп,
Ашка конок болобу.
Ары болсо баланын
Атасынын ашында —
Мал уурдап соёбу?!
Жашында жаман үйрөнгөн,
Жакыр сендей болобу,
Жакынын душман ойлогон
Баатыр сендей болобу?
Алтыбай келип калганга,
Табылды бала коройбу?
Ары жок сендей ууруга
Баш кесип алмак оңойбу?
Тарынчыңды ит уксун!
Ит укпаса ким уксун!
Ууру кылып жан сактап,
Уялбай кайтып дардактап,
Ушинтип оокат кылганча,
Уу ичсеңчи сен акмак!
Арак ичип мас болуп,
Айылдан бездиң жат болуп,
Алтымыш ууру атыктың,
Атаң менен кас болуп.
Адам болсоң элиңде,
Жүрбөйт белең баш болуп.
Энчиси деп энеңдин,
Малымды тартып алгансың.
Жесир калган энеме,
Жабырды катуу салгансың.
Түшкөндө жерден баш кескен,
Түгөнгүр кандай балбансың:
Акылыңдын жогунан,
Айылдан кетип калгансың.
Эрманкан менен кас болуп,
Айдалып алыс баргансың.

Кайдан келдиң камынып
Карышкырдай жабылып,
Катаган элден безгенсиң.
Каракчы болуп мал уурдап,
Каралыкка салынып,
Катташпай кандай келбейсиң,
Калдыңбы мени сагынып?
Кат берсем ашка келбейсиң!
Кадырың менен жүрбөйсүң.
Кадырласам калмактар,
Как ошону билбейсиң.
Кадырың менен тынч кетпей,
Катынынча тилдейсиң.
Улуу деп сыйлап отурсам,
Урулуу кыргыз көп элди,
Көңүлүңө илбейсиң.
Алтымыш ага ини сен болсоң,
Кырк ага ини мен болсом
Чаптырып кантип калайын?!
Элдияр кайда келсин—деп,
Эрмекти бери жүрсүн—деп,
Эрдемсиген немени
Эшикке байлап салсын—деп,
Эр Табылды бакырып,
Элдияр деп чакырып,
Кыраанын үйдөн бакырып,
Кырк жигит деп чакырып.
Алача моюн ак шамшар,
Кармай алып сабынан,
Жулуп алып кабынан,
Оң колуна түкүрүп;
Оңдоюн деп жүгүрүп.
Алтыбай качты арбаңдап,
Айласы кетип дардаңдап.
Куйрукка шамшар жеп алып,
Куудуруп чыкты барбаңдап.
Алтыбай качып жорголоп,
Аркадан каны шорголоп,
Анча-мынча калмактар,
Аттарга барып корголоп.
Кубалап чыкты Табылды
«Кулду тирүү койбо» деп...

Колу бутун байла деп
Кулду кармап жайла,— деп,
Кардыгач, чакыр баарысын
Кырк жигит кеткен кайда — деп.
Үйдөн чыкты Табылды,
Үрккөн калмак камынды.
Үйүрлүү бөрү турабы,
Табылдыга жабылды.
Колдон буттан алышып,
Короого сүрүп барышып,
Бутунан байлап алышып,
Мойнуна жипти салышып,
Тегеректеп калмактар,
Темтеңдешип чабышып,
Камчы, чочмор, муш менен,
Кез келгени чабышып.
Жыга алышпай жүрүшөт,
Жыйырмасы жабышып.
Сыйыртмакты салышып,
Табылды чапкан калмактар,
Талп этип жерге жабышып.
Төртөөнүн башы жарылды,
Экөөнүн мойну кабышып;
Агача менен Кардыгач,
Арачалап жүрүшөт,
Арасына барышып.
«Эки тууган урушат
Эртесинде табышат»,
Жан соога, балдар, жан соога —
Жалгыздын жанын койгула...
Деп Агача жалынса,
Калмактар укпайт кармашып.
Тегеректеп алыптыр,
Табылдыны сабашып.
Кардыгач барат чыркырап,
Алты акелеп буркурап
«Бир кашык канын берчи деп,
Бир тууганың эмеспи,
Биз үчүн жанын койсун деп.
Жалгызды урса көп киши,
Жан соогага берчү деп,
Алтыбай аны карабайт,

Аяйын деп санабайт.
Аңгыча болбой кырк жигит,
Аттанып жетип келди эми.
Алтымыш киши жалгызга
Кылган ишин көрдү эми.
Элдияр кирди аралап,
Эрмек кирди саралап
Кырк жигит кирди жабыла,
Кыйланын башын жаралап,
Эрдигине чыдабай,
Калмактар качты талаалап.
Колу сынган калмактар,
Кокуюн айтып буралат.
Жан соогалап Кенжебай,
Камчысын салып мойнуна,
Элдиярдан суранат.
Калмактын баарын байлады,
Карсылдатып айдады.
«Жалгызды талап алгыдай,
Арбак урган Алтыбай,
Бул зордугуң кайдагы?!»
Деп Элдияр турду эми
Табылдыны бошотуп,
Тазалап жүзүн жууду эми,
Куйруктан канын чубуртуп,
Алтыбай турат кансырап,
Таяк жеген калмактар
Талып жатат алсырап.
Камчысын салып мойнуна
Кенжебай келет—«Табылды—
Кечиргин»—деп жалдырап.
Алтымыш калмак байланып,
Андан көөнү жайланып.
Атка минди Табылды,
Ак шумкардай айланып.
Талаада жаткан байгени,
Табылды барып айдады.
Катаганды чогултуп,
Калың элин жамдады;
Сан кара боз байгени,
Такыр айдап келди эми,
Элдин баарын чогултуп

Энчи кылып берди эми.
Жесир катын бар болсо,
Жетимиштен кой берди.
Жетим бала бар болсо,
Жети саан уй берди.
Эл ичинде кедейге,
Эки рооз бээ берди.
Эси кеткен кемпирге,
Эки нарча төө берди.
Дуванага ат берди,
Дудуктарга тон берди,
Календерге тай берди,
Кайырчыга кой берди.
Байгенин баарын таратып,
Баланы калкы жаратып,
Эки жүзгө кой берди,
Энчи кылып алгын деп.
Алтыбай менен жарашып,
«Эр экен деп Табылды»,—
Эли кетти тарашып.
Эми берди бирдикти
Эли көзүн карашып.

Алтыбай, Кенжебай арак ичебиз дешип, аксымдыгын салып, арбын малдан ажырап калып, эки жүздөй койду энчисине алып барып жатып калды.

Күндөрдөн күн өтүп, айлардан ай өтүп, бир убактыларда Табылды катуу ооруп калды. Оорусу Кудайназарга угулуп, «Табылды өлөрчө алекте жатат дейт» деген кабар менен—Кудайназар көл башындагы Чалкалмак деген баатырга, Олжобай деген уулун чаптырат. «Табылдынын оорусу катуу, ушу кезде келип жылкысын тийип кеткин»,— деп. Бул кабар менен Чалкалмак элин жыйнап, он миң кол алып, кошунду кабат мол кылып, Оорукка[1] колду таштап, беш жүз баатырды өзү баштап Чалкалмак баатыр ашуунун белинен дүрбүнү салып карап жатат. Табылды оорудан аман эсен айыгып, тору этине толо албай, баштагыдай боло албай жүрдү.

«Аттардын картасын толтуруп алалык» деп Арчаторуну баш кылып аттардын баарын жазгы көктөмдө агытып жиберген.

Кардыгач макмалдан кылган дорбого мейизден жемди салып, Арчаторуга түшкү жемин берип, жалын тарап, соорусун сылап күнүгө бир маал барып келүүчү эле. Арчаторуну жайы-кышы багып жүргөн Кардыгач эле.

Чалкалмак бейкут жаткан Табылдынын жылкысын көрүп, Үч-Нуранын башынан, Нарындын кара ташынан, жылкыны беш жүз баатыры менен келип тийип алып кетти. Кичи-Нарындын суусунан кечирип жатып, Чалкалмак ойлонуп, жылкы айдаган баатырларга карап айткан сөзү:

[1] Оорук—арка жак (тыл).

3*

Жылкы айдаган баатырлар,
Ат башын бир аз тартыңар,
Баарың келип угуп тур,
Силерге айтар сөзүм бар.
Мен Чалкалмак болгону,
Чалкалмак атка конгону,
Кыргыздан жылкы көп алдым,
Кытайга барып кол салдым.
Казактан жылкы көп алдым,
Каңкайга барып кол салдым.
Алтышаар Кашкардан,
Алтын күмүш олжо алдым.
Эрдемсиген кыргызга
Алда канча кол салдым.
Бирок менин арманым,
Алдымдан чыккан тоскун жок,
Артымдан келген куугун жок.
Сайышып чыккан баатыр жок,
Салышып чыккан балбан жок.
Калдайган калың кол да жок,
Кармашып чыккан жоо да жок.
Капилет элди көп чаптым
Канчалык олжо мал таптым.
Туйгун[1] жаткан эл чаптым,
Турпандан эчен олжо алдым,
Же багалчагым майышып,
Балбандын күчүн көрбөдүм.
Башты жара сайышып,
Баатырдын күчүн көрбөдүм.
Азыркы айтар сөзүм бул:
Абаң Чалкаш өзүм бул,
Алтымыш ашып жетимишке,
Аяк баскан кезим бул.
Жылкыны суудан кечирип,
Өйүзгө чыгып чечинип,
Семизин союп жылкыдан,
Бүгүнчө өргүү болуңар.
Күндүн нуру салганда,
Тегиз тийип калганда,

[1] Туйгун—тынч жаткан маанисинде.

Менден кабар алыңар.
Мага күйбөй кокустан,
Жөнөмөк болуп калсаңар,
Куугумдө жолго салыңар,
Түнкү серүүн убакта,
Төш таянып барыңар.
Көбөөрүгөн жылкыны,
Катуу айдап салбаңар!
Түтөк болуп кокустан,
Жалгыз кулун калбасын,
Өзүм салган жаңы жол,
Калмак ашуу бийик бел,
Кылдаттык менен чубатып,
Малды ашырып кетиңер.
Өзүм кайра барайын,
Өзөндүн баарын чалайын,
Өрүштө калган мал болсо,
Калтырбай айдап алайын.
Бейкут жаткан беренге
Барып кабар салайын.
Эр болсо келсин артымдан,
Бир беттешип калайын.
Белгилүү баатыр ал болсо,
Беш күнү удаа сайышып,
Бир кумардан канайын.
Эрманкандын баласын,
Эрдигин көрүп алайын.
Эңкейтсем өзүн сайышып,
Ээрчитип силерди,
Эртең кайра барайын.
Эчтеме койбой кыргыздан,
Элин чаап алайын!
«Туйбай калдым» дебесин.
Табылды бушман жебесин,
Ашкере баатыр ал болсо,
Аркадан кууп ал келсин.
Коркуп калса өзүмдөн,
Колоп[1] калса сөзүмдөн
Коңулда жүрүп күн көрсүн.

---

[1] Колоп калса—чочуп калса, басынып калса деген маанидe.

Чалкалмак—Карабоз менен бургутуп, артынан чаңын дыргытып, кең Нарынды бойлоп, ар түрдүү акыл ойлоп, адыр менен өрөндү аралай чаап жойлоп; таңдын эре-середе Табылдынын айлына келип калды. Чалкалмак «тегерете карап барсамбы», деп санап, айылдын үстү кашаттан Табылдыны барсыңбы деп кабар салып айткан сөзү:

Эр Табылды сенсиңби —
Элимде эр жок дейсиңби?
Ээн жаткан жылкыңды,
Ээлеп алдым, билдиңби?
Эрманканда өчүмдү,
Эми алдым, балам, көрдүңбү.
Эсиңе салдым далайды,
Эр экен абам дейсиңби?!
Хан Табылды сенсиңби,
Калкымда эр жок дейсиңби?
Калың кара жылкыңды,
Калтырбай алдым, билдиңби?
Кармаша албай калдым деп,
Кайгырып бушман жейсиңби?
Же калкыңды жыйнап мага келип,
Кармашуучу эрсиңби?
Өрүштөн жылкың алдырып,
Өлүк бала жатпай кал!
Жайыттан жылкың алдырып,
Жаман бала жатпай кал!
Ооругум калды белиңде,
Оңдодум туюк төрүңдү,
Опсуз баатыр болду деп,
Уктум эле өзүңдү.
Он айдан бери оңолбойт,
Ооруу деп уктум өзүңдү.
Балбаның барбы элиңде?
Баатырың барбы чениңде?
Беттешер болсоң Табылды —
Чалкалмак абаң мен болом,
Кабарлаш калың элиңе.
Эр болсоң кууп келип көр,
Эрдигимди билип көр.
Баатыр болсоң келип көр,
Бастырып бери жүрүп көр.
Балбан болсоң чалышып,
Бабаңдын күчүн билип көр.

Кош, Табылды жетим деп
Коштошуп эми кеттим деп.
Кара боз менен салкайып,
Карааны бийик даңкайып,
Тоодой болгон Чалкалмак
Бастырып кетти ошентип,
Матоодо төөлөр бышкырып,
Улуп-уңшуп ит үрүп.
Короодо койлор чуркурап,
Байлоодо уйлар өкүрүп.
Жан алуучу белем деп,
Кулагын басып кай бирөө,
Жата калган бекинип.
Кыраан жолборс кырк баатыр,
«Келүүчү келип калды» деп,
Жабыла турду секирип.
Мурунтан угуп жүрүүчү,
Чалкалмактан шекшинип.
Беттеше албай калдык деп,
Кырк жигит кыйла өкүнүп.
Элдияр, Эрмек эки дос,
Энтелеп тура калышып,
Эр Табылды досуна —
Ээрчишип барышып.
«Турбайсыңбы, Табылды,
Душманың сага камынды,
Чалкалмак үнү чаңырды,
Чааптыр жылкы малыңды.
Кашаттан кабар берди го,
Чамалап сенин алыңды.
Турбайсыңбы, Табылды —
Душманың калмак келиптир,
Жайыттагы жылкыны,
Жалпы тийип алыптыр.
Сан жылкыңды алыптыр.
Буудандын баары калмактын —
Колуна кетип калыптыр;
Ошон үчүн Чалкалмак,
Озунуп кабар салыптыр.
Ат семиртип алам деп,
Алыскы жолго барам деп.
Агыттырып аттарды

Азапка салган кандай кеп?
Чалкалмак чапты жылкыңды,
Жатасыңбы мелтиреп?
Калмактын үнүн укпайсың,
Капилет жатып уктайсың.
Карыш жерге баргандай
Жалгыз жылкы калбаптыр.
Канткенде элди сактайсың?..
Уйкудан көзүң ачылбайт,
Кандай курган баласың,
Тушуңа келген калмакты,
Туйбай жатып атасың!
Чаап кетти Чалкалмак,
Чалкаңдан түшүп каласың,
Эми этегиң түрүнүп
Эми кайда барасың»..
Табылдыны ойготуп
Төшөгүнөн тартты эле,
Элдияр, Эрмек эки дос,
Эбиреп сөзүн айтты эле.
Эр Табылды ошондо,
Алп уйкуда жатты эле.
Эми көзүн укалап,
Кылыч, мылтык жарагын —
Керегеден сыйпалап
«Элдияр, Эрмек досторум
Эмне сөздөн козгодуң.
Атаңдын көрү калмактын,
Ашуудан алдын тосомун,
Көп жылкыны чубатып,
Көсөр калмак өткүчө;
Көп ашууну бүт ашып,
Көлгө түшүп кеткиче,
Калмак ашуу ашканча,
Кара каман басканча;
Калың малды чубатып,
Калмак алыс кеткиче,
Артынан жөө барамын.
Алыстан көрүп аламын.
Аша турган ашуусун,
Андан мурда чаламын.
Ачакей кайкы белестен

Алдын тосуп каламын.
Алма баш[1] мылтык атамын,
Андан мурун мен барып,
Алдын тосуп жатамын.
Туюкка камап аламын,
Туткунга башын саламын;
Атым жок деп жаткыча,
Турбай азыр барамын.
Ак мөңгүгө саламын,
Кудай алсын калмакты;
Кумардан эми канамын.
Элге кабар салбаймын,
Эл жүрөгүн албаймын!
Калкка кабар салбаймын,
Калк жүрөгүн албаймын.
Үч күндүк алыс кетсе да,
Калмакка жетпей калбаймын.
Кырк күнү кырда жүрсөм да
Кыйналып чарчап талбаймын.
Айланайын кырк досум,
Кыркың бирдей жолдошум;
Элдияр, Эрмек баатырлар
Эмчектеш болгон жолборсум.
Эриктим деп жүрчү деп,
Эми сага жол болсун.
Ок дарыны мол алып,
Озунуп мурда жол чалып...
Чалкалмакты талкалап,
Келебиз калың олжо алып.
Капчыгайга салалык,
Кара кыр ашып баралык.
Карышкыр жүрбөс мөңгүдөн.
Карап дүрбү салалык:
Дөөгүрсүгөн калмакты
Көңтөрө сайып алалык!
Ак сарбашыл алыңар,
Ай туякка чалыңар.
Арбакка атап мал союп,
Азык кылып алыңар.
Айланайын кырк бөрү,—

---

1 Алма баш — мылтыктын аты.

Атандын көрү калмактын,
Аркасынан барыңар»...
Кырк жигит жатат камынып,
Саадагын белге салынып.
Ача туяк мал союп,
Жөнөмөк болуп кырк баатыр
Чогулушту топтолуп.

Эртең менен Элдияр, Эрмек келип Табылдыны ойготуп, Чалкалмактын кабарын айтып чаң тополоң түшүп жаткан кезде, өзү он төрт жашында, саамайы бар башында, Табылдынын карындашы Кардыгач жылаңаяк, жылаң баш, карбаластап өзүнчө капаланып бүлүнүп:

Торкодон кылган көйнөгүн,
Так белине түрүнүп,
Арчатору бууданды,
Айлам келсе алсам деп,
Абама алып берсем деп,
Айылга такыр билинбей,
Аялданып илинбей,
Кеткен экен жүгүрүп.
Таманы жерге так этип,
Эки буттун согончок
Май куйрукка шак этип,
Улуу жолго салыптыр.
Таң агарып атканда,
Кырк жигит дүрбөп жатканда;
Кардыгач кетип калыптыр.
Аны көргөн киши жок,
Кыз менен элдин иши жок,
Абакем атсыз калды деп,—
Кардыгач күйүп жалын чок.
Өрүшкө барып өксөдү,
Жылкыдан караан көрбөдү.
Колунда алган жеми бар,
Арчатору бууданга,
Күндө берер жери бар.
Кайда болсо бууданды
Табамын деген деми бар.
Жайытка келсе жылкы жок,
Жалпы буудан баары жок,
Жашын төгүп Кардыгач,
Жалдырап ыйлайт ичи чок.

Айланайын жаныбар,
Арчатору буудансың,
Айбан да болсоң жаныбар,
Абама бирге тууғансың.
Алдыңа салып Чалкалмак
Аттардын баарын кууғансың.
Айбандыгың болбосо,
Акылың артык бир малсың.
Агадай сыйлап барчу элем,
Айрылып ыйлап мен калдым.
Айбан да болсоң билсеңчи,
Айланып кайра келсеңчи,
Амалым кетип турганда
Арнаган жемиң жесеңчи.
Атадан жалгыз абама,
Алпарып сени берсемчи,
Жылкы да болсоң билсеңчи
Жылт коюп кайра келсеңчи.
Кишиден эстүү мал элең,
Кишенеп кайра келсеңчи.
Күйүнгөн мендей байкуштан
Мейизден жемиң жесеңчи.
Кишиден жалгыз абама
Сени алпарып берсемчи.
Артыңдан кууп барууга,
Ал душмандан коркомун.
Артыңдан кууп мен барсам;
Ач билектен албасын.
Атсооруга салбасын.
Алпарып мендей шордууну,
Ашманчы күңү кылбасын.
Калмакка качып кетти деп,
Калкыма ушак болбосун
Карындашын жоготсо,
Хан абам сөзгө калбасын.
Деп буркурап Кардыгач,
Боз дөбөдө турду эле.
Сурмалуу көздөн жаш агып,
Суксурдай баштан тер агып —
Жаш чыбыктай солкулдап,
Жашооруп ыйлап болкулдап.
Сербейип кырда турганда

Жогортон чыкты калың чаң,
Чаң ичинде бир топ жан.
Кардыгач муну ойлонуп,
Капасы ашып толгонуп,
«Чалкалмак мени көргөн го,
Жер кайттуулап жол салган,
Жоодон калган мерген го.
Мени көрүп келген го.
Шорумду колго беретко,
Көрбөйтко аккан жашымды,
Жулатко кара чачымды.
Кайыр айтсам чыркырап,
Кесетко алма башымды...
Деп ойлонуп Кардыгач,
Дөбөдөгү дөмпөйгөн
Шыралжынга жашынды,
Ат таппаган азаптан,
Азыркы кордук ашынды.

Арчатору буудан, жылкыдан кайып тууган; кишиден эстүү мал эмеспи, калың жылкынын сүрөөсү менен караңгыда барган. Чоң кешке болгондо суу ичип канып, кумга оонап алып, эки жакка көзүн салып, күндө жеген жемин эсине алып, калмакты көрүп кошкуруп, бышкырып: үйүр болгон кырк бууданды карап окуранып кишенеп, Улуу сууну бойлоп, кычык менен кылт этип, кыл куйругу жылт этип, кутулар өлчөсүнө келгенде, кырк бууданды эрчитип алдына түшүп арыштап жөнөгөн экен. Арчатору буудандың, айбандан эстүү жаныбар, ала келген жанында кырк энчи буудан малы бар. Эки жагын каранып, Кардыгач жаткан дөбөдө келип турган чагы бар.

Ошондо Кардыгач кубанып Арчаторуга айтканы:

Айланайын жаныбар,
Арчатору сен болуп,
Ала келген жаныңда
Кырк эки буудан тең болуп.
Эсиңе түшкөн күндөрү,
Мейизден жеген жем болуп.
Аттардын качып ашканы
Алты адыр, бел болуп.
Аябай чуркап жаныбар,
Калган экен тер болуп.
Коркуп жаткан Кардыгач
Козголуп ыргып турду эми.
Макмалдан кылган дорбону,
«Мо-мо» лоп берип сунду эми.

Арчатору буудандын
Башына нокто салды эми.
Арчатору күлүктүн,
Оң көзүнөн өптү эми,
Сол көзүнөн өптү эми,
Солкулдап жашын төктү эми.
Жалынан жыттап жалынып,
Соорусун салып саамыгып.
Ат келгенге сүйүнүп,
Айласын таппай оолугуп.
«Мен садага болоюн,
Аркар көздүү буудандар.
Адамга канат учар куш...
Ардактап минген тулпарлар;
Садагаң болсун Кардыгач,
Мейизден жемин беремин,
Кишиден артык көрөмүн.
Асылдан жемиш беремин,
Ат да болсоң жаныбар —
Адамга тең көрөмүн.
Ат да болсоң буудандар
Ардактап сени багармын.
Ар кимиңе ылайык,
Асылдан жабуу жабармын.
Аманат жандын жайы үчүн
Абийир таап калармын.
Арпа жеген тишиңден,
Абама берген күчүңдөн,
Күрүч жеген тишиңден;
Күндө чапса чарчабас,
Күлүктөр сенин күчүңдөн.
Унутулбас бүгүнкү —
Удаалаш келген кырк буудан,—
Өмүр турмак түшүмдөн...»

**Деп Арчатору буудандын жемин берип жетелеп, жөнөйүн деп энтелеп арка жагын каранса, аттарды кууган калмактар топтошуп, дөбөдөгү аттарды көрүшүп, жоо экен деп токтошуп калган экен.**

**Кардыгач «жалгыздыгым билетко, артымдан байкап жүрүшкөн го» деп торкодон кылган көйнөгүн чечип алып бүктөп, Арчаторунун үстүнө салып ыргып минип, ат баштыкты колуна алып, аркасындагы буудандарды кыруу-кыруу деп айкын бөксө жол менен абасынын алдын тосуп жөнөп бара жатты.**

Эр Табылды кырк жигитин ээрчитип, койчулар минип жүргөн Көкчолокту минип, эки буту салаңдап, эки көзү алаңдап нарга кошун артып, жазайылын тартып, кырк жигит жабыла жөө басып Кара кырды бет алып алды жагын каранып, ак жолборстой чамынып келе жатат эле. Алдынан уюган калың чаң чыкты. Чаңды көрүп Табылды дүрбүсүн салып карап калды. «Бул кандай чаң болду экен?! Чалкалмак бизди эптеп айылдан чыгарып ара жерге жоолоп, кармап алып кетейин деп кароол коюп жаткан экен го?» деп ойлоду. Дүрбүсүн сала берип. Табылдынын айткан сөзү:

«Чын Чалкалмак бу болсо,
Кудай мага берди го!
Кулжа тамга кирди го.
Куурал тартып издетпей,
Купулума келди го.
Теңир мага берди го,
Теке тамга кирди го!
Темтеңдетип издетпей,
Теңирсиген чоң калмак
Тегеренип келди го.
Атын атып салсамбы,
Аман кармап алсамбы?
Аркасында калмакка
Анан кийин барсамбы?
Өзүн атып салсамбы,
Өчүмдү эми алсамбы?
Кара боз минип бургутуп,
Калмактарга барсамбы?
Жылкыдагы калмакты
Жылас кылып салсамбы!..»
Деп ойлонуп Табылды,
Дүрбүсүн ондоп салды эми.
Уюган чаңды бет алып,
Улам карап калды эми.
Ат көрүнөт, адам жок,
Ат үстүндө каран жок
Мал көрүнөт киши жок,
Киши деп айтар иши жок.
Жоолуктап көзүн сүрткүлөп,
Жолдошторун түрткүлөп,
Көз кычыгын чукулап,
Жолдошун муштап нукулап.
Бери келгиле баарың деп
Кырк жигитти чакырат.

«Калмактан чыккан жанбы деп,
Качкан-боскон малбы деп,
Алдыңкысы эрбеңдейт,
Адамзаат жанбы» деп.
Түз токтотуп караса,
Түгөл баары маралдай.
Жанды көрүп токтолгон,
Эр Табылды баатырың,
Түз бастырып баралбай.
Алдынкысын караса,
Арчатору көрүнөт.
Адамы келет чабалбай,
Анык таанып алган соң
Айтарга сөзүн таба албай,
Кардыгач экен мингени,
Каңырык түтөп Табылды,
«Кайдан тапкан аттарды,
Кагылайын каралды ай,
Кыз да болсо медерим,
Кысылган бизге Кардыгач,
Кырк буудан таап берерин,
Сүйүнчү, баатыр кырк бөрү!
Билдиңби жоону жеңериң.
Билдиңер беле кырк туйгун,
Кыздан жардам келерин!
Каргадай болгон медерим
Кардыгач менин сейрегим
Кадыр алда кудурет,
Кыз да болсо ушуну,
Караан кылып бергенин!
Калмактан кантип корколу?
Кыз да болсо жөлөгүм,
Кысылган күндө өбөгүм.
Кырк жигиттин багына
Кызматы үчүн төрөлдүң.
Кыяматтуу бул күндө,
Кызмат кылдың чарчабай,
Кыпындай жалгыз бөбөгүм.
Кыл чачыңды сербейтип,
Жан адамга билинбей,
Кагылайын каралдым —
Жалгыз кантип жөнөдүң?»

Деп Табылды буркурап,
Эки көзүн жаш кылып,
Элесин көрүп каткырып.
Тула боюн тер кылып,
Туралбай жашын сел кылып.
Кырк жигит ыйлап буркурап,
Кардыгачты көргөндө,
Кыйкырып баары чуркурап.
Ат үстүнөн алууга,
Ар кимиси умтулат.
Арчатору буудандын,
Даңканы көккө зыркырап.
Абасын көрүп Кардыгач,
Агалар деп чыркырап,
Жетип келди бир паста;
Аткан октой зыркырап.
Көйнөгү жок жылаңач,
Топусу жок жыңал баш.
Саамайы учуп сербеңдеп,
Көкүлү учуп эрбеңдеп
Көй буудандын баарынын —
Таноолору дердеңдеп.
«Айланайын кырк-аке,
Аттарыңдын баарысын,
Аман алып келдим» деп,
Айта албай сөзүн аптыгып,
Чыканактай Кардыгач —
Ирмебей көзүн элеңдеп;
Көтөрүп аттан алышты.
Табылды сурайт: «Каралдым
Быякка сенин кеткениң
Билди беле жеңең деп...»
Жооп берди Кардыгач:
«Жок абаке шашылып —
Жалгыз кеттим эле» деп...
Көйнөгүн кагып кийинип,
Адамдыгы билинип,
Аты тийип колуна
Эр Табылды жалгызың —
Көтөрүлүп сүйүнүп.
Калмакка кеткен буудaны,
Кайра колго тийген соң —



Кайраттанып жүгүрүп.
Көйнөктүн чаңын кагышты,
Кыямат болуп турганда,
Кыз да болсоң Кардыгач,
Алып бердиң намызды.
Эр Табылды элөөрүп,
Эрлердин баары делөөрүп;
Карсылдап үндү салды эми,
Каткырышып калды эми.
Кайыптан келген бууданы,
Кармап баары алды эми.
Беттешсек деп калмакка,
Берендер турат сагынып,
Жарагынын баарысын,
Даяр кылып жайланып.
Кыл канжыга тээкке
Доолбасты байланып.
Айбалта, чочмор илишип,
Адистик жагын кырк жигит —
Алган эле билишип.
Калмакка жетип беттешип,
Кабыландай тийишип —
Кылычын белге асынып,
Кырка тартып, бастырып,
Ат суутуп алсак деп
Акылдашып каткырып,
Желектүү найза кылкылдап
Алма баш мылтык асынып,
Алеңгир жаасы кошулуп,
Ар канча душман болсо да,
Айбыкпайт булар чочунуп.
Агалары сөз сурап,
Асмай тартып олтуруп.
«Айланайын Кардыгач
Айтчы билген сөзүңдү,
Аттарды аман жеткирдиң,
Азыр көрдүк көзүңдү.
Өгүзгө дары ок артып,
Өр талашып жөө басып
Өңчөй агаң жол тартып,
Өрүштөн жылкы алдырып:
Өжөрлүк менен келаттык

Өзүң бардың жол чалып,
Өңчөй күлүк ат алып,
Өжөрлөнгөн калмактан,
Аттарды кантип куткардың?»
Дешип алар сурашып.

Кардыгач агаларына, өзүнүн кантип шашылыш менен аттардын артынан кеткенин жана кантип мында алып келгенин, жоолор артынан кууганын айтып берди.

Укмуштуу сөздү уккан соң, булардын зээни бузулду.

Табылды кырк жигит менен кеңешип—калың кара катаган элине кабар салуу үчүн Кардыгачтан кат жазып, эл ичинде эстүүлөргө эбин тапкан сөздүүлөргө, алыскы жолду көргөндөргө, бирди жыккан балбандарга, душманды сайып алгандарга, аттуу-тондуу алдууларга, алыскы жолго камдууларга деп кат жазды.

«Кардыгач ушул катты алпарып аяш атаң Устага бер» деп, Көкчолокту токуп берип кол кармашып коштошуп Табылдынын айткан сөзү:

«Кош чырагым турба, деп
Жолго жолтоо кылба деп.
Калың кыргыз элине,
Кагаз жазып берди эми.
Кабарлап баарын жыйна деп,
Эл ичинде эстүүгө
Эптеп кычы сөздүүгө
Ок дарылуу мергенге,
Атышар жокко алууга,
Калк ичинде малдуута.
Билеги күчтүү балбанга,
Билими күчтүү зардалга.
Найза сайчу баатырга,
Талаптуу киши бар болсо;
Таштап бирин калтырба,
Катагандын карысы,
Карыя Уста баатырга,
Катыңды бергин колуна.
Каргадай жаным сак болсо,
Касиет орноп, бак консо
Калмакты олжо кыламын.
Кабылып ишим ак болсо,
Кара-Каман, Балгарттан,
Таап алсын барганы,
Кабардашар чак болсо,
Жылкыны кайта айдатам.

Жыйналып барган кол болсо,
Кош аман бол ардагым
Кошмо сөз айтып барбагын.
Абакем кантер экен деп,
Санааңа мени албагын.
Эсиңден күн түн кетирбе,
Эрендердин арбагын.
Эрманкан атам жар болсо,
Эми сайып келемин».

Кардыгачты узатып, кырк жигитти алып Табылды атланып жөнөгөндөгү кырк жигиттин сөзү:

Адам сыны келди го,
Алдам тилек берди го,
Айланайын Кардыгач,
Аттарды алып келди го.
Атаңдын көрү калмак кул,
Алдымдан чыкса өлдү го.
Алыстан көрүп алалык,
Акылды эми табалык.
Калмактар салган жаңы жол,
Как ошого баралык.
Караңгыда ашалык,
Карагайды аралап
Капчыгайды басалык.
Караанын көрсөк калмактын;
Кар жаадырып салалык.
Кароолду жакшы салалык.
Деп сүйлөшүп кырк баатыр,
Улуу жолго салды эми.
Элдиярды ээрчитип,
Табылды баштап алды эми,
Капка ташта бекинип,
Кырк жигит жатып калды эми.
Арчатору ат менен,
Ашкере баатыр Табылды —
Кырга чыгып барды эми.
Алтын ооз дүрбүнү,
Ар тарапка сунду эми,
Орукта жаткан калмакты,
Оронуп көрүп калды эми.
Калың жылкы, көп калмак,

Казандап түздө жатканын,
Табылды көрүп алды эми.
Өлчөөсүн алып калмактын
Өңүтүн болжоп салды эми;
Кантер экен калмак деп,
Кароолду жакшы салды эми,
Камырабай Табылды
Кайкыга чаап калды эми.

Калмактар калың жылкыны алып келип, өргү болуп жатышкан эле. Кароолчусу кайра келип караан-параан көрбөдүк деп кабарды берип чогулушуп олтурду. Чалкалмак оолугуп сөзүн баштап калмактарга айтканы:

«Өзүм бүгүн жол чалам,
Өкүмүм угуп отургун.
Алтымыш баатыр аламын,
Ашууну өзүм чаламын.
Өзүм чапкан жаңы ашуу,
Белине чейин барамын.
Жол жолоочу көрүнсө —
Айдап алып келемин,
Жол чалган баатыр көрүнсө,
Байлап алып келемин.
Табылдыдан көөнүмдү,
Жайлап алып келемин.
Алтымыш баатыр кошчу алам,
Аттанып өзүм жол чалам.
Ашыктырбай силерди,
Ат өргүтүп тынчтантып —
Ашуугa жете мен барам.
Бүгүн тынчып жатыңар,
Өргү болсун атыңар,
Эки күн мында конгула
Кош башына бир семиз,
Жылкыдан тандап сойгула.
Калың кара кошунум,
Кара этине тойгула.
Чийки эт койбой салгыла,
Бүт бышырып алгыла,
Бүтү колду чоюшуп,
Уйкуга мыктап кангыла.
Жылкыны ээн койбостон,
Отуз киши баргыла.

Кезек менен кайтарып
Эсен багып тургула.
Отунду үйө жаккыла.
Отко таасим кылгыла.
Олжолуу болгон калың кол,
Ойноп бүгүн жаткыла».

Чалкалмак алтымыш баатырын ээрчитип алып, ашуунун белин чалам деп жөнөп кетти. Калың калмак жабыла барып жылкыны ийрип алып, кысырак бээ, кысыр эмди тайга чалманы салып, 32 жылкы кармап келип кош башына бирден союп, кемегени оюп, этке абдан тоюп, буту колун чоюп, аттын баарын агытып жатып калышты.

Отуз калмак жылкыга аттанып, жылкыны Сары белди карай жайып жөнөштү.

Муну көрүп отуруп — Табылды ичинен тынып кымылдап ителгидей жымыңдап, карап олтуруп, күн батарда уктап жаткан кырк жигитке келип айткан сөзү:

—«Айланайын кырк жигит.
Аттанып жоого чык жигит.
Белде жаткан калмактын —
Айтайын сөзүн ук жигит.
Элдияр, Эрмек эр жигит,
Эми айтам сөздү кел жигит,
Энеңер эркек туугандай,
Сүйүнчүмдү бер, жигит.
Кыргыздан чыккан тандалып,
Кыркың бирдей эр жигит,
Кырандан көрдүм сонунду,
Кызыгын айтам кел жигит.
Кайкыдан дүрбү салдым мен,
Калмактан кабар алдым мен.
Калмактын кылган ишине,
Кумардан чыгып кандым мен.
Калың калмак көп жылкы,
Казандап жаткан жер көрдүм,
Кайкууга кетти Чалкалмак,
Катасы жок мен көрдүм.
Казан асып эт салган,
Канды булоон эл көрдүм,
Калың малды кайтарган —
Отуз калмак жесекчи,[1]

---

[1] Жесекчи — чалгынчы, кароолчу.

Ошондой сонун эр көрдүм.
Отуз эки жылкыны,
Союш кылды бир түндө;
Он миң эл кошуп кол көрдүм.
Отту жагып табынган,
Олуя кылып отунду,
Укмушту да мен көрдүм.
Оокат кылып жай жаткан,
Обу жок баатыр жан көрдүм.
Ошонун баарын бийлеген,
Опусалап сүйлөгөн,
Чалкалмак деген хан көрдүм.
Кудай берсе тилекти,
Кубантабыз жүрөктү.
Кужурланып эрсинип,
Курчутабыз билекти.
Жылкыга кошуп ат айдап,
Жылкы ичинен эр байлап,
Чалкалмакты саябыз;
Жылгадан тосуп—бер жайлап,
Камынгыла кырк баатыр.
Карууну жыйнап бел байлап;
Кар жаадырган Элдияр,
Караташ салып күн жайлап,
Каатчылык салалык,
Калмактар качсын жай-жайлап.

Табылды сөзүн бүтүрдү. Кырк жигит карбаластап жүгүрүп, каткырышып сүйүнүп, курал жарагын алып каттоосу менен соот чопкуттарын кийинип, аттаныштты. Элдияр кара ташты дубалап кара суунун түбүнө салып таштап, ал да аттанды. Элдияр-Эрмек баш болуп, жыйырмасы бир бөлүнүп Табылды баш болуп, жыйырмасы бир бөлүнүп жылкыны карай баратат.

Эр Табылды баатырың
Алдыга жалгыз бастырып,
Арчатору буудандын —
Арандай оозун ачтырып
Жыланачтын керүүдө,
Жылкыга келди шаштырып.
Жылкычы калмак уксун деп,
Күңгүрөнөт наз кылып,
Калмактан кабар билинбейт,
Караса көзгө илинбейт.

Ар өзөндө бир жүздөн,
Алты миң жылкы бириндейт.
Жылкынын алдын жөндөнтүп—
Жыйнап кетчү өндөнтүп,
Четин жыйнап топтолуп,
Айдап кетчү окшотуп.
Каскагын кармап белендеп,
Кайсаландап элеңдеп.
Качырып чыкса жолборстой
Кабылан бала чунайып...
Карап жүрөт элеңдеп.
Кабарым алып калмактар,
Качып кеткен белем деп.
Жер арытып желигип,
Желмогуз бала ээлигип,
Жолугарга жоо издеп,
Урунарга тоо издеп.
Жылгалардан жылкы айдап,
Жыйнап баарын бүт айдап.
Салып жүрөт Табылды —
Оттой күйүп көз жайнап.
Жылаңачтын чатында,
Көк булактын башында,
Бир топ караан көрүндү
Уктап жатат тизилип,
Уюлушкан топ калмак,
Окчун жатып калыптыр,
Борчук ташка ат байлап.
Көрө коюп Табылды.
Албарс сууруп кынынан,
Аларды карай камынды.
Арчатору атынан
Түшө калып басты эми.
Байлалуу турган аттардын,
Чылбырын кыя чапты эми.
Издеп жүргөн душмандын,
Бир тобун мындан тапты эми.
Бууданга ыргып минди эми,
Булардын атын тийди эми.
Жылкыга кошуп аттарды,
Жыласың кайра жүрдү эми.
Уктаган калмак туюптур,

Жабыла баары туруптур.
Уйкулуу көзүн сыйпалап,
Аттарын издеп жүруптүр.
Эрбеңдеген калмактар,
Ээк алдынан кабылды.
Жагалмайдай качырып,
Жалгыз кирди Табылды.
Бура тартып качырды,
Бириндеп калмак чачылды.
Ойногон калмак экен деп,
Ойлоптур калмак башында.
Ким экенин биле албай,
Калмакча сүйлөп качырса,
Алмастын көрүп жалынын,
Ошондо калмак шашылды.
Жоо экенин билген соң,
Аман калган калмактар,
Ар кайсы жерге жашынды.
Буйдалып мында турбастан,
Табылды кайра жөнөдү.
Калмактар сойгон жылкынын,
Он алтысын төлөдү.
Он бир калмак өлтүрүп,
Жыйырма жигит Табылды,
Жылкыны айдап камынды,
Сөзүн айтса буларга;
Сүйүнүп баары жалынды.
Калганын издеп тапсак деп,
Жигиттер сурап чамынды.
«Койгула балдар сөзүңдү,
Ачкыла эми көзүңдү.
Кайнаган калың душман бар,
Ошондо көрөм күчүңдү.
Жылкыны жолго салалы,
Кең Балгарттын оюна;
Калтырбай айдап баралы.
Элдияр менен Эрмектен,
Эптеп кабар алалы.
Барыбыз чогуу баш кошуп,
Малды жыйнап алалы,
Баатырлыкты көрсөтүп,
Калмакка анан баралы.

Элдияр кайда болду экен,
Эмне жумуш кылды экен,
Сайышып жаткан эл барбы?
Салынган кыраң бел барбы?
Эмгиче кандай кечикти,
Ээн жаткан мал барбы?
Же калмакка салып булукту
Кармашып жаткан эр барбы?»

Деп, Табылды жигиттерди жылкыга коюп,— Элдияр, Эрмекти издеп болжошкон Сары белдин акташына барып отурду.

Калмактар жаткан жерге кар аралаш мөндүр жаап, ат кулагынан шам «күйүп», түнгө-түн кошулуп жаткандай болуп көрүнөт.

Элдияр, Эрмек, ой тоонун баарын жойлоп, бириндеп жүргөн калмактардын аттарын жылкыга кошуп айдап, жер жесеген он беш калмактын төртөөн өлтүрүп, бирин кармап алып байлап, келе жатат. Жылкынын каңыртын угуп Табылды атданып, булардын алдынан утурлап бастырып келе жатат эле. Элдияр, Эрмек баатырлар созолонтуп ышкырып келе жатышат. Аны көрүп Табылдынын көңүлү көтөрүлүп, айткан сөзү:

—Айланайын Элдияр,
Ак жолтой Эрмек баатырлар.
Калың жылкы ичинде,
Калдайган чоочун кишиң бар.
Караңгыда кашкайып.
Кандай өнөр кылдыңар?
Калың олжо тапкандай,
Аттанып чыкса ак жолтой,
Карышкыр сындуу баатырлар.
Атышкан жоого сан колдой.
Алган окшоп көрүндүң,
Аяктуудан мал койбой.
Сапарга чыксаң ак жолтой,
Сайышкан жоого сан колдой.
Сайып алган окшойсун—
Калмакка жалгыз ат койбой.
Ээр токум жүгөнчөн,
Ат көрүнөт жылкыда.
Эки колу байлалуу,
Эр көрүнөт жылкыда.
Эси оогансып калдайган,
Жан көрүнөт жылкыда.
Ээн олжо тапкандай,
Шаң көрүнөт жылкыда.

Эчен түрдүү түрлөнгөн,
Мал көрүнөт жылкыда,
Эки досум айтып бер,
Эсен аман келдиңби?
Эмне сөз бар угууга,
Караңгыда бардыңбы?
Калмактын колун чалдыңбы?
Катуу жаан борошо,
Кар жаадырып салдыңбы?
Кайгулчу[1] болгон калмакты,
Калтырбай сайып алдыңбы?
Казы жеген калмактын,
Калтырбай атын алдыңбы.
Же кармашып чыккан эр барбы,
Каршы алдында эл барбы,
Кандай жакка келдик деп
Капа болуп калдыңбы?

Ошондо Элдиярдын Табылдыга айткан сөзү:

—Бардым жылкы четине,
Бардык жоонун бетине.
Бар экен он беш жесекчи,
Ойлонду качып кетүүгө.
Аракет кылдым мен дагы,
Алардын жолу бекүүгө,
Алым келсе түк койбой,
Алсам деп байлап кетүүгө.
Кырк жигит карап турабы?
Кыябы менен жетүүдө,
Кырып кетсек койбой деп,
Кылычтап башын кесүүдө:
Күңүрт чаап туманда,
Күн жаркылдап турганда,
Калмактар бизди көрүптүр;
Капыстан тосуп өңүптүр.
Канетсе кыргыз экен деп,
Калың кошун элине,
Кабар салсак бекемдеп;

---

1 Кайгулчу — жер чалган, жер караган адам.

Качмак болуп калганбы,
Кантерин билбей элеңдеп,
Кабылышып биз менен
Качырып калды сереңдеп.
Ат башын кайра бурабы.
Кырк жигит карап турабы,
Алдынан чыккан калмактар,
Аралашты будагы,
Асмай тартым сайыштык,
Атынан баары кулады,
Кылычтап башын кесишип,
Кыргынды салдык калмакка,
Кызыкка батып мин этип,
Кыраандар басты кумарды,
Жылкыны жыйнап айдадык.
Жалгыз калмак калыптыр,
Жылдырбай колун байладык.
Атка таңып шуңкуйтуп,
Аны кошо айдадык.
Калың калмак жагынан,
Кабар алып барбадык.
Кайгулчу болгон он бешин,
Катары менен жалмадык.
Жөрөлгө ушул болсун деп,
Желектүү найза кандадык.
Күндү катуу жайладым,
Күз булутун байладым.
Күдүргө жылкы түк койбой,
Күрдөлү менен айдадым
Калмактын атын койбодум,
Карышкырдай жойлодум.
Караным сениң арканда,
Калмакты чаап ойнодум.

Табылды менен Элдияр аман эсен табышып, калың жылкыга калмактардын атын кошуп алышып, улуу суунун боюна, шар кечүүнүн оюнда, жылкыны суудан кечирип, буудандарды суудан бир аз ичирип, кара шибер чалдырып, суусун басып алдырып, кырк жигитке карап Табылдынын айткан сөзү:

—Айланайын кырк жолборс,
Кыркың бирдей жан жолдош.
Анттуу досум экөөңөр,

Элдияр, Эрмек эки дос.
Кебиме кулак салгыла,
Ат оoздук таап алгыла.
Тилимди алсаң баатырлар,
Калмакка кайра баргыла.
Калып калган мал болсо,
Калтырбай такыр алгыла.
Капилет жаткан кезинде
Каптап кирип калгыла.
Жылкы тийген эрлерди,
Жылас кылып салгыла.
Чалкалмак сындуу баатырдын
Жолун тосуп баргыла.
Буулугуп калган кырк баатыр.
Бир кумардан кангыла.
Кече күнү кечинде,
Кечке маал бешимде,
Чалкалмак кеткен чалгынга.
Алтымыш балбан артында,
«Калмак ашуу салам деп,
Каракырга барам деп,
Куугун келсе артымдан
Курута сайып алам деп;
Чамам келсе нар жакка,
Чаап кирип барам деп.
Катаган кыргыз көп элди,
Такыр чаап алам» деп...
Дөөкүрсүгөн чоң калмак,
«Кыргызга ойрон салам» деп—
Аттанып чыккан турбайбы.
Аттаналык кырк жигит,
Алдынан жоонун баруугa,
Ашуугa кеткен калмактын,
Айласын көрүп алмакка.
Ачуусу келсе Чалкалмак,
Аттанып кетет нар жакка
Акылын тапчы кырк жигит,
Атышып жоону алмакка.
А дегенде жылкы алдык,
Аттансак кандай баатырлар
Калмакка эми бармакка?...

Табылдынын бул сөзүнө Элдияр мындайча жооп кайтарды:

—Эр Табылды төрөбүз,
Оозуңдан чыккан сөзүңдү.
Нур жаагандай көрөбүз.
Караңгылык капилет,
Калмакка барсак аралап
Капысынан өлөбүз.
Уй түгүндөй көп элге,
Уруна кирип барбайлы,
Учурап калып торуна,
Уят болуп калбайлы.
Мал түгүндөй көп элге,
Батына кирип барбайлы,
Башка чалма салдырып,
Байлоого түшүп калбайлы.
Анда да биздей балбан бар,
Амалдуу кыйла жандар бар.
Кас санашкан душманга
Каргаша кылчу жандар бар.
Калайыктын ичинде,
Канча түрдүү адам бар.
Калмакта эр жок дейсиңби,
Кармашкан жоону алган бар.
Түп караңгы күн бүркөк,
Жаап турат аппак кар.
Ат тайгылса кокустан,
Алты миң калмак жабылар.
Андай болгон кишинин,
Айласы кайдан табылар?
Ажыратып алгыча,
Алмадай башы алынар.
Караңгынын көзү жок,
Кагылайын Табылжан,
Кайра ойлончу эсиң бар.
Ушундай айтып кеңешин—
Карап турат Элдияр.
Калмактан калың кол жатат.
Кара курттан мол жатат.
Кара болбой сен уксаң,
Кармаша турган жол жатат.
Кытайдын колу мол жатат,
Кырылса бүтпөс кол жатат.

Капа болбой сен уксаң,
Кыйын-кыйын жол жатат.
Жылкыны айдап кетелик,
Жылдырып элге жетелик.
Жымжырт жаткан калмакты.
Жылас кылып нетелик.
Табылган атын алалык,
Калганын дагы табалык.
Кар жаадырып жүдөтүп,
Калтыратып үшүтүп,
Калмакты анан чабалык.
Бүгүнчө сабыр кылалык,
Бүтүндөй жоону сынайлык.
Бүлүнтүп баарын өзүнчө,
Бир күндөн кийин чабалык.
Бастырып чыгар аты жок,
Баарыга айтар даты жок,
Кургак турар үйү жок,
Куурабас жоонун күнү жок.
Катуулап күндү жаадырам,
Күнү менен түнү жок,
Ачкадан майып кылабыз,
Анык сонун түнү жок.
Маакул десе Табылды,
Барбайлык бүгүн ыгы жок—

деп Элдияр сөзүн бүтүрдү. Элдиярдын бул сөзүнө капа болгонсуп Табылдынын айткан сөзү:

Кашкайып күлүп Табылды:
«Маакул го досум кеңешиң,
Жесектен кармап өлтүрдүң
Жер кайгыган немесин.
Наспай тартым сайышып;
Коркуп калган белемсиң?!
Байлап келдиң берeги,
Маңоо болгон немесин
Душманда санат болобу —
Санашып чабуул коёбу?
Миң койго кирет бир бөрү,
Коркконду Табыл оңобу
Кырк жигит айтчы сөзүңдү
Же силерге маакул болобу?»

Табылды сөзүн бүтүрдү. Кырк жигит кырк ооз сөзүн айтып, аягында Элдиярдын сөзүн маакул таап, экинчи кеңешти дагы Элдиярга беришти.

Элдияр: «Мына баатырлар таң супасын салыптыр, тараза жылдыз—так ордуна барыптыр. Эми күндү күчөтө жаадырып, жылкынын изин бастырып, калмактардын турган жерине, кала берсе тегерегине ат жүрө алгыс кар түшүрөмүн. Биз жүргөн жерлер жаркырап ачык болот. Кароол караган Чалкалмакты тосуп баралык, тамашаны капчыгайда салалык» деди.

Табылды, Кырк жигит «Элдияр билсин» деген сөзгө туталангансып олтуруп, Чалкалмакты тосуп баралык деген сөзгө кубанып карсылдап күлүп «маакул баатыр, маакул деп—кана жылкыдагы байлалуу калмакты алып келгилечи» деп ат үстүндөгү байлалуу калмакты алып келдирип санына чылбыр салып, тилге мыктап канып, бекемдеп атка кайра таңып: жылкыны айдап Кара саздын талаасына жайып таштап, Эр Табылды жолду өзү баштап, беш кишини жылкыга коюп, Табылды Талды-Суунун белин ашып, Чалкалмактын жолун тосуп жатып алышты.

Чалкалмак алтымыш баатырын алып, ашуунун жолун чалып, өзү чапкан Калмак ашуунун белинде конуп жатып калган экен. Эртең менен караса, ат бура тарткыс кар түшүп жол көрүнбөй калыптыр.

Жол көрүнбөйт мелтиреп,
Борошолоп шыбыргак,—
Жаап турат басылбай,
Белди кайра бекемдеп.
Капаланат карт калмак
Кантип кошко жетем деп.
Жол көрүнбөй түз болуп,
Сакалы шакшак муз болуп,
Ашууда жатат Чалкалмак,
Ачылбас күнгө туш болуп.

Табылды кароол карап, кырк жигит уктап, Талды Суунун белинде Чалкалмакты карап жаткан кездеги болуп жаткан окуялар...

Бешим маалы өткөндө —
Дигерге жакын жеткенде,
Калың эл жактан чуу чыгат;
Табылды тыңшап сезгенде.
Улам тыңшап жакындап,
Угулат даана шакылдап.
Мылтыктын үнү көп чыгат,
Удаа-удаа тарсылдап.
«Бул эмне дабыш деп,
Бул дабыш бизден алыс деп,

Кырк жигитти ойготту,
Кыраандар угуп тааныш деп,
Уруш чыгып калды бейм,
Ушуну көздөй жарыш деп.
Уктагандар ойгонуп,
Угулган не деп ойлонуп,
Камынып калды кырк жигит,
Качырчуудай өңдөнүп.
Аттарын минип алышып,
Аспабын даяр кылышып.
Алдындагы белеске,
Аттанып чыгып барышып.
Анык чууну уккан соң,
Ажыдардай кырк баатыр,
Жүрүп калды жарышып.
Кырк жигит менен Табылды,
Кыйкырып баары жабылды.
Урушуп жаткан көп элге,
Ушулар эми кабылды.
Аралап кирип барды эми,
Айран азыр калды эми,
Айкайлаган калмакка,
Абдан уруш салды эми.
Калмактан башка кыргыз жок,
Качырбай эми туруш жок.
Ким экени билинбейт,
Мылтыктын үнү күпүлдөйт.
Аралап кирсе чогууга,
Чоюн баш үнү дүпүлдөйт.
Калмакка кирди Табылды,
Кабыландай аралап.
Качырган жагын талкалап,
Кайсы бирин жаралап.
Атчан кыргыз, жөө калмак,
Аралашкан чаң болуп,
Ак мейкин талаа сары өзөн;
Ат тушардан кан болуп,
Аны көргөн адамдын,
Акылы баштан маң болуп.
Мылтыктын үнү быдырап,
Союлдун үнү дыбырап.
Аттуу жөөлүү калмактар,

Келип жатат жыбырап.
Көптүгүндө эсеп жок,
Кумурскадай кыбырап.
Кылычтар кызыл кан болуп,
Кызык уруш даң болуп,
Кыргын салган бул ким деп,
Кыйлалар жүрөт маң болуп.
Найзалар жүрөт калк этип,
Сайганда ичи жарк этип,
Кыргыздар сайса жөө калмак,
Кырданып кетет талп этип.
Караңгы түшүп баратты,
Кыргыздар ишке жараштьы.
Калмак, кыргыз бөлүнүп,
Эки жакка тарашты.
Кар үстүндө бир канча,
Карарган өлүк көрүндү.
Калмактан чыгып кырк жигит,
Кашатка чыгып бөлүндү,
Кыргыздын саны кырк болду,
Өлүккө өзөн жык толду.
Жылкыны көздөй бет алып,
Кырк жигит түгөл бүт болду.
Жылкыга барып чогулуп,
Эс алып түшүп олтуруп;
Сөзгө кирди Табылды,
Өзөнгө өлүк толтуруп,
Бүгүнкү кызык күн деди.
Азыр кирди түн деди,
Биз кароолдо жатканда,
Урушту салган ким—деди.
Жылкыда калган чоң жигит,
Баарынан москоол сом жигит,
Акмат туруп сүйлөдү,
Сөзгө мокок тоң жигит,
«Жылкыны жайып туйдук—дейт,—
Асыяк уктап калыппыз,
Кыйкыйган дабыш уктук—дейт—
Туя калдык тыбыяп,
Көйүнөт талаа жыбыяп,
Дөңгө чыгып каясак
Калмактай келет, калың эл.

Кумуйскадай кыбыяп[1]»...
Каткырышып кырк жигит.
Сүйлө-сүйлө Акы деп —
Сүйлөй түш Акы дагы деп,
Сурушкөнуң сен айтып,
Көрсөтө турган чагы деп.
Душманын жойсо эр жигит,
Көтөрүлөт багы деп.
Ак жолтой Акым айтты деп,
Алсырап калмак жатты деп —
Атайы келип бул жерге,
Калмактар кандай кайтты деп,
Кайта сурайт Табылды —
«Калтырбай Акы айтчы» деп.
Тамашага киришип,
Талкак айтып күлүшүп —
Олтурушту кырк жигит,
Бүгүнкү болгон уруштун,
Башталганын билишип.
Акмат айтып түшүнтүп,
«Алдык деп жоону ушунтип,
Түндө жылкы алганда,
Азыраак уруш салганда,
Тирүү калган калмактан,
Кошуна качып барыптыр.
Колго кабар салыптыр.
Жыйналып алып көп калмак,
Жылкынын изин чалыптыр
Жалпы каптап кирсек деп,
Жылкыны кайра сүрсөк деп,
Жөө жалаңдап келиптир,
Жаңыдан күлүк минсек деп.
Калмакты көрүп качырдык,
Кайра баарын жапырдык.
Калың элге капталып,
Кармашып бир аз шашылдык.
Жылкыда калган беш киши,
Азбыз деп жоодон качпадык.
Балгарттын суусун кечтирбей,
Айбат кылып алышып,

[1] Мында анын чулдурлугу боюнча айтылган түрү.

Аз болсок да салышып.
Аттуу, жөөлүү калмакка,
Аянбай кирдик чабышып.
Ангыча болбой кырк жигит,
Асабалуу туу алып,
Айкырып чыкты жарышып,
Эр Табылды баш болуп,
Эрдикти жоого салышып.
Кар үстүнө калмактын,
Канын суудай агызып.
Аман-эсен кырк жигит
Кошулдук эми табышып».

Акмат сөзүн бүтүрдү. Эр Табылды он кишини жылкыга таштап, отуз жигитин ээрчитип алып, Улуу суу, Балгарттын боюна барып, калмактын жолун тосуп жатты. Калмактар түнү бою дүрбөшүп, качалы эми жүр дешип, ичинен бузулуп, «кыргыздын кылычынан өлгүчө, качып жүрүп жолдо өлүш керек» дешип, туш-тушунан сөгүлүп, кырк, элүүдөн бөлүнүп, жылдызды белги кылып күн чыгышка карай бет алып, аттуу, жөөлүү болуп качып кетти.

Чалкалмак алтымыш баатыры менен карга чумулуп, кай бир жерлерде көчкүгө көмүлүп, кошун карай бет алып, ар кимиси ар кайдан көрүнүп, көчкүгө алдырып, көбүн карга салдырып, он беш кана кишиси менен өзү аман калып, кырк баатырын көчкү алып, жүргөн жери кус болуп, муруту муз болуп, аябай жүдөдү.

Көрбөгөнү көр болуп,
Элиме кантип жетем деп,
Ичи жалын бук болуп.
Буюгуп муздап жүргөндө,
Муңдашар киши жок болуп.
Күнү-түнү кар бузуп,
Күйүккөндөн кан кусуп.
Албын айтып эмдешип,
Аттанып бери кел дешип:
Аттары чарчап жыгылып,
«Алдыга бастыр сен» дешип.
Аранда ойго түшүштү,
Ат салдырып демдешип.
Таң агарып сөгүлүп,
Талаанын бети көрүнүп.
Тоо-тоого жаркын чачырап,
Күндүн нуру төгүлүп,
Уйгу-туйгу ак булут,
Удургуп көчүп бөлүнүп.
Чалкалмак баатыр аттанып,

Чар тарабын сактанып.
Табылдыдан чочулап,
Чарчагандан дарттанып.
Жолдошун карга бастырып,
Жол тосом деп наз кылып.
Келген го деп Табылды —
Башка жак менен жазгырып.
«Бастыргыла ылдам» деп,
Жолдошторун шаштырып.
«Ооруктагы калың кол,
Ордунда жок бейм чачылып.
Жылкыны айдап калмактар,
Кеткенби деп ашырып»,
Деп ойлонуп Чалкалмак,
Келип калды кошуна,
Кара боз менен бастырып.
Колдун түрүн караса;
Коломтодо күлү жок,
Колдун аман түрү жок.
Он бүлүктүн бири жок.
Колу сынып кокуйлап,
Боздоп жаткан андан көп.
Буту сынып буркурап,
Бир тууганын өлтүрүп,
Бир боорум деп чуркурап,
Сокур болуп темселеп;
Жан талашып энтелеп,
Чубап жүргөн калмактар,
Бирин бири жетелеп.
Муну көрүп Чалкалмак:
Мууну бошоп жалдырап.
Буту-колу шалдырап.
Бул эмне шумдук» деп,
Карап турду алсырап.
Сөз сурарга алы жок,
Ачкалыктан каруу жок.
Күнү-түнү алты күн,
Ашуудa калып кар болгон.
Алай-дүлөй борошо,
Асканын баары жар болгон.
Ат чалдырып аш ичпей,
Аш тамакка зар болгон.

Ачуусу келип Чалкалмак,
Андагы күнү тар болгон.
Каары келип айкырып,
Карт жолборстой бакырып,
«Калбастан баарың келгин» деп
Калкынын баарын чакырган.
Эл эсебин алам деп,
Элди жыйнап салам деп,
Качып кеткен калмактын —
Аркасынан барам деп.
Жер майышкан кол кана,
Жети миң калмак эл кана?
От башы болгон эр кана,
Он миң калмак эл кана.
Чалгынга кетсем чачылса,
Чар жайыт кетип жашынса,
Чабышкан жоосу жок туруп,
Чакчелекей качышса!
Жылкыны жыйнап койбосо,
Семизин тандап сойбосо,...
Деп Чалкалмак күпүлдөп,
Демигип сүйлөп дүпүлдөп.
Калган элин чогултуп,
Каарлап сөгүп көп тилдеп.
Ачууланып турду эле
Калмактын баары чогулуп,
Канынан коркуп чочунуп.
Калган калмак үч миңче,
Катар баары отуруп,
Карыя калмак кеп айтат,
Ханым уккун деп айтат:
Калмактын көргөн кордугун,
Калың калмак эми айтат.
«Алтымыш балбан ээрчитип,
Ашууга кеттиң ханыбыз.
Аттарды кошо алдырдык,
Айдарга калбай малыбыз.
Артынан барсак жылкынын,
Алты миң калмак баарыбыз.
Алдыбыздан качырды,
Азгана кыргыз балдары...
Араң калды жаныбыз.

Жылкынын баарын алдырдык,
Жесеке жерди чалдырдык.
Жети миң калмак биз барып,
Желдей ыкчам кыргыздан —
Жети жүздөй калмакты
Такыр кырып салдырдык.
Аттанып өзүң кеткенден,
Асманда булут ойноду.
Алган жылкы мал тургай,
Аттардан неме койбоду.
Аш кылып ичер чоло жок,
Асмандын күнү тутулуп;
Ачылар дүйнө болбоду.
Артынан барсак жылкынын.
Ажыдаар бизди жойлоду.
Алдынан чыккан кишини —
Аман-эсен койбоду.
Калмакка бүлүк салгандан;
Калтырбай атты алгандан,
Канча киши кырылдык,
Кармашам деп баргандан.
Качып кетти колуңуз,
Кабылан бизди чалгандан.
Кырк жигит бар кашында,
Кызыл жоолук туулга,
Кыркынын тең башында.
Кыйкырып кирет баарысы,
Кызыл чийкил жаш бала:
Табылды кайсы билбедик,
Тааный албай сүрдөдүк,
Такыр эле жолборстой,
Таамай жакын кирбедик.
Толо бою ок экен,
Толкуну кызыл чок экен,
Калмак, кыргыз көп элде,
Мындай неме жок экен.
Баары бою ок экен,
Балбылдап көзү чок экен.
Баатырлыгы билинди,
Балада мындай жок экен.
Кийгени темир тон экен,
Кишиде мындай жок экен.

Ок өтпөс темир тону бар,
Орошон күлүк аты бар,
Ойрон кылат беттешсек,
Ошону ханым эсиңе ал...»

Деп калмактар Чалкалмакка айтып беришти. Чалкалмак ачуусу келип, калкынын качып кеткенине капа болуп,— Карабозду минип, качкан элинин аркасынан жүрүп, бир жарым миңче кишини таап алып айдап келди. Бардыгы төрт жарым миң калмак болуптур. Ошондо Чалкалмактын айткан сөзү:

Мен Чалкалмак болгону,
Чалкалмак атка конгону,
Жоодон качып көрбөдүм
Жолумду кишиге бербедим.
Эрманкан менен сайыштым,
Эчен жолу чабыштым.
Эрдемсиген далайдын,
Элин чаап алыштым.
Ошолордон эр бекен,
Олжосун тартып алыштым.
Ак дөө менен күрөшүп,
Алты күн жүрдүм тирешип,
Аягында жыккамын —
Аны дагы жүдөтүп.
Калмактан чыккан Каралөк,—
Каруусу жандан бир бөлөк.
Кармашып көрдүм жаш кезде;
Калкын чаптым олжолоп.
Кытайдан чыккан Кырымкан,
Кылымдан ашкан Урумкан,
Баарысы менен беттештим
Кыркасы менден жыгылган.
Чалкалмак деген кабарым,
Чар тарапка угулган.
Ашыктай жетим Табылды
Алышар болсо көрөрмүн!
Аманат жаным соо болсо,
Адебин колго берермин.
Ажыраткан жылкысын,
Алдынан тартып алармын,
Ал өңдөнгөн жетимдин,
Азапка башын салармын.

Томуктай болгон баладан,
Тогуз миң калмак шашканың,
Токтоо берип чыдабай,
Тоз-тоз болуп качканың.
Ашыктай болгон жетимден,
Аламан түшүп качканың!
Ооруk тамдан көчөмүн,
Балгарттын суусун кечемин.
Баатырсынган неменин,
Башын кесип кетемин.
Жылкысын кайра аламын,
Артынан кууп барамын.
Ал өңдөнгөн жетимдин,
Акылын өзүм табамын.
Сайышып күчүн көрөмүн,
Сайдырсам олжо беремин.
Сайышууга келбесе;
Сан жылкысын чубатып —
Кайтып алып кетемин.

Деп Чалкалмак төрт жарым миңче колун баштап алып, Ооруктан көчүп Сары белди ашып, Жылаңачты басып жөнөп калды.

Табылды отуз жигитин уктатып, өзү дүрбү салып олтуруп, Сары белден самсаалап ашып келе жаткан калың кара кошунду көрүп олтуруп, кароол карап дөбөдөн кайра басып келип отуз жигитин ойготуп айткан сөзү:

— Айланайын Элдияр,
Ашыкпай өөдө туруңар.
Абаң калмак келатат,
Айтайын жакшы угуңар.
Беш миңдей калмак чубашып,
Бир канчасы жөө басып,
Балгарттын суусун бет алып,
Келе жатат калың кол.
Маңдайкы Сары белди ашып
Алдында келет бир топ жан,
Карап турдум айран таң.
Кара боз атын үпчүндөп,
Калканын башын бүчүлөп,
Салынганы шарпылдак.
Көп калмактын ичинде,
Көөдөнү чыгып баркылдап,
Көрүп турдум кашаттан —

Көөсөр[1] калмак келатат.
Аттар сууп калганда,
Таңга супа салганда,
Отко коюп бууданы,
«Ойготпоюн жатсын деп»,
Отуз баатыр уланды.
Ай балтаны таянып,
Береги кайкы белеске,
Басып чыктым жай алып.
Таң агарып сөгүлдү
Таркап жылдыз бөлүндү.
Күндүн мурду чалганда,
Күкүк сайрап калганда,
Күрдөлдүү кошун көрүндү.
Гүлүстөн дүрбү салганда,
Кагылайын Элдияр —
Жоо акылын тапчу элең,
Жолун тосуп жатчу элең.
Акылыңдан шашылбай,—
Жолборсту көзгө атчу элең,
Айланайын кырк жигит,
Шабыят[2] оюн салчу элең,
Шаттанып жыргап калчу элең.
Шабырдан аңыр учурбай,
Шашканда үчтү атчу элең.
Мергендигиң билгизип,
Шашектин көзүн атчу элең.
Эми — атышар калмак жоо келди —
Эки чопкут бир олпок,
Каттоо менен кийиңер.
Чарайна калкан салынып,
Чыңданып жоого кириңер,
Акылыңдан адашып,
Аптыкпагын бириңер.
Урааның айтып берейин,
Ушуну бекем угуңар.
Арбактуу эрди чакырса,
Алда канча бакырса,
Атын уккан калмактар

---

[1] Көөсөр — акылсыз.
[2] Шабыят — оюндун аты (бут менен тээп куушуп ойношот).

Акылынан шашпайбы?
Кырк чоролоп бакыргын
Кыйкырык үзбөй чакыргын.
Кагылайын кырк бөрү,—
Жоону кайра жапыргын.
Үзө чаап салбаңар,
Үргүлжү кирип барбаңар,
Майдасына буйдалбай,
Баатырларын тандаңар.
Катуу чаап салбаңар,
Каптала кирип барбаңар!
Караламан урушта,
Кайраттуусун тандаңар.
Баатырын көрсөң басып жүр,
Өзүң окчун качып жүр,
Аламанга киргенде,
Жаанды үзбөй атып жүр.
Көпчүлүктө тор болор
Чалмачыл калмак мол болор.
Чалынып калсаң кокустан,
Алтын башың кор болот.
Өз боюнду сактан деп,
Өнөрлүүң бүгүн мактан, деп —
Кол кармашып кырк баатыр,
Жүргүлө турбай аттан деп.
Суу кечирбей калмакты,
Аталык өйүз жактан деп.

Табылды кырк жигитти кыркасынан кашатка коюп, эки жигит менен кечүүнүн жолун тосуп жатат.

Чалкалмак аттуусун алдыга салып, жөөлөрүн Улуу суунун боюна жаткыла деп, киши-кара көрүнсө дым чыгарбай аткыла деп, жүз балбан ээрчитип, Табылды жаткан кечүүнүн өйүзгү кашатына келип, дүрбүсүн салып карап турду. Ошондо эки колдун жаткан түрү:

Дүрбү салбай таанышып,
Сүйлөшө албай барышып,
Аттарын байлап жашырып,
Бетине ташты алышып,
Баш кылайтпайт эки жак,
Баш бакканын атышып.
Беттешип найза салышпай,
Бешимге чейин жатышып.
Суукка келген калмактан,—

Кырк жигит, үчтү атышып,
Көрүнгөнүн жайлады,
Алыска жетип тийсин деп,
Алма баш мылтык майлады.
Аттанып келип өтө албай,
Чалкалмак таппай айланы.
Өйүзүңдө жер жатат,
Өңчөй кыраан эр жатат.
Баш кылайтпайт кырк баатыр,
Баш бакканын мээге атат.
Балгарттын суусу кириптир,
Башынан кыян жүрүптүр.
Күн ачылып жаркырап,
Күнгөйгө ысык тийиптир.
Кар бузулуп суу болуп,
Карарып дайра буу болуп.
Өйүз-бүйүз желбиреп,
Ачкадан кырат экен деп,
Арттагы калмак суу болуп.
Баатырлар жатат маташып,
Башпакташып карашып.
Кезенишип жатышат,
Кечүүнүн жолун талашып.
Акыл ойлоп Чалкалмак,
Ар тарапты чалды эми.
Аркайган тоого бет алып,
Дүрбүсүн салып калды эми.
Атчан беш жүз баатырды,
Калмактан бөлүп алды эми.
Алты бөлүп кошунун —
Арасын ачып салды эми.
Беш жүз жанга бир киши,
Топ башы кылып койду эми.
Такыр буйрук кылды эми,
Тартылганда бу дайра,
Такыр кечип баргын деп,
Талаанып бетин чаң кылып,
Таң калар уруш салгын деп.
Жардык кылды калмакка,
Жалпы каптап бармакка.
Үркөрдөй болгон кыргызды,
Тегеректеп алмакка,

Табылдыны куткарбай,
Башын кесип калмакка.
Эгер колго тийбесе,
Айлына чейин бармакка.
Катуу буйрук кылды эми,
Каары келип Чалкалмак,
Калкына сөздү урду эми.
«Качканыңды атамын!
Каныңды суудай чачамын!
Куткарып келген жылкыны,
Кубалатып ийесиң.
Кунун албай көп элдин,
Кантип чыдап жүрөсүң?!
Колдогу малды айдатып,
Кошундан киши байлатып,
Аттардын баарын айдатып,
Арадан киши байлатып.
Калмактын баарын кырдырып —
Качыпсыңар сайлашып.
Бир киши качса билемин,
Кармап бетин тилемин.
Качырып ийсең кошундан,
Топ башы болгон баатырды —
Толорсуктан илемин.
Атайы келип кыргызга,
Алдырсак кандай ушу жол
Кыргыздар кыркча жан экен,
Табылды кандай бала экен?
Беттеше албай бекинген,
Илекор жетим ал экен.
Караңгыда жоо алган,
Кара тумшук бала экен,
Кар жаадырып күн жайлап,
Калкында жайчы бар экен.
Күн бүркөлсө ачыңар,
Булутту бекем басыңар.
Калмакча кара дувалап,
Топурак кошуп чачыңар.
Караңгыда сак болуп,
Карга келсе атыңар.
Мен суу башына барамын,
Жогортон кечүү чаламын.

Жол таап алып түн бою,
Жоого ойрон саламын.
Эртең шашке маалда,
Беш топ башы баарыңды,
Бет маңдайда көрүнгөн —
Белден тосуп аламын.
Эрте сууну чалыңар,
Кечүү таап алыңар.
Суу тартылган кезинде,
Өйүзгө чыгып барыңар.
Кыргызды көрсөң кырыңар,
Кылычтап башын жулуңар!
Кырылганга карабай
Кыбыла көздөй сүрүңөр».

Чалкалмак элдин баарын башкарып, беш жүз балбан кошчу алып, Кара тоонун этеги менен алкымдан кечүү чалып, караңгыда барып, кыргызга кызык уруш салып, жылкыны жылма алып келем—деп, аттанганын, Табылды дүрбү менен көрүп олтурду. Чалкалмак жөнөп кеткенден кийин, Табылды кырк жигитти жыйнап алып маслаат кылып, ондон төрт бөлүнүп, Эрмекти аяк жагына, Элдияр орто жерине он жигитти жылкыга жиберип, он жигит менен Табылды суунун башына карай барды.

Кара каман—кандуу суу. Кан жыттанып күңгүрөнүп кулдурттап сүйлөнгөнсүп, чети шуулдап күчөп жатат. Таң атып жер бети көрүнгөн кезде, эч нерсе учурата албай Табылды ат чалдырып тумшук кара ташка чыгып, дүрбүсүн салып караса: төмөнкү кечүүнүн оозундагы калың элдин арасынан бур-бур эткен мылтыктын түтүнү чыккандай болот. Байкаса өйүзгө кар түшүп калыптыр, бүйүз жакта кар тургай жамгыр жок. «Бул болсо Элдиярдын өнөрү, калмакка кар жаадырып кыргызга нур жаадырып салган экен» го деп абдан байкап олтурса, төмөнкү көп эл удургуп калгандай көрүнөт.

Муну көрүп Табылды токтоно албай аттанып жөнөп калган жери.

Эр Табылды чунагың,
Элге салат кулагын.
Эл ичинен көп карайт,
Элдияр, Эрмек ынагын.
Баштап келип мараса,
Бат калашын караса,
Кечүүнү карап байкаса,
Кечкен эл каптап жайпаса,
Суудан түтүн бурулдайт,
Өйүз-бүйүз чурулдайт.
Мылтыктын үнү быдырап,
Кулакка жакшы угулбайт,

Суу үстүндө калдайып,
Агып жүргөн жан көрдү.
Сууруп кылыч чабышып,
Салып жүргөн жан көрдү.
Қалың элдин ичинен
Қызыл ала кан көрдү.
Арчатору күлүктү,
Аябай катуу жүгүрттү.
Мында калган баатырлар,
Көргөн го деп бүлүктү.
Атка камчы урду эми,
Аял кылбай жүрдү эми.
Алмамбет Манас баатырдын
Арбагын айтып бакырып —
Абдан катуу кирди эми.
«Манас-Манас-Манас деп,
Баатыр эр мага жанаш—деп,
Алмамбет баатыр келчи деп,
Жалгызга жардам берчи деп.
Алымды бүгүн көрчү деп,
Чалкалмак канын мен төксөм,
Қалмактар алсын энчи деп —
Чалкалмак кайда болду деп,
Чалышар баатыр кошо деп.
Қарт бөрү кайда болду, деп
Қармашар баатыр ошо» деп,
Эки жакты каранып,
Эрдин тиштеп жаланып.
Ак жолборстой акырып.
Қабыландай бакырып,
Қалың жоону аралап
Қачырып кирди Табылды,
Манастап ураан чакырып.
Алма баш менен үч атып —
Аралата күч атып,
Қалың элдин ичинен
Қанчасы кетти куланып.
Желектүү найза суналтып,
Боолугун колго кыналтып.
Эңкейиштен эр неме,
Экини катар кулантып,
Эрдин тиштеп качырып,

Беттегенин сулатып,
Чалкалмак издеп кайсактап,
Қарап жүрөт чуратып.
Қечүү жакты караса,
Қеле жатат тамаша;
Сырбараң мылтык колунда
Алаңгир жаасы жонунда.
Түпөктүү найза чоң зүңгү,[1]
Түрүлгөн желек көрүндү.
Оозунда канжа бурулдап —
Уй түгүндөй көп калмак
Алды артында чурулдап.
Чоң кисе жанда шалпылдап,
Соору өтүк сууга чалпылдап,
Асабалуу чоң зүңгү
Айчыгы чыгып жаркылдап.
Чочмору белде култуюп,
Эки бети тултуюп.
Оттук ташы сороктоп,
Найзанын учу короктоп.
Буурул сакал жайылып
Муруту типтик сайылып.
Алагар көзүн аңтарып,
Ат үстүндө талпынып,
Қырдач мурун жаркабак,
Қылыч жанда жаландап.
Алгыр бүркүт көздөнүп,
Айбаты катуу сөздөнүп.
Алып жешчү немедей —
Ашыгып ичи өрттөнүп.
Қара боз менен сүздүрүп,
Қалмактын көзү тикчийип,
Қармап алчу немедей,
Табылдыны көргөндө;
Қарбаластап бүкчүйүп,
Қеле жатат Чалкалмак.
Қармашсам деп үксүйүп;
Эр Табылды сумсайып,
Эрдин тиштеп кумсарып,—
Манастап ураан жат айтып,

---

[1] Зүңгү — найза.

Алмамбет атын бат айтып.
Алма баш менен бир атып,
Кулатсам деп тартайтып.
Алма баш үнү тап этип,
Чалкалмакка чап этип,
Майтарылып коргошун;
Кайра суута чуп этти.
Алма баш асып жонуна,
Сыр найза алып колуна.
Суу ичинде сайсам деп,
Сулатып жыгып салсам деп,
Эки колго түкүрүп,
Арчатору жаныбар,
Эликтей ыргып жүгүрүп.
Кечүүдөн чыга берерде,
Найзаны болжоп кемерге,
«Жүрөктүн башы ушу деп,
Кара өпкөнүн тушу» деп,
Жардай болгон калмакты;
Жагалмайдай качырып.
Кош колдоп найза бек сайды,
Кокустатам деп сайды.
Карбаластап Чалкалмак,
Колундагы чоң зүңгү,
Тосо берди көрдүңбү?!
Кара боз суута чумулуп,
Жыгылчуудай көрүнүп,
Экөөнүн тышкы олпогу —
Буласы бурт деп бөлүнүп.
Кылычын колго алышып,
Кыя тартып чабышып,
Суу ичинде эки дөө,
Ай балтасын алышып,
Аябай башка салышып.
Жакадан кармай калышып,
Жалтанбай башка салышып.
Жабалактап көп калмак,
Табылдыга жабышып.
Чалкалмак менен Табылды,
Суу үстүндө таанышып,
Темтеңдешип агышып.
Калканды баштан жулушуп,



Канжар менен урушуп.
Дайранын ичин жол кылып,
Далай жерге барышып.
Мылтыктын баары суу болуп,
Чокмор менен салышып.
Эр Табылды беренин,
Эңкейип колдон алды эми,
Көкбөрүчүл түгөнгүр,
Ээрге жапма салды эми,
Суу ичинде тарталбай,
Самын ташка ат мүргүп.
Такыр үзүп кете албай.
Саадактай буурул сакалын,
Орой кармап тартты эми.
Менден алган энчиң деп,
Бир жагын жулуп кайтты эми.
Сол жаккы ээри мултуюп,
Тыталанып кан чыгып,
Чалкалмак калды сыйпалап
Сакалын берип кутулуп,
Чалкалмак кайра бурулду,
Карга барып урунду.
«Карма-карма-карма» деп...
Кулакка дабыш угулду.
Үйдөй болгон кара таш,
Ортосунда болуптур.
Чалкалмак менен Табылды,
Тартышканын коюптур.
Эки буудан алыстап,
Тегеренип кырданып;
Күркүрөгөн чоң дайра
Буларды эки бөлүптүр.
Чоң кара таш туш келип,
Ажырашып калыптыр.
Урушту коюп эки жак.
Буларды карап калыптыр.
Элдияр досу элеңдеп,
Экөөнө көзүн салыптыр.
«Табылдыга барсам деп
Экөөлөп жоону алсам деп,
Көптү көргөн кексе чал
Баланы кандай кылат деп.

Суу ичинде балага,
Суруп кылыч чабат деп,
Калдайып сууга акканда
Канын төгүп салат» деп...
Токтоно албай тыбырап,
Кырк жигитке шыбырап.
Алаксыткын жоону деп,
Жөнөгөн экен зымырап.
Бир чакырым кетишкен,
Сайышып сууну кечишкен
Эки дөөнү болжолдоп
Элдияр байкап караса;
Эки жакка кетишкен.
Табылдыны карасаң,
Этектен суусу шорголоп.
Арчатору жаныбар,
Бүрүштөй басып жорголоп.
Олпоктон була булайып,
Оңурандап муңайып.
Куткарып ийип калмакты,
Курган бала чунайып.
— Колундагы жоо кана
Коштошуп жүргөн эр кана.
Коё берип ийесиң,
Кара тумшук сен бала!
Аркан бою агышсаң,
Алыша түшүп барышсаң,
Келбейт белем жаныңа.
Кирбейт белең алыңа.
Деп Элдияр жемелеп,
Кулагы укпай калганбы,
Кандай курган неме деп.
Карма-карма-карма деп,
Кабылан Табыл арба деп.
Кашкайып күлүп Элдияр
Колуңда чалың кана деп.
Табылдыга сөз айтса:
Султаның Табыл унчукпайт,
Оң колун карап ыргытып,
Бир тутам буурул кыл таштайт.
Олпогунда жака жок,
Ормолондоп ичи жок.

Жаагынан түк чыгып,
Жалындап көздөн от чыгып.
Жал-жал карап өйүздү,
Жооп айтпай унчугуп.
Элдиярга барды эми,
«Карымын десе катыгүн
Мандайымда тырыш жок.
Кармашкан жоону куткарган —
Мен шордуура ырыс жок!
Кийгенимде тешик жок,
Жарагымда кетик жок.
Кишини колдон чыгарган,
Мен шордуура кешик жок.
Же-Арчатору жыгылбай
Сууга башым чумулбай,
Суу ичинде салышып,
Суурултуп колдон бошонтуп;
Сумсайып куру келгиче,
Султан башым жулунбай.
Толук ушул кезимде,
Токсондо чалды далдайтып,
Тоодой кылып кулатпай!
Томсоруп кайта келгиче,
Тогошпой үйдө тим жатпай,
Акылымдан шашыпмын,
Ашыгып мылтык атыпмын
Озунуп найза салыпмын.
Чоң дайрадан чыкканча,
Ошого бекер барыпмын.
Кармалашып жеңе албай,
Карган чалды эңе албай,
Олжо тапкан немедей,
Сакалын жулуп алыпмын.
Өйүз-бүйүз калың эл,
Карап турса жарданып,
Кимиси жеңер экен деп —
Калктын баары таңданып.
Кармашып жүрүп бир чалды
Катагандын Табылды —
Куткарып ийсе кур калып
Мындан жаман кеп барбы?
Мындан уят иш барбы?»

Деп Табылды комсонуп,[1] —
Бул сөздү жалгыз досум ук!
Кантип чыдап турамын
Оюн чындан кырк жигит,
Чалкалмак кана деп айтса —
Ошону кантип угамын?
Дайрадан кечип аламын.
Чалкалмак көздөй барамын.
Бууданга камчы бек уруш
Баатырда карап не туруш.
Өйүздөгү калмакты,
Табылды кирди качырып.
Кызып калган союлгур,
Буудандын оозун ачтырып.
Манастын атын көп айтып,
«Баатыр колдо» деп айтып.
Найзаны колго алды эми,
Бүйүздөгү калмакты,
Булүндүрүп салды эми.
Кырк жигит жалпы качырып;
Топтогон душман чачылып.
Бет алдынан берендер —
Бер жактан нары жапырып.
Суунун чети кан агып,
Сулдуйган канча жан агып.
Өйүз-бүйүз жээктен,
Өзүнчө далай мал агып.
Кужуру канып Табылды,
Кубанды көрүп таң калып.
Кайра кучөп чоң дайра,
Кечинде кирди шар агып.

Күн батып күүгүм кирип калган кезде, Табылды кырк жигитти жыйып алып жылкыга барып, ак-сары башыл мал союп, ай туяк туу тай союп, чалгынды чалдырып, кароолду каратып, жол-жолго киши коюп, айткан сөзү:

«Айланайын кырк баатыр
Нечен күнү, нече түн,
Чыканактап калбадым,
Чырым этип уйку албадым.

---

[1] Комсонуп — көңүлү толбой калуу, өкүнүчтө калуу.

Ат үстүнөн түшпөдүм,
Калмактан кароол үзбөдүм.
Эс алып уйку албадым,
Эзилип катуу чарчадым.
Кароолду катуу салыңар,
Кайпып жолго барыңар.
Кезек менен аттанып,
Кечүү жакты чалыңар.
Жоо көрсөңөр шашпаңар,
Жолго түшүп качпаңар.
Чоочуп кетип кокустан
Жолдо мылтык атпаңар.
Көпчүлүккө кабылып,
Колго түшүп калбаңар.
Билинбей кайра чабыңар,
Бизге кабар салыңар,
Көрүнбөй кайра качыңар,
Кошко кабар салыңар.
Эки-экиден болуңар,
Сегиз киши төрт жерге
Жол чалмакка барыңар.
Түн ортосу болгондо,
Түн кылтайып оогондо,
Мында да сегиз киши бар —
Мурдагы барган кароолчу,
Келип тынчтык алыңар.
Мени жалгыз коюңар,
Башкаң тамак бышырып,
Этке мыктап тоюңар.
Үч-төртөөңөр аттанып,
Жылкыга жесек болуңар.
Жогорлотуп жылдырып,
Жыйнак кылып коюңар»...
Деп Табылды айтты эми.
Окчун барып аттанып,
Уктайын деп жатты эми.
Улуу тоонун түбүнө,
Уруш барбас жерине.
Уу-чуу чыкса кокустан
Угула турган жерине;
Жатып калды Табылды,
Учтанган кара сеңирге.

Кырк жигит Табылдынын айтканындай кылып жол тосуп, жылкыны имерип, күн батыш жакка бет алдырып жиберип, этке тоюп, эс алып жата беришти.

Элдияр караташты дувалап, суага салып, калмактар жаткан жерге кар жаадырып өздөрү жаткан жерди жаркыратып ачык кылып кырк жигитти иреттеп бастырып жүрдү...

Чалкалмак чарчап суудан чыгып сөлбүрөп, сакалынын бир жагын жулдуруп ызаланып, кошунун жыйнап; «жүргүлө өйүзгө» деп кыйкырып жүрдү. Табылдынын кечиндеги урушун байкабай калыптыр.

Күүгүм кирип күн батканда, колу сынып башы айрылып чокусуна чочмор тийип, капталына найза тийип, көп кыргындын ичинен чыккандай болуп калмактар келип жатышты.

Буларды көрүп Чалкалмак ого бетер капа болуп, ачууланып айткан сөзү:

— Жалпы калмак көп калмак
Жалындап күйгөн өрт калмак
Кебетеңер бузулуп,
Келип жаткан киши көп.
Кечүүгө барса, суута агып,
Өлүп жаткан киши көп.
Кыргыз менен беттешип
Кырылганың андан көп!
Качып-бозуп бириндеп,
Жыгылганың андан көп.
Күн жааганда калтырап,
Үшүгөнүң андан көп.
Тамак кылып иче албай,
Мүчүгөнүң[1] андан көп.
Алдырып ийип атыңды
Жөө калганың андан көп.
Араңарда бир канча,
Дөө балбаның андан көп.
Мандайдагы душманды,
Канеткенде алабыз
Сырыңарды айткыла,
Атышар болсоң жоо менен,
Сыр алдырбай жаткыла!
Же болбосо калмактар,
Атыбыз жок дегениң,
Аттан кайгы жегениң,
Ашыбыз жок дегениң,
Аштан кайгы жегениң,

---

[1] Мүчүгөн — жетишпей калуу, өксүп калуу.

Көрүнөө качып кете албай —
Менден коркуп жүргөнүң,
Жериңерге кайтыңар!
Менден коркуп уялбай,
Бекер мында туралбай,
Амалы жоктон жүргөнүң,
Чыныңарды айтыңар...
Деп ушундай Чалкалмак
Кошунуна кеп айтты.
Аягында коркутуп,
Өлсөң мейлиң деп айтты.
Калмактардын тыңы эле,
Картаң адам бул эле,
Калыс сымак жан эле,
Кайраты бар чал эле,
Башынан баатыр атанган,
Карыя Култаң ал эле.
Кары Култаң кеп айтты,
«Хан Чалкалмак деп—айтты.
Карып калган экенсиң,
Капа болбо, баатыр деп—
Калыстык сөзүн эми айтты.
Каргадай болгон балага,
Кармашып алың келбеди,
Кара тумшук Табылды,
Кандай курган бала эле!
Карыганда мултуйтуп,
Сакалың кана?—деп айтты.
Ээгиңе сакал койбоду,
Эрмек кылып ойноду.
Элиңе минер ат койбой,
Эбин таап жойлоду.
Беттешсем деген берендер,
Мерт болуп баары сойлоду.
Белгилүү баатыр турбайбы,
Бетиңе сакал койбоду.
Сакалың жулуп алганы,
Санат кылып салганы.
Кармашып жүрдүң аш бышым,
Алдырмак тургай ал бала—
Сакалың жулуп алганы.
Намыз кылба Чалкалмак

Ал кыргыздын балбаны.
Эсен-аман келсин деп,
Эрмек кылып ойноду.
Ээрге колуң басканда,
Эки көзүм айырбай—
Карап турдум калтырап;
Эрегишип чойболду.
Ажырап сенден кеткен соң,
Атынын оозун ачтырды,
Ак көбүгүн чачтырды.
Аркы өйүздө элинди,
Ак жолборстой качырды.
Аралап кирген жерлери—
Аркы-терки боо түшүп,
Арпа оргондой ачылды.
Айбатын көргөн кишилер,
Аман-эсен кетсек деп;
Айласы кетип шашылды.
Көрүп турдук таңданып,
Көп киши турдук жарданып.
Суудан чыгып сен баатыр,
Кошуңа келдиң сандалып,
Аты мыкты калмактар,
Араң келди тандалып.
Өйүздөгү тууганың
Өлдү такыр кармалып
Ишенбесең көрөрсүң—
Өзөндүн бою кандалып.
Араң качып келишсе,
Аман сени көрүшсө,
Жемелейсиң буларды.
Жети күн ачка жүрүшсө,
Чалкалмак сенсиң ханыбыз,
Аман го үйдө малыбыз.
Ачкалык менен жаандан,
Чыкканы турат жаныбыз.
Жети күн удаа күн жаады,
Кетти го биздин алыбыз...
Табылды жайын айтайын,
Жыйырмада чагы экен,
Жылас кылар маалы экен.
Бөр жактан санап отурдук,

Баарысы кырк үч жан экен.
Кырк үчү бирдей жаш бала,
Кызыл моюн табы экен.
Кийгени чопкут—тон экен,
Артынганы ок экен,
Баарысы жалын чок экен.
Байкап турдук биз карап
Балада мындай жок экен.
Мактап салды дебегин,
Баладан найза жебегин.
Руксат кылсаң ханыбыз—
Ушунчамда кетемин.
Бөөдө өлүм болбоймун,
Бөтөнчө өлүп калбаймын.
Карысам да жан керек,
Ханым мында турбаймын.
Кессең мына башыбыз,
Алсаң мына атыбыз.
Айдап жүрүп бул элди,
Далай кырдың ханыбыз!
Ачкадан өлмөк биз болдук,
Араң турат жаныбыз.
Такыр кырып салсаң да,
Бул сөзүмдөн кайтпаймын!»...
Кары Калтаң кеп айтып,
Калктын баары чуркурап,
«Карыя туура айтат» деп,
Калмактардын көбү айтып.
Коркуп турган калмактар,
Кордугун баштап эми айтты.
Руксат бер ханым деп—
Улуу, кичүү калмактар.
Уу-чуу түшүп көп айтты.

Чалкалмак ачуусу катуу келип, ар кайсыны ойлоп:—«кана» такыр кырып салсамбы же — баарын элге кетирип өзүм жалгыз калсамбы. Кой, өз элимди өзүм кырганым болбос. Чал-чабырын кетирип жиберип, тандап алып калып Табылды менен кармашайын» деди.

Кары-картаңынан, жөө-жалаңынан, жарадар болуп жалдырагандарды, жан багалбай алсырагандарды бөлүп санаса: бир миң эки жүз киши болду. Буларды кетирип, аттуу, тондуусунан—аябаган жондуусунан,— аябай катуу болумдуусунан, көзгө аткан мергендерден, ишенимдүү баатырынан, илечил акылынан, жарактары

мыктуусунан, жалтанбаган ыктуусунан тандап үч миң көл алып калып, кеңешке киришти.

Жамгыр жаап жыбырап,
Мөндүр жаап дыбырап,
Таң атканча басылбай,
Кардай түшүп шыбырап.
Күн ачылбай бүркөлүп,
Күүгүн тартып чүмкөлүп.
Шыбыргактап басылбай,
Жылдыздын көзү ачылбай.
Жыйналган калмак үйүлүп.
Түнөп чыкты жазылбай.
Кароол коюп жол-жолго,
Жердин баарын көрүштү.
Калганы менен кеткенин,
Катыштырбай бөлүштү.
Күлүктөй бакты көлүктү,
Күн тийген кезде кошундан—
Ар кайсы жерге дөмпөйгөн,
Арадан көрдү өлүктү.
Кайра кеткен калмактар—
Этегин кайра түрүнүп,
Элин көздөй жүгүрүп,
«Эсен бошоп алдык» деп,
Эбегейсиз сүйүнүп.

Чалкалмак үч миңче колун көчүрүп Кара тоону түптөп барып конду.

Табылды баатыр уйкусунан ойгонуп тамакка тоюп эки жигит алып калмактын журтун көрүп келемин деп жөнөп баратып кырк жигитке айтканы:

«Баракелде кырк жигит,
Маашыр[1] болдум эрдикке,
Ыраазы болдум жердикке.
Алты миңче калмакты,
Атышып жатып кетирдиң.
Жалгызын бери өткөрбөй,
Жалпы кайра кечирдиң.
Сайганыңды сулаттың,
Чапканыңды кулаттың.
Буудандарды булкунтуп,

---

1 Маашыр — разы болуу, көңүлгө толуу.

Бугудай кылып чураттың.
Ак албарс кылыч суурудуң,
Айкырып жоого чубурдуң.
Атаңдын көрү калмактын
Айласын жаман куурудуң.
Жаккан отун өчүрдүң,
Жаткан жерден көчүрдүң,
Таң аткыча жол чалып,
Уйкусу канбай көзүңдүн.
Аттанып үйдөн чыкканы—
Ат жайдактап бел чечпей,
Алыңар кетти өзүңдүн.
Бүгүн өргү бололук,
Кысыр эмди кур тайдан —
Арбакка атап соёлук.
Чатыр тигип алалык.
Семизинен бир тайды —
Дагы союп салалык.
Калмактын дайны жок болсо.
Бул жерге үч күн жаталык;
Каз, өрдөгү көп экен,
Тамашага баталык.
Ат өргүтүп эс алып
Шабыят тээп күрөшүп,
Балалык кумар басалык.
Элге кабар салалык,
Бүт көчүрүп алалык.
Жайкалган ушул кара саз,
Жайлоо кылып салалык.

Кырк жигит кысыр эмди тайды союп, чатырды тигип, чатыраш[1] ойноп баарысы жатып калышты. Таң сүргөн кезде, Табылдынын элинен беш жүз киши келип калды. Ак сакал Уста сөз сурап отурду. Жанакы болгон иштин баарын айтып беришти. Баштан аяк сөзүн угуп Табылдыга жана кырк жигитке ыраазы болду.

Ак сакал Уста кубанып «Баракелде балам, алам деп келип алдырат деген ушул, балдарым эми кетелик» деп Табылдыга кеңеш салды.

Табылды менен Элдияр бул сөздөргө көтөрүлүп кетип, карыя устага айткан сөзү:

Аяш ата Устасыз,
—Арнаган жолду бузбаңыз.
Жол ачылып турганда,

[1] Чатыраш — оюндун аты (дойбу сыяктуу оюн).

Жолго жолтоо кылбаңыз.
Жакшы келди бул кошун,
Жалпы мага кошуп бер.
Быйылкысын силерге,
Жайлоо болот ушул жер.
Жакадан элди көчүргүн,
Жалпы баарын келтиргин,
Жайлоо кылып мына ушул,
Балгартты бойлой жеткиргин.
Жата бергин чалкалап,
Мал семирсин кайкалап.
Өзү жеткен жылкыны,
Убара кылба алпарып
Калмактын атын бөлүп ал
Калган менин жылкымды,
Кара сазга жайып сал.
Көчүрүп келип айылды
Каз катарлап конуп ал,
Үлүш берип бээ союп,
Кийик атып куш салып,
Жата бергин, абаке:
Өзүңчө жалгыз хан болуп.
Беш жүз кошун алайын,
Менден качкан калмактын
Аркасынан барайын.
Алдымдан жолго кабылса—
Атын тийип алайын.
Кетип калса жеткирбей,
Айлына жетип барайын.
Ал кулга баш алдырбай
Жылкысын тийип өрүштөн,
Жылас кылып салайын.
Кууп чыкса артымдан,
Алмадай башын чабайын,
Азап дуушар кылайын.
Мындан кийин Чалкалмак,
(Чалкалмак тургай бар калмак)
Кыргыздын атын укканда;
Кың эткисиз кылайын.
Деп Табылды басылды...
Толкуп кетип Элдияр,
Сөз айтууга шашылды.

«Жол бериңиз» ата деп—
Устага уулу асылды.
—Сөз ушундай эмеспи
Ырас айтат Табылды.
Жатып алсак болобу,
Жайытка калмак келгенде,
Жазасын берип качырдык.
Бир беттешип көргөндө,
Өкүмсүп өзү кол салды.
Байкашып көрдүк бул жерде:
Калмактын калкы көп экен,
Чалкалмак деген беги экен.
Кумурскадай болсо да,
Кубаты начар эл экен.
Жан аябай киришке,
Биздин кыргыз эр экен.
Беш миң колго беттешип,
Кырк үч кыргыз салыштык.
Эки жолу калмактын
Эрдиги менен тааныштык.
Батаңарды бергиле,
«Барсын балдар» дегиле.
Бар кудайга тапшырып
Байкап бизди көргүлө.
Ажал жетсе өлөлүк,
Аман болсок келелик,
Атагы чыгып жер жарып,
Алышкан жоону жеңелик...
Деп Элдияр суранып
Дегдешип балдар чунайып.
Камчысын салып мойнуна,
Калың элден дува алып.
Катар туруп кырк баатыр
Карап турду муңайып.

**Табылды баштап кырк жигит бата сурап турганда Устанын берген жообу:**

—Ракмат балдар жүрөккө,
Жеттиңер жаштар тилекке.
Бирок менин айтарым:
Бул сапар үйгө барыңар,
Эл ичинде кары бар,
Калың элди чогултуп;

Калкка кеңеш салыңар.
Каны суюк эр жүрөк—
Жаш баласын баарыңар,
Элге барып шашпастан,
Көбүрөөк кошун алыңар.
Чалкалмакты чабууга,
Мурда жолду чалыңар.
Жаштык кылып ээликпей,
Жасоону[1] калың табыңар.
Сураганың чын болсо,
Сунушум ушул, балдарым,
Менин тилим алыңар.

Уста сөзүн бүтүрдү. Табылды Элдияр, Эрмек жана кырк жигиттин шагы сынып: «Бизди дагы эле бала дейт турбайбы, мейли алдынан өтүп алакан жайып бата сурап кеттик. Бул келген беш жүз кишинин барганы барсын, барбаганы калсын. Калмактан түшүрүп калган аттарды бул келген эл олжо кылып кетсин, жылкыны бул жерге таштап, өзүбүз Чалкалмактын артынан барабыз» дешип эки бээ союп, элди конок кылып, калмактан алган эки миң бир жүз атты «соогатыңар ушул» деп келген элге берип, кырк жигит Чалкалмактын артынан-жөнөмөк болуп, он беш бээ, он жоргого кошун артып, аяш атасы Устага тарынгансып жөнөп бара жатып Табылдынын айткан сөзү:

— Кыргыздан чыктык кырк бала,
Кыяматтык дос бала.
Калкыбызды кайтарып,
Калмакка кеттик биз жана.
Коштошуп алып кетелик,
Аяш атам Устага—
Ойлогон сөздү айталык
Катагандын калкына.
Эл үчүн эрдик кылабыз,
Эркелеп бата сурайбыз.
Калк үчүн кайрат кылабыз,
Карыдан бата сурайбыз.
Калайык сага эп эмес,
Калмакка кетип барабыз,
Касташкан жоону жеңсек деп
Талап кылып турабыз.
Ат башын кайра бурбайлы,
Азыр да бата сурайлы.

---

[1] Жасоо—кол, аскер, жасанган жигиттер.

Аман-эсен тургула —
Аттандык, токтоп турбайлы.
Аяш атам жарыктык,
Ажалдан алып калчудай,
Аягансып турбайбы?!
Аттанган сапар жолунан,
Айныганда иш болбой!
Атаӊдын көрү Чалкалмак,
Акыры бизди тим койбой.
Җайкын жаткан кезимде,
Жылкымды тийип алганын,
Туюк белди метилеп,
Ашуу кылып салганын;
Кайдан билдик калмактын—
Кароол карап күч жыйнап,
Капыста жатып алганын?
Изине түшүп барбасак,
Калмактан кабар албасак,
Жерине сүрүп салбасак,
Камынып чыккан Чалкалмак,
Качып кетер эр эмес.
Душман жок деп тынч жатыш,
Бизге ылайык кеп эмес.
Берги-аркайган аска Кара-Тоо,
Ашпай койчу бел эмес.
Жабытта жатса төрт миӊ кол,
Жазы талаа кеӊ өндүр,
Жарыктыгым кеӊ Балгарт,
Жашырбай койчу жер эмес!
Жаман эчки, үч эмчек ,
Кулжасы кумда куюлат,
Аркары төрдө жыйылат,
Эчки, теке төшүндө
Каршы-терши чубурат.
Атып жатса четинен,
Ар жагы бери жайылат,
Ошого чейин барамын,
Калмактын изин чаламын.
Башы Жууку, Барскоондон,
Ашууга чыгып барамын.
Кеӊ Ысык-Көл бетине—
Ашыкпай дүрбү саламын.

Калмактын кайда экенин,
Алыстан көрүп билемин.
Кетип калса Чалкалмак
Ээн жаткан төрлөрдөн,
Аюусун атып келемин.
Тарагай, Буркан, Ысык-Көл,
Калтырбай баарын көрөмүн.
Ажалым жетип күн бүтсө,
Үйдө да болсо өлөмүн.
Душманды көрүп турган соң
Жабыттап жатып алгынча,
Жазы кыргыз элинин—
Жайлоосун чалып келемин.
Кыргыз үчүн кыйналып,
Кызмат кылып беремин,
Кырк жигитим ээрчитип,
Кыдырып жерди көрөмүн.
Кош аман тур калайык,
Козголдум эми жөнөймүн.

Табылды сөзүн бүтүрүп, жөнөмөк болуп атка камынды. Карыя Уста карап тура албай «токтой тур балам Табылды»,—деп көзүнөн жашын төгүп айткан сөзү:

—Эр Табылды кулунум,
Бул айтканың акыл сөз,
Уга турган маакул сөз.
Калк үчүн каның көөкөрлөп,
Калмакты көздөй барам деп,
Кайрат кылып турасың.
Катаган элин багам деп,
Эл үчүн кызмат кылам деп,
Ээликтин балам барам деп.
Эрегишкен калмактын,
Элин чаап алам деп.
Алыска сапар барам деп,
Ар тарапты чалам деп,
Атаңдын көрү калмактын,
Айлын чаап алам деп.
Менин айткан бир сөзүм;
Угуп тур балам сен өзүң.
Аркарын атып ойноп жүр,
Акылың баштан жойбой жүр.
Санаасы бузук кузгун бар,

Кудайназар жаман чал:
Анык душман как ошол,
Алыска кетпей кулунум,
Анын жайын ойлой жүр.
Сен болбосоң Табылды—
Калкың кайрат кылалбайт,
Кармашып аны жыга албайт.
Элиң эрдик кыла албайт,
Эрегишип жеңе албайт.
Өзүң үйдө турганда,
Ал как баш—эл четине келе албайт,
Энеси калмак эмеспи,
Анын кеги түк калбайт.
Ушу турган элиңдин,
Ээрчигенин ала кет,
Жер калтырбай чала кет.
Кара каман тешик көл,
Как ошого бара кет.
Керилген сары төрү бар,
Кең өндүр түзөң, бели бар,
Үч миң тургай, он миң кол,
Көрүнбөй жатар жери бар.
Кароол карар кыры бар,
Калың отток чөбү бар.
Качпай калса Чалкалмак,
Как ошого бекинип,
Карап жатар эби бар.
Кантип сенден аяйын,
Карган атаң батамды?
Кагылайын кулунум
Капаланбай эми ал!
Чал,—чабырын, маа таштап,
Ушу турган элиңдин—
Барар болсоң көбүн ал.

Уста чал, элүү киши алып калып, төрт жүз элүү кишини Табылдыга кошуп берип, батасын берип Табылдыны жолго салды.

* * *

Чалкалмак элин эки бөлүп, эки өндүргө бекитип, өзү бир миң алты жүз кошуну менен Кара каман, Тешик көлдө кароол карап жатат эле. Табылдынын кошуну келип Улуу суунун боюна конуп жатканын көрдү. Ошондо Чалкалмак калың колду камынтып, каруу жарак салынтып:

Калың кара кошунун,
Аттантып алды жабылтып.
«Серендеген жетимдин—
Жолун тосуп барайын,
Конуп жаткан жеринде,
Козголтпостон чунакты—
Кокуйга башын салайын.
Атайы келип жортуулга,
Атышпай кантип калайын?
Жерди мыктап чалайын,
Жер өлчөмүн алайын.
Кыябы менен жетимге,
Кызыкты эми салайын.
Колдун баарын аткарып,
Коштосуна ат алып,
Ташкалактын талаага,
Такыр түшүп барайын.
Сарыгоонун кудургө,
Колдун баарын бекитип,
Конуп жаткан жетимди
Кокустатып салайын»...

Чалкалмак жанына эки баатыр жигитин алып, Табылдыны конуп жаткан жеринен басмак болуп, кудургө кошунун бекитип салып, өзү чалгынга жөнөп калды.

Табылды кошунун Улуу суунун боюна кондуруп коюп, Элдиярды алып, «Кара камандын башын чалып келемин»—деп кеткен эле, көз байланып иңир кирип баратканда Кара камандын капчыгайынан калмактардын жатканын көрдү.

Табылды «кантер экен—калмак», — деп карап олтурду. Чалкалмак кошунун бекитип салып, жанына эки баатырын алып, Табылдынын колун көздөй келе жатканын көрүп олтуруп, Табылдынын Элдиярга айткан сөзү:

Айланайын Элдияр,
Издеп барчу Чалкалмак,
Изимден туура кез келип
Имерчиктеп жатканбейм.
Ирмесем деп белсенип,
Качты деген Чалкалмак—
Кабылды жолдон кез келип.
Кара каман төрүндө,
Калмактар жаткан турбайбы.
Кармашарга белсенип,
Душманың жолдон кез болду,

Туура алдыңдан бет болду.
Көрүп алдык биз мурда,
Көңүлгө туура кеп болду.
Көңтөрө сайып алабыз,
Күдүрдө жаткан көп колду.
Эми Элдияр ылдам бар,
Элге бачым кабар сал.
Чалкалмак тооруп жеткиче,
Даярланып калыңар.
Эр болсо калмак батынып,
Элге барып кол салар.
Барып калса кокустан,
Тегеректеп алыңар.
Мен артынан барайын,
Алдыма салып алайын.
Кайра тартса кашаттан,
Качырып найза саяйын!
Кары чалды өткөрбөй,
Калмагына жеткирбей,
Кайгулга келген немени;
Кан жөткүртүп салайын.—
Деп Табылды жумшады—
Элдиярды элине.
Даярланып Табылды
Тосуп жатты калмактын,
Өтө турган жерине.
Элдияр кетти жылт коюп,
Элди көздөй кылт коюп,
Жетип кабар салды эми,
Конуп жаткан кошунга,
Сүйүнчүлөп барды эми.
Жайкын жаткан калың эл,
Жабыла тура калды эми,
Жанакы сөздүн баарысын,
Элдияр койбой айтты эми.
Абырдан жабыр ат токуп,
Аял кылбай бат токуп,
Табылдынын кошуну—
Даярланып калды эми.
Күдүрдүн чети кайкандан,
Күтүп жатты Табылды.
Будурдун чети буткулдан,

Бугуп жатты Табылды.
Чалкалмактын каныртын,
Угуп жатты Табылды.
«Өтсүн калмак мындай» деп,
Өңүп турат Табылды.
Келатканын калмактын,
Көрүп турат Табылды.
Чалкалмак келет чалкалап,
Чарайнасын калкалап,
«Табылдыны бүгүн түн—
Чабабыз»—деп талкалап.
Карабоз аты бышкырып,
Караан көргөн немедей,
Эки жагын каранып,
Үркүүчүдөй кошкуруп;
Камчыланып Чалкалмак—
Кара санга бир уруп,
Как тушуна жакындап
Калмак өттү суңкуюп.
Качырып чыксам белемдеп,
Табылды турат зыңкыйып,
Кайра ойлонуп Табылды,
Калмак өтсүн эл жакка,
Кайра тартса бер жакка,
Кан жөткүртүп бул чалды—
Капталтайын тузакка...
Деп ушундай ойлонуп,
Сабыр кылып токтолуп,
Өткөрүп ийди эли жакка.
Оңтойлонуп козголуп,
Алма башка ок коюп,
Ак милтеге чок коюп,
Токтоналбай октонуп
«Атасын ээрчип алгансып»...
Жүрөмбү деп бук болуп.
Караанын улай бастырып,
Калсамбы деп качырып.
Кантерге айла табалбай,
Келе жатат ашыгып.
Ангыча болбой Чалкалмак
Кашоога жакын барды эми,
Кабагында көп колдун,

Жатканын көрүп калды эми.
Мен ушундай жатайын,
«Кошунду ылдам алып кел—
Кайра бирөөң барып кел,
Сүйүнчүлөп күлүп бар,
Сүйлөгөн сөздү билип бар.
Калбай келсин калың кол.
Калың олжо кез болду.
Капилет жатат кыргыздар,
Баатыр багып калды де
Барар жерин чалды де.
Тегерегин арытып,
Тегин жаткан кыргыздын,
Как жанына барды де.
Ылдамыраак келсин де,
Баатырларды, балбанды,
Алды жакка бөлсүн де.
Таңдан эре-середе
Тамашамды көрсүн де».
Деп Чалкалмак күбүрөп
Сүйлөсө үнү дүңүлдөп...
Бир жолдошун жумшады.
«Калың колго айтып бар.
Бүгүн—олжо алуучу күнү» деп
Бул сөздү угуп Табылды,
Каары келип өзүнүн,
Жалыны чыгып көзүнүн,
Алма баш жулуп жонунан,
Албарсын ондоп кабынан,
Карааңды болжоп бир алып,
Качырып калды соңунан.
Качты калмак тура албай,
Канча экенин биле албай.
Алма баш үнү чыккан соң,
Кайрылып беттеп кире албай.
Алма баш үнү тарс этип,
Кызарып огу жарк этип,
Атына тийип бир калмак,
Калгандай болду жалп этип.
Алма баш азып жонуна,
Найзасын алып колуна,
Арча тору ат менен—

Табылды кирди кубалап,
Чалкалмактын соңуна.
Тарс дей түшүп алмабаш,
Манастап ураан аралаш,
Даана угулуп калды эми.
Табылдынын колуна,
Аттанышып шашкылап,
Кармай көр деп чапкылап.
Кашатка чыкса калың эл,
Казылган кара чаң жатат.
Чаң артынан жарышып,
Найзанын учу кагышып,
Чуркураган көп кошун,
Чуулдап үндү салышып,
Кара талаа дүбүрөп
Караңгыда адашпай —
Кайдасың бери жүрү деп.
Кантип жалган айтайын
Как эле—Табылдынын үнү деп.
Баабедин деп бакырды,
Манас, деп ураан чакырды,
Бүгүн маашыр түнү деп,
Келе жатат калың эл.
Кең талаада дүбүрөп,
Коркоктордун баарысы,
Керээзин айтып күбүрөп.
Чалкалмак качкан тура албай,
Чамалап жоону биле албай.
Өксүп келет Табылды,
Өпкөгө найза иле албай
Кунан чабым барганда,
Куушуп кызык салганда,
Кутултуп ийип калмакты,
Каламбы деп арманда.
Атка камчы урду—эми,
Арча тору буудан да,
Ачуурканып камчыга,
Арышын катуу керди эми.
Арстай куйрук көтөрүп,
Аркардай бутун сайылтып,
Жал-куйругун жаныбар,
Асаба туудай жайылтып.

Аркан бою калмакка —
Аралашып келди эми.
Айдалынын бетине,
Табылды найза берди эми.
Учу болот бөрү тил,
Найзанын жайын эми бил.
Таамай сайып Табылды
Далыга мыктап тийиптир.
Чопкутту союп бөлүнтүп,
Соотту жарып сөгүлтүп,
Кыр арканын балык эт,
Карартып канын төгүлтүп,
Карыш кирип кетиптир.
Табылды таамай жетиптир.
Чорпук олпок соотту,
Чогуусу менен тешиптир,
Арканын балык этине,
Абдан кирип кетиптир.
Карабоз мүргүп эңкейип,
Калмактын бели деңкейип,
Аттан кулап кетерде;
Кылычтап башын кесерде,
Буйтап качып Карабоз —
Бура тарта берди эле,
Өтө коюп Табылды,
Алдына туура келди эле.
Кый сүбөөгө Чалкалмак
Кыйгай сайып көрдү эле.
Кыйбы менен тийгенби,
Кылычтын боосун үзүптүр,
Кылычы жерге түшүптүр.
Беттеше түшүп берендер,
Белжемдүү жерге сайышып;
Тең тийгенде найзасы,
Тегеренип буудандар,
Темтеңдей түшүп майышып,
Найза менен мушташып.
Жүрөктүн башын тушташып,
«Көмөлөтө койсом» деп,
Көр оозун көздөй кысташып.
Найзадан айла боло албай
Чочморун колго алышып.

Чокуга болжоп салышып,
Тарткылашып бир-бирин
Жакага колу карышып.
Эки колдоп тарткылап,
Далай жерге барышып...
Эки жактан эки кол,
Келип жатат жарышып.
Ким экенин ким билет,
Караңгынын көзү жок.
Кабылганын чабышып,
Калмак, кыргыз көп кошун,
Карсылдашып калышып.
Баатырлар найза салышып,
Балбандар чокмор алышып,
Башка болжоп салышып.
Уюган калың чаң болуп,
Ураандын үнү шаң болуп.
Калың элдин үнүнөн,
Угалбай кулак жаң болуп.
Уруш болду түн бою,
Жер жүзү кызыл кан болуп.
Жүрөгү жок адамдар,
Жүрө албай жатты дал болуп.
Жүгөнү башта шылдырап,
Жүргөн жайдак мал болуп...
Таң агарып сөгүлдү,
Жерге жарык төгүлдү.
Ким экени таанavailableтыр,
Киши даана көрүндү.
Туусун көрүп эки кол,
Эки жакка бөлүндү.
Канчалык адам жуушаган
Каза жеткен өлүмдү.
Казазы жетип канча жан,
Каны суудай төгүлдү.
Байрагын көздөй барышып,
Туусун карай жарышып,
Эсептешип эки кол:
Эл эсебин алышып.
Таң атканча тынымсыз,
Талкалашкан салышып,
Миң алты жүз калмактан,

Миңге жетпей калыптыр —
Башкасы кайда ким билет,
Эсебин азыр алыптыр.
Чалкалмак коңту белендеп
Қалмактар жөнөп калыптыр.
Қыргыздын колу топтошуп,
Қыраңга барып топтошуп.
«Баланча кана кокуй» деп,
Қыйласын эстеп жоктошуп.
Жан эсебин алды эми,
Жогун издеп барды эми.
Қан аккан майдан талаада,
Қалкка аралаш сулаган,
Өлүккө көзүн салды эми.
Кылыч тийип башына,
Жарылгандар бар экен.
Найзанын учу жүрөккө
Малынгандар бар экен.
Чочмор тийип чыкыйга,
Жанчылгандар бар экен.
Шейит болду ушул деп,
Айтылгандар бар экен.
Жыйнаганда баарысы,
Жүз он эки жан экен.
Жыйнап баарын болду эми.
Аманат кылып бир жерге,
Топтоштуруп койду эми.
«Табылды кана кокуй деп,
Араң эми эстеди.
Эстен чыгып эки дөө,
Эл ичинде көрүнбөйт.
Талаадан таппай буларды,
Издейлик тоонун төрүн дейт.
Издеп жүрөт эки кол,
Эки суунун башынан
Қол ортосу кошулбайт,
Қоркоктор башын жашырган.
Үч эмчек өрдөп Элдияр,
Дүрбү салып караса;
Чубашкан киши көрүнөт.
Ашуунун бодур ташынан,
Билейин ушул кимдер деп,

Элдияр жүрдү артынан,
Кертабылгы ат менен
Келе жатат чуратып.
Кенебеген эр немең,
Керүү тарткан бел менен.
Жоо экен деп ойлонбой,
Аралаш чыкты эл менен.
Белге чыгып барганда,
Элге көзүн салганда,
Ашуунун кайкы белинде —
Ачакей таштын түбүндө,
Арчатору көрүнөт.
Найза илинген ээрине.
Алмабаш үнү тап этет,
Ача таштын бетине,
Ок тийгенсип жарк этет.
«Элдияр ылдам жүрү» деп
Табылды үнү барк этет.

Элдияр энесин көргөн немедей энтелеп, атасын көргөн немедей ашыгып, Табылдынын жанына келди.

Айланайын жалгызым,
Адашып кайда кеттиң—деп,
Артыңдан издеп чочундум
Алда кандай болдуң деп.
Атышкан жооң кана деп,
Ачаташ болуп паана[1] деп,
Аман-эсен барсыңбы
Араң көрдүм жүзүңдү,
Арзымды шашпай айтармын:
Анттуу досум сага деп.
Көзүнүн жашы чубуруп,
Көрүшсөм деп жүгүрүп,
Элдияр аттан түштү эми.
— Айланайын Элдияр
Айткан сөзгө кулак сал,
Акыреттик жан досум,
Атыңды далда байлай сал.
Көрүнсө атып салбасын,
Көмүктө жаткан душман бар.

---

[1] Паана — кара, калка болуп дегени.

Жашырынып жакын кел,
Жаныма ылдам бачым кел.
Жабытта жаткан береги,
Чалкалмакты келип көр,
Айдалыга найза жеп,
Шашып келген бул жерге,
Ат үстүнөн жулунуп
Алдырар кези болгондо,
Аркасы канга толгондо,
Кыр аркага найза жеп,
Жашып келген бул жерге.
Койну канга жык толуп,
Батып келген бул жерге.
Колдон-тондон чоюшуп,
Тартып келген бул жерге.
Козголо алгыс болгондо;
Кокусунан бошонуп,
Качып келген бул жерге.
Кошто жаткан калмактар,
Кошо келген бул жерге.
Калың кыргыз кошундан,
Элдияр, Эрмек досумдан
Ажырап калып мен жалгыз;
Калмак менен алышып
Караңгыда салышып,
Мен да келдим бул жерге.
Таң ата ташты тапканмын,
Жан каткылап жатканмын.
Көрүнгөнүн кетирбей,
Күм-жан кылып атканмын.
Көл бетине жеткирбей,
Күн батканча жатканмын...
Деп сүйлөдү Табылды.
Түндө кылган жумушун,
Көп сүйлөдү Табылды.
Жаралуу кылдым калмакты,
Жардам бер деп ар убак,
Таң атканча оозумдан
Кетирбедим Манасты.

Табылды менен Элдияр өз кошундарына барып кошулушту. Уста карыяны чакыртып алып өлгөндөрдү ардактап көмүштү.

Чалкалмак жаралуу болуп качып, чоң ашууну ашып, Табылды келип калабы деп шашып, атка жүрө албай, акылына кире албай, жерден үй каздырып алып — жараатын дарыланып, жатып калды.

Калмактын баарысы чогулуп Чалкалмактын алдына келип. акыл сурап калышты.

Ошондо Чалкалмактын айткан жообу:

— Атаңдын көрү көп калкым
Баарың бирдей чөп калкым,
Алакандай кыргызды,
Атайы келип ала албай,
Алдыңа жылкы сала албай.
Жаралуу кылып төрөңдү,
Аман үйгө бара албай.
Канетип элге барабыз
Кан чыгып беттен уялбай.
Көп адамды кырдырып,
Колдогуну алдырып,
Эл оозунда болобуз.
Жаман атты болгондой,
Менин тилим алгыла,
Ысык-Көлдү жээктеп,
Кошту тигип салгыла.
Бирок Тоңдун белин каратып,
Өксүбөй чалып тургула.
Билинип калса Табылды,
Мага кабар салгыла.
Кубаласа качып кел,
Урааныңды чакырып,
Чалкалмактап айтып кел.
Менин жаткан жеримден,
Ыраактабай жакын кел.
Токтолбой качып өтө бер,
Кутулар жериң бет алып,
Куушкан бойдон келе бер.
Сыр бараң оозун кылайтып,
Жер үңкүрдөн чыгарып,
Даярланып жатамын,
Аңдабай келе жатканда,
Табылдыны атамын.
Бирок силерге айткан кеңешим,
Качып бириң кетпеңер.
Аркы четиң калмактар,
Кара суудан өтпөңөр.

Кароолду күндө өксүтпөй,
Кыргыздын колун көздөңөр:
Топ-топ болуп жатыңар
Жоо көрүнсө атыңар.
Эң акыркы айтканым,
Шашылып калсаң кай бириң.
Мени көздөй качыңар...

Жерден үңкүр казып алып, ок куюп, дары ийлеп жатат. Табылды, Тондун бир жагын Сары бел кылып, бир жагын Керүү төр кылып бекинип, кароол карап жатты. Кулгунанын белин көрдү. Мен эртең менен кароол карап олтурсам Ак сайдан көп калмак чыкты. Табылды кырк жигитти ойготуп айткан сөзү:

— Кырк жигит менин жолдошум,
Кыраан бала жолборсум.
Калмактын көрдүм кыйласын.
Баатырлар эми жол болсун!
Элдияр, Эрмек келгиле,
Эрдиктин ишин билгиле.
Элге кылдык көп зыян,
Эсиңерге салгыла.
Ээк алдында душман бар,
Эбин таап киргиле.
Бүгүн оюм бөлүндү,
Кароол карап олтурсам:
Бир топ калмак көрүндү.
Моюнга алып чыкканбыз,
Кайыптан болчу өлүмдү.
Балгартта калган элибиз,
Бар беле мындай кебибиз?
Жоо көргөндө турууга,
Болобу биздин эбибиз.
Же алмакта же өлмөк
Ак калпак кыргыз элинин,
Жол кайтарчу чебибиз.
Ат өргүтүп эс алдык,
Алты күнү жол салдык.
Алдыдан душман көрүндү.
Талкалайлы эми биз.
Алыс калды белем да,
Атбашы, Нарын жерибиз.
Чалкалмакты өлтүрсөк,
Анан чыгат черибиз.

Узап кетпей калмактар
Бекинип жолдо жүрүшөт,
Биздин кыргыз элинин
Берендигин билишет.
Бир жолу тынып калбасак,
Бир күнү малды тийишет;
Жасанып чыккан калмактар —
Жабыттап жолго жүрүшөт,
Оңуна келсе калмактар,
Айылды чаап киришет.
Өзүңөр көргөн Ала-Тоо —
Өзөнү кандай жер эле,
Өкүм кылып ээлеген,
Өжөр калмак эл эле.
Бир сапар кууп чыгарган,
Баатыр Манас эр эле.
Азыркысын айтканда,
Ала-Тоону жердечү
Атагы чыгып эл дечү —
Алыстан душман келбөөчү —
Кыргыздын жанын тындырып
Калмактын белин сындырып,
Калкы көлдү ээлөчү,
Эрманкандын баласы —
Эр Табылды мен эле.
Ээрчитип бирге жүрүшкөн,
Эмчекти бирге эмишкен,
Кырк баатыр атак сенде эле.
Алты күн өргүп тыныгып,
Ат эс алып калды го,
Абдан уктап, жайланып,
Эр эс алып калды го.
Артынан кууп биз келсек,
Алыс кетпей калмактар —
Алдыдан кудай берди го.
Чалкалмак кайда болду экен!?
Жарааты кантип калды экен,
Ушу жүргөн калмакта
Чалкалмак баатыр бар бекен?
Баарысын айтып кантейин,
Балгартта калган биздин эл,
Кандай күндө болду экен.

Жер суу толгон көп калмак,
Жабытта калып бир тобу,
Жылкы тийип жүр бекен?
Баштагынын үстүнө
Майып болуп кыргыздан
Сайышып жаткан күн бекен.

Табылды кырк жигити менен келе жаткан калмактын жолун тосуп уруш салып бир канчасын кырып, эки калмакты байлап алып, Арал, Кара-Тоону мекен кылып, чар тарапты чалып, чоң дүрбүнү салып жата берди. Кыргындан калган калмактар ар жердеги калмактарга кабар салып, чогулушуп алып, Табылды жаткан Кара-Тоону тегеректеп, жөө мергендер менен курчап алып, туш-тушунан аңдып жүргөнүн дүрбү менен көрдү. Ошондо Табылды кырк жигитти төрт тарапка бет алдырып, үч күн, үч түн атышып жатып ок-дарысы азайып, башка жерге баралы деп айткан сөзү:

— Айланайын кырк баатыр,
Айла кетип баратыр.
Ок-дары калды азайып,
Ойго душман мол жатыр.
Оюңарды айткыла,
Ойдуң кара талаада,
Карарган калың кол жатыр.
Аркадан келчү кол кана,
Аркадан тапчу эл кана!
Алты күн өттү болжолдон,
Ашып келчү бел кана.
Тегеректеп калмактар,
Көптүгүнө салышты.
Түзөң жердин баарысын,
Түгөл ээлеп алышты.
Чөпкө тоюп, суу ичпей,
Буудандар ачка болушту.
Күнү, түнү алты күн,
Бир уктатпай коюшту.
Атышып жатып жоо менен,
Мылтыктын үнүн үзбөдүк.
Жайкын жатып бир күнү,
Жайланып тамак ичпедик.
Күпсөрдө[1] дары күбүлдү,
Таскарды чөпкө толбосо,
Күлүктөр кантип жүгүрдү.

---

[1] Күпсөр — дары салгыч буюм.

Қутуда даары куурады,
Қургакта аттар суусады.
Уй түгүндөй көп калмак,
Ушунуң баарын чырмады.
Қараңгыда аттанып
Қаптап сүрүп чыгалы.
Қабылганын калмактын,
Қалтырбай баарын кыралы.
Түзгө түшүп баралы,
Аркайган тоонун түбүнөн,
Атка жайлуу түзөңдү
Қонуш кылып алалы,
Ат өргүтүп эс алып,
Анан уруш салалы.
Аркада калган кыргыздан,
Анык кабар алалы.
Аман-эсен жатышса
Азык-түлүк, ок-дары,
Арбын жыйнап алалы.
Чалкалмак кайда экенин —
Чар тараптан чалалы.
Жаралуу болгон неменин,
Жаткан жериң табалы.
Жер өлчөмүн алган соң,
Анан жоого баралы.
Табылды айтканда
Қырк жигит маакул көрдү эми.
Қараңгыда аттанып,
Қарышкырдай таптанып,
Қыялап борчук жол менен,
Қырк чамалуу кол менен,
Қаптал ташты пааналап,
Қалмактын четин аралап,
Қабылышып калышса —
Қайсы бирин жаралап.
Буйдалып уруш кылбастан,
Токтолуп жоого турбастан,
Бет алган жагын жапырып, —
Қабылса катуу бакырып,
Туш келгенин найзалап,
Чалкалмак баатыр кайдалап,
Қайсы бирин калмактын,

Кырк жигит чаап бир бирдеп,
Кылыч менен майдалап.
Талаага чыкты жарышып,
Тамашаны салышып.
Аңкайган тоонун түбүнө,
Агын суунун түзүнө,
Кош түшүрүп салышып,
Коштоодон семиз бээ союп,
Өргүп жатып алышып.
Кырк жигит калды демденип,
Уйкусун уктап канышып.
Табылды менен Элдияр
Кароолдон түшпөйт бул экөө,
Калмакка дүрбү салышып.
Дарысын ийлеп ок куюп,
Даярланып кырк жигит.

Калмактар Табылдынын Кара-Тоодон кетип, Ала-Тоонун этегине барып жатканын көрүшүп, жер үйдө жаткан Чалкалмакка келип кенеш кылышты. Чалкалмак үнкүрдө жатып жарааты айыгып, ок дарыны мол кылып алган экен. Калмактарга катуу жардык кылып айткан сөзү:

— Күлүктөн тандап ат мингин,
Чопкуттан тандап тон кийгин,
Күнүгө жүздөн баатырың,
Өксүбөстөн мага кел.
Көрсөтөм барар жеримди,
Уккула айткан кебимди.
Өлүмгө айдайт деп коркпой»,
Бекем байлап белиңди,
Эр Табылды душмандан,
Эсен сакта элиңди.
Араласа кырбайбы—
Амалдуу бала турбайбы.
Алты миң калмак бир жүрүп,
Алтымыш жоодон качканда
Анык кудай урбайбы.
Кыябын тапса кырбайбы,
Кыраан бала турбайбы.
Кыйла калмак биз жүрүп:
Кырк кишиден качканда
Кыргыздар олжо кылбайбы.
Мен—жер үңкүрдө жатамын,

Чениме келсе атамын,
Атын атып аксатып
Өзүн колго түшүрүп,
Тамашага батамын.
Жүз киши күндө барып кел
Эрдик кылсаң баатырлар,
Табылды менен сайышып
Жүрөккө найза малып кел.
Алдымдан туура качып өт,
Аяр кылбай шашып өт.
Артында болсо Табылды,
Азыр бол деп айтып өт.
Кароолду жазбай турамын.
Сыр бараң мылтык сунамын,
Каргадай болгон немени
Кан жөткүртүп саламын.
Менин тилим алып тур.
Күндө жүздөн барып тур,
Кесек менен аттанып,
Барганың өргүп калып тур.
Аламан коюп кетпесин,
Абдан жолун чалып тур—
Аттанып келип жүз киши,
Алдыма келип учурап,
Акылымаканып тур.
Бул жардыгым билгиле,
Айтканыма киргиле,
Чалгынга барбай калганың,
Тарап кетпей чогулуп,
Даяр болуп жүргүлө.
Чамаңар келсе калың кол,
Мен кучүмө киргиче
Эр Табылды баланы
Элин карай сүргүлө.

Чалкалмак кошунуна катуу жардык кылып, калкын узатып, үңкүрдүн үч жерин тешип алып жата берди. Ошондо жигиттеринин айтканы:

Чалкалмак бирди кылатко,
Такыр бизди кырат го.
Күндө жүздөн жиберип,
Табылдыга кырдырып,
Өзү жалгыз калат го.

Түнкүсүн тынчтык албасак,
Түгөл кырат, барбасак.
Табылды келип талкалайт
Талыбай жолду чалбасак.
Качып кетсек хан кырса,
Кармашсак кыргыз ал кырса
Канткенде эми жан тынат,
Хан Чалкалмак коркутуп
Каарын салып олтурса!
Кайдан келдик кыргызга.

Кужулдашып келип, кош кошуна түшүп, кезек менен баруугa даярланып жатышты.

Табылды, эки жигит кошуп Эрмекти элине жибермек болуп айткан сөзү:

Эки жигит ээрчитип,
Эрмек баатыр барып кел.
Балгартта калган элиңден,
Барып кабар алып кел.
Келебиз дешип кечикти,
Кебине мыктап каныл кел.
Жылкыны барып көрүп кел,
Бизден кабар берип кел.
Калган кыргыз аманбы,
Же—калмактан анда калганбы.
Капилет жаткан элиңди,
Кайра тооруп барганбы.
Биз быякта жатканда,
Бир бөлөгү барганбы,
Уй түгүнөн көп калмак—
Улам тооруп жылкыны,
Анда калган элиңди,
Убарага салганбы.
Аман-эсен жатышса,
Аркаңдан барам деп айткан.
Аяш атаң жарыктык,
Устанын сөзү жалганбы.
Туура ушундан ашып бар,
Турбастан ылдам шашып бар.
Кайда экенин билүүгө,
Кара сазда калды эле,
Калың малды басып бар.
Жылкы барбы жеринде,

Бел тепшинин белинде,
Чыр бар бекен байкай жүр,
Нарында жаткан элинде.
Келмек эле биздин эл,
Бар болсо айткан кебинде,
Чар тарапты чала жүр,
Жоо жакын элдин ченинде.
Токтолбостон кайтып кел,
Толук кабар айтып кел.
Ок дарыны мол алып,
Атка жүктөп артып кел.
Союшуна бээ алып,
Минүүгө күлүк ат алып,
Кагаз берип кат алып,
Өзүң сырттан кайтып кел.
Өргүп бир күн жатып кел,
Алда кандай жай болот,
Анда турбай шашып кел;
Жолуң болсун баргын деп,
Жолдон душман чыкпасын,
Ок дарыдан алгын деп,
Досуңдун айткан бул сөзүн
Көңүлүңдөн чыгарбай;
Көкүрөккө жат кылып,
Абдан сактап алгын деп.
Кол кармашып кош айтып,
Коштошуп досун узатып,
Эрмекти жолго узатты.
Эр Табылды баатырың
Эскертип далай сөз айтып.

Калмактардан жүз күлүк ат минип, жүз чопкут тон кийип, каруу жарагын чыңдап, кайраттуусун тыңдап, жүз баатыры келип Чалкалмакка учурап, Табылдыга барып алыстан аткылашып турду.

Табылды «калмактардын бул аткылашкандыгы—биздин ок дарыны түгөтүүгө гана ойлогон амалы» калмактардын азыраак экенин көрүп, Элдияр ээрчип алып аткылап жаткан калмактарды качырып жөнөп калды. Табылды жакындап келгенде токтоно албай калмактар быт-чыт болду. Аркасынан Табылды, Элдияр эки баатыр жеткенин сайып түшүрүп олтуруп, Чалкалмак жаткан үңкүргө чейин жетимиш калмакты сайып түшүрүп, калганын кубалап бара жатканда, Чалкалмак бир канча аткылап калды. Кайра тартып кызуу менен билбей кетти. Жолдо жыгылган калмактардын атчан кез келгенин айдап, кабылган калмакты кылыч менен сайып кошуна келип жатты. Узун сөздүн кыскасы—ушул түр менен жети

күн удаа жүздөн калмак келип турду. Келгенинин жазасын эр Табылды берип турду. Үңкүрдө жатып Чалкалмак Табылдыны аткылап өңүп турду.

Сегизинчи күн болгондо, күнүгө жүздөн барып өлгүчө «жалпы барып кандай болсо да көрөбүз» дешип, калың калмак каптап келип Табылдыны тегеректеп калышты. Муну көрүп Табылдынын кырк жигитке айткан сөзү:

— Көрдүңөрбү, кырк баатыр,
Көңтөрө калмак келишин;
Күнүгө жүздөн келчү эле,
Күлүгүн бизге берчү эле.
Күйүтүнө чыдабай,
Көптүгүнө салышын.
Ок-дарынын аздыгын,
Калмактар билип алышып.
Үйүр болуп биз менен,
Тегеректеп калышын.
Кырсак да калмак болбоду,
Чети короп койбоду.
Уй түгүнөн көп экен,
Улам өнөт болжолу.
Тегеректеп жүдөтүп,
Бизди алууда ойлору.
Караан болуп кыргыздан,
Калың кошун келбеди.
Эч болбосо эл жактан
Эрмек кабар бербеди.
Жарактын баарын салгыла,
Соот чопкут олпокту,
Каттай кийип алгыла.
Өкүм сүргөн калмакка
Жалпы аттанып алгыла,
Төрт тарапка бөлүнүп,
Калмакты көздөй баргыла.
Талыбастан душманга,
Таамай уруш салгыла.
Бет алган жакты качырып,
Берендер жоону талкалап,
Бир кумардан кангыла.
Жан аябай киргиле,
Жагалмайдай тийгиле.
Оюңардан чыгарбай,
Чалкалмакты билгиле.

Кайда болсо калмактын,
Кабарын мага бергиле.
Урааның чыксын Манастап,
Унутуп калба алаксып.
Төрт бөлүнүп кырк баатыр,
Бет алган жагын жапырып,
Калмакты куусаң берендер;
Кабыландай качырып,
Кара аламан чабуулда,
Кайсы экени билинбей,
Карбаластап жыгылып.
Калсын душман шашылып,
Деп Табылды айтканда
Жарактын баарын салынып,
Жаратканга жалынып,
Жалпы аттанып кырк баатыр—
Жабыла кирди камынып.
Ач бөрүдөй качырып,
Алды жагын жапырып,
Аралап кирген жерлери—
Айбатына чыдабай,
Аркы-терки чачылып.
Төрт бөлүнүп беттешип,
Төрөңдүн сөзүн эптешип,
Калың кошун калмакка
Кабыла кирип барбастан
Качырып жүрөт четтешип
Катарын бузбай кырк баатыр,
Калмактын колун талкалап.
Кан агызып сел кылып,
Кор кечкендей тепсешип,
Найза менен сайышып,
Буудандын бели майышып.
Найза белден үзүлүп,
Нечен адам жөнөдү—
Жумулуп көзү сүзүлүп.
Кылыч менен чабышып,
Калганын тосо калышып,
Чокмор менен урушуп,
Шамшар кындан суурушуп.
Айбалтаны алышып,
Аябай башка салышып,

Жердин бети чаң болуп,
Көргөнгө кызык таң болуп,
Катуу уруш болду эми.
Жарактын баары кан болуп,
Табылды кирген аралап,
Таамайлап салып жаралап.
«Чалкалмак кайда болду» деп
Урушуп жүрөт чамалап.
Эр Табылды бет алса,
Калмактар качат сабалап.
Качканда калмак чубурат,
Канчасы колдон бурулат;
Качкандар салган кабары,
Чалкалмакка угулат.
Даярланган Чалкалмак,
Сыр бараң мылтык сундурат.
Сыр бараң үнү чаңырат,
Калмактар кайта жабылат.
Качырганда Табылды—
Карышкырдай жапырат,
Күнү, түнү, үч күнү
Катуу уруш салышты.
Жолдошун тапкан киши жок
Бет алды кетип калышты
Эр Табылды баатырдын,
Эс ала турган кезинде,
Эки жүз калмак барышты.
Тегеректеп аткылап,
Теги тынчын алышты.
Табылды атка мингенде,
Беттешпей кайра качышты.
Жай болот алып колуна,
Табылды ойлоп намызды.
Үч калмакты чапты эле—
Булар жайын тапты эле,
Төртүнчүгө жетерде,
Аны да шилтеп өтөрдө
Сыр бараң үнү тап этти,
Табылдыга чап этти.
Оң бутунун ашыгын,
Омкоро жаздап ок өттү.
Ашыкты көзөп жемирип,

Аяктай эти бөлүнүп,
Аттан ооп Табылды,
Түшүчүдөй көрүнүп.
Эси эндиреп тунарып,
Эки көз болуп мунарык...
Эңкее түшүп берени —
Ээрдин кашын таянып,
Кашка тиши кашкайып,
Кабагын серпип оңдонуп,
Кайраттанып чакчайып,
«Соот жетпес жериме,
Сокту белем Чалкалмак
Олпок жетпес жеримди,
Оңдурду белем Чалкалмак.
Суу боюна барайын,
Суудан жутуп алайын,
Шалактатпай бутумду,
Суу жоолук менен таңайын.
Атаңдын көрү калмактан,
Өчүмдү эми алайын.
Кезиккенин кырайын,
Билгенимди кылайын.
Карт—Чалкалмак көрүнсө
Кайратымды жыяйын.
Канын төгүп калмактын,
Эрдигимди сынайын».—
Деп ойлонуп Табылды
Суу боюна барды эле,
Аттан түшө калды эле,
Арка жагын каранып,
Жаралуу бутун таңды эле.
Суу ичүүгө камданып,
Сунуп колун салды эле,
Оозун чайкап колун жууп,
Он чакты ууртап алды эле.
Арчатору бууданды,
Ооздук менен сугарып,
Оң үзөңгү төңөлүк —
Тогосун кайра чыгарып,
Үзөңгүнү кыскартып,
Чап олоңду бош тартып;
Төш олоңду бек тартып;

Жалаң кылыч колго алып,
Жан берчүдөй кумсарып,
Жаалы келип Табылды—
Кайта кирди чаң салып.
Беттеген жагын качырып,
Белди ашыра жапырып,
Тоодогусун качырып,
Токойду көздөй жапырып.
Күнү-түнү урушуп,
Күүлөнгөндөн Табылды,
Аттан түшпөй тырышып.
Арчатору жаныбар,
Данканы көккө чыркырап,
Ташка тийсе туягы,
Тырмактайдан быркырап.
Дем өткөрүп алыптыр,
Айдарымга чапканда,
Эки этектен үн чыгат.
Буркуттун канатындай зыркырап.
Көңдөйдун Сары белинде,
Көрүнду көбү чуркурап.
Аны карай Табылды,
Атка камчы чабылды.
Кырк жигит түшүп эсине,
Кылычын сууруп камынды.
Кыргыз, калмак чабышкан
Калың элге кабылды.
Чамбыл ала чаң болуп,
Кызыл ала кан болуп.
Табылды кирди күчөнүп
Таңыркап калмак таң болуп.
Эрманкандын арбагы
Эми кел деп жар болуп
Элдияр деп чакырып
Эрмектин атын бакырып.
Кырк жигит бери келгенде
Атаңдын көрү калмакты.
Айдап алып кетели,
Ала-Тоону ашырып...
Деп Табылды үн салып,
Калмакка караан күн салып.
Катмары менен экини,

Ыргыта коюп бир сайып.
Жолго түшүп калмактар,
Жообу, жообу деп качты.
Кылчайгыс болуп кыйкырып,
Кым-куут болуп бек качты.
Эр Табылды аландап,
Жаралуу буту саландап,
Калмактын артын талкалап—
Карышкырдай жаландап,
Кырк жигит кайда кеттиң деп,
Кызып калган чунагың.
Калмактардын артынан—
Кетип барат караандап.
Табылдынын артынан,
Элдияр келет бакырып,
«Токто, досум, Токто» деп
Тоо жаңыртып чакырып.
Кертабылгы ат менен,
Закымдай учуп жүгүртүп.
Шашкаландап Элдияр,
Шамалдай этек бүгүлтүп,
Артынан келип жетти эми.
Айланайын досум деп,
Арчатору бууданды
Чылбырдан илип кетти эми.
Табылдыны караса;
Кубаты кетип, ал калбай
Кызуу менен эр неме,
Жүргөн экен байкабай.
Эриндери кеберсип,
Этектерин жыя албай—
Эрдик кылып берениң;
Жүргөн окшойт жыгылбай.
Элдияр көзүн салды эми,
«Эмне шумдук болгон» деп
Эси эндиреп калды эми.
Жаралуу бутун көргөн соң,
Аттан түшө калды эми.
Арчатору атынан,
Так көтөрүп алды эми.
Агын суунун боюна,
Көтөргөн бойдон барды эми.

Бутун жууп тазалап,
Қара дары жапты эми,
Эси эндиреп Табылды—
Эт бышымдай жатты эми.
Қадектеп бутун таңды эми.
Чалап чайкап ичирип,
Қантемир огун[1] сүрттүрүп,
Қабылдаган жараны,
Қайра таңып салды эми.
Қырк жигит жаткан жерине,
Элдияр алып барды эми.
Табылдыны жаткырып,
Устанын уулу Элдияр—
Ушундай үндү салды эми:
«Атаңдын көрү куу жалгыз,
Ага, иниң жок шум жалгыз.
Атыштың калмак жоо менен,
Ал-абалың билалбай,
Алты күн атчан урушуп,
Алты күн каткан каныңды,
Араң жуудум суу менен.
Ар качан эстен чыгарбай,
Антыңды сыйлап мен жүрөм,
Аркаңдан барган бүрөө жок,
Қырк жигит кыраан берендеп.
Же—уялаштан бүрөө жок,
Ушундай жалгыз белең сен.
Атадан жалгыз сен чыгып,
Ак калпактуу кыргыздан—
Ашкере баатыр эр чыгып.
Артыңдан издеп барганмын.
Антыңды эстеп мен чыгып,
Энеден жалгыз сен чыгып
Эбегейсиз эр чыгып,
Эми өлмөк болупсуң,
Эс алалбай дем чыгып.
Эсиме түшүп мен бардым,
Эмне болду экен деп,
Эмчектеш үчүн мен чыгып.
Өжөрлүккө саласың,

[1] Қантемир огу — чагылгандан түшкөн таш.

Өзүң курган баласың,
Көктүгүңдү койбосоң,
Беөдө өлүп каласың.
Ашыкта жараң шишиптир,
Аттай болуп кетиптир.
Томукта жараң шишиптир
Тоодой болуп кетиптир.
Анчалык таап албасам,
Атаңдын көрү жалгыз кул—
Ажалың эми жетиптир.
Ок тийсе бери качпайсың.
Ошондо мага айтпайсың.
Бут сынса бери качпайсың,
Бурулуп жообун айтпайсың.
Калмакка бизди жиберип,
Эс алып бир аз жатпайсың.
Козголгусуз болупсуң,
Кокуй досум кандайсың.
Деп ушунтип Элдияр—
Көзүнүн жашын тыйбады,
Өпкөлөп жаман ыйлады.
Эндиреп жаткан кезинде,
Элдияр жанын кыйнады.
Кырк жигит ыйлап буркурап
Кыркасы менен чуркурап
Кыяматтык жолдоштор,
Кыйналды сөөгү зыркырап,
Буларды көрүп Табылды,
Чымырканып чыйралып.
Кырк жигиттин турганын,
Көргөндө бою жыйналып.
Эсинен чыгып жарааты
Эми калды кыйналып.
«Айланайын кырк баатыр,
Аталаштан жакыным,
Акыреттик жолдоштор,
Айтайын сөздүн акырын.
Атадан жалгыз элем деп,
Аттанбай жатып албадым.
Ар кимиңе бул күндө
Качан көңүл салбадым.
Энеден жалгыз элем деп,

Эл ичинде калбадым.
Бала күндөн бирге өсүп,
Баарыбыз болдук бир жандай.
Тарткылык болсо баатырлар,
Боло берет ар кандай.
Бутка ок тийип калды деп,
Кошко качып баргандай;
Коркок бала мен белем?
Кош жүрөгүн алгандай!
Ажалым жетсе өлөрмүн,
Азабым болсо көрөрмүн.
Аз күнү тартып азапты
Араңарга келермин.
Алда насип буюрса,
Ак жүзүңөрдү көрөрмүн.
Акыр түбү калмактан,
Өчүңдү алыпберермин.
Аз күндө айыгып бул жараат
Калыбыма келермин.
Кечээ—Эрманкан атам өлгөндө,
Энеден жалгыз калганда,
Элдияр—Эрмек дос болуп
Эмчектеш тууган үч болуп.
Эл ичинен чогултуп—
Кырк жигит мага топтолуп.
Кырк жигитке Элдияр,
Кызмат кылган баш болуп.
Жетим келген баланы,
Энелүү кылдым, кырк жигит.
Жергесиз келген баланы,
Жеңелүү кылдым, кырк жигит.
Жалгыз келген баланы,
Топтуу кылдым, кырк жигит.
Жалын жүрөк эрчимек,
Оттуу кылдым, кырк жигит.
Жөө келген баланы—
Аттуу кылдым, кырк жигит.
Таң тамаша оюнга,
Шаттуу кылдым, кырк жигит.
Жарды келген баланы,
Малдуу кылдым, кырк жигит,
Бойдок келген баланы,

Жардуу кылдым, кырк жигит.
Чабал келген баланы—
Алдуу кылдым, кырк жигит.
Кулүктү бердим минсин деп,
Күрөөкө бердим кийсин деп.
Күрдөлдүү жоого беттешсе,
Күймөнбөстөн кирсин деп.
Бууданды бердим минсин деп,
Булумду бердим кийсин деп.
Мындан да арбын жоо болсо,
Буйдалбастан кирсин деп.
Кармашып калсам жоо менен,
Караан болуп жүрсүн деп,
Кара жанга күч келсе,
Качпайт го деп бириндеп.
Каза жетип өлгөнчө,
Кабагын ачып күлсүн деп
Чуркурап баарың ыйлайсың,
Каражанды кыйнайсың.
Ажал жетип мен өлсөм,
Алты ай ыйлап жатсаң да—
Тыйынча пайда кылбайсың.
Эс алдырып кичине
Эмне жашың тыйбайсың...
Кайрат кылып жүткүнбөй—
Ыйлап турчу жерби ушул?
Капа болуп жандарын,
Кыйнап турчу жерби ушул?
Кайгырганың көргөндө,
Каптап кетпей силерди—
Калың калмак көп душман,
Карап турчу элби ушул?
Жалпың атка миниңер,
Жер арытып келиңер
Жоодон түшкөн олжону,
Жыйнап келип бериңер.
Жарагы калса алыңар,
Жалпы баарың барыңар.
Эрмек болуп жаныма,
Эки киши калыңар.
Күүгүм кире, күн бата—
Менден кабар алыңар».

Кырк жигит Табылдынын айтканын кылып, душмандардын жаткан жерлерин байкашып, алардан түшкөн олжолорду (жанагы согушта түшкөн олжолорду) жыйнашып, кайра кечке жуук кайтып келишти. Кошко семиз бээ союп, кырк жигит өргүп жатышты.

Табылды үч күн, үч түн уктап ойгонуп, жарааты бир аз оңолуп, башын көтөрүп турган кезинде, төрт жигит менен Элдияр алтымыштай ат айдап, атка жүктөп аспап жарактардан алып келип калды. «Көл башындагы Оргочор деген жерге чейин бардым, калмактардан караан жок, өлгөнү өлүп, өлбөгөнү качып кетиптир» деп сөзүн бүтүрдү. Ошондо Табылдынын айтканы:

«Баракелде, баатырлар,
Куттуу болсун атыңар.
Сырттагысын сыртта алдык,
Мындагысын мында алдык.
Алам деп келген калмакка,
Ар түрдүү кызык биз салдык,
Акыр түбү калмакка
Айта жүрчү иш салдык.
Кыргынды болсо биз салдык,
Кыйла сонун иш салдык.
Кылым бою кыргызга,
Кылчайгысыз иш кылып—
Кыраандык менен күч салдык.
Кыямат кайым болгуча,
Кыргызга жомок сөз салдык.
Элдияр досум эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок,
Жалгызсың деп мени айтып,
Кырк баатырга тийгизип,
Кыя тартып кеп айтып—
Адамдын муунун бошоттуң,
Алда канча сөз айтып.
Калмактар качып жок дейсиң,
Бутуңа тийген ок дейсиң.
Кырк баатырым болбосо
Жалгыз кайда барамын,
Кыжылдаган калмакка,
Кылычты кайдан чабамын.
Баш-аягы үч миң ат,
Олжону кайдан табамын
Катаган элин калкалап,
Кантип жолун чаламын.
Кабылан кыркы жок болсо—

Каргадай жалгыз баламын
Кыдыр алла сактаса—
Аз күндө айгып каламын.
Калкта табып жок эле,
Кайсы жакка чабамын...
Таласты көздөй салсамбы?
Табып таап алсамбы?
Олуя заада киши эле,
Ошону көздөй барсамбы?—
Кызыл арстан эшендин—
Тукуму деп укканмын.
Кызыл калпа дувана,
Кыйналган оору жараатка—
Кыялында билет дейт.
Өзүнө адам баратса,
Өзү улук табып дейт.
Эр Манастын күмбөзүн,
Эченден бери багат дейт.
Эки жүз жашка чыкты деп,
Элден уккан кабарым.
Эмчилиги мыкты деп,
Ошо киши көрөт деп.
Ооруну таап берет деп,
Ок тийгендин жарааты,
Ошондон болот себеп деп.
Тинтүр[1] салып тилет деп,
Кандай оору болсо да,
Ошо киши билет деп,
Мен ошого барамын.
Бул жараатты саламын,
Аман болсом аз күндө
Силерди үйдөн табамын».

Табылды баатыр кырк жигитти, «элге барып эс алып тургула, көргөн-билгениңерди элге жомок кылгыла, Эрмек эмне үчүн келбей калды, андан кабар алгыла, аман-эсен бар болсо, мени Таласта Манас баатырдын күмбөзүнөн тапсын» деп кырк жигитти узатарда айткан сөзү:

—Айланайын, кырк баатыр,
Атамдан артык көргөнүм,
Алыска бирге жүргөнүм.
Аманат жандын барында —

---

[1] тиңтүр — учтуу курч бычак.

Алгыла менден сүйгөнүң.
Эмчекти бирге эмишкен,
Эстешип—бирге жүрүшкөн!
Эзелден көңүл калышпай,
Эрмектешип күлүшкөн.
«Жаман айтпай жакшы жок»,
Жаралуу болуп барамын.
Жазып тайып кокустан,
Жаздым болуп каламбы,
Ичиңерде кетпесин
Сөзүңөр болсо айткыла,
Тындырып менин санаамды,
Эмчектеш болгон сүтүң бар,
Бала кезден баатырлар—
Мага берген күчүң бар.
Табакташ болгон тузуң бар,
Талаада жүргөн жолуң бар,
Табылды деп сыйлаган,
Талай акың менде бар.
Өөдө ылдый сөзүм тийгендир,
Өзөгүндө жүргөндүр.
Катуу сөзүм тийгендир,
Капарыңда жүргөндүр,
Акыңар болсо келиңер,
Айтып мага бериңер.

Табылды сөзүн бүтүрдү. Кырк жигит бул сөздү уккандан кийин, «Биз элге барбайбыз, Табылды жаралуу болуп Таласка кетти деп кантип кеп салабыз» дешип баарысы чуркурашты.

Анда Табылды: «ой жолуңар болсун, мен кантер экен деп эле силерди сынап айтсам ошондой ойлойсуңарбы?»

Эрмекти сака кылып, Устаны ата кылып, калкты кайтарып, душманды майтарып, элди багып, эл ичине барып, бир айдан бери кийим чечип жатпаган немелер эс алсын деп жатпайымбы деп Табылды күлдү. Кырк жигит Табылдыга ыраазы болушуп, ракмат айтышып, кол кармашып коштошуп, «жакшылыгыңды унутпайбыз» дешип—кучакташып көрүшүп, эки беттен өбүшүп, төрт жүз токсон ат алып, коштошуп жүрүп кетишти.

Табылды менен Элдияр, бир күлүк, бир жоргого кош артып алып, Таласты карай бет алып жөнөшүштү. Жаралуу болгон Табылды бир нече күндө Таластагы баатыр Манастын күмбөзүнө келди. Күмбөздүн жанындагы дөбөдөн ак сакалдуу киши буларды көрүп, алдын тосуп келип айткан сөзү:

— Эки бирдей жаш бала,
Элинен азган мас бала,
Эмне болуп салаңдап,

Эки көзүң аландап,
Келатыпсың, кулунум?
Эр Манасты караандап,
Эрманкандын баласы,
Эр Табылды сенсиңби?
Эрдик кылып, кулунум,
Эл үчүн жандан кечтиңби.
Эшен бар деп бул жерге,
Эми мага келдиңби.
Сенин атаң Эрманкан,
Алтымыш жаштан ашканда,
Агала сакал болгондо —
Көрдүм эле бул жерден.
Бала тилеп кыдырып,
Мазар сайын конгондо;
Манаска куран окуйм деп.
Ушул жерге келгенде;
Кийин уксам Эрманкан,
Бир уул, бир кыз тапты дейт.
Бала үчүн ыйлап жүргөнү,
Бир кудайга жакты дейт.
Эрманкандын баласы,
Элине жакшы барктуу дейт.
Баатыр болуп Табылды,
Кырк жигит жыйнап бакты дейт.
Кармаша албай душманы,
Карааның көрбөй качты дейт.
Табылдыга ок тийип,
Тарткылыгын тартты дейт.
«Түшкүлө аттан эми» деп.
Аксакал айтты саламын.

Табылды менен Элдияр аттан түшүп дуванага көрүшүп жатып калышты. Дувана Табылдынын бутуна тинтүр салып, май сөөгүн алып, дарылап жакшылап багып турду. Табылды айыгып таяк менен басып калды. Жыйырма күн болгондо Табылды «кетсек экен, дуванам» деп уруксат сурады.

Дувана: «эми бир ай жат, абдан айыгып кайт балам, деп жооп берди.

Табылды дувананын бул сөзүнө капа болуп, кайтмак болуп бир жүлүк, бир жоргосун баш кылып, алтын күмүш кошуп дуванага берип, «батаңызды бериңиз» деп туруп калды. Дувана «кайыр, балам, баргын, бирок жолдо убара болуп калар бекенсиң, балам» деп батасын берип узатты. Табылды менен Элдияр Таластын суусун бойлоп, Шумкарташты ашып, Үч Кошойду басып, Ала-Бел Өлмөктү ашып, Суусамыр, Соң-Көлдү басып, кең Нарынга барып калды.

Нарында эл жок. Улуу жолдо из жок, бир нече күн жол жүрүп Табылдынын буту күчүркөнүп кайрадан шишип күчөй баштады. Табылды менен Элдияр жазгы Чалкалмак жылкы тийгендеги Табылдынын журтуна кез болушту. Караса журтта Табылдынын сырдаган таш мамысы жатат. «Эл жай баракат көчсө, мамы калбас эле,» деп мамынын жанына келишсе, мамынын башкы муунагында жылкынын кылы менен байлап койгон булгаары бар. Аттан түшө калышып караштьі: булгаарынын ичинде Кардыгач жазган кат чыкты. Катты окуп көрсө мындай деп жазган экен:

«Эрманкандын баласы,
Эр Табылды жалгызга,
Аманат деп таштадым,
Аман эсен жолукса;
Ушул катты алышка.
Чалкалмакты кубалап,
Кеттиң эле алыска.
Күн батыш карай биз кеттик,
Көз жетпейт кайда барышка.
Кудайназар абакем,
Көчүрдү жалпы элиңди.
Абакем келсин деп айтсак,
Укпаймын деди кебиңди.
Ала-Тоодон эңкейтип,
Кетүүчүдөй көрүндү.
Эр Табылды абакем,
Ээрчип кеткен кырк акем,
Ак болотум капшырдым.
Аман эсен келгиле,
Ак дидарым көргүлө,
Аманат жазып бул катты
Акелер сага тапшырдым.
Айласыз кетти энекем,
Амалсыз кетти жеңекем.
Шайымбек ыйлап буркурап,
Элиңдин баары чуркурап,
«Кечикти деп Табылды»
Дүрбөтүп элди көчүрүп,
Кудайназар абакем,
Кайдан келип кабылды.
Карындашың Кардыгач,
Карааныңа зарылды.
Бир көрсөм деп көзүм төрт,
Изиңден чыккан чаңыңды.
Ар дайым тилеп ыйлаймын,

Аман бол деп жаныңды.
Ак жүзүңдү көрөмбү,
Акелерим баарыңды.
Көрөмбү деп ойлоймун,
Көчүргөн элден калыңды.
«Көчпөйбүз» деп айта албай.
Көпчүлүк калкың багыңды.
Көзүнөн чыгып жалыны,
Кудайназар абакем,
Элди айдоого камынды.
Силер үчүн кырк аке,
Курман кылам жанымды.
Өлсөм кууп аларсың,
Алпараткан кишиден—
Бир кашык менин канымды.
Ушул сөздүн кыскасы,
Ушул катка салынды.
Кардыгачтын каты ушул,
Кайгылуу болгон дарты ушул.
Кат байларга неме жок,
Кардыгачтын чачы ушул.
Караңгыда суу менен,
Калың эл көчкөн дуу менен,
Карбаластап мен байкуш,
Кагылайын кырк аке,
Шашылып жазган кат ушул.
Кандай заман күн болот,
Кудайназар абакем,
Каарланган шарты ушул».

Табылды катты окуп, эси ооп эндиреп, башы айланып кеңиреп, жал-жал көздөн жаш кетип, жаралуу буттан ал кетип жыгылды. «Аттан, баатыр Элдияр, Чоң Нарынды бойлоп Кара-Ташка баралык, пири тирүү жер эле, ошого барып бир эки күн өргүп алалык, жараат оңолуп калса аны көрөлүк, — оңолбосо аны көрөлүк» деп Табылды оорунуп, жарааттын кайгысына түшүп кетти.

Табылды сүйлөп бузулуп,
Таноосу кетти кыпчылып,
«Ушундай шумдук болобу
Айланайын, Элдияр,
Баратат демим кысылып.
Жарааты шишип балаалап,
Чыңалып чыкты талаалап,

Катты окуп капа болгондо—
Камсыгып бала санаалап.
Элдияр кандай заман деп,
Эл бар бекен аман деп.
Жаралуу киши жол жүрүш,
Болот экен жаман деп.
Эрмектен кабар угулбай,
Эндиреп жүргөн санаам деп.
Эсен тирүү бар бекен,
Шайымбет жалгыз балам деп.
Эки дарт мага жабышса,
Канткенде тирүү калам деп,
Эрдин тиштеп кубарып,
Элдияр бери болчу деп,
Колун сунуп буралып,
Арчатору атынан,
Жыгылмак болуп куланып.
Кападан оору күчөдү,
Калкынын дарты уланып...
Нарындын башы Кара-Таш,
Касиеттүү жер эле,
Карылардын сөзүндө
Кайыбы бар дээр эле.
Как ошого баралык,
Эки үч күн жатып эс алып—
Эки жагын чалалык.
Мазардын кара суусуна,
Жаралуу бутту малалык,
Чамабыз келсе аттанып—
Эл артынан баралык.
Кайталап жараат күчөсө
Ары бери болгунча,
Ошондо жатып алалык».
Деп Табылды аттанды,
Кардыгач жазган катты алды.
Ар кимиси бир окуп,
Ат үстүндө кеп салды,
Кара болуп[1] Табылды
Кайраты бошоп дарттанды.
Элдияр айтат:— Табылды—

[1] Кара болуп — капа болуп деген мааниде.

Кандай курган бала элең,
Эл көчсө капа болосуң,
Жаш башыңда байкуш ай—
Кандай—кайгы жан элең...
Табыпка чала түшөсүң,
Талытып бутту күчөттүң.
Кагаздын сөзүн кайта окуп,
Кайгыга кайра түшөсүң.
Каргадай болгон куу тумшук,
Кайгылана бергенде,
Кантип жаның күтөсүң.
Ооруга оору кошосуң,
Капага башың тососуң,
Анте берсең, жан досум,
Айыкмак тургай бошойсуң.
Көчкөн эл барып конгондур,
Көк-Арттын бели болжолдур.
«Көп түкүрсө көл дептир»
Арасынан бир бала—
Башчы кылып койгондур.
Аман барсак көрөрбүз.
Ара конуу жол экен,
Айыкчы, деги, жөнөрбүз.
Кара болуп Табылды;
Ыракат күнгө жетишип,
Кайгынын ордун төлөрбүз.
Калайыкты чогултуп,
Кан тою кылып берербиз.
Шайымбетти өңөрүп,
Шаттык менен жүрөрбүз.
Касташа турган жоо болсо,
Кармап бетин тилербиз.
Калкты сүрүп көчүргөн
Ким экенин билербиз.
Кудайназар кууланса,
Куйкасын салаа тилербиз.
Карылык кылып тынч жүрсө,
Кадырын биз да билебиз.
Жүрү, бастыр, досум деп,
Кара болбо Табылды,
Ак калпак кыргыз уулунан
Кайратка балбан молсуң деп

Алаксытып Элдияр,
Алпаратат ылдамдап—
Кара-Таш жетип консун» деп.

Элдияр Табылдыны алып, күүгүм кире Кара-Ташка барып жатып калышты. Мазарга барып булакка бутун малып, Элдияр атта-нып, эки жакты чалып, Калмак ашуунун белинен дүрбүсүн салды. Кыбыраган жан жок, жайылып чыккан мал жок, жалгыз жатат Табылды, ырп этерге ал жок.

Эртең менен кетип, Элдияр кечинде келет. Элик аркар атып келип Табылдыга берет, жараатын жакшылап көрөт.

Ушул арада он эки күн өттү. Табылды: Ээй досум Элдияр мага карап жүрүп сен куурадың. Эми досум, сен, атганып барып Кара Таштын төшүндө, карагайдын бетинде, Калкак зоонун алдында, энемдин кан салыгы бар эмеспи, ошого барып бир кап курут бир карын май, сүзмө алып кел. Аркардын эти таттуу болот экен, бир аркар ата кел досум. Күн батардан мурун кел, досум. Анан көп «кеңешим бар, айтамын» деп сөзүн бүтүрдү. Элдияр Кер Табылгы деген атын токунуп, мылтыгын асынып, айткан Калкак зооканын алдынан кан салыкты таап, Табылды айткан курут майларын алып кайра тартып, көк ала тоонун Карала ташын аралап келе жатса, көп аркар жатат. Арасынан тандап туруп кара боз аркарды «Табылдыга дары бол» деп атып алып, Табылдынын алдына күн батарга жакын келип калды.

Табылды эр эмеспи, жалгыз буту менен аксаңдай басып Арчатору буудандын эски терин жууп, куйрук жалын тарап, турган эле. Аркардын эти казанда кайнап жатты, ошондо Табылдынын айтканы:

— «Устанын уулу Элдияр,
Акыреттик досумсуң.
Экөөбүз жалгыз жүрсөк да,
Арбын караан кошунсуң.
Аз күндөн бери Элдияр,
Арбып кетти бул жараат.
Аманат жандан чочундум,
Чочунган менен пайда жок.
Жоо кордугун тартпаган,
Бир мен эмес, кайда жок.
Эми чындап дарылап,
Эртелеп алдын албасаң;
Дары издеп жөнөп калбасаң,
Андан башка айла жок.
Менин айтар кеңешим:
Эртең эрте аттанып,
Эл артынан чаба көр
Кайда да болсо, Элдияр,
Энекемди таба көр.

Токсон түрдүү дары бар,
Ар дарынын баары бар,
Ошону таап ала көр.
Тозокто жаткан досуңа
Бир көзүңдү сала көр.
Акырет сапар кылдырбай,
Ажалдан алып кала көр.
Арчатору бууданды,
Жаныма байлап сала көр.
Алып келген курут май,
Эптеп ичип жатармын.
Эрмектешип ат менен,
Танабын бери тартармын.
Кээде узартып арканын,
Кеңитип отко айдармын,
Эсим ооп калбаса —
Эптеп жанды жайлармын.
Эки конуп бararсың,
Эки конуп келерсиң.
Үч күн өргүү болорсуң,
Элдин, журттун баарынан,
Келип кабар берерсиң.
Жети күндөн калган соң,
Кагылайын Элдияр —
Жалгыз досуң Табылды,
Сени менен көрүшпөй
Жөнөгөнүн көрөрсүң.
Аман барсаң Элдияр,
Айтар сөзүм мына булар:
Биринчи салам айта көр
Аяш атам Устага.
Табылды жаман оору деп,
Атаңдын көөнүн кыстаба,
Атаң Уста кейисе;
Өзүң кошо сыздаба.
Экинчи салам айта көр,
Карыган байкуш энеме.
Сурап калса салам де,
Ага менен жеңеге.
Кайрат айтып кое көр.
Чачыкей курган немеге.
Капа болбой жүр дегин,

Кардыгач жалгыз боорума.
Дарысы келсе энемдин,
Дарман берер оорума.
Эрмекти көрсөң тилдей көр,
Эр Табылды досуңдун —
Эми жайын билдей көр,
Өз башына ээ болсо,
Өзүң менен жүр дей көр.
Үчүнчү салам айта бар,
Калың кара элиме.
Кандайлыктан көчтү экен
— Канарсың элдин кебине.
— Кайра келер эл барбы?
Өскөн өнгөн жерине...
Колун кармап салам айт,
Кырк кабылан Шериме.
Кайда болсо бир жүрүп,
Караан болгон белиме.
Мындайын билсем мурунтан;
Кырк жигитти жанымдан —
Кетирбей койсом немине.
Жакшы байкап карабай,
Кырк жигиттин кебине;
Жаным менен бирге өскөн,
Жалын кыраан чебиме.
Жайчылыктуу күн болсо,
Жалпы баарың келгиле».
Деп ушуну айтканда
Сөөгү бошоп жашыды.
Жоолугун алып көз сүртүп,
Ушул сөздүн баарысын —
Элдиярга тапшырды.
Ушундай акыл табылып,
Элдияр атка камынып,
Жети күндө келгин ээ,
Калбагын деп сагынып.
Жашыганын көргөндө,
Элдияр турат сабылып.
Бир кудайга аманат,
Кагылайын Табылды,
Кайберен жардам болсун деп.
Кучакташып эки дос,

Ажырашалбай турушту.
Бир далайга зарыгып,
Аткарып досун колтуктап,
Чок болуп ичи камыгып,
«Кылчайбай ылдам аттан» деп,
Кер Табылгы күлүккө
Элдияр минди кош айтып.
Жашыгандан күбүрөп,
Оозунда сөзүн бош айтып:
«Жети күндө көрөмүн —
Жүзүңдү келип мен кайтып;
Кайрат кыл баатыр Табылды
Калдың деп жалгыз сен жатып,
Талаага жалгыз досумду —
Таштайын жалгыз мен кантип»...
Кыбыланы бет алып,
Кылчаңдай карап Элдияр,
Караанын үзүп кеткиче:
Карап турат Табылды —
Чолпондой болгон көз талып.

Элдияр күндөп, түндөп ашуу ашып, таш басып, агыны катуу суу кечип, Чоң Көк-Артты ашып, буйдалбастан шашып, Анжыян жаккы Өндүргө түшүп келе жатса, сан кара боз кой айдап, кер өгүздү минген, — кементайды кийген, эркек десе аялдай, аял десе эркектей, бир адам койдун артынан боздоп ыйлап келе жатат.

Ошол койчунун ыры:
«Тогуз ай куурап көтөргөн,
Тула боюн сыздаткан,
Тогузга жашы жеткенче —
Торкого ороп уктаткан;
Тозоктуу энем кайда деп —
Эсиңде барбы мен жактан.
Карыганда мен шордуу,
Тозогуң тартып келатам.
Агарып таңы аткыча,
Алты аркар жылдыз баткыча,
Алты айланып эмиздим.
Аттанып адам болгуча,
Ар түрдүү тамак жегиздим.
Алдынан кетпей мен шордуу,
Ардагынан айрылган —

Арсыз кемпир дегиздиң.
Жээктүү таң атканча,
Жетиген жылдыз батканча,
Жети айланып эмиздим.
Жети жашар болгуча,
Жетилтип багып телчиттим.
Же ажалым жетип мен өлбөй,
Жалгызынан айрылган,
Желмогуз кемпир дегиздиң.
Айрылды кийген булумум,[1]
Ажалым жетип өлө албай,
Азабын тарттым уулумун.
Алдына кетпей мен шордуу
Аркаңда калып курудум,
Жыртылды кийген булумум.
Жыргалдуу жалгыз кулунум,
Карыганда энекең,
Жыласың тартып курудум.
Жер үстүндө бар болсоң,
Кубаты элең муунумдун.
Кайда экениң биле албай,
Кайгыңды тартып турумун.
Өлөйүн деймин арымдан,
Табылды, сенин айыңдан.
Өлө албадым мен шордуу,
Өзүңдөн калган бир туяк,
Шайымбет чунак барынан»...
Өксөп ыйлап бул кемпир,
Өгүздөн ооп кулады.
Эси кетип эңдиреп
Эт-бетинен сулады.
Кемпирдин айткан бул сөзүн,
Укту Элдияр кулагы.
Аяш энем экен деп,
Анык билди будагы.
Аман жаткай эле деп,
Табылды жалгыз чунагы,
Жаны кейип Элдияр,
Жашып турган убагы.
Шашып жүргөн Элдияр,
Аттанбай карап турабы...

[1] Булум — кымбат баалуу товардын, материянын аты.

Элдияр атганып андан ары бастырып жөнөп баратса, сан карабоз козу айдап, буту карганын бутундай, мойну турнанын мойнундай, кара чачы сенселип, кайгырып ыйлап теңселип, бир кыз келе жатат. Боздогон үнүн угуп Элдияр тыңшап тура калды. Кыздын айтканы:

«Суу боюнда жалбызым
Эрманкандын баласы,
Эр Табылды жалгызым.
Жаңырыктуу кыядан,
Жалгыз элең уядан,
Эңилчектүү кыядан,
Элкин элең уядан.
Өлү десем жерде жок,
Тирүү десем элде жок.
Үмүтүм үзбөй жүрөмүн,
Ичим жалын, тышым чок.
Конолголуу куш элем,
Конолгомо жеткинче
Конуп учуп кеткинче,
Кокуй күндү не салдың.
Түнөлгөлүү куш элем,
Түнөлгөмө жеткенче —
Түнөп учуп кеткинче,
Түнөк күндү не салдың.
Ала-Тоо башы кар бекен,
Асмандан учкан зар бекен,
Агасынан айрылган,
Арманын айтып зарылган,
Армандуу мендей бар бекен.
Улуу тоо башы кар бекен,
Уядан учкан зар бекен,
Урмат көрөр кезимде,
Ургаачы мендей бар бекен?!
Оң саамайым секелек,
Он бешке жашым жетелек.
Ойронум абам барында,
Оозумдан сүтүм кетелек.
Козучу болдум калмакка,
Кордук бир мындай өтө элек
Кыз башымда кыйналган,
Кыйкырып күндө ыйлаган,
Кырк акемдин ичинде,
Кымкапка ороп сыйлаган,

Кыйналам абам жогунан,
Кырчындай жанын кыйнаган,
Кырк жигиттин агасы!
Кардыгачтын абасы,
Кыраан жолборс Табылды,
Кыйналганым карачы.
Эми бир ай күтөрмүн,
Бул дартка чыдап түтөрмүн,
Жамандыгың угулса,
Жалынга барып түшөрмүн.
Жалгызым сенден калганча,
Жарынып өлүп бир жолу,
Жаш өмүрүм үзөрмүн».
Деп Кардыгач үн баспай,
Козусун төшкө таяды.
Эки көзү жалтылдап,
Улуу жолду карады.
Ат чалдырган бир адам,
Ким болду деп санады.
Бул сөздү угуп Элдияр,
Барсамбы деп ойлоду,
Табылдынын саламын,
Айтсамбы деп ойлоду.
Күйүттүү болгон куу тумшук,
Мени көрсө ыйлайт го,
Абакем кандай келбейт деп,
Сөзгө ишенбей кыйнайт го.
Колго түшүп кор болсом,
Колунан келбей эч нерсе,
Кокондой пайда кылбайт го.
Аттанып үйгө барайын,
Атамдан кабар алайын,
Анык сөзүн уккан соң —
Анан кабар салайын.
Кардыгачка учурап,
Каалаган ишин кылайын.
Деп Элдияр бастырып,
Жүрүп кетти шашылып,
Кыйла төмөн барганда,
Кыйган терек түбүндө
Бир катын турат жашынып.
Ыңырчактуу кара өгүз,

Жанында турат байлануу.
Мурдунан талга асылып,
Кошок кошкон немедей,
Кокуйлайт катын буркурап
Жалгызым деп бакырып,
Тула бою солкулдап,
Туралбайт катын токтолуп.
Оозунан чыгат көк түтүн,
Ойдогу дарты козголуп.
Жалгызым деп болуктап,
Жаш баладай солуктап.
Жамынганы кементай,
Жаш алып көздөн жоолуктап.
Байкабаган немедей,
Бастырып өттү Элдияр.
Чачыкей шордуу окшойт деп,
Жазгырып өттү Элдияр.
Токойго атын байлады,
Тоорулуп кайра карады,
Абдан таанып алайын,
Ким экен деп санады.
Узап кетти киши деп,
Уңулдайт катын жанагы.
Тааный албай калыптыр,
Чачыкей экен мына бу.

Элдияр тыңшап тургандагы Чачыкейдин айткан сөзү:

«Уяга бирге конгонум жалгыз,
Узунга жолдош болгонум жалгыз,
Ушунтип какшап жүргөнүм жалгыз,
Учурар күнүң болбодуң жалгыз.
Чалкалмакка барарда,
Барба деп нечен торгодум.
Кырк жигитиң ээрчип жалгыз,
Жарагың төөгө комдодуң.—
Эрдик кылып ээлигип,
Элиңе кабар салбадың.
Эч болбосо Табылды,
Энеден экөө болбодуң жалгыз.
Кудайназар какбашты,
Курута чаап албадың.
Куткарып коюп калмактан —

Кууралга анан салбадың, жалгыз.
Калың кара кол алып жалгыз.
Калмакка анан барбадың.
Эч болбосо арман күн,
Эки жашар Шайымбет —
Эр жетип адам болбоду.
Жаш алганың Чачыкей,
Жалынга анан калбады.
Күнүңдү көрөр кезимде,
Күйүттү мага салганың.
Катаган калың элинден,
Хан заада чыккан балбаным.
Эл ичинен эр чыктың,
Элкин жолборс шер чыктың.
Эсен болсоң жалгызым,
Эмнеликтен кечиктиң?
Бала кезде көргөнүм,
Башымды арнап бергеним.
Башыма салбай мүшкүл иш
Бастырып кандай келбедиң.
Жаш кезимде көргөнүм,
Жанымды арнап бергеним.
Жалгыз ботоң Шайымбет,
Жалдыратпай келбедиң.
Боз каркыра болпоңум,
Бозум түлөк шумкарым.
Катаган кыргыз көп элге,
Хан болучу султаным жалгыз.
Капкалуу болот коргонум.
Касиеттүү чолпонум.
Калмакка калкын алдырбас,
Каарман баатыр султаным.
Өлөйүн деймин арымдан,
Өзөгүм күйгөн зарымдан,
Өлө албай куурап жүргөмүн,
Өзүңдөн калган бир туяк,
Шайымбат ботом барынан»...
Деп Чачыкей зарланып,
Акылы кетип сандалып,
Отунун артып өгүзгө
Кетейин деп камданып.
Кементай менен далпайып,



Кейпи кетип салпайып.
Эки тең отун арталбай,
Эчактан бери илешип;
Эси оогандан шалдайып,
Кайра-кайра солуктап,
Камыгып ыйлап болуктап.
Кара өгүзгө отунду —
Араң жүктөп толуктап.
Үшкүрүгү таш жарып,
Үнү чыгып баш жарып,
Үйүн карай Чачыкей —
Жөнөп калды бет алып.
Өгүзүн айдап артынан,
Өзөккө түшкөн дартынан;
«Шайымбет деп сөз козгоп,
Эсине түшүп баласы,
Эми кайра ыйлады.
Эртеңкисин көп жоктоп,
Жалгыз ботом Шайымбет,
Жалдырап кайда турасың —
Тирүүлөй жетим сен болуп,
Жаш чагыңда куурадың.
Эр Табылды атаң жок,
Ээн калып, кулунум,
Эркелер энең үйдө жок.
Калмактардын үйүндө,
Каласың балам бозоруп,
Балдары урса ыйладың,
Балапан башың сыйбадың.
Балаага бүткөн жалгызым,
Байкуш жаным кыйнадың.
Алтыбай мени алам дейт,
Азапка башым салам дейт,
Шайымбет жалгыз балаңды,
Мага тийсең анан багам дейт.
Кенжебай мага тийгин дейт,
Кейибей жакшы жүргүн дейт.
Өлгөнүң көрү калмактар,
Бизди чансаң ушунтип —
Кементайды кийгин дейт.
Эртели кеч эрмектеп,
Эки калмак дердектеп,



Келече кылат күн сайын.
Хан заада атаң Табылды,
Кабарың анык билейин.
Карыганча күйөйүн,
Өмүрүң болсо Шайымбет,
Өрдөтүп адам кылайын.
Өмүр бою күң болуп,
Минтип куурап жүргөнчө —
Өз атамды табайын.
Колуңдан сени жетелеп,
Таякеңе барайын.
Сарымсак башын туурайын,
Саамайым жашка жубайын.
Шайымбет сенин айыңдан,
Саамайым аппак болгончо,
Зар какшайын, куурайын.
Саламат атаң келгенче,
Зарыңды тартып турайын!
Көбүргөн башын туурайын,
Көзүмдү жашка жубайын,
Көк ала туйгун Табылды
Көөнүңдү мен улайын.
Шайымбет сенин айыңдан,
Көп какшайын, куурайын,
Көк жал атаң келгенче—
Күйүткө көнүп чыдайын.
Көргөн күнүм мына ушул,
Күң болсом да турайын».
Деп Чачыкей темтеңдеп,
Өгүздү айдап эңтеңдеп,
Айылга карап жөнөгөн,
Арманын айтып эртелеп.

Элдияр жапсарлуу[1] жерди жабыттап, адырлуу жерди чабыттап, «жалгыз жарым киши таап алып сүйлөшөйүн, бул элди калмактар билип, ою менен олжого кирип калган турбайбы» деп турган эле. Ошондо Кертабылгы атты тааный коюп Чачыкей өгүздү таштап жүгүрүп келип Элдиярды көрүп эси ооп жыгылып-жатып калды. Элдияр Чачыкейдин бетине суу сээп эс алдырып алып, Табылдынын амандыгын айтып турган жери:

---

[1] Жапсарлуу жер — оңой менен көрүнбөс, буйтка жер.

«Башыңды көтөр, Чачыкей,
Баяндайын сөзүмдү.
Салам айтты Табылды,
Ачкын, аяш, көзүңдү.
Аманаттан кутулуп,
Аттанам, бошот өзүмдү.
Жакшылык кабар айтайын,
Жыйнагын, байкуш, эсиңди.
Жаш баладай эркелеп,
Жатып алар кезиңби?
Сүйүнчүмдү айтып кой,
Көрөсүң жыргал кезиңди.
Булакка барып жууп кел,
Кара жаш жууган бетиңди.
Кетилди деген болотуң,
Кербенчиң келип жетилди.
Салам айтты Табылды,
Сардалың элди сагынды,
Сапарда уруш кезинде;
Саадактын огу кабылды.
Ашыгынан тийген ок,
Араң жатып алынды.
Ажыратып бергенбиз,
Алтысан жылкы малыңды.
Абдан айгып кете албай,
Азыр үйгө жете албай,
Акыреттик жолдошуң—
Аз күнгө жолдо зарылды.
Амандыгын уккан соң.
Аяшым —аябассың барыңды.
Айлаң келсе бере көр,
Ажалга себеп дарыңды.
Алты күндө көрөсүң,
Ардагың жалгыз жарыңды.
Аралайсың, аяшым,
Алтындуу капка шаарыңды.
Минесиң буурул жоргоңду,
Киесиң буулум торкоңду.
Хан көтөрөт катаган,
Эр Табылды султанды.
Колуңа аман тийгизем,
Жүрөгүңдө толтоңду.

Узун сөздүн кыскасы,
Ушул болду, аяшым.
Эми—Уста Чал аман жүрөбү?
Ушундан сөздү козгочу.
Амандыгын угайын,
Акылым мен да жыяйын.
Айылга башчы ким болгон,
Аны да айтчы, угайын.
Кырк жигит Эрмек не болгон,
Баарынан кабар айтып бер
Ошону сенден сурайын.
Атамдын жайын угалбай,
Аптыккансып турамын».
Деп Элдияр кыскартып,
Сөзүн тамам кылды эми.
Ботодой көзүн жайнатып,
Чачыкей карап турду эми.
Ишене албай сөзүнө,
Дагы аңгеме курду эми.
«Айланайын Элдияр,
Азыраак сөзүм эми бар,
Жалгыз калган досуңдун,
Дагы кандай кеби бар?
Талаада кантип калды экен,
Же—эл карааны бар бекен?
Досуң калып сен келип,
Же—ашуу да тереӊ кар бекен?
Чымындай жаны соо болсо,
Анча мынча жараатка!
Чыдамы жок жан бекен?
Ушу сөзүң чалабы,
Досуңдун үйү талаабы,
Акылы башта бар болсо,
Ажырап жалгыз калабы?
Элдиярдан айрылып,
Ээн талаа, эрме чөл—
Эрикпей жатчуу балабы?
Акыреттик эки дос,
Ажырашып калбайт деп,
Мен байкуштун талабы».
Деп Чачыкей айтканда,
Элдияр калды эрбейип,

Жаңыдан чыккан сакалы
Бириндеп типтик сербейип.
Алайып көзү тунарып,
Абдан өңү кубарып,
Оозуна каргыш алды эми.
Ачуу үнүн чыгарып:
«Чачыкей аяш не дейсиң?
Сөзгө конок бербейсиң.
Айткан кепке ишенбей,
Арам санап тергейсиң.
Койнунда зайбы сен болсоң
Кол кармашкан мен элем:
Төшөктөш зайбы сен болсоң,
Төштөшкөн досу мен элем.
Алган зайбы сен болсоң,
Анттуу досу мен элем.
Ажалы жетсе Табылды,
Алып калар күч барбы?
Айткан сөзгө ишенбей
Аңтара сурар сиз барбы?
Апыртып айтып келгендей,
Акмак болгон биз барбы?
Жалган айтсам эгерде—
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун.
Алмабаштын огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун.
Жалган айтсам аяшым—
Жалпы олуя дагы урсун,
Табылдыны тирүү деп,
Жалган айтып мен келсем,
Колуңдан берген туз урсун.
Кош олуя дагы урсун»—
Деп, Элдияр айтканда,
Куруп калган Чачыкей,
Чыңырып үндү салды эми.
Чылбырдан кармай калды эми.
«Кечир, аяш, кечир деп,
Мойнуна чылбыр салды эми.
Кагылайын Элдияр,
Ант оозанган тилиңден.
Аттанган сапар күнүңдөн

Аялдык кылып коюпмун,
Ачууңду чыгар көөнүңдөн.
Мен курмандык болоюн,
Бек сүйлөгөн үнүңдөн.
Досуңа кылган ишиңден
Ачууңду чыгар көөнүңдөн.
Мен садага болоюн,
Басып келген изиңден.
Кашкайып күлүп коё көр,
Кагылып кетсин аяшың,
Каалгадай тишиңден.
Катындык кылып кеп сурап,
Калдыбы досуң деп сурап,
Капа кылып койдум бейм,
Кайта, кайта көп сурап,
Кайталап сөздү сурабай,
Көргөндө жалгыз өзүңдү.
Табылды жалгыз досуңду,
Ажырап кайда калган деп,
Аманат жаным чочуңду.
Андан башка кимим бар,
Айланайын Элдияр,
Анттуу досуң Табылды—
Атакемдин төрүндө
Он төртүмдө кошулду.
Кудайым кошкон курбумду,
Эки кайта сүйлөдүң,
Эсендиги угулду.
Атакем кошкон жолдошум,
Энекем кошкон теңдешим,
Эмне жалгыз калган деп,
Эндиреп кеттим, аяшым.
Кечирип кой күнөөмдү,
Жалгызымдын анты үчүн,
Жалбарамын, аяшым.
Эми сөзгө келейин,
Элден кабар берейин,
Эр Табылды досуңдун,
Эсендигин тилейин.
Аяш атам Уста акем,
Аман жүрөт мал башы.
Арам заада чоң калмак,

Алтыбай болгон эл башы.
Эр Табылды кырк жигит,
Чалкалмак көздөй кеткенде:
Элге кабар угулуп,
Жайлоону көздөй көчкөндө.
Кудайназар куу как баш,
Жасоосун курап жабылып,
Жарагын мыктап салынып.
Тил албаган кишини,
Чаап алам деп камынып.
Табылды алыс кетти деп,
Жалгызга ажал жетти деп,
Чалкалмакка кабылса,
Өлбөгөндө нетти деп
Жаккан отун өчүрүп,
Чоң Нарынды кечирип,
Катаган калың элинди,
Кудайназар, Алтыбай—
Айдап алган көчүрүп.
Күн батыш көздөй басканбыз,
Көк-Арттын белин ашканбыз.
Көп айдан бери, аяшым,
Ушундай азап тартканбыз.
Анжыян келип конгонбуз,
Айтканындай болгонбуз:
Алты миң үйлүү катаган,
Алтымыш бээ сойгонбуз.
Алтыбайдай калмакты,
Хан көтөрүп койгонбуз.
Кудайназар как башты,
Аксакал кылып алганбыз.
Урук, урук, бөлүнүп,
Ушундай ишке калганбыз.
Жамааттуу элдер өзүнчө,
Ар жерден конуш чалышкан.
Бет алды кетип ар кайда,
Суу-сууга көчүп барышкан.
Табылдынын бүлөөсүн,
Такыр олжо кылышкан.
Талаанга түшүп ушунтип,
Азапка башты малышкан.
Кыз менен энем кой багат,

Шайымбетти жетелеп,
Аяшың шордуу Чачыкей,
Отун алып, от жагат.
Кементайдын ичинде,
Келип жүрүп жан багат,
Келер бекен силер деп,
Күндө какшап зарланат.
«Тийгин» деп мага калмактар,
Күйөө болуп тандалат.
Мен отунга кеткенде,
Аяш балаң Шайымбет ,
Боз ала болуп шалдырап,
Тамак издеп сандалат.
Кырк жигит кайда, эл кайда,
Кымбаттуу Нарын жер кайда,
Кыраанын экөөң кечигип,
Кыйнаган бизди сен кайда?
Кыйноосун тартып залимдин
Кыйналып жүргөн мен кайда?
Кыскарткан сөзүм мына ушул,
Кыраанындан ажырап,
Кыргыздын баары бейпайда.
Башканы айтып кантейин,
Өз кордугум айтайын.
Көрбөгөнүм көр болду,
Кирбегеним жер болду.
Отун алып, от жагып,
Шайымбет үчүн жан багып —
Мандайым кара тер болду.
Шайымбеттей жалгызды
«Көк бөрү кылып тартам»—деп
Көпкөн калмак октолду.
Аны көрүп турганда,
Жалындап ичим чок болду.
Талап алып жатканда,
Кайрылган киши жок болду.

Деп Чачыкей сөзүнүн аягына чыкпай жашый баштады.

Элдияр зээни кейип, Чачыкейге кайрат айтып, «калган сөз болсо дагы сүйлөшөрбүз аяш» деп өгүзүн айдатып жиберип, аттанып атасы Устанын айлын көздөй бет алып, жүрүп келе жатты.

Кудайназардын балдары жигит жаланы менен ан уулап, кароол карап жүрүп, Чачыкейдин жанынан бөлүнүп келе жаткан Эл-

диярды көрүшүп буйгат жерден бугуп турушуп кармап алышты да, Алтыбай ханга алып барышты. Алтыбай хандын Элдиярдан сураган сөзү:

«Чалкалмак кууп барган эр,
Чар тарапты чалган эр.
Калмакты кырып качырып,
Калың олжо алган эр.
Бириң миңге татыган,
Баарың баатыр балбан эр,
Башкаң келдиң бирөөң жок,
Табылды кайда калган эр.
Кайдан келдиң, Элдияр?
Качып жүргөн жердияр,
Кабарымды уктуңбу,
Кайраттанып чыктыңбы.
Караан кылган досуңду,
Кара жерге тыктыңбы.
Кайда калды Табылды?
Кабарын айтчы мыктыңды».
Деп Алтыбай оолукту,
Ачуусу келип аландап,
Араңда бир аз соолукту.
Аңдабай келип Элдияр,
Азапка эми жолукту.
Элдияр айтат «ханым дейт,
Эч калбады алым дейт,
Табылдыны багам деп,
Тарттым бейм азап жаным дейт.
Айтпасам да Алтыке,
Биздики сизге маалым дейт,
Чалкалмак менен атыштык.
Тамашага батыштык.
Беттеше албай кача албай,
Бир эки ай токтоп жатыштык.
Эрдик кылып Табылды,
Эрегишип көп жатты.
Коркутуп жатып калмакты,
Коротомун деп жатты.
Жер үйдө жатып Чалкалмак,
Табылдыны бутка атты.
Ок тийген буту ырбады,
Табылды атка жүрбөдү.

Эл артынан келүүнү,
Эр Табылды сүйбөдү.
Кырк жигит кетти коштошуп,
Бизге карап жүрбөдү,
Азын көбүн, олжо алып,
Алар үйгө бет алып,
Аттанып баары дүрбөдү.
Табылды жалгыз досум деп,
Жанына мени жүр деди.
Эси оогандан куу тумшук,
Не кыларын билбеди.
Барам деди Таласка,
Сыйынам деди Манаска.
Андан да айла боло албай,
Дартына даба кылалбай,
Эки ай жаттык табыпта
Эшендер ороп мамыкка,
Не кыларын билбедим,
Алты кожо биригип,
Алып кетти досумду.
Көтөрүп алып табытка,
Байкасам дайны чыккан жок,
Сөзүмдү кожо уккан жок.
Бүтүн жерди мен чалдым,
Төгөрөкө мен бардым,
Жата бергин Алты аке,
Каз кайтарар душман жок.
Өөдө ылдый болуп жүрчү элек,
Өткөн иште бушман жок»...
Деп Элдияр басылды
Көтөрүлүп Алтыбай,
Эми кайра асылды.
«Атандын көрү Элдияр,
Кесемин сенин башынды!
Колу бутун байлаңар,
Кишен салып айдаңар.
Ор башына алпарып,
Ошо кулду жайлаңар.
Колун кадап салыңар,
Абама алып барыңар,
Айыл сайын жетелеп,
Элге санат кылыңар.

Табылдынын өлгөнүн,
Такыр баарың угуңар.
Ачууңар келсе жигиттер,
Аябай мыктап уруңар.
Элдияр жалгыз келгенин,
Элге маалым кылыңар».
Деп Алтыбай акырып,
Ачууланып бакырып,
Элдиярды көрсүн деп,
Элдин баарын чакырып.
Карсылдатып урдуруп,
Калкты катар турдуруп,
Атып салам кулду деп,
Мылтыгын октоп сундуруп.
Ажалы келип турганда,
Кайран Уста кары айтып,
Калайыктын баары айтып.
«Жан соога, ханым, жан соога,
Жалпы журтка бир соога,
Кашык канын сурайбыз,
Ханым сизден чоң соога».
Деп чуркурап калың эл,
Бакырыкты салышып,
Баары тегиз барышып,
Элдиярды бошотуп,
Ажалдан алып калышып,
Тартип көрсүн бир аз деп,
Эрмектин жаткан үйүнө,
Казган ордун түбүнө,
Алып барып салышып,
Табылды өлүп калды деп,
Таластан кожо алды деп,
Алты кожо бир эшен,
Табытка салып барды деп.
Айтып келди Элдияр,
Жалган айтчу жанбы деп,
Хандан кабар алышып,
Катагандын баарысы,
Жашы менен карысы,
Караны башка салышып,
Жашынып ыйлап күлүшүп,
Жаман болду катаган,

Жалгызга дуба кылышып.
Жалпы кыргыз элинин,
Мууну бошоп шылкыйып,
Жадыраган киши жок,
Эси ооганда булардын,
Элдияр менен иши жок.
Күнүсү өлгөн Алтыбай,
Күлкүсү чыгып бейли ток.
Карыган Уста бүкчүйүп,
Капа болуп чүкчүйүп,
Кандай заман болот деп,
— Калмак бизге хан болду,
Канткенде бу журт оңот деп...
Кара жемсөө ит эле,
Калкка колун салат деп,
Карабай жетим, жесирге,
Кулданып такыр алат деп.
Катын алган жеринин,
Калыңына барат деп,
Ууру менен көз ачкан,
Каракчы болуп кан чачкан;
Кудайназар уулунун —
Башынан берки адат деп.
Элдин баары кеп кылып,
Эми алдык деп бек кылып,
Элдияр тирүү бар болсо —
Эбин табар калмактын,
Эр эле деп шек кылып.

Чачыкей отунун жүктөп алып, кара өгүздү айдап келип калды. Алтыбай, Чачыкейди чакыргып алып кеп сурай баштады «Кана, Чачыкей келин, отун алган жериңден киши-кара көрдүңбү, кандай кабар уктуң»? деди.

Чачыкей «Жогунуз, хан аке, киши-кара көрбөдүм, эч кандай кабар укпадым», деп эки көзү алаңдап коркуп жооп берди. Ошондо Алтыбайдын Чачыкейге айтканы:

— Сен укпасаң мен уктум,
Элдиярды көрүпсүң,
Эрмек болуп берипсиң.
Жалгыздын жайын уккан соң,
Жашооруп мага келипсиң.
Табылдынын кабарын,
Анык угуп билсем деп,
Анан сага тийсем деп,

Убада кылган жериң бар.
Ак ордого кирсем деп.
Ханга токол болсом деп,
Кастарланып оңсом деп,
Каргадай болгон жалгыздын,
Кабарын анык уккан соң
Качпай моюн сунсам деп.
Катын да болсоң сөзүң бар,
Кантесиң эми, Чачыкей —
Карап көрчү эсиң бар.
Элдияр келди элине,
Элдин келген жерине,
Эзилишип сүйлөшүп,
Кангандырсың кебине.
Жалгызың Талас барыптыр,
Жалдырап эстен таныптыр,
Алты кожо, бир эшен,
Табытка аны салыптыр.
Тагдыры жетип жалгызың,
Талаада өлүп калыптыр.
Талап киймин алганы,
Табытка салган кожолор,
Көрсөтпөй кетип калыптыр.
Айтып келди Элдияр,
Атайлап өзү көмө албай,
Досунун жүзүн көрө албай,
Акылы жок Элдияр
Ак келте алып келе албай,
Алты катар чопкуттан
Алтын олпок чоң калкак,
Аларын чечип ала албай.
Алдырыптыр кожого
Аяшың беттеп бара албай.
Келиним, мени сүйөрсүң,
Кебимди угуп күйөрсүң.
Кетиптир жалгыз жолдошуң,
Келин да болсоң, Чачыкей,—
Кечикпей мага тиерсиң.
Керсеңдесең, кызалак,
Кементай кийип жүрөрсүң.

Алтыбай сөзүн бүтүрдү. Чачыкей көзүнүн жашын төгүп жооп айта албай эшикке карап жөнөдү. Алтыбай «менин дегенимди эки кылгысы бар, жооп бербейт» деп аябай сабаттырды.

Чачыкей кызыл ала канга боёлуп Кудайназарга барды. Ал жакшы көөнү келип, жалпак тилин салып: «эми балам өлүүчү, өлгөндөн жесир калуучу, аны иниси алуучу, андан көрө Алтыбайга тийип алып Шайымбетти жакшы багып, Табылдыга аш бердирип-эрке токол болуп-элди өзүң билип, жалгыздын өлүгүн туз көмгөндөй, тууганы жоктой кылбай катарга кошуп койбойсуңбу» деди.

Чачыкей жооп бербестен, көргөн кордугун, жеген таягын көңүлүнө түйүп, Элдиярды кандай да болсо ордон бошотуп кетирүүнүн акылын ойлоп, уктабай таңды аттырып, умачтай көзү ачылып, өгүзүн токуп алып отунга кете берди. Ал түнү жатып, Кардыгач бир жакшы түш көрүп, «Жеңеме жоорутайын» — деп токойду карай көзүсун жайып, Чачыкейдин артынан барып айтып турганы:

— Айланайын жеңеке,
Түндө жатып түш көрдүм,
Бир ажайып иш көрдүм:
Кайнаган калың эл көрдүм,
Кара чаар шер көрдүм.
Кайып болгон абамды,
Калк ичинен мен көрдүм.
Арчатору ат көрдүм,
Алтынын чачкан март көрдүм.
Ак өргөөнүн ичинде,
Алтын тактын үстүндө,
Абамдын көөнүн шат көрдүм.
Кырк жигит ордо атыптыр,
Ордодо сака жатыптыр,
Отуруп чертип чүкөнү,
Абакем кумар жазыптыр.
Тегеректеп калың эл,
Тамашага батыптыр.
Бул эмне болуучу,
Бул түшүмдү жоручу?
Ак боз бээни союптур,
Алты канат ак үйдө
Ак желек сайып коюптур.
Ак кийизге олтуруп,
Ак ала сакал бир адам,
Айылдын ханы болуптур.
Бул эмне болуучу,
Бул түшүмдү жоручу?
Каз элечек бүркөнүп,
Катарлап төөсү чиркелип,
Эркек бала өңөрүп,
Жеңекем көчтү баштаптыр.

Катарланган төөсүнө,
Калың килем, ак сандык,
Калайлуу кумган жез чөөгүн—
Баарын жүктөп таштаптыр.
Бул эмне болуучу,
Бул түшүмдү жоручу?
Боз жорго минип болкулдап,
Болгон ичик ак кымкап,
Буларды кийип энекем,
Көчтү жандап жылжытып,
Көрүнгөнгө ченгелдеп,
Алтын күмүш ыргытып,
Түлкү ичигин белсенип,
Түрлөнүп кыйын теңселип.
Бөрү ичигин белсенип,
Энекем элди баштаптыр.
Бул эмне болуучу?
Бул түшүмдү жоручу?
Куурап жүргөн мен байкуш,
Кундуз бөрк кийдим башыма
Шуру бермет аралаш,
Тагындым мончок чачыма.
Ак тубар көйнөк кынама,
Алып кийдим боюма.
Алтын саптуу айбалта,
Алып турдум колума.
Бул эмне болуучу?
Бул түшүмдү жоручу?..
Деп Кардыгач айтты эле,
Чачыкей туруп жооп айтат:
«Айланайын бийкечим
Ушул көргөн бир түшүң.
Өңүң болсун» деп айтат.
«Кайнаган калың эл көрсөң,
Кара чаар шер көрсөң,
Шер колдогон абакең
Хан Табылды келиптир.
Какшап жүргөн биз байкуш,
Катарга башы кошулуп;
Тилегин кудай бериптир.
Арча тору ат көрсөң,
Аның сонун түш экен.

Ардактап баккан бууданың,
Арчатору өзү экен.
Алтынын чачкан март көрсөң,
Айылга абаң келиптир.
Бей бечара жетимге,
Алтын күмүш зар берип,
Ар түрдүү тукум мал берип,
Ак батасын алыптыр.
Абаңдын көөнү шат болсо,
Ашыгында жарасы,
Азыр айгып калыптыр.
Ар түрдүү дары жагыптыр,
Балакети кетиптир,
Бала кезден колдогон
Баатыр абаң келиптир.
Кырк жигит ордо атышса,
Кайрадан башы куралат.
Хан абакең баш болуп,
Калкынын көөнү кубанат.
Ордодо сака жатканы,
Ошол абаң эмеспи.
Отуруп чертсе чүкөнү
Душманын бирден кыйратып,
Журтун курайт, эмеспи.
Тегеректеп калың эл,
Бир кумардан канышса:
Түлөө кылып катаган
Түтүнү булайт эмеспи.
Кудайназар какбашты,
Колун кесип копшошуп,
Сойгон малга окшотуп,
Бутун кесип муунаптыр,
Душманын эттей туураптыр.
Желектей болуп жаркылдап,
Элдин багы ачылып,
Жетим, жесир бечара —
Эрки менен дуулаптыр.
Ак кийизге олтурса:
Абакең элди билиптир.
Аяш атаң эле деп,
Артык көргөн адамын
Хан көтөрүп катаган

Бизге бакыт тийиптир.
Кырк чилтен жардам бериптир
Кыраанын абаң жаркырап,
Калкына аман келиптир.
Каза элечек бүркөнсө,
Катарлап төөсү чиркелсе:
Багы ачылып жеңекең —
Баатыры колго тийиптир.
Кадимкидей жаркырап,
Калкка кызмат кылыптыр.
Кемигени толуптур,
Кербени үйгө келиптир.
Кетилгени жетилип,
Кемтиги жок болуптур.
Катарлап төөсү чиркелсе:
Тогуз бирдей уул тууп,
Ак байбиче болуптур.
Бактысы башка конуптур.
Кундуз бөрк кийсең башыңа,
Абакең аман келиптир.
Кере карыш камчат бөрк,
Жеңекең жасап бериптир.
Шуру бермет тагынсаң;
Багың өсүп барктанып,
Баатыр абаң шаттанып,
Көөнүң өсүп чоңоюп,
Көркүң чыгып оңолуп —
Көп жашайсың, бийкеч жан;
Ак тубар кийсең боюңа,
Алтын саптуу айбалта,
Алып жүрсөң колуңа:
Казан асып, үй тигип,
Калың кара той кылып,
Калк ичинде теңиңе
Берет экен абакең —
Өмүрлүк жолдош коз болуп,
Экөөндүн багың чоң болуп,
Өзүң курдуу тең элден
Таалайың бийик оң болуп.
Баарыдан көөнүң жай болуп,
Бактың ашып, бийкеч жан
Бар шайманың шай болуп,

Ушу көргөн түшүндө,
Урматың абаң көрөсүң
Бир жуманын ичинде».

Кардыгачтын түшүн түгөтө жооруп — Чачыкей Элдиярды көргөнүн, өзү таяк жегенин, Кардыгачка айтып, Элдияр—Эрмекке катты жазып, дасторконго тамак түйүп, тамакка кошуп кат түйүп, ордо жаткан Элдияр менен Эрмекке бермек болушуп эки айылдын ортосунан эл уктаганда бирин бири табышмакчы болушуп жер болжошуп коюшту.

Кардыгач козусун айдап, Чачыкей отунун артып, көңүлдөрү шат болуп жүрүшөт.

Айыл тегиз жатканда, көнөчөккө май алып, дасторконго нан алып, кырк кулач, кыл аркан алып, колго чырак шам алып, ордун башынан арканга байлап Элдияр—Эрмекке салып жиберишти. Өлүксалык болуп жаткан Элдияр—Эрмек бул келген тамакты ичишип, катты окушуп, «эми шүгүр өлбөйт экенбиз» деп Кардыгач менен Чачыкейге кайра кат жазып жиберишти; ошондогу Элдияр—Эрмектин сөзү:

«Айланайын Кардыгач,
Чачыкей бизге сен аяш,
Анттуу досуң Табылды,
Бул бешөөбүз уялаш.
Кас душмандын зордугун,
Кара ниет бетпактар;
Калкка кылган кордугун.
Катыңды окуп биз көрдүк,
Кардыгач менен Чачыкей —
Кайратыңдын молдугун.
Туугандык жайын билдиңер,
Тамак алып келдиңер.
Минип качар ат барбы,
Муну эмне дейсиңер?
Кер Табылгы ат барбы,
Кетире турган ал барбы.
Кетсек дейбиз биз качып,
Кеңеше алар жан барбы?
Кеңеште Уста чал барбы?
Кечке жүрсө чарчабас,
Кермеде күлүк мал барбы.
Киерге олпок тон барбы,
Кирерге даңгыл жол барбы,
Кишинин жолун тосуучу,
Кийлигишер кол барбы?
Жообун бергин Кардыгач,

Жок, бар болсо, буларды...
Орду менен айтып бер,
Ок-дары, жарак шаймандар,
Меникин калмак колго алды.
Ошону кантип алабыз,
Ойлонгула буларды...
Айткандын баары бар болсо,
Аларга жолуң шар болсо,
Аткаргыла жаткырбай,
Кытайдын кызыл дарысын,
Калмактын кара дарысын,
Кайсы түндө келесиң?
Кардыгач менен Чачыкей
Калды го Табыл жалгызым.
Болжолдуу күндөн калганда,
Болбойт го менин барышым.
Даяр алып келиңер —
Жазгандардын баарысын».

Кардыгач менен Чачыкей, бул катты окушуп эки түн өтүп—үчүнчү түн болгондо, КерТабылгы менен Алтыбайдын АлаТоо деген атын айтылган дарылардын баарын алышып, Элдиярдын жарак-шаймандарын ордун башына алып келип, арканга кат байлап салып жиберишти. Элдияр—Эрмек катты окушуп, кайраты толуп, ордон чыгып эки күлүктү экөө минип, Кардыгач, Чачыкей менен коштошуп-жүрүп кетишти. Экөө минтип кеңешишти: Эрмек токойдо калмакчы болду, Элдияр эки атты алып Табылдыга карай чу койду. Эрмекти Чачыкей бакмакчы болду. Ошентип Элдияр жөнөп кетти.

Эми сөздү Табылдыдан угалы: Табылды, Элдиярды колтуктап аткарып, кол кармашып коштошуп Нарындын башы Кара ташта жалгыз жатып калган. Карасуунун боюнда калың токойдун жээгине Арчаторуну танап жип менен аркандап коюп, Алмабашты октоп, кылычын жанына коюп, ак каңгы жастап, башына ак тердик салып, астына, чалап чайкап ичип жата берген.

Күндөрдөн күн өтүп, беш күн, беш түн өтүп алтынчы түн болгондо—эси эндиреп, жарааты күчөп, жаны кысталып айтканы:

Атаңдын көрү дүнүйө,
Арбыды жараат күнүгө...
Агын суунун боюнда,
Агарган таңды көрө албай,
Арманым айтып жатамын.
Айсыз караан түнүнө,
Алдадан жардам болбосо,
Азаптуу менин үнүмө.
Же угулбайт үнүм элиме,

Элим тургай жериме...
Эгемден жардам болбосо,
Жан кыямбы жалдырап,
Ээн талаа жеринде.
Айбан да болсоң жаныбар,
Арчатору жолдошум.
Арманын айтып эч пенде —
Адамда мендей болбосун.
Аталаш бууган болсо да,
Арбак урган куу как баш,
Кудайназар оңбосун!
Жараатым кетти чабылып,
Ашыгымдын шишиги,
Алача белге жабылып.
Жанымдагы чалапты,
Алып ичер дарман жок.
Ээн талаа эрме чөл,
Жалгыз калар мен белем.
Аймагымдан айрылып,
Элдияр качан келет деп,
Эки көзүм таңылып;
Эсим ооп турганда,
Эч көрө албай зарылып.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Эл ичинде мен болсом,
Тегеректеп турбайбы,
Эс алдырып жалынып,
Энекем байкуш турбайбы.
Мойнуна курун салынып,
Кең Нарындын боюнда,
Кечүү токой оюнда,
Калың бадал түбүндө
Кара суунун четинде,
Керез айтып калам деп —
Келбеген менин оюма.
Кыймылдаарга чамам жок,
Кубатым калбай боюма
Катаган биздин эл кана.
Кара-Тоо коргон жер кана?
Кырк жигит Эрмек дос кана.
Кыйналган жалгыз жаш бала,
Эрмек болор киши жок —

Ээн жатам талаада.
Чымырканып алайын,
Чындап кайрат кылайын,
Чымындай жаным чыкканча,
Чыңалган шишик жарага,
Чыдагансып турайын.
Деп Табылды чыйралып,
Эки жагы жыйналып.
Таң атканча уктабай
Карап жатты кыйналып.
Таң агарып сөгүлдү,
Тал, терек жарык көрүндү.
Күндүн нуру чачырап,
Жер бетине төгүлдү.
Эр Табылды жалгыздын,
Жарааты шишип чыңалып,
Жаны кейип кыйналып,
Жалдырап карап жатты эле.
Калың талдын ичинде,
Кара суунун четинде,
Ак Теректин башында,
Табылдынын кашында
Күкүк куш үндү салганы.
Арасынан чубуруп,
Бирге келди балдары.
Төрт балапан ээрчитип,
Чыйпылдак деген боз чымчык,
Чогуу учуп барганы.
Күкүктү көрүп Табылды
Күүлөнүп сөздү салганы,
Күйүтү түшкөн ичине
Табылдынын арманы.
Күкүк-күкүк-күкүк деп,
Күкүк салды добушун.
Күйүттө жаткан Табылды
Күкүктүн тыңшайт обонун.
Чыдай албай үн салып,
Биле албаймын күкүк куш,
Гүлүстөн кандай болушун.
Күкүк деген обонуң,
Кулагымдан кетпеди.
Күкүк сындуу Табылды

Күрдөөлдү элге жетпеди.
Төрт баландай Шайымбет
Жалгызын санап дегдеди.
Күйүттүү дартка кез болуп,
Күймөнө[1] албай жатамын,
Таңдайым кургап жатамын,
Кыймылдоого чамам жок —
Жалгыздан айла кетти эми.
Жумуртка чайкап чоң кылган,
Чубалай көрпө тон кылган,
Кызыл эт багып чоң кылган,
Кырмызы бычып тон кылган.
Ак эмчегин эмизген,
Албан тамак жегизген.
Түн күзөтүп эмизген,
Түрдүү тамак жегизген.
Шекер десем—бал берген,
Суусасам шербет жал берген.
Мамыкка багып уктаткан,
Адам кылып чоңойткон,
Ар шайманым оңолткон.
Ардагым энем кайда экен?
Күкүктөй сайрап үн баспай,
Күйүттүү капас жайда экен.
Энекеме кез болсоң;
«Табылдынын үнү деп
Тар эле көргөн күнү деп,
Айтар күнүң бар бекен?
Кыз да болсо жөлөгүм,
Кыйналганда дем берген,
Кардыгач менин өбөгүм.
Уядан бирге учкамын,
Айттырбай сөзүм укканым,
Эмчектеш жалгыз медерим
Эркекче кубат берерим.
Бир курсакта жатканым,
Каралды кылып бакканым,
Мен үчүн жандан кечкеним,
Билбеймин кайда кеткенин.

[1] Күймөнө албай — айыга албай, көтөрүлө албай, оңоло албай жатамын дегени.

Чалкалмак жылкым алганда,
Табылды жөөлүп калганда,
Кырк үч буудан ат алып,
Аш бышымда жеткеним.
Жылаңайлак жылаңбаш,
Жылкы артынан барганым.
Намызымды кетирбей,
Кыйноого башын салганым.
Кызматы менен көтөргөн,
Кырк жигиттин арбагын.
Калалуу колдой көрчү элек—
Кардыгачтын жардамын.
Калмакты кууп артынан,
Калың олжо түшүрүп,
Калтырдым далай малдарым.
Кардыгач алып келбесе,
Карыш жерге баргандай —
Ат табалбай калганмын.
Кабылып жоонун огуна.
Калкымды көрбөй зарладым.
Кардыгач үнүн уга албай,
Калабы ичте арманым...
Жаныбарым күкүк куш,
Жатканымды көрсөңчү.
Куш да болсоң түшүнүп,
Айлыма кабар берсеңчи.
Ардагым жалгыз Кардыгач
Агаңдын жайы мындай деп,
Айтуугa туура келсеңчи.
Ажал жетип күн бүтсө,
Айлымда жатып өлсөмчү.
Чымындай жаным барында,
Чыркырап турса жанымда,
Жалгыз боорум жан күйөр —
Кардыгач жүзүн көрсөмчү.
Оозумду ачып өпкөнүм,
Көзүмдү ачып көргөнүм,
Жалгызга караан болсун деп;
Жараткан кудай бергеним.
Колун сунуп талпынып,
Кожодон тумар тактырып
Чоң энеси байбиче,

Ырым кылып качырып.
Бүрөөнүн көзү тиет деп
Эки жашар болгуча,
Коңшусуна бактырып,
Калкым калың той союп
Байлардын баары бээ союп,
Кедейлер куру калбастан,
Түтүнүнө кой союп.
Этекке салып энекем,
Элден бата алганда,
Атын коюп бергин деп
Алдына алып барганда,
Калк ичинде карылар
«Шайымбет» деп ат коюп,
Жетимге энчи мал берип,
Жесирге кийим, тон берип,
Дубана менен балчыга
Садага кылып пул берип.
Кирдүү кийим кийгизбей,
Киши үйүнө киргизбей,
Ардактап баккан Шайымбет
Төрткө жашы толду эле,
Беш жашка кадам койду эле.
Болуктугу баланын
Он жашардай болду эле.
Жалгыз балам Шайымбет,
Алы кандай болду экен?
Аман эсен бар бекен?
Жаныбарым күкүк куш —
Андан кабар берсеңчи.
Куш да болсоң жаныбар,
Кабар алып келсеңчи?
Баламды айтып кантейин,
Бир жашымдан бириккен—
Бир эмчек сүтүн эмишкен,
Бир төшөккө жатышып,
Тай кулундай тебишкен:
Алты жаштан өткөндө,
Тай кунан минип эңишкен,
Он төрт жашка чыкканда,
Кырк жигит болуп куралып,
Кылган иши сыналып...

Эл ичинде душмандын,
Куралган колун жеңишкен.
Катаган элин колго алып,
Калың элге жар салып,
Атагы чыгып даңктанып
Атамдын ашын беришкен.
Кадыр көңүл калышпай,
Ушу убакка келишкен.
Чалкалмак жылкы алганда,
Чарчабастан жоо сайып,
Калмакты сайып олжо алып,
Кайтып элге келишкен,
Каяша берген душманды,
Катыгын туздай беришкен.
Кермеге күлүк байлаган,
Жарагын күндө шайлаган
Кекенишкен душманды —
Кез болот менен жайлаган.
Бууданын жемдеп байлаган,
Барандын ичин майлаган.
Баш талашкан душманды,
Балтыркандай жайлаган.
Жазасын жоонун бермекке,
Кырк баатыр бир чыкканбыз
Казат кылып келмекке.
Кабарга кетип Эрмек жок,
Кайтканы кайра келмек жок.
Катаган кыргыз көп элден,
Кайрылып кабар бермек жок.
Элдияр, Эрмек досум жок.
Эч нерсе сүйөр кушум жок.
Эмне сайрап жатасың,
Жаныбарым күкүк куш,
Эл журтум түшүп эсиме,
Ичим бир жалын тышым чок.
Адам заттан мен жалгыз,
Канаттуудан сен жалгыз.
Катагандан мен жалгыз,
Бедерлүүдөн сен жалгыз:
Бек задаадан мен жалгыз.
Уядан учса балапан,
Убара баары тең жалгыз,



Ушундай арман айтуучу
Убайым тарткан кем жалгыз.
Канатыңа кат жазсам,
Куйругуңа мөөр бассам,
Катымды алып көтөрүп —
Кара Тоону сен ашсаң.
Катымды берип элиме
Кабарын алып тез кайтсаң.
Кайыптан жардам болду деп,
Канагат кылып мен жатсам.
Эң акыркы айтарым,
Он алтымда кошулган,
Ошондон бери бир жашап,
Опаалаш[1] болуп олтурган
Жаш алганым Чачыкей,
Санаасы кыска жан эле,
Саргарып өңү азгандыр.
Жалгыз балам Шайымбет,
Ар кимге көзүн саткандыр.
Энеси менен баласын,
Эл тынч болсо, Чачыкей
Эптеп-септеп баккандыр.
Калмактардын кайгысын,
Чачыкей байкуш тарткандыр.
Ушуну айтып Табылды,
Күрмөөгө тили келбеди,
Күйүтүн канча айтса да;
Күкүк куш жооп бербеди.
Эси оогандан Табылды,
Эми жатып тердеди.
Акылы кетип алсырап,
Ашыкта жараа чатырап,
Толукшуп бою узарып,
Томукта жараа кызарып.
Бөйрөгү согуп бүлкүлдөп,
Бөлүнбөй шишик килтилдеп.
Кара сан күпчөк тунарып,
Кайраты кетип суналып,
Кызарган беттен кан кетип —
Калыптыр өңү кубарып.

[1] **Опаалаш** — туздаш, даамдаш, кадыры бир-бирине сиңген адамдар.

Таркатарга дары жок,
Талаалап шишик чыңалып.
Кылмурутун имерип,
Кылгыртып көзүн чиренип,
Кара бойдон тер кетип,
Катуулап онтоо дем кетип.
Эр Табылды жатпайбы,
Каза тапчуу немедей.

Эмдиги сөздү Элдиярдан угалык. Элдияр күндөп, түндөп, «болжолдуу күндөн өтүп кетпесем экен» деп шашып жүрүп келе жатты.

Бууданды минип эңтендеп,
Катуулап жүрүп Элдияр,
Калбай бүгүн жетсем деп,
Акыреттик досумду—
Аман-эсен көрсөм, деп.
Арманым ичтен кетпейт го,
Ажалың жетип өлсөң деп...
Ар кайсыны бир санап,
Ат үстүндө ыкчамдап,
Айласы кетип жетүүгө.
Алды-артын карап кылчаңдап.
Кертабылгы күлүккө
Камчы басып жүгүртүп.
Кызып калган бууданды
Кырдалуу жерге түйүлтүп.
Кыяматтык досумдун,
Кыпындай жанын көрсөм деп.
Кырк чилтенге жалынып,
Жамандык жагын ойлосо,
Жаш төгүлүп көзүнөн—
Жайсыз барып калдым деп.
Жабырды тартып алдым деп
Жашырынып барбастан,
Калмактан кордук көрдүм деп.
Болжолду күндөн бат келбей,
Мен кечигип келдим деп.
Аман болсо Табылды
Алдымдан тосуп чыгар деп
Бараткамым көргөндө,
Баш көтөрүп турар деп.
Кокустан жалгыз жан берсе,
Антың мени урар деп.

Эси чыгып элдиреп,
Этеги учуп делбиреп.
Элдияр жакын келди эми,
Эки көзү чакчайып,
Кертабылгы күлүктүн,
Дабышын билип алды эми.
Арчатоору жаныбар,
Аңгырап үндү салды эми.
Дабышты билип алыптыр.
Ошондон үндү салыптыр.
Көлөкө болуп жалгызга,
Күн жагын тосуп алыптыр.
Бетине чымын кондурбай,
Куйругун шыйпап калыптыр.
Сүйлөйүн десе тили жок,
Окуранып ормоңдоп,
Оңураңдап калыптыр.
Ашыгып келген Элдияр,
Атка көзүн салды эми.
Ачып көздү жумганча,
Табылдыга барды эми.
Табылды жатат суналып,
Таноосун кыпчып кубарып.
Эси чыгып Элдияр —
Аттан түштү куланып.
Бутун шилтеп баса албай,
Араң жетти буралып.
Көзүнүн жашы мөндүрлөп,
«Жалгызым эмне болдуң» деп.
Башын жөлөп Элдияр
Жаныңа азыр келдим деп
Колтугуна кол салып,
Коркконунан үн салып,
Шишикти көрүп үрпөйүп,
Колунан тартып бакырып,
Кошо өлөрмүн айрылбай —
Табылды деп чакырып.
Алкымдан жыттап Элдияр,
Айкырып ыйлап жатты эми,
Мурдуна дары жыттатып,
Жараатка дары жапты эми.
Аш бышымча болгондо,

Араң көзүн ачты эми.
Көзүн ачып караса:
Элдияр турат жанында.
Ороп койгон таңуу бар,
Табылдынын санында.
Бара түшүп эс алып,
Байкап карап көз салып.
Баатыр жыйнап акылын;
Баштакысын эске алып.
Элдияр келген экен деп,
Эсин жыйып бекемдеп.
Колун сунуп эңкейип,
Элдиярга жетем деп.
Колунан кармап көрсөм деп,
Мойнунан жыттап өпсөм деп.
Сүйлөй албай баш чайкап,
Көрө коюп Элдияр —
Ышаратын бул байкап.
Кыса кармап колунан,
Орой кармап мойнунан,
Эки дос калды жытташып.
Сүйүнүшүп ыкташып,
Чай кайнамга мемиреп,
Жаткандай болуп укташып.
Аш бышымга өбүшүп,
Абдан жакшы көрүшүп.
Ажырашты эки дос —
Араңда жатып бөлүнүп.
Табылды калды эс алып,
Айыккандай көрүнүп,
Дарысы жагып калды бейм
Кара терге чөмүлүп —
Эти жумшап былбырап,
Шишиген жерлер кыбырап.
Тула бойдун тамыры,
Жан киргендей чымырап.
Табып болуп Элдияр,
Улам жабат дарысын,
«Эм болуп» кетер бекен» деп —
Дарынын сыйпайт баарысын.
Күнү-түнү төрт күндө,
Шишиги тарап шимилди.

Көп дарынын баарынан,
Жагып жатат ким билди.
Өлөт деген Табылды,
Өөдө болуп тирилди.
Табылды сүйлөп кеп сурап,
«Эрмегиң кана», деп сурап,
Аман бекен калың журт,
«Шайымбет аман барбы» деп...
Кардыгачты көп сурап.
«Саруурат[1] болдум Эрмекке»,
Сагындым аны көрмөккө.
Айыгат элем бул дарттан,
Ошонун жытын жыттасам,
Жатпас элем өңгөчө
Деп Табылды айтканда;
Канжыгада көйнөктү
Элдияр алып келди эми.
Кан аралаш кир болгон,
Көйнөктү алып берди эми.
Табылдыга ушуну —
Эрмек досуң бер деди.
Ала коюп Табылды —
Жакасынан көйнөктүн,
Жыттап жатып калды эми.
Бир аш бышым болгондо,
Бууга алгандай терដеди.
Тердеген сайын оңолуп,
Жараатка моюн бербеди.
Айтчы Элдияр сөзүңдү,
Эрмек кандай келбеди?
Көйнөктүн каны кандайча?
Баянын айтып бер деди.
Эл журттан кабар берүүгө,
Элдияр сөзгө келди эми.
Айланайын Табылды,
Аман көрдүм көзүңдү.
Ак калпак кыргыз элиңдин,
Амандыгын билгизип,
Айтайын эми сөзүмдү.
Катагандын калың журт,

[1] Саруурат болуу — көрүүгө зар болуу, көздөн учуу.

Элиң аман жатыптыр.
Каарман жолборс кырк жигит,
Чебиң аман жатыптыр.
Карыя Уста баш болуп
Эриң аман жатыптыр.
Улуу-кичүү, кары-жаш,
Калкың аман жатыптыр.
Ургаачы эркек өспүрүм,
Жалпы аман жатыптыр,
Карындашың Кардыгач,
Дагы аман жатыптыр.
Кадырлашың Чачыкей. —
Жарың аман жатыптыр.
Каргадай жалгыз Шайымбет,
Зарың аман жатыптыр.
Кудайназар абакең —
Жердин баарын чалыптыр.
Жерге көзүн салыптыр.
Жергелүү кыргыз элиңди,
Бүт көчүрүп барыптыр.
Жайлоосу экен кең Алай,
Кыштоосун айтсам бир далай.
Кыргызга конуш кылам деп,
Кызмат кылган Алтыбай.
Көчкөн эл Көк-Арт ашыптыр,
Көп жердин жолун басыптыр,
Көчүргөнү быяктан
Көл башында Чалкалмак.
Чаап алат деп качыптыр.
Азирет айтып мазарга —
Айыл барып конуптур.
Ар өзөндө бир айыл,
Эркин жатып оңуптур.
Алтыбайды катаган,
Хан көтөрүп коюптур.
Аяш энем жарыктык,
Алачыктай семирип —
Ат көтөргүс болуптур.
Кардыгач жүрөт камыкпай,
Кара болуп жабыкпай,
Шуру бермет тагыптыр,
Кыялы менен Кардыгач,

Кыз да болсо абамдын
Көңүлүнө жагыптыр.
Андай мындай жүргөндөн,
Айбыкпайт өзү кыз болуп,
Анжыяндык бир мырза,
Куда болуп кетиптир.
Айылга келип туш болуп,
Жаш алганың Чачыкей,
Чий бурчу[1] кийсе жарашат;
Алтыбай менен Кенжебай —
Күндө бирөө алам деп,
Чачыкейди талашат.
Шернеге тамак кылдырып,
Жорого бозо сундуруп,
«Чачыкей жакшы» деп койсо —
Калган экен бузулуп.
Жалгыз балаң Шайымбет,
Күндүзкүсүн карасаң ,
Абасынын мойнунда,
Түнүңкүсүн карасаң:
Энесинин койнунда.
Айылдуу киши кой сойсо,
Ашыктуу жилик колунда.
Короолуу киши кой сойсо,
Колколуу жүрөк колунда.
Эркетай өсүп калыптыр.
Абасынын доорунда,
Эрмектин шайын айтайын:
Эрдиги күчөп толуптур.
Эл ичинде кадырлуу,
Эбегейсиз болуптур.
Көк Артты ашып барганда,
Көпчүлүк жамаат конуптур.
Самаркан, Кокон шаарынан,
Сандаган кошун келиптир,
Сайыша кетип Эрмегиң,
Аларды кууп жеңиптир.
Ошондо калың урушта,
Жалаң көйнөк кийиптир,
Жазганбай жоого кириптир

[1] Чий бурчу — бышык, кооз материянын аты.

Кым куут болуп жүргөндө,
Башына кылыч тийиптир.
Жаралуу болуп жүрсө да,
Талкалап жоону сүрүптүр.
Калың кыргыз элине,
Катарга башы кириптир.
Ушу кезде Эрмегиң, —
Жоо беттетпей жол чалып,
Чолосу тийбей жүрүптүр.
Ошондо кийген көйнөгү,
Эрмегиң мени көрбөдү.
Көйнөгүн алдым үйүнөн,
Эрдигин анын көргөнү.
Көрсөтмөккө өзүңө,
Алып келдим бергени.
Эрмектин зайбы аманат,
Сизге алпарып бер деди.

Деп эл кабарын Элдияр айтып бүттү. Табылды бул сөздөрдү угуп, толукшуп, териси кеңип болукшуп, «биринчи кудайга, экинчи Кудайназар абама ыраазымын» деп кубангандан киймин чечип, жараатын көрдү. Шишиги таркап жарааты бүтө жаздап айгып калган экен, ошондо Табылдынын айткан сөзү:

— Ыраазымын кудайга,
Кудайназар абама.
Эркелетип көз салса,
Энем менен балама.
Элин жакшы жашаткан,
Алтыбайдай агама.
Катаган элин кайтарган,
Душмандын мизин майтарган,
Кырк жигит, Эрмек баатырлар;
Силерге башым садага.
Айланайын Элдияр,
Ушул сөзүң чын болсо,
Уга турган сын болсо,
Менден арман калабы.
Эрмегим баатыр, тың болсо,
Элин багып душмандан —
Кармаган жолу чың болсо.
Эртели-кеч айтарсың,
Дагы калган сыр болсо.
Элдин эби кетпейби,

Эрегишип чыр болсо.
Ошентип душман жеңилет,
Баш кошуп баары жым болсо,
Жазганбайбы душмандар,
Жакын келбей ким болсо,
Бул оорудан өлөрмүн,
Бул оорудан өлбөсөм —
Абаке жүзүң көрөрмүн.
Каруум казык болгунча,
Башым токмок болгончо,
Кызматың кылып берермин.
Айтканың кабыл алармын,
Армансыз болуп калармын.
Алал кызмат мен кылып,
Алтыбай сындуу агама,
Ак ниетим салармын.
Айлымды бөлбөй айлыңдан,
Агалар сага жагармын.
Аттан түшпөй мал багып,
Ар тарапты чалармын.
Кыргызды багып жайкалган,
Катаган элин бай кылган,
Энекемди жүдөтпөй
Оокатын толук шай кылган.
Кардыгачты өстүргөн
Кайгысыз багып көптүргөн.
Шайымбетти Абакем,
Айырмачын токутуп,
Ала жорго мингизип,
Аркасынан ээрчитип
Ашты, тойду көрсөтүп,
Көмкөрө ээрин токутуп,
Көк ала жорго мингизип,
Көлөкөдөй байкушту,
Көчкө ээрчитип жүргүзүп
Атасы жоктой кылбастан
Ардактап багып өстүрүп...
Айланайын Элдияр
Менде арман калабы.
Жакшы кабар угуздуң,
Жан досум сага ракмат.

Табылды калкынан көңүлү тынып, эл кабарын Элдиярды угуп, сөзүнүн аягына чыгып, «досум эми бир аз эс алып жата деп тынчтанып калды.

Элдияр эки, үч күндөн бери өзү уктап тынчтанбай, Табылд алаксып, аты эсинен чыгып кетиптир. Аттын ээрин алып, терин рып, оңдоштуруп келейинчи деп атына барса: Кертабылгы м Арчатору кашынышып, жалдын алдынан жытташып, эриндерин быратып бир биринин мойнунан башын арта салып, сагынышкан туруп калышыптыр. Элдиярды көрүп көзүн оттой жайнатып, октой жаратып, адамдай эстүү жаныбар сүйлөшүүгө тили жок тартып, окуранып мойнун сунду.

Муну көрүп Элдиярдын жашып кетип айтканы:

— Айланайын жаныбар,
Ар кимдин сүйгөн малы бар
Арчатору бууданга,
Учурашпай эмгиче,
Аңкоолугум дагы бар.
Айгып калды Табылды,
Ак жолтой буудан чагы бар.
Ардактап сени багабыз,
Ырыстуу малсың багы бар,
Айбандан башка мал элең,
Маңдайыңдын шамы бар.
Көзүң оттой жайнаптыр,
Ичиң октой жараптыр.
Арканыңды узартып,
Көз салып сени багууга —
Табылды эстен таныптыр.
Кара жаны кысталып,
Карай албай калыптыр.
Учурашып сылабай
Узартып аркан улабай
Маңдайыңды сылабай,
Байкап сени карабай.
Тарынгансып калдыңбы,
Айланайын бууданым.
Эркетан өскөн баладай,
Айбан да болсоң тууганcың.
Арчатору буудансың.
Жайбырлап жорго баскансың.
Шагылдуу тоону ашканда,
Чалкалмак жылкы алганда,
Буудандар кошо барганда
Күлүктүн баарын ээрчитип,

Бизге карай качкансың.
Эр Табылды баатырга,
Тулпардык менен жаккансың.
Ээн талаа токойдо,
Эригип карап жаткансың.
Чымын-чиркей кондурбай,
Көгөөнгө канын сордурбай,
Күнгө бетин күйгүзбөй,
Күн аптабын тийгизбей,
Көлөкө болуп бетине,
Табылды жаткан жеринин
Жакын келип четине
Адамдан бетер асырап,
Айбан да болсоң баккансың.
Тили жоктон турасың,
Тиктегениң байкасам
Далай тарынч айтмаксың.
Кертабылгы курбуңа,
Айткандырсың муңуңду.
Улутунуп карадың,
Унутпаймын муңуңду.
Окуранып койгонуң,
Ого эле шумдук угулду.
Айбан да болсоң жаныбар,
Алдың белем муунумду.
Элдияр айтып бул сөздү,
Маңдайын сылап буудандын
Көзүнөн өөп жалынып,
Көрүшүп бир аз турганы.
Соорусунан сыласа
Жаныбар—карап калат кылчаңдап,
Танабын чечти түйүндөн
Агытып койсо жаныбар,
Так секирип түйүлгөн.
Оюн салып дардаңдап,
Оңураңдап сүйүнгөн...
Айбандын көөнү ачылса,
Аны көрүп Элдияр —
Бук болуп калган экен деп,
Муңайып ичи күйүнгөн.
Ушундай иштер болуптур,
Илгерки өткөн дүйнөдөн.

Элдияр жатты эс алып,
Эсин жыйып тынчтанып.
Уктап калды баатырлар,
Ушундай сонун кеп салып.
Эртең менен болуптур,
Тура калса жапжарык.
Турду баатыр Табылды,
Туйгун куштай түр салып,
«Жаныма кел» деп чакырып,
Элдиярга үн салып,
Эки дос кайра жытташты,
Эриккенин чыгарып.
Тоо башы күлдү күлүңдөп,
Учуна сары күн чалып.
Жалгызы экөө болушту,
Жайды баптап коюшту.
Тамаша сөздөн салышып,
Тамагын ичип тоюшту.
Ай балта, кылыч эгешти,
Абдан жатып кеңешти.
Ээн жаткан Нарынды,
Эки дос жатып ээлешти.
«Ай жарымы, жаталык
Аркар кулжа аталык,
Таксыз айгып оорудан—
Анан элге кайталык.
Эриксек элик аталык,
Эрикпесек жаталык.
Бууруксак бугу аталык,
Буурукпасак жаталык.
Ашууга чыгып баралык,
Ар тарапты чалалык.
Аңдып жүргөн жоо болсо,—
Абдан чаап алалык,
Аюу, жолборс, бугу атып,
Кумардан жакшы каналык.
Мууңданып тыңданып
Жаракты мыктап чыңданып,
Катагандын артынан—
Калкты көздөй баралык».
Деп эки дос кеп баштап,
Дүнүйөңү кең таштап,

Чатыраш ойноп даңк салып,
Чай кайнатып бал салып,
Элдияр чыгып кез-кезде,
Барып келет жол чалып.
Жол чалганда Элдияр,
Жолдон аркар кулжа атып.
Табылдынын жегени,
Аркардын семиз эти бар.
Бир жуманын ичинде,
Таза айыккан кези бар.
Оронуп жатып тердээрге,
Эчкинин кандуу тери бар.
Табылды баатыр бул дарттан,
Таза болгон чени бар.
Экөө бирдей аттанып.
Бир жүргөнгө шаттанып,
«Болжолдон калбай келдим деп
Ар уруу дары бердим деп,
Айыктырып аткарган,
Анттуу досуң менмин деп».
Тамашалап Элдияр
Табылдыга мактанып.
Тамашалап күлүшөт,
Оюндун жайын билишет.
Он беш күнчө эки дос,
Ошон этип жүрүшөт.
Табылды таза болсун деп,
Таамай күчкө кирсин деп,
Кубаты мыкты толсун деп,
Кадимкидей болсун деп.
Алмабаш түздөн атсын деп,
Алингир жаа сыр жебе —
Алыска болжоп тартсын деп.
Күрөшкөн жоону жыксын деп,
Күйүтүм ичтен чыксын деп,
Күрөшөрүм Алтыбай,
Күкүмдөп жерге тыксын деп.
Күрөшкөн жоону жыксын деп
Кайгым бир ичтен чыксын деп,
Кармашарым Алтыбай —
Талкалап жерге тыксын деп.
Табылдынын кабарын,

Далай эл сонун уксун деп.
Алпарармын элине,
Анжыян бетин жердеген —
Аталаш душман кегиме.
Аман болсо кыргызды,
Алып кайра келебиз.
Атбашы, Нарын жерине.
Деп Элдияр ойлонуп
Алаксытып жан досун.
Ар күнү сонун кеп баштап,
Алдап жүрөт кебине.
Кылычтап терек чаптырып,
Кыя чапса жактырып.
Кыя чаап кетпесе,
Дагы үч күндө эс ал деп,
Терек чапма тапшырып,
Түптүү терек сайдырат.
Койдой кара таш байлап,
Жерден энип алдырат.
Кокустан колдон түшүрсө,
Бир өргүтүп жаткырат.
Алаксытып оюнда,
Ар өнөргө маш кылат.
Эрмектешип эки дос,
Эртели кеч каткырат.
Эриксе элик атышат,
Эрикпесе жатышат.
Буурукса бугу атышат,
Бул кызыкка батышат.
Эчки, теке атты эми,
Эрмектешип жатты эми.
Этинин желин тартсын деп,
Эки тери жапты эми.
Териге түшүп Табылды,
Ысыктанып жатты эми.
Зоокада сонун сур эчки,
Үч жылдан бери туу эчки.
Атып келип Элдияр —
Табылдыны жаткырып,
Териге алып тердетип.
Теринин желин тарттырып,
Он беш күн багып талаада,

Баатырдын күчүн арттырып.
Калыбына келтирип,
Канын оңоп жеткирип.
Багып жүрөт жан досун —
Кандуу жаңы эт берип,
Табылды таксыз айыкты,
Баштагыдан эттенип.
Күчү кабат толду эми,
Күрөшөр кези болду эми.
Каруусу кабат толду эми,
Кармашар кези болду эми:
Койдой турмак үйдөй таш,
Жерден эңип алды эми.
Түптүү терек сайганда:
Түбү менен оңкоруп,
Үй ордундай чым менен,
Кошо саят томкоруп.
Багып жүргөн Элдияр;
Кубатын көрүп кубанып.
Кумарын ичтен чыгарып,
Токтолбой кетер кез болду —
Душманга барып кол салып.
«Барсак бейм элге деп жүрөт,
Кудайназар как баштан
Курута чаап өч алып,
Эмне айтар экен» деп —
Эр Табылды досуна.
Элдияр баштап сөз салып,
Эми кайда барабыз,
Айтып берчи Табылды
Бир жарым айча өргүдүк,
Эч иш кылбай тынч алып.

Табылды Элдиярдан анык кеңеш угуу үчүн айткан сөзү:

Акыреттик Элдияр-досум,
Айта турган сөзүм бар досум.
Акылдашып кеңешип досум,
Аттансак эми эби бар,— досум.
Анык сырың сен айтчы — досум.
Ак калпак кыргыз эли бар—досум,
Ай талаада биз жаттык—досум
Ай жарым болгон чени бар — досум.

Айыктым таксыз оорудан—досум,
Алыма кирдим абыдан — досум.
Алпарар жагың кайсы жак, досум
Айтчы сөзүң жаңыдан,
Менин бир айтар кеңешим,
Уксаң бир айтып беремин, досум.
Көңүлүңө жакпаса,
Көпкөн бала дебегин.
Көзүңдү көргөн кеп эмес,
Артык сөз бизге эп эмес.
Көңүлүмдөн кетпеген —
Өзүң бир менин медерим.
Элдияр, Эрмек досторум,
Эзелден бирге кошконум,
Эби жок болсо бул сөзүм,
Элигип тилдеп тоспогун.
Элге сен кеттиң, мен калдым,
Эригип жалгыз мен жатып;
Оорудан азап мен тартып,
Нечен күнү боздодум,
Элиңдин жайын кайтадан—
Эми бир кайра козгогун.
Кырк жигит менин жолборсум,
Кыяматтык жолдошум.
Кыргыздын жайын сен айтып,
Кызык бир сөздү козгодуң.
Кыйналып жаткан Табылды,
Кыпындай жаным коштодуң.
Кыялы жакшы абам деп,
«Кудайназар агам» деп,
Кызматын артык мактадың.
«Катагандын калың эл,
Хан көтөрүп алды» деп,
Алтыбайды жактадың.
Мен чынымды айтайын,
Алдыңа кеңеш тартайын.
Анык бир сырың айтып көр,
Абдан угуп жатайын.
Менин көргөн түшүмдө,
Бул кеңеш бар ичимде,
Кудайназар абакем,
Аталаш менин чоң акем,

Ак санаачу киши эмес,
Аны билбей калгандай,
Табылды досуң ит эмес.
Алтыбай адил хан эмес —
Акылы толук жан эмес.
Аны билбей Табылды,
Акмак чалыш бала эмес.
Кырк жигит жатар эби жок,
Кырылса керек шеги жок.
Кыраан баатыр Эрмегим,
Менден кабар албастан;
Жатып алар жери жок.
Жалгандан адам өтөбү?
Жарым-жарты кеми жок?
Калың эл жатпай канетсин,
Кармашарга бели жок.
Башында жалган айтсаң да,
Эми чынын айтып бер,
Калп айтыштын эби жок.
Мурдагы сөзүң чын болсо
Эрмегим элден тың болсо,
Эстебей эми коёбу,
Эл ынтымак жым болсо.
Эч болбосо Кардыгач,
Сени менен келбейби,
Менин жайым көрбөйбү?
Бир тууганын унутуп,
Күйөөлү болуп дегдейби?
Береги—ээрдей белдин наржагы,
Мен жетпөөчү жердейби?
Жаасы менен Көк-Артты,
Ашалбай калчу белдейби?
Алтыбайдын кадыры,
Катагандын элине—
Как эле досуң мендейби?..
Алты миң түтүн катаган,
Алышар баатыр жок болсо,
Алдына түшүп бербейби!
Бөрүгө койду жардырып,
Мөөнүн иттер жебейби!
Эл ичинде бузуктар,
Эбин таап кирбейби.

Эмне болсо мейли деп —
Эси жоктор жүрбөйбү.
Калктын көөнү ток болсо,
Кайгысы ичте жок болсо,
Элдин көөнү жай болсо,
Эрки өзүндө бар болсо:
Эл сураган Алтыбай —
Эң эле адил шер болсо,
Калпы жок сөзүң чын болсо
Калктан көңүл жым болсо
Экинчи айтар кеңешим;
Ат өргүдү, семирди,
Азамат сергип элирди.
Оорусу айгып, соо болду,
Чалкалмактын кылганы
Жүрөккө муздуу тоо болду,
Деп Табылды сөз айтат,
Чалкалмакты эстесе,
Кызыл өңүн муңайтат.
Элдияр күлүп каткырып,
«Эптеп сырым билди эми.
Ичтеки сөзүм айттырып,
Ишенген эмес турбайбы,
Мурунку айткан сөзүмө.
Эр Табылды досумдун,
Ичинде экен көп сыры
Кызыгандан айтты бейм,
Карабоор, куу тумшук,
Кайталап сурайт ант кылып».

Деп ойлонуп Элдияр, «Табылдынын оюю менен коё берсем, калмакка баралы деп убара кылат, ошондуктан урушумуш болуп коёюн» деп айткан сөзү:

Ачуу келген немедей,
Айбаттуу түрүн салды эми.
Алая карап досуна,
Айтмак болуп калды эми.
«Эр Табылды жан досум—
Эрдигиң бар да эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок.
Эки катар сыр сурап,
Бул жерде—эсинен танган киши жок.
Ар кайсыны бир сурап,

Акмак кылар кишиң жок.
Каргадайдан бир өсүп,
Канча жалган айтканмын?
Карыганча ишенбей —
Кайталап сөзду салганың.
Бир нерсеңди бүлдүрүп,
Зыянымды тарттыңбы?
Же—душманыңды тууган деп,
Туюкка сени салдымбы?
Мактап келип агаңды,
Балекетке калдымбы?
Барсаң чынын көрөрсүң,
Балаңды алып өбөрсүң,
Байкабай калып абаңды,
Башка элге салам берерсиң.
Тарынчысын айтканда,
Такыр уят болорсуң.
Энеңди көрүп ыйларсың,
Эркелигиң кыларсың.
Элиңди көрсөң сен барып,
Менин айткан сөзүмдүн
Чын, төгүнүн билерсиң;
Чалкалмакка барбаймын,
Чалгындап жылкы албаймын.
Эми эки айга тентиреп,
Элге барбай калбаймын.
Сен кетпесең мен кетем,
Элге барып мен жетем.
Жалганчы болуп жүргүчө,
Жалгыз жүрүп күн кечем...
Сөзүмө досум ишенбейт,
Кетпегенде канетем?»
Деп Элдияр айтканда:
Табылды күлөт шаңкылдап,
Шаттанып сүйлөп жаркылдап,
Бала жолборс түрдөнүп,
Шумкар куштай үмдөнүп,
Тарынып калды досум деп,
Так кетирбей сүйлөнүп:
«Кантер экен деп айтсам,
Калмактын жайын мен айтсам,
Коркуп кеттиң белем да;

Тамашалап кеп айтсам.
Талаалык сөздү мен айтсам,
Тарынып калдың белем да.
Чыныңды айт деп кайрадан,
Такып сурап сени айтсам,
Ишенбей кантип коёюн;
Элдияр сенин сөзүңө —
Илгертен бери жан досум,
Ишимди бердим өзүңө.
Кандай десең маакулмун,
Кабагың аччы кичине,
Жол талашып калганда,
Жолто болот кишиге.
Буруу терүү ойлонуп,
Бук салбагын ичиңе.
Өлгөн жанды тирилткен,
Өчкөн отун тамызган,
Өзүңдөн бөлөк ким эле
Өөдө кылып тургузган.
Айтканыңды кыламын,
Алпарсаң элге барамын.
Абакеме учурап,
Ак батасын аламын.
Аман барсак айылга,
Алтыбайды сыйлаймын.
Ак боз бээни соёмун,
Алтыбайга кеңешип,
Элдияр сындуу досумду —
Увазир кылып коёмун.
Ирделдүү жигит, күлүк ат,
Элден жыйнап аламын.
Кыргыздын чебин кайтарган,
Кыраанын өзүм боломун»
Деп Табылды күлүндөп,
Кырк жигит менин иним деп.
Элдияр, Эрмек эки дос,
Айым менен, күнүм деп...
Миң кишилик сүрүң деп.
Баш кошсок аман баарыбыз,
Бөлүнбөй биз бириндеп,
Өзүң бил кайда барарды,
Аламын досум тилиң деп...

Табылды айтып калды эми,
Танабын тартып Элдияр,
Сөзгө кулак салды эми.
Элин көздөй эки дос,
Жүрө турган болду эми.
Талаада бир ай жатышкан,
Жалгыздык зарын тартышкан.
Калкын карай бет алып,
Кара тоону чет алып,
Кыргызды көздөй жол тартып;
Кыраандар жолдо кеп салып.
Агыны катуу суу кечип,
Ашуусу бийик тоо ашып,
Келе жатты эки дос
Алда канча жол басып.
Көк-Артты ашып келишти.
Көңүлдү элге беришти.
Көзүн салып жан жакка,
Жердин түрүн көрүштү.
Ал аңгыча болбоду,
Көк ала тоонун боорунда,
Көп кой келет жайылып.
Көк өгүз минген бир адам,
Артынан келет чаңырып,
Көрөмбү сени жалгыз деп,
Көзүнүн жашын агызып.
«Көз катканда көргөнүм,
Көк ала туйгун береним,
Көп зарылтып энеңди,
Элиңе кандай келбедиң?
Көргөнүм жалгыз сен элең,
Энеңден кабар билбедиң,
Көп айдан бери кечигип,—
Көзүмдөн учтуң дүйнө күн»...
Сарала тоонун боорунда,
Сан кой келет жайылып,
Самсаалаган бир адам,
Зарланып ыйлап сабылып,
Зарыкканда көргөнүм,
Табылды деп чаңырып,
«Сапарга кетип кулунум,
Сагынттың элди булбулум.

Келсенчи жоктон табылып,
Санаамды басар күн барбы?
Сардалым келип кабылып.
Сайышып калмак жоо менен,
Же—калдыңбы торго чалынып.
Ушуну айтып бир адам —
Муңканган үнү эң жаман.
Кулагын салып Табылды —
«Муңдуу үндү тыңшаган.
Каңырыгы түтөгөн,
Кордугу ашып күчөгөн,
Кандай курган неме эле,
Кайгыга калып жүдөгөн?
Ашынган экен арманы,
Ар ишти ичке салганы.
Муңканган үнү байкуштун,
Кулагымдан калбады.
Токточу бир аз, Элдияр —
Ушуга чыгып баралы.
Какшатты менин сөөгүмдү,
Калбаптыр эч бир дарманы,
Кандай да болсо ушунун,
Капасын ачып салалы».
Деп Табылды муңайып,
Атынан түшө калды эми.
«Айланайын, Элдияр —
Кандай курган жан эле,
Канткен муңдуу үн эле.
Бул—жердин бетин бербеген,
Кайсы байдын малы эле.
Жалгызынан айрылып,
Жалдырап жалгыз калгандай.
Бу кандай шордуу жан эле»
Деп Табылды муңайып,
Аттан түшө калды эми.
Муну байкап Элдияр,
Атынын башын тартты эми,
Табылдыга сурданып,
Элдияр мындай айтты эми:
«Аттанчы, досум Табылды,
Баладан жаман кыялың,
Бастырып жолдо жүрсөң да,

Байкап сөздү угасың.
Сапарда кетип баратып,
Калбайт да сенин сурагың.
Койчунун ырын текшерип,
Сурак кылар кез барбы?
Талаага түшүп отуруп,
Эриккен малчы ырдайбы,
Эрмегин айтып жыргайбы.
Илгерки өткөн заманда,
Муңун айтып зарланган,
Эски кошок турбайбы.
Эр Манастын кезинде.
Калмак кыргыз чабышкан,
Оң келгени бир бирин,
Ойрон кылып салышкан!
Ошондогу ыр экен,
Койчулар ырдап калышкан.
Табылды аттуу сандан көп,
Жалгызым деген миңден көп,
Хан чабуулу болгондо,
Кан төгүлгөн жинден көп.
Какшанып калган ар пенде,
Капалуу болуп жүргөн көп.
Калмакка сапар барган көп,
Калк ичинде балбан көп.
Каза жетип күн бүтсө,
Кан төгүлүп калган көп.
Кан заманы кезинде —
Казат! деп элди көп кырган—
Жалгызынан айрылып,
Кайгысын тарткан арман көп.
Ээн талаа жеринде,
Элге барар кезинде,
Эрмегин айткан койчудан,
Эмне түштү эсиңе?»
Деп Элдияр айтканда,
Ишенип калды Табылды.
Илгеркинин ыры деп,
Түшүнүп калды Табылды.
Мына досум жүрү деп,
Арчатору бууданга,
Аттанып алып бастырып,

Жолуна салды Табылды.
Улуу өзөндүн боюнда,
Учту сеңир оюнда,
Сан карабоз козу айдап,
Бир адам жүрөт зарланып.
Табылды менен Элдияр —
Бара турган жолунда.
Көп козусун айдаган,
Көзүн жаштап сайраган.
Арманын айтып ыйлаган,
Адамдын жанын кыйнаган.
Мөндүрлөп жашы төгүлгөн,
«Алдыбызда көрүнгөн.
Кардыгач болуп калбасын?
Кабыргасы сөгүлгөн,
Кабылып калса Табылды —
Кайгыга мени салат го!
Калпым чыгып бул жерде,
Көңүлүнө алат го».
Деп Элдияр ойлонуп,
Эсин жыйнап толгонуп,
Мунайым жакшы эмеспи —
Муну сөзгө салайын.
«Алаксытып баланы,
Адаштырып алайын.
Өйүзгө чыгып суу кечип,
Өзөн ылдый бастырып,
Кардыгачты чакырып,
Калың токой ичинде —
Досуна алып барайын».
Деп Элдияр кеп салып,
Катуу үнүн чыгарып,
Карбаластап Элдияр,
Каймана сөздөн бек салып.
Куудул сөз айтып күлдүрүп,
Суу бойлоп төмөн жүрдүрүп,
Курбу чак алма жыгачка,
Атын байлап түшүрүп.
— Айланайын Табылды,
Азыраак жатып тынч алгын,
Кашаттан дүрбү салайын,
Кайда экен айыл карайын,

Карыя Кудайназарга —
Кабылан сени ээрчитип,
Калбастан бүгүн барайын.
Кара суута чөмүлүп,
Мен да эс алып алайын...
Деп Элдияр айтты эми,
Талыкшыган Табылды,
Көлөкөлүү даракка
Көшүлүп уктап жатты эми.
Курбунун үстү кашатка
Элдияр басып барды эми.
Калың токой кашка жол,
Аны карап калды эми.
Токойдон чыкты бир адам.
Ким экен деп санаса,
Кементай кийип талпайган,
Кер өгүз минип шалдайган.
Эки тең отун артынган,
Эрбейип жалгыз бастырган,
Эртели-кеч жол карап,
Эки көзүн талдырган.
Табылды жолун караган —
Талдырып көзү жадаган.
«Качан келет төрөм» деп
Талаптанып санаган.
Отун алып, от жагып,
Ого эле кыйын жадаган.
Шайымбет багып саргарган,
Күнүгө отун алпарган,
Табылды деп үн баспай,
Күкүктөн бетер какшаган.
Күйүткө башын дел кылып,
Күнүгө ыйлап какшанган.
Кашка жол менен бастырган,
Какшаалдай отун артынган,
Какшап жүрүп күн кечип,
Кандуу жүзүн station
Чачыкей окшоп көрүндү,
Анык таанып алган соң,
Элдияр баатыр отуруп,
Кабыргасы сөгүлдү.
«Кайгыдан качан чыгабыз,

Ушу көргөн кордук зар,
Өңүмбү менин түшүмбү»
Деп Элдияр ойлонуп,
Токойго көзүн салды эми.
Дүрбүсүн алып толгонуп,
Токойдун калың жеринде,
Эки суунун аралда,
Эч ким көрбөс бадалда,
Эрбеңдеген бир адам,
Элестенет чамамда.
Эрмек го ушул жүргөн деп,
Элдияр карап отуруп,
Тааныды муну араңда,
Жаткан экен Эрмек деп.
«Жан калкалап бөлөк» деп,
Табылдыны көргөндө —
Таанып аны көрөт деп,
Кайра басты Элдияр.
Табылдыны ойготсом
Ушу жерге келер деп,
Табылдыга барды эми.
Тарткылап баатыр калды эми.
«Токойдо жүрөт бир адам,
Ошого дүрбү сал деди.
Эр экениң билейин,
Айра таанып ал, деди.
Мен карасам көрүнөт,
Отун алган чал деди».
«Кана, кана, кана деп,
Ошону айра таанысам,
Баатыр деп мени сана деп
Карбаластап жүгүрүп,
Кабыландай бүгүлүп.
Тааный калган эмедей,
Карап калды сүйүнүп.
Он эки бурап жандырган,
Оозуна жакут салдырган,
Күнчүлүк жерден салса да,
Көздөй көрүп чоң дүрбү,
Көз кумарын кандырган.
Он эки бурап жеткирип,
Оң көзүнө келтирип,

Табылды карап калды эми,
Токойду карап чекчийип,
Эрмекке окшош көрүндү.
Ормоюп калды шекшинип.
Кайрадан оңдоп карады.
Жыланач турат баягы.
Анын кабыргасын карады,
Аркан бою келди бейм,
Тартылып жердин танабы.
Абдан таанып алган соң;
«Айланайын Элдияр,
Эрмек экен мынабу!
Көйнөгү жок жыланач,
Тебетей жок жылаң баш,
Төрт элидей болуптур,
Башындагы карачач!
Ал турмак, колунда сынык тагы бар,
Башынын айрык агы бар.
Кызыл жүзү бозоруп.
Кыл муруту узарып,
Кыйналган окшойт Эрмегим.
Калыптыр көзү кызарып,
Аттанчы ылдам баралык,
Андан кабар алалык!
Көрүп туруп Эрмекти,
Олтуруп кантип алалык».
Деп Табылды кумсарып,
Ачуусу келип сумсайып,
Атка минип эки дос —
Токойго кирди жол салып.
Чытырман калың бадалды,
Аралап кирди аларды.
Бир баласын ээрчиткен,
Көрдү булар маралды.
Атайын деп Элдияр
Саадагын алып камданды.
«Атпачы досум маралды,
Марал кылбайт залалды,
Батыраак барып көрөлүк,
Жанагы жүргөн адамды.
Эрмегим окшоп түгөнгүр,
Эки бөлдү санаамды.

Балалуу марал турбайбы,
Аны атса кудай урбайбы.
Жетим калса баласы,
Темселеп куурап калбайбы.
Элеңдеп жалгыз жүргөндө,
Жырткычтар аны албайбы
Ардактаган жалгызы,
Атадан жетим калбайбы»...
Деп Табылды шашылып
Кишини издеп ашыгып,
Эрмек угуп дабышын
Көрө койду буларды.
Калайын деп жашынып,
Жашынгыча болбоду,
Атчандар жакын келишти,
Эрмекти булар көрүштү.
Эрмекти көрүп Табылды —
Эсинен танып кетпеспи...
Эрмек калды жалдырап,
Карап калды алсырап.
«Эрмексиңби бер кел» деп
Табылды сүйлөп сөз сурап,
Таанып коюп баатырды
Эрмек чындап буркурап.
Сагынышкан үч баатыр
Баарысы ыйлап чуркурап.
Жыланач Эрмек канетсин,
Тула бою дирилдеп,
Туралбай сөзгө зыркырап.
Эр Табылды барды эми,
Эрмекти кысып алды эми,
Ажыраткан киши жок,
Кыяматтык үч курбу,
Кучакташып калды эми.
Болукшуп ыйлап баатырлар,
Кол кармашып көрүшүп,
Карап алып бир бирин,
Кара көздөн жаш агып,
Кучакташып эришип.
Аш бышымдан алыска
Сүйлөшпөйт сөзгө келишип.
Кеп айтууга камданып,

Өпкөсү көөп Эрмектин,
Өрөпкүп турат демигип.
— «Эр Табылды сенсиңби,
Эсен аман келдиңби?
Жүгүрүк чалыш кунаным,
Катын, бала кор болуп,
Кайгыңды тартып, бууданым —
Караанынды мен көрүп,
Кабагым ачып турамын —
Кагылайын Табылды.
Карачы, мен куурадым,
Колум сынып азынып —
Душмандан калдым басынып.
Орго салды эки айча.
Көрсөтпөй элден жашырып.
Элдияр келди үстүмө,
Мойнуна аркан асынып,
Үч түнөп андан качканбыз.
Токойго келдик жашынып,
Табылды аман дегенде —
Жүрөгүм калган басылып.
Өзүңдү эми таанибай,
Эсим ооган курган жан,
Калбадымбы шашылып.
Жүрөгүм мокоп калыптыр,
Кудайназар какбаштын,
Кордугу өтүп ашынып,
Өңүмбү — менин түшүмбү?!
Экөөңдү көрүп турамын,
Кабагым эми ачылып.
Өзүң көргөн кайрат жок,
Башымдан акыл кеткен бейм,
Капалыктан чачылып,
Куткарып кудай мээнеттен,
Кубантар деп турамын
Кууралдын белин ашырып».
Ушуну айтып Эрмек дос, —
Эрээркеп ыйлап мууну бош.
Эчкирип кетет куурагыр,
Көзүнөн кетип мончок жаш.
Бул сөздү угуп Табылды,
Айран азыр калды эми

Айтчы Элдияр кандай кеп,
Аныктап баян кыл деди...
Мойнуңа аркан асынган,
Качангы сөзүң бар? деди.
Эрмектин сөзүн түшүнбөй,
Болуп турам дал деди.
Досум айтчы чыныңды,
Деле—санааркатпай өзүмдү.
Жолдон муңдуу үн уксам,
Жолотпойсуң Элдияр,
Жооткотуп сөзүңө
Тоотпойсуң, Элдияр!?
«Кудайназар жакшы деп,
Энеңди жакшы бакты» деп,
Кубулжутуп сөзүңдү,
Коздойсуң, Элдияр.
«Эрмегиң баатыр болду» деп,
Сүйүнтөсүң, Элдияр.
Элде душман бар десем
«Ишенбейсиң мага» деп —
Түңүлтөсүң, Элдияр.
Илешпеймин сага деп,
Эрмектин сөзүн сен айтчы
Аягында минетип,
Күйүнтөсүң, Элдияр.
Эптей албай калпыңды,
Аны муну бир айтып,
Күлүңдөйсүң, Элдияр.
Калмактан көргөн дарт кана?
Кыяматты болжошкон,
Катуу айтышкан ант кана?
Калпыңдын чети угулду —
Карачы, досум, аз кана?!
Эмчектеш болгон сүт кана?
Эрдикти кылган күч кана?
Элимди айдап көчүргөн,
Эрмекти колго түшүргөн
Энем, балам, журтумду —
Эзип жүргөн ит кана?!
Ээн жерде сурасам,
Эки кайта сурайт деп,
Ээрчитпеймин сени деп,

Эрегишкен сиз кана?
Кең Нарындын башында,
Мазар кара ташында,
Жаралуу болуп мен жаттым,
Багып турдуң кашымда.
Алты миң түтүн кыргыздан,
Анттуу досум экөөңсүң,
Ашыкпай бала жашында,
Эрмектин көргөн кордугу,
Элимдин көргөн зордугу —
Катагандын малын жеп,
Айдап жүрүп баарын жеп,
Калмактын карды тойдубу?
Айтчы сөзүң угайын,
Аттанып эми чыгайын,
Кудайсыган иттерди —
Кудукка мен да тыгайын.
Туурасынан өңөйүн
Бул кордукту көргүчө
Кордугу өткөн калмактын
Шамшарлап канын төгөйүн.
Ажалым жетсе ошондо,
Алышып жатып өлөйүн!»
Деп Табылды оолугуп —
Ачуусун тыйып соолугуп.
Элдиярдан кеп сурап,
Карап турду сөз угуп.
Устанын уулу Элдияр,
Кебелбеген кул экен,
Кең акылман уул экен.
Табылдынын сөзүнө,
Берген жообу бул экен:
Эрманкандын баласы
Эр Табылды сен элең,
Эки жашта кошулган,
Эзелки жолдош мен элем.
Эмчекти бирге эмишкен,
Энелешим дээр элем.
Эрегишкен душманга,
Эрдигим сага тең элем,
Эл кабарын чын айтсам,
Ээлигип кетме эр элең.

Элинде өзүң турганда,
Эпкин тийбес чеп элең.
Артык жериң бар эле,
Бирок — убадага бек элең.
Аныгын угуп сөзүмдүн,
Анан мени жемелең.
Катагандын элине,
Кара-Тоодой бел элең.
Касташкан калмак душманды,
Каптап кетчү сел элең.
Карып мискин жетимге,
Казыналуу кең элең.
Кудайназар чал менен,
Атаң бирге туугансың,
Алтыбайдай калмакка ,
Ар кандай кызмат кылгансың.
Алардын кылган чоңдугун,
Ар качан кечип тургансың.
Биринчисин айтайын:
Эрменкан атаң өлгөндө,
Эл чогулуп көмгөндө,
Өзүң тогуз жашында,
Саамайың бар башында
Жесир калган энеңден
Жетим калган өзүңдөн,
Энчим бар деп мүлк алып,
Малыңды бөлүп үч алып,
Кан агызган көзүңдөн.
Экинчисин айтайын:
Атаңдын ашын бердирбей,
Айылды жамаат кондурбай,
Кербенди жолго жүрдүрбөй,
Кеңешти элге кылдырбай,
Айылдын четин туурдап
Ашка арнаган малыңды,
Алып турган уурдап.
Беш жылга ашты бердирбей,
Бээң сойгон мууздап.
Үчүнчүсүн айтайын:
Өзүңдүн он төрт жашыңда,
Эрманкандын ашында,
Байгени алган зордуктап.

Баатырлык кылып кордуктап,
Мойнуңа чылбыр салганда,
Муунтуп тыгып алганда,
Кырк жигит жалпы барганда,
Карсылдатып калмакты;
Өзүңдү ажыратып алганда.
Коркконуңдан кой берип,
Кошомат кылып мал берип,
Бул күнөөсүн кечкенсиң.
Кечпегенде неткенсиң.
Бирок — Чалкалмакка кетерде
Кабар кылып буларга,
Кеңеш салбай кеткенсиң.
Капкачаңкы сөзүмдү,
Кайрадан эми эстеттиң.
Былтыркы өткөн күзүндө,
Атбашынын түзүндө,
Кудайназар, Алтыбай
Арамдык ойлоп ичине.
Кең Кочкорго көчкөндө,
Кербенчиңди өткөрбөй,
Улуу жолду тосcондо;
Кудайназар какбашты,
Курута чаап алсак деп
Какбашты кармап өлтүрүп,
Башын кесип салсак деп,
Калганы тынчып калбайбы,
Кайгыга башын малсак деп.
Алтыбайды сойсок деп,
Башкасын аман койсок деп,
Катаган элин карчабай[1],
Бир кишидей болсок деп.
Айтпадым беле мен өзүм?
Укпадың беле сен өзүң!
Эрмегиң анда жок беле,
Орой-чарай төрт көзүң.
«Аксакалын сыйлайм деп,
Алтыбайды кыйбайм» деп —
Ошондо жаным өрттөдүң!
Кечээ — Табылды ооруп жатканда,

[1] Карчабай—тынчсыздандырбай, кыйнабай, элди бузбай—деген маанида.

Элдияр—Эрмек бакканда,
Айыккай эле жалгыз деп,
Ак калпак кыргыз шашканда.
Эсиңди билбей таңганда,
Өзүң бир тилден калганда,
Тилегиң тилеп катаган,
Мойнуна курун салганда,
Бир чымындай жаныңды,
Кудайдан сурап калың эл —
Түтүнгө түлөө кылганда;
Кудайназар куу какбаш,
Кубулжуган шум какбаш,
Арага киши салыптыр.
Ортончу уулу Олжобай,
Чалкалмакка барыптыр.
Кудайназар кат жазып,
Кат үстүнөн мөөр басып,
«Табылды ооруп жатат деп
Таң күнү керээз айтат деп,
Оорусу кыйын оңбойт деп,
Жалгыз кол өөдө болбойт деп,
Бул оорудан айыкса,
Өзүңдү тирүү койбойт деп,
Каргадай жалгыз камданса —
Калмактын журтун торгойт деп
Таякемсиң Чалкалмак,
Даярдангын ылдамдап.
Озунуп мурда келбесең,
Табылды сени бир чапмак.
Калмак аттуу кор болуп
Олжолоп баарын кулдамак...»
Деп Алтыбай кат жазып,
Кудайназар мөөр басып.
Олжобайды жиберген. —
Ошондуктан Чалкалмак,
Озунуп сага бир келген.
Ошондой иштер болгонун,
Сен билбесең мен билем.
Кечээ—Чалкалмак жылкы алганда,
Артынан биз кууп барганда.
Жылкы турмак калмакты,
Жылас кылып салганда.

Тоң ашыра кууганда,
Томсортуп жолун бууганда.
Томугун жара ок тийип,
Толгоналбай турганда.
Атышып жоону кууганда.
Аткарбай жолун бууганда,
Ашыгың жара ок тийип,
Айланалбай турганда.
Кырк жигит элге кайтканда,
Кыдыртып сөзүң айтканда.
Табылдыны ээрчитип,
Элдияр шордуу бакканда.
Кең Таласка алпарып,
Кейишти досуң тартканда.
Ашыктан окту ала албай,
Азаптанып жатканда,
Табылды октон өлдү деп,
Таласка сөөгүн көмдү деп,
Жанындагы кырк жигит,
Жалпы качып келди деп,
Кабардан угуп алыптыр.
Кудайназар абаңыз,
Алтыбай сындуу агаңыз,
Калкка дүрбөөн салыптыр.
Анжыянга ашырып,
Ала-Тоодон жашырып
Айылдын баарын көчүрүп
Ашыктырып качырып,
Атактуу Көк-Арт дабандан,
Ашыра элди көчүрүп,
Көчүп келип бул жерге,
Кабар берип көп элге,
Түтүнгө малды союптур.
Түшкү улук болуптур.
Ак кийизге салдырып,
Ак боз бээни сойдуруп,
Алтыбайдай калмакты
Хан көтөрүп коюптур.
Кырк жигитти кармаптыр,
Кыл аркан менен байлаптыр.
Кылбаганың барбы деп,
Кыркасы менен сабаптыр.

Эрмегинди кармаптыр,
Эки колун байлаптыр
Эси ооганча тепкилеп,
Эки үч күнү сабаптыр.
Орго алпарып салыптыр,
Башы көзүн жарыптыр.
Колу сынып асынып,
Кордук көрүп басынып,
Коркконунан далай эл —
Калган экен жашынып.
Үй-бүлөөндү бөлүптүр,
Буйругуна көнүптүр.
Үй башына бир бирден,
Олжо кылып алыптыр.
Отун алып, кой багып,
Оокат үчүн жан багып,
Ошентип, алар калыптыр.
Кече — мен дарыга келгенде
Элден кабар алганда,
Катагандын кабарын —
Кантти экен деп чалганда,
Токойдогу Чачыкей,
Отунун артып бергенде.
Ордо жаткан Эрмекти,
Ошондо барып көргөндө;
Кароолчу болгон калмактар,
Кабылып мени байлашып,
Ханга алпарып бергенде.
Кармап алып өзүмдү,
Катыра сурап сөзүмдү,
Карсылдатып токмоктоп,
Оодарыптыр эсимди.
Башымды жарып салыптыр,
Байлап алып барыптыр,
Эрмегиндин үстүнө,
Мени кошо салыптыр.
Катуу таштап ийгенби,
Кабыргам сынып калыптыр.
Кардыгач менен Чачыкей,
Кайда экенди билгенби,
Каймак, токоч уурдап,
Кат жазып бизге бергендин

Катасы жок, аныктыр.
Ордо жаттык үч күнү,
Экөөбүз качтык бир түнү.
Эрмекти мында таштадым,
Токойго бери баштадым.
Амандыгың угузуп,
Кардыгачка айткамын.
Чачыкей менен Эрмектин,
Батасын алып булардын,
Өзүңдү көздөй кайтканмын.
Өзүнө барып көрүштүм,
Учурашып өбүштүм.
Экөөбүз жүрүп айрылбай,
Бүгүн мында келишим.
Бирок—менде бир сөз бар мына мындай;:
Элге жетпей болдук зар.
Жалгандан кабар айтканым,
Жакшылап эми кулак сал.
Жаш күнүңдөн кас болгон,
Кудайназар курган чал,
Как ошондон өчүңдү ал.
Анын—кылганын айтып мен барсам,
Кыйноого сени мен салсам,
Капаланып алмаксың.
Кайгы тартып калмаксың.
Санааң кыска, ичиң тар,
Санаага башың салмаксың.
Элиңди эстеп эттенбей,
Энеңди санап кучтөнбөй,
Балаңды эстеп жан күйүп,
Жарыңды санап сен күйүп
Кырк жигит эстеп кыйналып,
Кыргызды санап муңданып,
Ичиң капа бук болмок,
Ичиңе кайгы жык толмок.
Көөнүң өспөй көп санап,
«Көрсөм элди» деп санап,
Өңүң сары жез болуп,
Акылың кетип нес болуп,
Ооруга кайгы кошулуп,
Эки дарт бирдей кез болуп
Чала бир айгып аттанып,

Чамаңды билбей таптанып.
Калмактарга сен барсаң,
Баштакыдай мактанып.
Ооруңду көрүп оңдомок —
Ошол эле күнү сомдомок.
Дартыңды көрүп даарымак,
Дарманы жок жалгыздын
Тамырын түптөн таарымак.
Анчалык душман болгон эл,
Абдан элди каарымак.
Мен—өзүңдү аяп, калп айттым,
Жалган сөздү канча айттым.
Жалганым жаман болгон жок,
Жаныңа зыян келген жок.
Жакшы айыксын деп ойлоп,
Элдияр байкуш канетсин,
Чын кабар айтып берген жок.
Эрмектен уктуң кабарды,
Эмне кылдым залалды.
Эл четине биз келдик.
Эми акылын табалы.
Ачууңду коюп, акыл тап,
Айтканымды маакул тап.
Кайгыңды коюп кайрат тап,
Калмакка кылар айла тап.
Катаган кыргыз көп элди,
Калкалоого сен келдиң,
Калкыңды алып пайда тап.
Элге зыян болбосун,
Эрегиш чыгып калбасын,
«Эртеле өлгөн жанбыз» деп,
Кара боор калмактар,
Калкыңды кырып салбасын.
Хан болдум деп көпкөн кул,
Кастыгы журтка өткөн кул,
Капшап менен кол жыйнап,
Калбасын жандан кечкен кул.
Эртелеп акыл ойлочу,
Мени жаман көрбөчү
Эми өзүң бил, не кылсаң,
Эрмегиндин көзү бул.
Бир кабары мына ушул,

Акыл менен иш кылып
Душманды жеңер кез ушул.
Жалган айткан Элдияр,
Жанынан артык досуна,
Жамдап жүргөн эси бул»...
Деп Элдияр айтканда,
Бала жолборс Табылды —
Баштакыдай жарк этип,
«Ыраазымын досум» деп,
Баарын ачып шаңк этип.
«Айтып бердиң чыныңды.
Элдияр—Эрмек досторум,
Эми бир сөздү козгоюн.
Эп келсе, баатыр эки дос,
Элиме жоону кошпоюн.
Сөзүңөр болсо айткыла,
Такыр сөзүң тоспоюн.
Акылың менен болоюн,
Айтканыңды кылайын,
Айтып көрчү, досторум,
Абдан жакшы угайын».

Деп Табылды кеңешин Элдияр—Эрмек эки досуна берип, акыл сурады.

Элдияр: «Биз сынакка Эрмекти жиберели, элдин пейлин сынап көрөлү», «Табылды аман келе жатат» дегенде калың журттун арбагы көтөрүлүп калса эле болду. Эгер ал Алтыбайга алымсынып калса, биздин келгенибизге сүйүнбөй эле — калмактардын көзүн карап калат жана Кудайназар менен Алтыбай—кандай иш кылар экен» — деди. Табылды менен Элдияр маакул табышты. Кертабылгы атты мингизип, келиштире кийгизип аны элге сүйүнчүгө жиберишти.

Кертабылгы ат менен,
Кечинде Эрмек жөнөдү.
Келе жаткан Эрмектин,
Келишин эми көрөлү.
Аны, муну санабай
Аңды, дөңдү карабай,
Айылды карай бет алып,
Эрмек келет баладай.
Кудайназар карыя,
Куу байталды токунуп,
Курулай өзү чочунуп,
Жүрөгү туйлап болкулдап,
Жаман эти көп тартып,
Мууну бошоп солкулдап,

Куу байталды минсем деп
Кайсы жакка жүрсөм деп,
Кандай укмуш болду деп,
Элден кабар билсем деп...
Камчысын алып камданып,
Карбаластап сандалып,
Карап турган кезинде:
Айылдын башы белестен,
Арбагы көккө теңешкен,
Бир адам келет чапкылап.
«Сүйүнчү» деген добушун,
Баарыдан мурда укту бейм.
Кудайназар сак кулак,
Тыңшай калып кубарып
Эки көзү тунарып,
«Табылды» деген үндү угуп;
Жыгыла жаздап буралып.
Чочугандан бакырып,
«Бат жүрү» деп чакырып,
«Ал эмне айтчы?» деп,
Акыя карап чакчыйып.
Кулагын салып калды эле.
Сүнбөдөй керче ат менен,
Сүлөөсүндөй керилген,
Сүйүнчүлөп Эрмегиң —
Абакеңе көрүнгөн.
«Табылды аман келатат
Сүйүнчү» деп бакырып,
Эки жагын каранып,
Эрдеңдеп жүрөт чакырып.
Абаңдын айлын аралап,
Айткан сөзү «сүйүнчү»
Аял кылбай каралап.
Айкырыгын баспастан,
Эрмек келет сабалап,
Кудайназар абаңа,
Эрмек жетип барды эми.
«Сүйүнчү, аба, сүйүнчү.
Тон, өтүгүң кийинчи,
Табылды аман келатат
Тарлык кылсам күйүнчү.
Алтыбайга барамын!

Анда кабар саламын,
Ат баштаган бир тогуз —
Хандан олжо аламын».
Деп ошентип Эрмегиң
Қатуулап жүрүп кетти эми.
Қалың айыл ичинде,
Хан Алтыбай баатырга,
Қарбаластап Эрмегиң —
Қатуулап жүрүп жетти эми.
«Хан Алтыбай, сүйүнчү!
Қас болсоң угуп күйүнчү,
Табылды аман келатат,
Қабарын айтам туюнчу.
Қапарыңда бар болсо,
Қабагың ачып сүйүнчү:
Мен Устага барамын,
Сүйүнчү кабар саламын.
Уй баштаган бир тогуз,
Уста акемден аламын.
Бардык элге айтамын,
Қабар салып кайтамын.
Айылдын наркы четинен,
Аттын башын тартамын»...
Деп ошентип Эрмегиң,
Атынын оозун кериптир.
Айыл сайын аралап,
Атайы кабар бериптир.
Алты миң түтүн катаган,
Эрмектен кабар угуптур.
«Табылдыны көрсөк» деп,
Уккан адам токтонбой —
Убап-чубап жүрүптүр.
Қайра тартып Эрмегиң,
Хан айлына келиптир,
Қарбаластап бараткан,
Қатын бала көрүптүр.
— Табылды кайда болду? деп,
— Талаага түшүп конду деп,
— Таалайын сынап Табылды,
Қалкына кабар салды деп.
Биринен бири угушуп,
Арткысы сүрүп чыгышып,

Калганына карабай,
Келе жатат куушуп.
Атчан жөөсү билингис,
Алмак-салмак чыгышып.
Айылда киши калбаптыр,
Түп көтөрө жүрүшүп.
Караламан катаган,
Калбай кетип баратат.
Катын-бала аралаш,
Чалдар кетип баратат.
Торпок минип топондоп,
Балдар кетип баратат...
Муну көрүп Эрмегиң,
Кубаныч кылып турду эми,
Алтыбай хандын үйүнө
Аттан түшүп кирди эми.
Хан Алтыбай камданып,
Карбаластап чамданып,
Кантер айла табалбай,
Калмактарын чогултуп,
Калган экен жамдалып.
Үйгө кирип Эрмегиң:
— Хан Алтыбай барсыңбы?
Жүк көтөрчү нарсыңбы?
Табылдыны тосуучу —
Даярланган жансыңбы?
Сүйүнчүмдү бат берчи.
Кутулуп айткан карзыңды.
Сүйүнчү сурап кеп салды.
Сүйлөтүп сөзүн укканы —
Алтыбайга деп салды.
Алтыбай анда кеп айтат:
— Ардагым Эрмек деп айтат,
Андай-мындай жүрсөм да,
Аталаш деп мени айтат.
Акыреттик жолдошуң,
Жан досу деп сени айтат.
Аман эсен элиңе —
Табылдың эми келатат
Эки тууган кишиге
Эрегиш кылып ушакты,
Эси жок бузук неме айтат.

Өзүңдөй—ак ниеттүү азамат:
«Сүйүнчү бергин» деп айтат.
Сүйүнчүңө ат берем.
Үч жүз түтүн кишини
Букара кылып калк берем,
Оозумдан чыккан сөзүмдү,
Сүйрөп жүрбөй нак берем.
Киериңе тон берем,
Энчиңе малды мол берем.
Үч жүз түтүн элиңдин,
Алымын алып тургудай,
Аксакал кылып жол берем...
Деп Алтыбай айтты эле,
Жообун угуп Эрмегиң;
Аттанып андан кайтты эле.
Кудайназар абама,
Барайын деп тартты эле.
Кудайназар үйдө жок.
Куу байталын токунуп,
Табылдыны укканда,
Аттаныптыр чочунуп.
Ошондо элдин баарынан,
Мурун кетип калыптыр —
Барайын деп озунуп,
Анын дайнын уккан соң,
Кертабылгы ат менен —
Эрмек жолго кирди эми.
Артынан чаңы созулуп,
Куюндан бүткөн куу байтал,
Булуттуу көктүн алдынан,
Тулаңдуу чөптүн үстүнөн,
Аткан октой зыркырап...
Кудайназар абаңдын,
Этек жеңи дыркырап,
Табылдыга буркурап,
Көзүнүн жашын агызып,
Бал тилин салып балага,
Келген экен жабышып.
— Айланайын Табылды
Найзадан калган желегим,
Атамдан калган белегим.
Алты миң түтүн кыргызга,

Алтындан чынар терегим.
Атышкан жоосун жок кылган,
Айласын тапчу керегим.
Жалгызым менин медерим,
Жалынбай эми недейин,
Сайышар жоого жөлөгүм,
Сапарга барсам өбөгүм.
Кечигип келбей калганда,
Сагындым абдан, бөбөгүм.
Эми менде арман жок,
Аман көрдүм жүзүңдү,
Алдыңа келип өлөмүн —
Арзымды укчу, Табылды:
Энеңдин сырын ким билет,
Ээликме бейжай жан экен.
Кишинин тилин албаган,
Өжөрлүгү бар экен.
Үйгө тынчып олтурбайт,
Эрмеги анын мал экен.
«Аксакал кылып үйүмө,
Ардактап сени баксам деп,
Ар керегиң баарысын,
Айттырбастан тапсам деп.
Алдыңа тынчтап байбиче,
Аюудан талпак салсам деп,
Азбай-тозбой олтургун,
Ардагың келет аз күндө.
Аманат жаның баксаң» деп
Айтсам тилим албады —
Ал сөзгө кулак салбады.
Азың көбүн малымды,
Ар кимдин көзүн карабай —
Айдап өзүм багам деп,
Мал артынан калбады.
Карындашың Кардыгач,
Кандай курган бала эле?
Кайындап куда болом деп
Хан заадасымак бир жигит,
Айткан сөзү бар эле.
«Эриктим малга барам деп,
Эрмек болуп энеме,
Ээрчий малды жаям деп,

Киши көзүн карабай —
Абакем аман келгиче;
Айылда басып жүргүнчө,
Козумду өзүм багам дейт».
Эркекче өсүп калыптыр,
Эригип үйдө тура албайт
Козусунун артынан,
Ээрчибей жүрө албайт.
Үйдө олтур десем созулуп,
Кардыгач балам тил албайт.
Көгүрөөк балам экен деп
Көңүлү калар бекен деп,
Эрки менен койгомун,
Эркин жүрсүн мейличи,
Эс тартып өсүп кетер» деп...
Чачыкей балам канетсин,
Жалгызым үйдө жок болсо,
Жатканым болбос бекер деп,
Бекер басып жүргөнүм,
Кесир болуп кетер деп,
Кудайдан тилеп ыйласам,
Кууратып жаным кыйнасам —
Бекер жатпай томсоруп,
Оокатымды жыйнасам.
Жалгызым аман келер деп,
Жасаган тилек берер деп,
Өз оокатым кылбасам,
Элим жаман көрөр деп,
Балтасын алып колуна,
Бастырып чыгып жолуна,
Отун алып суу куйсам,
Келер деп ишим оңуна.
Эрки менен бастырат,
Эки тең отун артынат;
Биздикине каттабай,
Келиндик кылып жашынат.
Байбиче болчу киши экен,
Сарамжалын көргөндө,
Айылдын баары жактырат.
Кудай берер балама,
Шайымбет жайын айтайын:
Өзүңдүн жалгыз туягың,

Боз ала болуп калат деп,
Боор тартып турамын.
Ашка, тойго ээрчитсем
Адамдын көзү тиет деп —
Аяп жүрөм баламды.
Аман келсе Табылды,
Аруу кийим киет деп,
Айылда ойноп жүргөндө
Кандай да болсо Шайымбет,
Жыланач жүрө берет деп.
Жамап чапан кийгиздим.
Катыгып адам болсун деп,
Кара боор жүргүздүм.
Жалгызымдын туягы,
Жашык өсүп калат деп,
Жыланач-жабык жүргүздүм.
Чоңойгондо Шайымбет,
Атка копол болот деп —
Жайдак торпок мингиздим.
Өзүндөн өөдө эр болот,
Баралына келгенде,
Бала жолборс шер болот.
Куба төбөл[1] өстүрдүм —
Курч болотко тең болот.
Аман келдиң, кулунум,
Аккан жашым сел болот.
Бул арзымды айтпасам,
Алкымыма чер болот.
Кудайназар агаңды,
Көрө албай душман дел болот.
Табылдыга абасы —
Кандай да болсо бел болот.
Экөөбүздү бузган эл;
Өзү жүрүп кем болот.
Биз аталаш тууганбыз,
Табылдым билет деп койсом,
Эл тилимди албайбы,
Абаңдын сөзү эм болот»...
— Деп абасы айтканда,

---

[1] **Куба төбөл** — өтө жогору да эмес, өтө төмөн да эмес, орточо.

Көөдөк баатыр Табылды,
Кудайназар ага деп,
Атамдай болгон аба деп
Арзыңды айтып билдирдиң —
Аталаш иниң мага — деп.
Жакшы көөнүң бар болсо,
Кызмат кылам сага — деп.
Жаман көөнүң бар болсо:
Көрөрбүз аба жана — деп,
Ала келсең болбойбу,
Шайымбет балаң мына деп...
Учурашып турду эле.
Кертабылгы ат менен,
Эрмек келди артынан.
Кудайназар как баштын
Сөөктөн өткөн дартынан,
Көзөмөлдөп келиптир:
Кайда кетти экен деп.
Качтыбы деп калкынан,
Эрмек көрүп алды эми,
Салам айтып калды эми.
Түшө калып атынан,
Абаңа жетип барды эми.
Учурашып көрүшүп,
Куу байталдын чылбырын —
Эрмек колго алды эми.
«Сүйүнчүм кана аба? — деп,
Эрмек сөздү салды эми.
Кудайназар куудул чал,
Купшуңдаган дуңгул чал;
Калп эле ыйлап калды эми.
Сүйүнчүңө, Эрмегим,
Кара башым ал деди.
Табылдым аман келгенге,
Малым тургай башымды,
Садага кылып сал — деди.
Иниси менен көрүшкөн,
Ичи кайнап эришкен,
Карыганда абакең —
Касиеттүү чал» деди.
Ал аңгыча болбоду,
Катагандын калың эл,

Каптагандай аккан сел.
Кары, жашы, аралаш
Калбастан келет бардык эл.
Талаанын баары чаң болуп,
Табылды элге даң болуп,
Адам калбай айылда;
Аттанган экен жам болуп.
Хан Алтыбай келатат
Кантерге башы маң болуп.
Кулундуу бээсин минишип,
Кубаттанып күлүшүп.
Он—он бештен чогулуп,
Кубаныч сөзгө киришип,
Чалдар келет карачы.
Тайларын минип жарышып,
Торпокторун кубалап,
Алдына салып алышып
Бирин бири тарткылап
Тамашага канышып,
Балдар келет карачы.
Кемпирдин баары бүкчүңдөп,
Келиндин баары тикчиңдеп,
Кыз балдар чуркап ээлигип,
Кыйласы келет желигип...
Малын таштап талаага,
Жылкычы, койчу демигип
«Табылды келди» деп угуп...
Катагандын калың эл,
Калган экен семирип.
Биринен бири өтсөм деп,
Табылдыга жетсем деп.
Унаалуунун баарысы
Удаа келет теминип.
Ургачы, эркек, дебестен
Ураан тартып чуркурап;
Умурай журту келишип,
Кол кармашып көрүшүп.
Кучакташып өбүшүп.
Жашып жүргөн андан көп.
Көрүшүүгө жол таппай,
Шашып жүргөн андан көп.
Этек жеңден үзгүлөп

Бирин бири түрткүлөп,
Тартып жүргөн андан көп.
Эки жагын элеңдеп,
Кезек жетпейт белем деп,
Турчу мындай мен барып —
Учурашат элем деп,
Басып жүргөн андан көп.
Мүдүрүлүп жыгылып,
Кара терге чумулуп,
Калың элден жол тийбей
Кач мындай деп жулунуп,
Караанын көрсөм экен деп,
Кайсалаңдап урунуп —
Карап жүргөн андан көп.
Учурашып алдык деп,
Элден мурун бардык деп.
Эр Табылды баатырга
Эки ооз сөздү салдык деп,
Эсендигин биз көрүп,
Эй кумардан кандык деп.
Эртелеп үйгө баралык —
Малды көздөй чабалык
Сары улакты алалык,
Садаганы кагалык.
Баабединге көтөргөн,
Баягы малды табалык.
Бакыртып эчки мууздап,
Баатырга өпкө чабалык,
«Жүргүн турбай бастыр» деп,
«Ат менен ылдам чаптыр» деп—
Тарап жүргөн андан көп.
Ал аңгыча болбоду,
Катагандын карысы,
Калган элдин баарысы,
Калкына жайлуу карыя—
Кабар салып ээрчитип,
Калган элдин баарына
Ак боз бээни коштотуп,
Арбын элди топтотуп,
Кара эчкини өңөртүп
Сары улакты бөктөртүп,
Жоргону токуп жандатып,

Кулукту элден тандатып,
Үй тиктирип, бээ союп,
Сарамжалын арнатып,
Табылды келип түшсүн деп,
Тамак ашын камдатып.
Калың элдин ичинде
Карыя Уста келди эми.
Кашка жолду чаңдатып,
Устага эли жол берип
Урмат кылып эл келип,
Учурашты калың эл—
Убар-чубар кол берип.
Табылдыны аткарып,
Көтөргөн үйгө алпарып,
Кырк жигити чогулуп,
Баш кошуп баары даң салып.
Ак сар башыл кой союп,
Айыл сайын той союп,
Жылкыдан тандап бээ союп.
Катагандын калың эл,
Жыйналып баары мал союп.
«Кеткенибиз келди деп,
Кемтигибиз толду деп.
Алтыбай бизге хан болуп,
Өкүмүн журтка кылган деп,
Кырк жигит сөздү салды эми.
Он үчтө кызы Бурулча,
Боз жоргого мингизип,
Шөкүлө, кымкап кийгизип
Кандыгын калкка билгизип
Алтыбай келип калды эми—
—Хандын жалгыз кызы деп,
Тартууңуз болсун ушу деп,
Кылычын алып колуна,
Камчысын салып мойнуна,
Каталык болсо кечир деп...
Алтыбай салды оңуна.
Эр Табылды баатырың,
Алтыбайга көрүшүп,
Агалык жолун ызаттап,
Ак ниет менен урматтап.
Көргөнүн айтып беришип,

Жатып калды катаган
Жалгызы аман келишип.

Табылды энесине, эл журтуна, катын баласына, катагандын баарысына карыя Уста-аяш атасына учурашып, өргүп жатып калды. Күндөрдүн бир күндөрүндө Табылды — «катаган калың кыргызды чогултуп» «8 жаштан 80 жашка чейин бардык журт калбай келсин» деп элин жыйнатып алып, кеңеш салып айткан сөзү:

—«Алты миң үйлүү катаган,
Ак сакал аяш атамдан—
Азыраак сурар сөзүм бар.
Алтыбайды хандыкка
Арнап кимдер атаган?
Ханыңар кандай жан экен—
Калыстыгы бар бекен.
Катаган элин тынчытып,
Кайтаруучу нар бекен?
Калмакка кеткен Табылды,
Кайрылып кайра келээрде
Качыпсыңар Нарындан.
Калкын жерге тынчытпай,
Хан болгон бул кишиңер—
Каары күчтүү, зор бекен?
Калктын эрки жок болсо,
Караңгы капас тор бекен.
Катаган сенин элиңден,
Кабар айтам жериңден,
Ата мурас конушуң,
Аркада Нарын жериңден
Адырдын чөбү суюлган,
Аркарың төштөн куюлган,
Аскасынын башынан,
Аюунун үнү угулган.
Будурдун чөбү суюлган,
Бугусу төштөн куюлган.
Улуу тоонун башынан,
Улардын үнү угулган.
Зоосунда теке даңкайган
Тоолору көркөм заңкайган.
Төрүндө төлдөп аюусу,
Төбө чачы саксайган.
Чыбырын түлкү жойлогон,

Чычканын терип тойлогон.
Илбирс, жолборс, жез тумшук
Изин куушуп ойногон.
Балыгы аттай туйлаган,
Бадалдан элик чураган.
Байкап турса Ала-Тоо,
Бар илбесин чубаган.
Жөргөмүшү сеңселген,
Төө куйругу теңселген,
Төшүнөн кийик атышып—
Мергенчиси белсенген.
Кара шибер тулаңы,
Короосунда тепселген.
Коктуда коён секирген,
Коңулда чөөсү эчкирген.
Корумда суусар, сүлөөсүн,
Коңулда мадыл керилген.
Аңын уулап атууга,
Андагы мерген эринген.
Суулары агып кашкайып.
Жайлоодо талаа тастайып,
Тунук булак, салкын төр,
Төш-төшүнөн кошулуп,
Өзөнгө куюп башталып,
Көлүндө куусу жаркылдап,
Түрдүү куштар чаркылдап.
Төө боздогон немедей—
Толкуса көлү шаркырап.
Каздары учуп каркылдап
Аңыры учуп аңкылдап.
Шабырга жылкы жайылып,
Шамалдап оттоп салкындап.
Сазында уйлар жатчы эле;
Сайгак көрбөй балкылдап.
Тоолуу токой карагай,
Турасыңбы, калың эл
Туулган жерди самабай...
Ачык айтып бергиле,
Адамдын көөнүн жаралабай,
Катаган кыргыз элимсиң,
Кайтаргын жообун кебимдин.
Кары жашың дебестен,

Калтырбай айткын баарысын
Көңүлдө жүргөн кебиңди.
Кайра барып конууга,
Көңүлдүү киши бар бекен?
Көк шиберин көрсөм деп,
Көйкөлгөн Нарын жериңдин»...
Деп Табылды сурады.
Калың эл карап турабы,
Калмактан кордук көргөн эл;
Канды сөзгө кулагы,
Кайрадан келди күчүнө
Катагандын урааны.
«Кагылайын жалгыз деп,
Калк үчүн кылган намыз деп.
Карыя уста айтсын» деп...
Катаган жалпы чуу этип.
Кабагы элдин ачылып,
Карап турду дуу этип.
Ошондо Уста кеп айтат:
— Ой Табылды деп, айтат.
Элиңдин кеткен дарманы,
Ээн калган бар малы.
Эсен келип көрүштүң,
Эми чыкты арманы.
Калкыңдын кеткен дарманы
Хандыкы болгон бар малы...
Калыңга бермек болучу
Катын алган жерине
Ичтен чыккан балдарды.
Каяша айтар киши жок,
Какшаткан мендей чалдарды.
Хан Алтыбай зордуктап,
Карматып сойгон малдарды.
Кудайназар как баштын
Куруп калсын балдары.
Үч миңге жетти быйылкы
Зордуктап сойгон малдары.
Каракчы болуп көнгөнгө,
Анысын айтып нетейин
Алтыбайдын кылганын,
Айтпаганда нетейин,
Күлүктөн тандап атты алды,

Кучтүүдөн тандап төөнү алды.
Желини карыш бээни алды.
Жергеден сулуу кызды алды.
Жетимди малга ээ кылбай —
Жергеси менен жумшады.
Короодон айдап койду алды.
Кулданып кедей бойду алды.
Айтканына көнбөсө:
Салганы турат жаңжалды.
Табылды элден кеткени,
Талоондон эч ким чыкпады,
Далай адам нес болуп
Айткан сөздү укпады.
Калкта бакты бар экен,
Кайта келдиң Табылды.
Элдин багы бар экен,
Эсен келдиң Табылды.
Эси кеткен элиңдин,
Эми абийири жабылды.
Айланайын кулунум,
Кандай айтсаң көнөбүз,
Кайра жерге бар десең —
Калбастан бүгүн көчөбүз.
Узун сөздүн кыскасы,
Хандан аша кечебиз.
Өскөн өнгөн конушка,
Барбай кантип калалы?!
Өзөнү сонун Арпага,
Өрдөтө жылкы салалы.
Өзүңдү журтка баш кылып,
Хан көтөрүп алалы...
Өкүм сүргөн калмактан,
Өч албай кантип калалы?
Кудайназар какбаштын,
Сакалын бирден терели!
Алтыбайдын жазасын —
Аябай колго берели .
Калмактардан келгенди,
Кандай да болсо көрөлү.
Каралдыбыз Табылды
Канатыңдын алдында —
Калбастан жүрүп өлөлү.

Карыя аяш атаңдын
Айтайын деген сөзү ушул.
Калың кара журтуңдун,
Карап турган көзү бул.
Хан болдум деп эл соргон
Калмактардын өзү бул.
Кордуктан бир аз кутулуп
Кайрылып өзүң келгени —
Калк тынчыган кези бул!»

**Карыя Уста ырас айтат — дешти калың эл. Устанын сөзүн угуп, элдин пейлин көрүп Табылдынын айтканы:**

«Аяш атам жарыктык,
Карып калган экенсиң,
Акылыңдан бир азга,
Танып калган экенсиң.
Жетимиш ашып сексенге,
Барып калган экенсиң.
Көңүлдө сөздү сен айттың.
Көчкөндүн жайын эп айттың—
Табылдыны бул элге
Хан көтөрсөк деп айттың.
Хан Алтыбай жөнүнөн —
Катуу сөздү бек айттың,
Кудайназар карыны
Курутсак деп неге айттың?
Каары болбой хан болбойт,
Кайгысы болбой жан болбойт.
Эсери болбой эл болбойт,
Эпкини болбой сел болбойт.
Эли моюн сунбаса,
Эч кимдин сөзү эм болбойт,
Элине кызмат ак кылса,
Эзелде башы кем болбойт.
Тулпардан озуп ат чыкпайт,
Туугандан озуп жат чыкпайт,
Туура кызмат кылбаса:
Тууганда болсо дарт чыкпайт.
Ынтымак болбой—жол болбойт,
Ырыстуу дары кор болбойт.

Калкынын канын көп соргон
Хан да болсо оң болбойт.
Элинин ыркын кетирген,
Эч кайда барып чоң болбойт.
Калк ынтымак болобуз,
Кайрадан жерге конобуз.
Карыяны сыйласак:
Как ошондо оңобуз,
Калыстыгын сураныл,
Ханды ордуна коёбуз.
Эл ынтымак болобуз,
Эрегишти коёбуз.
Эзелки конуш Нарынга —
Эртелеп барып конобуз,
Элдин ач деп көңүлүн —
Эр Алтыбай улуктун
Эсине салып коёбуз.
Калкыңа айтар кеңешим:
Катаган журтум не дейсиң?
Карыяны какты — деп,
Калкым кайгы жебесин.
Казат үчүн туулган,
Каргадай жалгыз мен өзүм,
Алтыбай ханга кеп болсо —
Айтарга сөзүм эп болсо:
Алты миң түтүн катаган,
Ат-Башы Нарын жерине,
Аймагы менен бүт консо.
Атадан калган конушка
Айылга өзөн жык толсо.
Көчпөй киши калбаса,
Көңүлүн ойго салбаса,
Көнбөгөн жерге биздин эл —
Көчүк басып албаса,
Көптөн чыгып кай бирөө,
Көбөөткө жатып албаса,
Көңүлүм калат ошондон.
Көчүп жерге барбаса
Эртеңден калбай катаган,
Ашууну чаап ондосун.
Айныган адам болбосун.
Унаасыз киши калбасын,



«Угулбай калды кабар» деп,
Уятка башын салбасын.
Урулуу журттан айрылып,
Уктап жатып албасын.
Элдияр көчтү баштасын,
Табылды менен Эрмекти
Эл артына таштасын.
Аяш атам Уста акем,
Кудайназар абакем,
Барып конуш чалышсын.
Чеш дөбөнүн сазына,
Аксакалдар барышсын,
Алтыбай хандын айылы
Ак кыяга конушсун.
Кыз мазардын талаасын,
Кырк жигитке коюшсун».

— Деп, Табылды сөзүн бүтүрдү. Кыйналган калың эл Табылдынын бул сөзүн маакул көрүп: «эртеңден калбай көчөбүз» дешип чуулдашты. Калктын ыңтайын көрүп хан Алтыбайдын айткан сөзү:

— Калың кара калайык,
Ханга да бир сөз ылайык.
Кайрып жооп бербесем,
«Хан унчукпай койду» — деп
Каларсың элим муңайып.
Карап турсам ойлонуп,
Калың элди дүрбөтүп,
Хандан да өткөн чоң айып.
Кулак сал элим—кебиме
Кулдугум бар элиме,
Эр Табылды көч деди
Өскөн-өнгөн жериңе
Өлсөм башым ыраазы,
Табылды сындуу иниме.
Мени кудай урганда,
Көпчүлүктү жеринен;
Көчүрбөй койсом немине.
Багындым калкым баарына,
Ак сакал Уста карыңа.
Башында ката кылыпмын,
Байкабай журттун алына.
Кол салыпмын кокустан,
Короодогу малына.

Жаш да болсо Табылды
Жаралган элдин багына.
Жаны ачышып турбайбы,
Жалпы журттун камына.
Жатык сөзүн уккан соң,
Жамандыгым билинип;
Эми келдим арыма.
Жаш деп жүрсөм Табылды —
Баш болуп калган турбайбы.
Жалгыз деп жүрсөм Табылды,
Көп болуп калган турбайбы.
Чабал десем Табылды
Баатыр болгон турбайбы,
Кудайназар, Алтыбай
Калкка жаман көрүнүп,
Шүмшүк болгон турбайбы.
Эки тизгин бир чылбыр
Эми сага бербесем,
Мени кудай урбайбы.
Эсиме келдим, Табылды,
Элиңди алгын колуңа —
Ээрчип сени чубайлы.

— Деп, Алтыбай хан сөзүн бүтүрдү. Бул чогулган көпчүлүк эл, Табылдынын эрдигине, талыкпаган шердигине көзү жетип, эки тизгин бир чылбырды анын колуна беришти. Алтыбайдын баштагыдай каары жок момун болду. Калың катаган эли, күндөп-түндөп жүрүп олтурушуп тууган-өскөн жерине келишти. Табылды менен Эрмек элдин артынан келип Кызмазардын талаасына, кырк жигит кырка тартып конуп, ар өзөнгө айыл толуп, ата конушуна эл жайланып калганына булардын көңүлү тоюп, өргүп жатып калышты. Таң-тамаша, оюн-күлкү болуп, оюндагыдай жата беришти.

Күндөрдөн күн өтүп бир убакытта, Табылды кырк жигит менен үлпөт кылып олтуруп, оюна түшүп сөз баштады.

— Кыргыздан чыккан кырк баатыр,
Кызыгын көрдүк оюндун,
Акылын таап көргүлө
Айтып турган оюмдун.
Үлпөтүн көрүп күүлөндүм,
Күндөгү жыргал тоюндун.
Катарлап соотун камдадым,
Казат үчүн арнадым.
Кармашкан жоосун жыгат деп,
Калың кыргыз элинен —
Кырк баатыр сени тандадым.

Калмактан өлгөн элимдин,
Кунун кууп барбадым.
Элимдин өчүн албадым.
Ирденсин деп силерди,
Эч кайдан чалгын чалбадым.
Алыскы душман, ички жоо,
Ат изин бир да салбадым.
Өткөн күндөн ойлонсом,
Өзүмдүн толгон арманым.
Акылын ойлоп тапкыла,
Арбактуу баатыр кырк жигит,
Ардактап баккан балбаным;
Жыргап жаткан жеримден,
Жылкымды калмак алганы.
Кырк жигит менен Табылды,
Артынан кууп барганы.
Караан болуп биз менен,
Калмакка найза салганы,
Каза жетип кыргыздан,
Канча адам өлүп калганы.
Жетим калган балдары,
Жесир калып алганы.
Ушул кимдин залдары?
Жаралуу болуп ок тийип,
Жалгыз жатып жан күйүп,
Табылды тарткан азапты,
Ушу кимдин залдары?
Калкым көчүп жеринен —
Канчасы тентип элинен,
Ашуусу бийик белинен,
Жайлап калган малдары,
Чабуул көрүп жандары.
Убайымды көп тартып,
Ургачы, эркек зарлады!
Кордук тартып куурабай,
Калкта киши калбады,
Ушу кимдин залдары!
Мунун баарын ойлонсом,
Муунумдун кетет дарманы.
Тамырын түптөн кыркпасак,
Такыр ичтен чыкпайт го —
Табылдынын арманы.

Бул сөздү угуп кырк жигит бири-бирин карап, — «баатырдын сөзүнө Элдияр жооп берсин» дешти, — Элдияр, Чалкалмактан мурун, Кудайназар менен Алтыбайдын кылган кордугун эсинен чыгарбай, болгон иштин баарын туюнтуп сөз айтат.

Эр Табылды төрөбүз,
Өл десең биз өлөбүз.
Биздин ойдо бир иш бар;
Жообун берсең, Табылды,
Айтканыңа көнөбүз,
Биз — чалгынды бирге чалганбыз,
Чалкалмакка барганбыз.
Калмакты кайра качырып
Кайтып элге барганда,
Кайгыга башты салганбыз.
Кудайназар, Алтыбай
Катаган элин айдаган,
Кырк жигитти бир бирден,
Кыркасы менен кармаган,
Кылбаганың барбы деп,
Кыйнап жатып сабаган.
Бутка кишен салдырган,
Мурунга наспай куйдурган,
Муунуңарды алам деп,
Муздак сууга байлатып,
Бир жумага жаткырган.
Алтыбай өзү хан болуп,
Алман салык тапшырган.
Айласы кетип катаган —
Эки көзүн жаш кылган.
Табылдынын бүлөөсүн,
Таратып бирден күң кылган.
Тууганыңдын кордугун,
Далай эл угуп дүң кылган.
Эми — Табылды келди оңдук — деп,
Баштакыдай болдук — деп,
Атадан калган конушка:
Акыры келип кондук — деп.
Алтыбай хандан түшөт — деп,
Акыры кармап сойдук — деп,
Кудайназар как баштын —
Эки көзүн ойдук — деп,
Келгениңди бел кылып,

Кейиген журтуң дем — кылып.
Кегибизди алсак деп,
Кенжебайды өлтүрүп;
Кудайназар кузгунду —
Кууратсак деп ушуну.
Купуя кеңеш кылчуубуз,
Өттү эле деп муштуму,
Булөөсүн биз да бөлсөк деп.
Не болсо да көрсөк деп.
Бизге кылган кордугун
Алтыбайга берсек деп.
Сен келгени, Табылды —
Алтыбай хандан түшпөдү,
Айылга баркы чоңоюп,
Андан бетер күчөдү.
Кудайназар куу какбаш,
Аксакал болуп айылга,
Арбагын баштан үзбөдү.
Алынышып баратат,
Алтыбайга көпчүлүк —
Алдаяр ханым, сиз деди.
Айтканыңдай болобуз,
Аймагыңыз биз деди.
Ушул биздин сөзүбүз,
Орой чарай көзүбүз,
Ушул сөздүн жообун бер,
Табылды баатыр өзүңүз.
Тууганына тартты деп,
Сизге — таарынып жүргөн кезибиз.
Бул сөздү айтты Элдияр
«Ырас, ырас, ырас — деп,
Арзыбыз ушул бир аз» деп,
Кырк жигит калды чуулдап.
Элдияр айтты дурус деп.
Бул сөздү угуп Табылды,
Каткырыгын салды эми.
Каалгадай кашка тиш,
Кашкайтып күлүп калды эми.
Кырк жигиттин сөзүнө,
Ыраазы болуп калды эми.
«Кагылайын кырк жигит,
Купуя кеңеш сөзүңдөн

Тарынып турган кезиңден
Табылды бала айлансын,
Таамайлап айткан сөзүңдөн.
Ичиме сактап бул сырды,
Итчилик өткөн өзүмдөн.
Кудайназар, Алтыбай
Кууралды журтка салганы,
Канткенде чыгат эсимден?
Сурадыңар сырымды,
Айтайын ичте чынымды.
Катаган аман турганда
Калмактар тургай, баатырлар —
Карытпайымбы кылымды?!
Тууган болсо Алтыбай
Элди багып албайбы.
Атышып жүрдүк жоо менен —
Аркабыздан барбайбы?
Жаралуу болгон кезимде,
Жакшылап көзүн салбайбы?
Эч болбосо элимди,
Эсен багып турбайбы?
Ошону тууган деп жүрсөм,
Кырк жигит антың урбайбы?
Азыр бузук салганда,
Алтыбай кармап алганда,
Хандыгы турмак калмактын,
Кайгыга башын салганда;
Кудайназар кузгундун,
Куу сакалын жулганда
Курутуп анын тукумун,
Кулдарын бөлүп алганда,
Өтө чукул иш кылып,
Чууну баштап калганда,
Ачуу менен өлтүрүп
Баарын жайлап салганда,
Дооматы менде калбайбы?..
Акыретке барганда.
Муну ойлонуп, кырк жигит,
Азабын берип өтсөм деп:
Аз гана күндүк жалганда —
Алардын күчүн көрсөм деп,
Алыска сапар барганда.

Чалкалмакка беттешип,
Чабуулду мыктап салганда.
Баатыр болсо Алтыбай,
Баратко ханым кол баштап.
Кудайназар баратко,
Куу байтал менен жол баштап
Муну ойлондум, кырк жигит,
Таяке, жээн калмактар
Талкалансын күч менен
Табылды турсун кубанып.
Кырк баатыры бүт менен,
Кызыкты көрсөт деп жүрөм
Узун санаа иш менен».

Табылды кырк жигиттин сураган сырдуу жообун ушундай деп түшүндүрдү.

Кырк жигит Табылдынын ойлогон бул оюн эң туура деп, кана Табылды баатыр, эми кандай акылың бар, айтчы деп кырк жигит кеңеш сурады. Чалкалмакка баруу үчүн кырк жигитке айткан Табылдынын кеңеши:

Өрүштө энчи малым бир,
Өлгөндө чыгар жаным бир.
Өмүрүмчө айрылбас,
Өзүңөр менен каным — бир,
Менин айтар кеңешим:
Уккула буга не дейсиң,
Башыңар аман турганда,
Башкага жолуң бербейсиң;
Баятан сөздү узартпай,
Баатырлар сөзгө келбейсиң.
Ойлоном жоого барсам — деп,
Обол мурда бул жерден,
Элди жыйнап алсам деп.
Алтыбай аттуу хан келсин
Аксакал Уста чал келсин.
Алты миң үйлүү катаган,
Айылда калбай жам келсин.
Кеңешке эчен мол келсин.
Көп чечүүчү зор келсин.
Кек алабыз душмандан,
Келген эл бизге жол берсин.
Калкка эп келсе катаган,
Калың кошун кол берсин.

Адамдын жанын сактачуу,
Ар түрдүү соот тон берсин.
Жол баштачуу тың берсин.
Эл үчүн кызмат кылабыз,
Эрлерге журтум сын берсин.
Эли журтун бүт жыйнап
Эр Алтыбай хан келсин!
Белди бекем буубасак,
Белестен жылкы куубасак
Былтыркы өткөн эрлердин,
Быйыл кунун куубасак...
Чалкактан жылкы куубасак.
Мурунку өлгөн эрлердин, —
Чарчабай кунун куубасак.
Чалкалмакты өлтүрүп,
Чаап алганда суубасак.
Бул кабарды салалык,
Алтыбайга баралык.
Киши койбой чогултуп —
Кеңешти журттан алалык.
Келбегенин көрөлүк,
Кебин угуп билелик.
Кекселенсе Алтыбай
Кекерлүү сөздөн салалык.
Кесир кылса бул ишке —
Кекти ошондон алалык!
Бул кеңешим кандайча
Кемчили болсо табалык.

Бул кеңешти кырк жигит маакул көрүп, — «Алтыбай хан эл
жыйнап келсин» деп киши жиберишти. Алтыбай ханы, Уста мен
Кудайназар кары, катагандын баары келип калышты. Чогулган ке
чүлүккө айткан Табылдынын сөзү:

Аксакалдуу карыңа,
Алтыбай сындуу ханыңа:
Акыл салар сөзүм бар —
Ак калпак кыргыз барыңа.
Мал жиберип мүлк алдым
Айтылуу Кашкар шаарына.
Кемибей кыргыз кеңеет
Огум менен дарыма.
Жүз эрдин куну калмакта —

Жүрөмүн келип арыма.
Жолдош болор эл барбы?
Жүрөктө жүргөн зарыма.
Басташып жүргөн душмандан,
Барсам дейм өчүм алууга;
Батасын сурайм бул элдин,
Чалкалмакка бурууга.
Жол көргөн кары бар бекен?
Жортуулдун алдын чалууга.
Чалкалмактын жылкысын
Чарчабай барып табууга.
Чабыша чыкса Чалкалмак,
Чабуусунан жарууга.
Илгертен бери өчтү алып,
Ичине найза малууга.
Душмандын жеңип катаган —
Бир жолу тынчып калууга...
Сөзүмдө чала бар болсо,
Бул олтурган көпчүлүк,
Буруп акыл табууга.
Бугум чыгат жүрөктөн
Касым менен досумдун,
Кайсы экенин таанууда —
Бул олтурган көп элде—
Аксакалдуу кары бар
Алтыбай аттуу ханы бар.
Айлынын санаты
Алты миң түтүн жаны бар...
Эл үчүн кызмат кылсам деп,
Эр жигиттин камы бар.
Өлгөндүн канын ким актайт,
Өмүрлүк элди ким сактайт.
Өөдөсүнүп калп эле,
Өзүнүн башын ким мактайт?
Калк үчүн кызмат ким кылат?
Калмакка жортуул ким барат?
Кармашпай коркуп душмандан,
Катылып үйдө ким калат?
Ханың менен карың бар,
Катаган жалпы баарың бар.
Жообун берип сөзүмдүн —
Жоо акылын табыңар».

Табылды бул суроону айтканда, көпчүлүк элден сөз чыкпай бири бирин карап токтоло түшүштү. Анда Кудайназардын Табылдыны карап айткан жообу:

— Кагылайын Табылдым,
Карылар сенден кагылсын,
Кишинин баары унчукпайт,
Кимден акыл табылсын.
Жаман көрүп калбасаң,
Көөнүңө күнөм албасаң;
Бир сөзүм бар айтайын,
Капа болуп калбасаң.
Чалкалмак жайын мен билем,
Өзү менин таякем.
Чоң энеңдин төркүнү —
Ушуну сага билдирем.
Баян кылбай баштатан,
Байкабастан тим жүрөм.
Чалкалмак жайын айтайын,
Маалым кылып кайтайын.
Калмактан болгон жети хан
Азыркысы эки хан,
Каарлуусу Чалкалмак,
Калкына түздай татыган.
Кара мүртөс чеки хан,
Колунда тогуз уулу бар,
Чалкалмак жайын угуп ал.
Тогуз уулдун кенжеси
Торкобек деген кызы бар.
Азыр он беш жашында,
Токолдукка ушуну ал.
Мен жуучуга барайын,
Арачы болуп калайын.
Кудалашам келип деп —
Куп кеңешти салайын.
Ары чети калмактын,
Жылкысы кайда чалайын.
Үйүнө барып сүйлөшүп
Тилге мыктап канайын.
Ак болсо сырын билейин,
Айтканына кирейин.
Кебез байлап башына,
Атымды түшүп берейин.

Айдай Торко сулууга,
Кайын ага болуп келейин,
Канга калың салсаң да,
Калтырбай баарын же дейин,
Арам көөнү бар болсо,
Жер өлчөмүн алайын —
Жезекчисин чалайын.
Желектүү найза туу менен,
Жер майышкан чуу менен,
Өзүм баштап кирейин.
Өрүштөн жылкы тиейин,
Өзүн кармап өлтүрүп,
Өчүңдү алып берейин.
Таяжең Торко сулууну,
Тартып алып келейин.
Ушул менин кеңешим.
Уруулу журтум не дейсиң?
Укпасам экен деп турам,
Табылдынын жемесин.
Урушуучу калмакка
Убара кылат дебесин.
Калың эл айтчы сөзүңдү,
Калмактан кайгы жебесин.
Калп айтсам, балам Табылды,
Тилегим кудай бербесин.
Убара кылба элиңди,
Уктуңбу, журтум, кебимди?
Убада ушул, Табылды,
Өзүм табам эбиңди...

Кудайназардын бул сөзүн угуп чогулган эл Табылдыны карап калышты.

Табылды «ырас айтат Кудайназар абакем, өзү Чалкалмакка арачы болсун, Алтыбай хан акылын тапсын. Эрманкандын тукуму кырк жигитти алып өзүбүзчө барып таякебиз Чалкалмакка кудалашып келебиз. Силер чалгынды жакшы чалып, малынарды жакшы багып, эки жактан кабар алып жата бергиле» деп катагандын калың чогулушун таратып токсон жорго, жүз күлүк ат алып, ок дарыны мол алып, Кудайназарга жолду баштатып, Алтыбайды акылчы кылып, Кудайназардын тукумун бүт алып кырк жигитти ээрчитип бардыгы токсон киши болуп, — Чалкалмакты бет алып, жөнөп кетишти. Жол баштаган Кудайназар он киши ортосунда Алтыбай хан, кырк киши аркасында Эр Табылды, кырк жигити менен жол жүрүп, жайлоонун барын чабыттап чалгын чалып, Балгартты басып, бир илбирсти атып, Барскоондун белин ашып, Чалкалмакка жетүүгө шашып, үч топ болуп, үч бөлөк конуп жүрүп бара жатышат.

Кудайназар абаң жолду баштап бара жатып, Чалкалмактын Барскоонго салган чебин көрдү. Жолду бөгөп чеп кылган, Чалкалмак жоо келет деп шек кылган экен.

Бул—Чалкалмактын чеби экен,
Чеби сонун бек экен.
Ченине душман өткөрбөй,
Чалкалмак баатыр эр экен.
Айланасы тоо экен,
Аскасы бийик зоо экен,
Айлына душман өткөрбөс,
Алп Чалкалмак дөө экен.
Чебин таштан жыйдырган,
Чеберлик менен кыйдырган.
Чегинен адам өтпөскө
Ченемсиз бекем кылдырган.
Дарбазанын оозуна,
Үйдөй болгон кара таш —
Дары менен тундурган.
Жетимиш балбан биригип,
Жерден араң жылдырган.
Эшигин жиксиз кынаган,
Элинен уста жыйнаган,
Дарбаза кылган кара таш;
Көтөрүп келип Чалкалмак
Өзүнүн күчүн сынаган.
Дарбазаны бекитсе,
Даарый албайт эч адам.
Муну көрүп абакең,
«Туюкка келип калдың деп
Өтө албайбыз бул тоодон,
Көрбөгөн жолго салдык» деп.
Чепти көрүп чекчейип,
Туюктанып кекчейип —
Турган экен каранып,
«Кантебиз» деп мекчейип.
Өтөр жолу жок болуп,
Өрттөнүп ичи чок болуп.
Туш-тушунан жол издеп,
Турган экен токтолуп.
Алтыбай келди артынан,
Аны ээрчиген бир топ жан,
Абасынан кеп сурап

«Ашуусу кайда» деп сурап.
Алар да болду айран таң.
Абаке кандай чеп деди.
Алдың туюк турбайбы,
Артыңа карай кет деди.
Ачылар бекен жолу деп,
Алтыбай түшүп артынан —
Кара ташты тепти эми.
Кандай балбан көтөрүп,
Кара ташты эптеди?..
Дарбазасын карашып,
Жол тапсак деп санашып.
Кырк элүүсү тырмалап,
Кара ташка жармашып.
Келтек кылып найзасын,
Калган экен чарчашып.
Козгой албай копшутуп,
Кол салалбай окшутуп,
«Койчу алыбыз жетпейт» деп
Абакеңдин балдары —
Отурган экен окшошуп.
Ушул жолду баштаган,
Абасын тилдеп боктошуп,
Кырк жигит менен Табылды —
Келе жатат топтошуп.
Абакем мында олтурат,
Алдында жоосу барбы, деп
Алма башты октошуп.
Кырк жигит жүрүп калды эми,
Аял кылбайт токтошуп.
Ыкчамдап булар жүрдү эми
Ыргалтып желек түрдү эми.
Абаңа жакын келгенде,
Арстаның чепти билди эми.
Табылдыдан уялып,
Ырсайып абаң күлдү эми.
Алтыбай терин шыпырып,
Ардангандан сүрдөдү.
Эң эле оор таш экен
Элдияр — Эрмек жүр деди.
Эр Табылды ойронуң,
Ташка жакын бастырып,

Чебин көрүп бекиткен,
Чалкалмакты жактырып.
Дарбазасы кара таш
Бирден барып көтөр — деп,
Кырк жигитке тапшырып;
Күчүңөрдү сына деп.
Алтыбайды баш кылып,
Оюн баштап бул жерде,
Табылды турду каткырып.
Элдияр барып эңкейди,
Эрдемсинип деңкейди.
Эрмелте албай бул ташты
Эки көзү чекчейди.
Эрмек барып кармады,
Эмне келсин дарманы?
Эбин таап көтөрсө —
Эми чыкмак арманы.
Алтыбай барып асылды,
Аябай күчүн ашырды.
Айласы кетип бул таштан —
Анын да деми басылды.
Кырк жигит бирден барышты,
Кызыкка булар канышты.
Дарманы келбей бул ташка,
Далайдын колу карышты.
Абакеңдин балдары —
Алар да барып турушту.
Жыйырмадан, отуздан,
Жыйналып тартып көрүштү.
Жылдыра албай бул ташты,
Жыгыла жаздап келишти.
Токсон киши бүткөн соң,
Томкоруп көрчү баатыр — деп
Табылдыга беришти.
Тобокелчи Табылды,
Токтолбой алчу эңишти.
Эр Табылды берениң,
Тербелбеген тереңин;
Арчатору буудандан,
Арбайып жерге түштү эми.
Үйдөй кара бул ташта,
Бар бекен тамыр түп — деди.

Атам Эрмен колдо деп,
Баатыр Манас колдо деп,
Эрдин тиштеп кашкайып,
Эңкее түшүп таптанып,
Эрдик кылып баатырың
Эки имерип чактанып.
Эмчекке такап көтөрүп,
«Эл качкыла мындай» деп —
Эшик төрдөй ыргытып,
Басып кетти даңкайып.
Бак талашкан Алтыбай —
Баатырды көрүп шалдайып,
Баштагын аба жолду — деп,
Баараң куштай барк этип —
Арбагы чыгып заңкайып.
Чептин жолун ачты эми.
Абаң жолго басты эми.
Жол таппасам Табылды,
Жемелейт деп шашты эми.
Кара таш калды дүңкүйүп,
Абаңдын көзү чүңкүйүп.
Карап коёт Алтыбай,
Кара ташты үңкүйүп.
Кара таш үйдөй көрүнүп,
Капталдан чубап жөнүгүп[1]
Катарлашып үч топ эл,
Кайра баштан бөлүнүп.
Кайгырып барат Алтыбай —
Кабыргасы сөгүлүп.
Касташып жүрбөй ушуга,
Калсамчы деп көмүлүп.
Табылдынын күчүнө
Кубангандан Алтыбай,
Кара терге чөмүлүп.
Жээктеп жолго киргенде:
Жаткан экен Ысык-Көл
Толкуну жайпап төгүлүп...
Эркечтенип шар болуп,
Эки чети кар болуп,
Эсине түшүп Табылды

[1] Жөнүгүп — жөнөшүп.

«Ээлесек сени Ысык-Көл,
Элим мында бар болуп,
Көбүгү аппак бууңду,
Көлөмү терең сууңду,
Көрүп турса катаган
Көл үстүндө кууңду...
Жээгинде жекен сазыңды,
Жекенде өрдөк казыңды.
Жердетем сени кыргызга,
Жети-Өгүз, Тасма башыңды.
Калмакка кантип коёюн
Каркыра жайлоо сазыңды.
Кыргоолуң жайнап жолуңда,
Токоюң көлдүн боюнда.
Жердесе муну кыргыз» деп.
Жактырып барат оюнда.
Ичинде ойлоп акыл деп,
Өзүнө-өзү маакул деп
Келип калган окшоду,
Чалкалмакка жакындап.

Кудайназар аксакал бура тартып, үч топ элдин алды, аркасына токтоп, Табылдыга кеп салып, «Чалкалмакка жетүүгө жакын калдык. Хан Чалкалмак баатырды көздөй кандай барабыз? Токсон киши үч топпуз, кайсы түр менен барабыз? Акылын балдар тапкыла, карып кеткен абаңа каалаган сөздөн айткыла» деди.

Анда Алтыбай: «Бүгүн мында конобуз, ат өргүтүп алабыз. Эртең жалпы аттанып Чалкалмакка барабыз. Табылды түшөт талаага, абакем барат арага, ары бери сүйлөшүп, куда болуп кайтабыз: Торкобек айтсын акылын, аны муну көп ойлоп, калбайлы бекер санаага» деди.

Кудайназар менен Алтыбайдын сөзүн угуп Табылдынын айтканы:

«Абакем сурайт акыл деп,
Айылга калдык жакын — деп.
Алтыбай хандын сөзүнө
Айта албайбыз маакул деп.
Табылды калса талаада,
Абабыз барса арага,
Алтыбай ханым бул жерде:
Калбасак дейт санаага.
Атышып жүргөн душмандын,
Айлына кирип барганда:
Калбайбызбы балаага?
Куда болуп кой сойбой,

Ҡулдук уруп той сойбой,
Ҡурулай кирип барарбыз.
Ҡупуя элди тынч койбой,
Табылды келип калды деп,
Талаанды элге салды деп,
Артына таштап калың кол,
Дал түштө чалгын чалды деп;
Ҡалмактын баары жыйналып,
Ҡалың кол бизге чырмалып,
Ҡалбайбызбы ортодо?
Ҡараан таппай кыйналып.
Ҡара ниет Чалкалмак,
Ҡарсылдатып урганда,
Батына кирип барарбыз,
Башкага коркуу саларбыз.
Баш тарта албай калмактан,
Балакетке каларбыз.
Ҡаптап кирип барарбыз,
Ҡалмакка коркуу саларбыз,
Ҡалың жоонун ичинде,
Ҡам жей албай каларбыз.
Атайы келген мейман деп —
Аттарды колдон албайбы?
Алып кирип ортого,
Азапты башка салбайбы
Жарактыы бойдон чечпейби
«Жакшы келдиң» дешпейби
Жаны ачыган калмактар,
Жарып кардын тешпейби
Ҡуда деп бизди ойлойбу
Ҡунум бар деп сойбойбу
Ҡуудулдугун мунун деп,
Ҡузгунча көздү ойбойбу
Ҡеңешим менин бул деди,
Ҡебимди угуп тур деди:
Кебиң жатык, абаке,
Кечикпей ишиң кыл — деди.
Беш киши алып жаныңа,
Ҡалмакка барып кел — деди.
Пейлин көрүп алардын,
Беттешип жооп бер — деди.
Бер жагындан сөз байкап,

Бел тосуп жатам мен — деди...
Белсендүү жообун алып кел,
Беш күндөн калбай сен — деди.
Абаке, сага арзым бул,
Айта турган карзым бул:
Айылда айткан сөзүңдү,
Аткара турган шартың бул.
Көрдүм дебе чебиңди,
Ачтым дебе белиңди.
Беш киши чыктык элден деп,
Сырыңды бербей душманга —
Сыртынан айткын кебиңди.
Чалкалмакка барарсың,
Чалгыңды кошо чаларсың.
Сөзгө келсең беттешип,
Кепти мындай саларсың.
Таякемсиң сен — деп айт,
Таянып келдим мен — деп айт.
Табылды сындуу иниме
Торкобек кызың бер — деп айт.
Алтыбай болду хан — деп айт,
Ата бол бизге сен — деп айт.
Айыл болот катаган,
Алты миң түтүн эл — деп айт.
Анжыян арка, Ала-Тоо,
Атаймын сага жер — деп айт.
Жээриң канча мал — деп айт.
Табылды болсун бала — де,
Журтчулукту сана — де.
Кан төгүшүп баш кеспей,
Калк болор жагын кара — де.
Өткөн ишти ташта де,
Өрнөктү журтка башта — де,
Үй чабышып, мал тийбей,
Үлгү болсун жашка — де.
Калмак, кыргыз баш кошуп
Калк болуудан качпа де.
Табылды үйдө калды — де,
Таайына жуучу салды — де.
Анжыянды каратып,
Анын баарын алды — де.
Алтыбайды хан кылып,

Акылын журтка салды — де.
Ак калпактуу кыргыздын,
Ар тарабын чалды — де.
Ак сакал кылды мени — де.
Ата кылсын сени — де.
Айткан сөзгө көнбөсө,
Атышармын деди — де...
Җооп бергин кетем — де,
Җок сөздү айтып нетем — де
Җоолашам десең Чалкалмак —
Җортуулга келер кол даяр;
Җообуң айтып жетем — де.
Таяке, жээн болуудан,
Такыр сенден кечем — де.
Ишенсең мени ээрчи — де...
Күндүк жолго узатып,
Күчүмдү менин көрчү — де.
Кудалашсаң калмакка,
Кулакка сөйкө салмакка.
Чалкалмакты алып кел,
Куп сүйлөшүп бул жерден.
Бизди ээрчитип бармакка»...

Табылды бул сөздү айтып беш киши кошуп берип. Кудайназарды Чалкалмакка узатты. Алтыбайды алып ат өргүтүп калып, ар тарапты чалып, кароол карап Улуу тоонун башына барып дүрбүсүн салып. жол-жолго кароолчу коюп жата берди. Кудайназар куудай сакал агартып, кузгундай көзүн кызартып, туу байтал менен уюлгуп, узун жолду кыскартып, түрдүү акыл ойлоп, Улуу өндүрдү бойлоп бара жатканда: Чалкалмактын кароол караган он беш кароолчусу кармап алып, колу бутун байлап алдына салып айдап, Чалкалмакка алып барышты. Чалкалмактын Кудайназарга ачуусу келип, каарланып айткан сөзү:

Кудайназар сенсиңби?
Куу байтал минип келдиңби?
Куунап жаткан элимди,
Курутайын дедиңби?
Табылды бала оору деп
Талыкпай эми тоору деп,
Олжобайды жиберип,
Курулай кабар бердиңби?
Җээниңмин деп желпилдеп,
Җер чардаган эрсиңби?
Җелмогуз сендей бузукка

Берейин эми энчиңди!
Атаң кууп салганда,
Арка болгон мен элем.
Бүлдүрдүң го, кызталак,
Бүтүндөй калмак кенчимди.
Кат жазып мени чакырып,
Калбай кел деп шашылып.
Калкымдын баарын кырдырдың.
Кандыбы өчүң басылып?!
Унуткарып келипсиң,
Ушунча ишти жашырып,
Эми эмне деп келдиң —
Уйгактай болуп асылып.
Унутпаймын кечеги,
Табылдынын кылганын.
Уялуу калмак журтумду,
Уруусу менен кырганын.
Ууру кылып жер чардап,
Ушубу сенин кылганың!
Кайдан келдиң, как баш кул?
Калтырбай айткын кебиңди.
Кабылдың эми тузакка,
Мен табайын эбиңди.
Калпты курап эбиреп,
Хан Чалкалмак баатырдын —
Калкын көрсөм дедиңби?
Карыганда сен кулдан,
Аламын эми абыдан,
Качантан берки кегимди.
Жашырган канча колуң бар?
Чабыттап келген жолуң бар!
Жан өткөрбөй кармачу,
Жайып койгон торум бар.
Урууну салар орум бар,
Укмуштуу бузук сен бир кул—
Тарта турган шорун бар!
Артыңда канча элиң бар,
Айтчы кандай кебиң бар,
Адам заат өтө албас,
Айланамда чебим бар.
Аламын эми сен кулдан,
Абалтан берки кегим бар.

Табылдың кайда айтып бер!
Таштаган жериң кайсы жер!
Таяке деп безилдеп
Талай малым алгансың.
Такыр баарын кайта бер.
Таптырам калган элиңди,
Тамашамды азыр көр.
Муунуңду алып багамын,
Бутуңа кишен саламын.
Бугуп жаткан колуңду,
Буткулдан издеп табамын,
Кордук кылып багамын.
Коюп келген элиңди,
Койбой жүрүп табамын.
Алпарып орго саламын
Азабың берип багамын.
Аркаңа койгон элиңди,
Адырдан издеп табамын,
Аттын изин чаламын,
Арбын болсо жолдошуң —
Алмадай башын аламын.
Багалчагың чагамын,
Башыңды кесип саламын.
Айт чыныңды тезинен —
Аттанып чалгын чаламын!

Кудайназардын Чалкалмакка берген жообу:
— Мен элчимин, элчимин,
Элчиликке өлүм жок.
Эмне кылсаң ошо кыл:
Ээрчитип келген элим жок.
Мен жуучумун, жуучумун.
Жуучулукка кордук жок,
Алдына келген адамга —
Айткан сөзгө зордук жок!
Чалкалмак менин тагам деп
Чарчабай өзүм барам деп,
Кудалык жөнүн кеңешип,
Жакшылап кепти салам деп,
Эрманкан уулу эр чыкты.
Эр Табылды шер чыкты,
Арачы болуп келем деп,

Элимден жалгыз мен чыктым.
Таяжем Торко кыз деди.
Таякем берсин түз деди.
Жуучу болуп мен үчүн,
Барып кел аба сиз деди.
Бала болом мен дагы,
Баркымды билер таякем,
Жүрөктөн чыксын муз деди.
Анжыян менен арканы,
Табылды такыр каратты.
Алам деп бир кыз Табылды —
Торкобекти жаратты.
«Таякең бербейт кызын» деп,
Далай адам талашты.
Арага мени жиберип,
Мелдеш кылып тарашты.
Кечикпей кел деп көпчүлүк —
Кебиме менин карашты.
Кызыңды берсең аламын,
Кудалашып каламын.
Канча калың жесең да,
Калкымдан издеп табамын.
Балдарыңдын бир экөөн —
Элиме алып барамын.
Калмак, кыргыз журт болсо,
Карганда ишке жарадым.
Карайбыз сага журт болуп,
Кабарың айтып барамын.
Чанамын десең таяке,
Чабышып жатып каламын.
Үй чабышып, мал тийип,
Тынчыбыз кетет, карагын!..
Ишенсең ушул жообум,
Оюңа алба кообуң.
Ишенбесең издей бер,
Аркамда каткан кишим жок.
Элчисимин жиберген —
Эр Табылды жоондун.

Кудайназардын бул айткан жообун угуп, Чалкалмак калкына киши чаптырып, калтырбай баарын алдырып — кеңеш салды. Калмактын аксакалдуу карысы акылмандын баарысы, кепке устат чечендер, ар уруудан нечендер; жоого камбыл баатырлары, жол тап-

кычыл даңкылдары, кадырлуу байлары, кастарлуу бийлери кеңешишти.

«Тегеректи чалалык, тегиз кабар алалык, анык эле жуучу болсо: Торкобекти берелик. Табылдыны күйөө кылып алалы. Арамдыгы бар болсо: арбын киши ал болсо, колу бутун чагалык. Карысын жерге кагалык. Аңдып жүргөн жоо менен атышпай кантип калалык? Чалгынчы, кайып келгинче, бизге кабар бергинче, Кудайназарды сен бак» деп калмактын чоңу Көгөй баатырга беришти да, жөө күлүктөн тандап он киши алып, беш кишини ич менен, беш кишини сырт менен, «күндүз бекинип түндө жүр, өргүү болбой күндө жүр, үч күндөн калбай Барскоондоку чепке чейин барып аттын изин чалып кел, адам көрсөң качып кел, аялдабай шашып кел» деп узатышты.

Алты жүз калмак айылдын чөйрөсүн жезеп, жылкынын четин кезеп, сак болуп калышты.

Табылды менен Элдияр күндүз келип, түн кетип, түндө келип, күн кетип, кароол карап жүрүп көргөн билгендерин коштогу Алтыбай баштаган жолдошторуна маалым кылып айтканы:

Хан Алтыбай агабыз,
Калмакты качан чабабыз?
Кандай келбей кечикти,
Кармалган бейм агабыз?
Кырк жигит эрмек досубуз,
Кыдырдык далай тоону биз.
Кызыгын көрүп калмактын —
Кырсакпы дедик жоону биз.
Улуу тоонун башынан,
Улар учпас ташынан,
Мындан салдык дүрбүнү.
Кара тоонун башынан
Карга учпаган ташынан,
Мындан салдык дүрбүнү.
Каркыра бою өзөндөн,
Карагайлуу кезенден:
Талаанын башы сарыдан,
Талдуу суунун карынан,
Мындан салдык дүрбүнү.
Канча сонун жер көрдүк.
Катмарлуу нечен бел көрдүк.
Каз канаттап конушкан
Калмактан канча эл көрдүк.
Коңурдун башы Чоң төрдө
Кош тигилген үй көрдүм.
Козголтуп адам айдагыс
Кара боз жылкы биз көрдүк.
Түшкө жакын болгондо,

Суугa кирет чубуруп,
Жакын барып калыппыз —
Кишенесе көп жылкы,
Үнү бизге угулуп.
Кызыгандан Элдияр.
Кызыккансып кеп салат,
«Тийсемби» деп — жулунуп,
«Абакем турса калмакта,
Андай сөздү койгун» деп.
Алып кеттим бурулуп.
Кечке жакын бешимде,
Бешим өтүп кечинде
Суудан чыгып жайылып,
Өндүр, өндүр сай менен
Төш жөлөнүп жабылып.
Жердин бетин бербеген.
Жети сан кара көп жылкы,
Жээк тартып былкылдап,
Жөлөнүп оттоп кылкылдап.
Жезекчиси көрүнөт,
Канжанын оту жылтылдап.
Түн ортосу болгунча,
Атынан түшөт шылкылдап.
Тийсемби деп Элдияр —
Чыдай албай умтулат.
Кантесиң деп мен барып,
Алып кеттим чылбырлап,
Андан нары барганда,
Жондо киши көрүнөт.
Жорудай болуп калдайган.
Ойдо киши көрүнөт.
Мергенчи көрдүк эңиштен,
Бир топ адам кетпеди,
Таңга жакын болгунча;
Бери—алдыңкы сары тегизден.
Өлчөп көрсөм калмактар,
Өпөңдөп атка мингенби.
Өргүтүп коюп абамды,
Өзөндү чалып жүргөнбү
Кыргыздан киши келди деп
Кыжылдап башын кошконбу.
Кыргын кылган бизди деп,

Кызын бербес болгонбу.
Кыян кески Чалкалмак,
Кыядан жолду тосконбу.
Саксайып атка мингенби
Саксынып тосуп жүргөнбү.
Зарыктырып абамды
Саргартып байлап койгонбу
Үч күн өтүп, төрт болду,
Бул иште кандай көрк болду.
Деле—жылкысын тийип кетсекпи
Ичим күйүп өрт болду.

Табылдынын бул сөзүн угуп, Алтыбайдын айткан кеңеши: «Табылды баатыр, дагы беш күн күтөлү, алтынчы күн болгондо кандай кылалы десең дагы маакулбуз, абам тирүү болсо, ага чейин бир кабар кылар» деп, Табылды «сен коркуп калган экенсиң» деген ойду ичине түйүп, аттанып кароолуна кете берди.

Чалкалмактын сырт менен жиберген беш кишиси күндөп-түндөп жүрүп олтурушуп, Барскоондогу чепке келишсе: калың аттын изи жатат. «Капкадагы кара ташты эшик төрдөй алып ыргыткан алда кандай күчү бар; бул көрүнгөн калкта кылымды бузар киши бар» дешип эси чыгып элеңдешип калышты. Ашыгып тыным албай жүрүп олтурушуп, үч кишиси артта калып, эки кишиси келип Чалкалмакка айткан кабары:

Хан Чалкалмак бегибиз,
Кабар айткан кебибиз;
Калктан тандап он киши,
Кароол кара — дедиңиз.
Үч күндө барып кел — деген,
Өкүм кылган кебиңиз.
Көргөндү айтып берели,
Көңүлдөн чыксын черибиз.
Сырт менен барып биз көрдүк.
Бузулуптур чебиңиз.
Кыргыздан душман келди деп,
Кыраандык кылган экенсиз.
Душманың бекип жаткандай,
Көрүндү сиздин жериңиз.
Жердин баарын арытсын,
Жети сан калмак элиңиз.
Жашынган жоону тапканда,
Чыкпайбы сиздиң чериңиз.
Бардык Барскоон чебине
Барып кел деген жериңе,

Баатырларды чогултуп,
Батыраак кабар салыңыз.
Барлык калмак элиңе —
Барскоондон баатыр баштаптыр,
Бачымдап жүрүп шашпаптыр.
Дарбаза кылган караташ.
Балбандар алып ыргытып —
Алыс жерге таштаптыр.
Чебиңдин жолун ачыптыр,
Жериңде душман жатыптыр.
Аттарынын туягы,
Айбандан башка көрүнөт,
Жерди кемер казыптыр.
Жер чардаган беш киши,
Жетер замат шаштык биз,
Мындай сонун укмуштан,
Токтоно албай качтык биз.
Көргөндү айттык ханыбыз
Көтөрүлбөйт саныбыз,
Чырым этип уйку албай,
Чыкканы турат жаныбыз.
Эсибиз ооп өлөрдө,
Эл четине жолуктук.
Эс алып тыным албастан
Эң эле жаман зоруктук.
«Көргөндү айтып өттүк» деп...
«Көрүшүп сизге жеттик» деп...
Көпчүлүккө угузуп,
Чалгынчылар жөнөштү.
Бул кабарды укканда,
Чалкалмак калды шашылып.
Чаптырды киши туш-тушка;
Чакыр бат деп ашыгып.
Жеримде жаткан турбайбы,
Желмогуз келип ашынып.
Кудайназар как башты,
Жер алдына катыңар,
Жексен кылып жашырып.
Жердин баарын чалалык,
Былчагай менен Чаар жон
Каркырага баралык,
Төтөнүн тоосун карайлык,

Короо карагай, коңурга
Жылкыны жыйнап багалык.
Төмөн жагы бөрү баш
Бөксө жолго салалык.
Жайылма, Кең суу жеримден,
Жалпы калмак элимден —
Жалгыз киши калбасын!
Кабар алсын кебимден.
Кара боз кайда алып кел,
Калмакка кабар салып кел.
Алтымыш киши аттанып,
Айгыр булак деңизге —
Аярдабай барып кел.
Түптүн башын караңар,
Түк койбой жерди санаңар.
Кокусунан калбасын,
Кокту, жылга араңар.
Мен аттанып алайын,
Жоо бетине барайын.
Кара боз күлүк буудандын,
Чоң күчүнө салайын.
Түн катып жүрүп олтуруп,
Оргочордун башынан,
Дүрбү менен карайын.
Нары чети эринбей,
Чебимдин жолун чалайын.
Кара ташты көтөргөн
Кандай балбан болду экен.
Как ошону көрөйүн!
Кабылышса кокустан,
Катыгын жоонун берейин!
Жуукунун белин ашайын,
Жалпы сыртты басайын,
Жоо бекинсе сырт жакка
Жонунан кайыш тилейин!»
Ушуну айтып Чалкалмак
Калкына кабар салды эми.
Калтырбай жыйнап алды эми.
Карбаластап шашылып,
Кароолго бармак болду эми.
Калмактын баары калтырап,
Кудайназар абаңдын

Бутунда кишен шалдырап.
Айдап келди чоң Көгөй
Абандын көзү жалдырап.
Удургуган калмактын
Түрүн көрүп чочунуп,
Сөз айтууга абакең —
Ыңтайланып озунуп.
Жолдоштору жанында
Бирге жүрөт кошулуп...
Абаңыз сөздү баштады,
Акылынан шашпады:
Чалкалмакты чакырып,
Чачылба бекер баатыр — деп
Айтарга сөзүн маштады.
— «Хан Чалкалмак таяке.
Кайратың сенин канеке?
Караан көрбөй дүрбөйсүң,
Калмактын баарын жүр — дейсиң.
Кабарды өзүм берсем да,
Карылык кылып билбейсиң.
Кудалыкка мен келсем,
Кыжырың кайнап тилдейсиң.
Капканын кара ташына —
Кара болуп сүрдөйсүң.
Таякем менден укпаган,
Кебимдин жайын айтайын:
Дарбазасы ачылган,
Чебиңдин жайын айтайын.
Даярланган катаган,
Элимдин жайын айтайын
Дөөдөй болгон жаш бала,
Эрманкандын Табылды
Жээниңдин жайын айтайын:
Мен айылдан чыкканда,
Чебиң бек деп укканда.
Табылды мени узатып
Тагама бар деп кысканда.
Ээрчип келген эки күн,
Эркелик кылып мен үчүн.
Эрмек кылып жок көргөн,
Чалкалмактын жээни үчүн.
Туш келип калып чебиңе,

Сынагандыр кол күчүн.
Таңыркап бала көргөндүр,
Тамашалап келгендир,
Дарбазада кара таш —
Таякем келсе көрсүн деп
Ойноп алып салгандыр.
Жоо келди деп дүрбөткөн,
Жол чалган кишиң жалгандыр.
Абасы турса бул жерде,
Арамдык кылчу бала эмес!
Айлыңа тооруп келген соң,
Айбыгып калчу жан эмес!
Элиңди бекер дүрбөтпө.
Ээн баш бала ал эмес.
Куда болсоң кебиңди айт,
Курчалышар сөзүңдү айт.
Чанам десең таяке,
Чарпылып элди дүрбөтпөй
Чабыша турган жериңди айт.
Узаткын азыр кетемин.
Ууру атанып нетемин!
Урушар болсоң жериңди—айт!
Урулуу кыргыз журтумду,
Кошунга алып келемин.
Өзүмдү кармап тургудай,
Өрүштөн жылкың алдымбы?
Өзүң колго түшүрүп,
Өчүңдү менден алдыңбы?
Эрксиз кармап тургудай,
Элиңди чаап алдымбы?
Эзип жанчып ургудай,
Эр өлтүрүп салдымбы?
Элиңди жыйнап дүрбөтүп,
Эсиңден таnып калдыңбы?
Атымды бергин минейин,
Айт жообуңду кетемин,
Арачы келсе кармайсың,
Акыры сенден кечемин!
Кудайназар болгону,
Кордукту мындай көрбөдүм.
Колго түшүп жатканча:
Жакшы го менин өлгөнүм.

Журтчулукка келем деп
Жуучу болуп берем — дем,
Элимден чыктым мактанып.
Журтуңду жыйнап дүрбөйсүң,
Жоо көргөндөй сактаныш.
Жообуңду айткын Чалкалмак
Жолума түшөм аттаныш»...
Ушуну айтып абаңыз,
Жооп сурап токтоду.
Каары келип Чалкалмак
Катуу айтып октоду:
— «Атып салам сени — деп,
Сыр бараңын октоду,
Журтту бузган жуукур — кул,
Жобураган дүмбүл — кул,
«Жуучу болуп келдим» деп
Жолумду бузган куудул—кул.
Такылдап сөзүң актайсың,
Табылдыңды мактайсың.
Талаага колду жашырып,
Таяке деп какшайсың.
Санына чылбыр салгыла!
Тилине мыктап кангыла!
Буту колун бошотпой!
Орго алпарып салгыла!
Багалчагын чаккыла
Барлык сырын уккула!
Көзүн мага көрсөтпөй,
Айылдан ары чыккыла».
Колу, бутун байлатып
Кордук кылып сабатып
Аттанып кетти Чалкалмак,
Жердин баарын чалгындап —
Суу-суугa колун таратып,
Дүрбөлөңдөп калмактар —
Түгөл баары аттанып.
Эр жайлашып карашып,
Аттарын байлап жаратып,
Чалкалмак кетти чалгынга;
Чаң созулуп артында.
Чапкылашып калмактар,
Тынчтыгы калбай калкында.

Күлүктөрүн байлашып,
Күндө жарак шайлашып.
Аттарын суутуп байлашып,
Ар жарагын шайлашып.
Алды, алдынан тарашып,
Ар кайсы жакты карашып.
Калмактар жүрөт тоо менен,
Кармашсак деп жоо менен,
Өрөндү карап чалышып,
Өөдө төмөн, жарышып
Өзүнчө чалып жер-жерди
Өжөрлүккө салышып.
Ойдон, тоодон жер койбой
Жоо барбы деп арытып.

Табылды менен Элдияр калмактардын төрт тарабын чалып, тегерегүн карап төтөнүн тоосуна барып; андан дүрбү салып, калмактардын бул удургуп, суу-сууну өрдөп, жер кайпып жүргөнүн көрүшүп, түн жамынып келишип, Айгыр булакта жаткан Алтыбай баштаган жолдошторуна акыл салып, көргөн билгендерин маалым кылып айтканы.

— Алтыбай, Эрмек баатырлар
Үстүндө тиккен чатыр бар.
Жанында сексен колуң бар.
Алты күн болду абама,
Андан кандай кабар бар.
Калмакка дүрбү салдыңбы,
Кароолго чыгып бардыңбы?
Же — катылып жатып бул жерде,
Кабарын билбей калдыңбы?
Колго түшсө карыбыз,
Козголбой жатсак барыбыз,
Корголоп мында жатканда
Кокустан келсе калың кол,
Төгүлбөсүн каныбыз!
Биз көргөндү көрдүңбү?
Биз билгенди билдиңби?
Же — кабар албай душмандан,
Ийинге экөөң кирдиңби?
Биз көргөндү айталык,
Чалдык жерди аңтарып.
Өндүр сайын өрдөгөн,
Адам жүрөт канчалык...
Күндүз, түнү өксүбөй,

Калмактар жүрөт жол чалып
Карап минтип жатканча,
Же—кармашсакпы кол салып.
Чалкалмактын айлынан
Чаң созулуп эл кетти.
Көлдү карай бет алып,
Көңүлдү жаман дегдетти.
Көк-ала байрак туу алып,
Көңтөрүлүп сел кетти.
Түптүн башын бет алып,
Түпөктүү найза туу алып
Түгөнбөй чубап аркасы,
Түн киргенче чубалып —
Түптүн оозун өрдөдү.
Дүрбү салып биз жаттык
Түк адам бизди көрбөдү.
Былчакайда эл жатат,
Чаар жондо кол жатат.
Каркыра жаккы бетинде
Карарып кошун мол жатат.
Төтөдөн дүрбү салдык биз.
Төгөрөктү чалдык биз.
Коңурда жаткан жылкысын,
Койбой көрүп алдык биз.
Коктудан кармап койчусун,
Которуп тилге кандык биз.
Кокустан кабар берет — деп
Корумга тыгып салдык — биз
Койчу байкуш кеп айтты,
Коркконунан бек айтты.
«Кол куралып калмактар
Коркуп жатат» деп айтты.
Чалкалмак элин жыйнаптыр,
Абамды уруп кыйнаптыр.
«Жашырган колуң кайда» деп
Калмактар кыйнап урганда,
Карганып абам ыйлаптыр.
Чалгынга киши барыптыр,
Барскоондун чебин чалыптыр.
Аны көрүп чалгынчы,
Элине кабар салыптыр.
Айгыр булак деңизге

Жашынар жериң калбаптыр,
Арага киши жиберип
Батынар жериң калбаптыр.
Абаңды жоодон бошотуп —
Алар жериң калбаптыр.
Айкалышып калмакка
Барар жериң калбаптыр.
Акыл тапкын Алтыбай,
Атышпай калмак жоо менен,
Калар жериң калбаптыр.
Алты күн болду абама,
Жатар жериң калбаптыр.
Адамдын баары жер чардайт
Батар жериң калбаптыр.

Табылдынын бул айткан кабарын угуп, Алтыбайдын эси эндиреп, башы айланып кеңгиреп, өңү сары жез болуп, акылы кетип нез болуп, жоо көрбөгөн Алтыбай — жолукпас ишке кез болуп, буту-колу шалдырап, мууну кетип алсырап, эки жагын каранып, ээрди кургап жаланып, тили кургап туурулуп, заманасы куурулду.

Алтыбайдын кейпин көргөндөн кийин, кырк жигитке карап Табылдынын айткан акылы:

— Элдияр—Эрмек жолборсум,
Эзелден берки жолдошум,
Эп болсо, баатыр кырк жигит,
Эмдиги акыл бул болсун:
Эрикпейли баатырлар
Элчиден кабар угулсун.
Кудайназар келгиче
Калмактын жообун бергиче,
Өлбөй келсе абакем,
Өзүбүздү көргүчө;
Эми беш күн жаталы.
Береги — түгөнбөс Кара тоо менен,
Түн ичинде басалы.
Түндүктүн белин ашалы
Чоң серүүндүн жолуна,
Түгөл барып жаталы.
Ийри сууну кечели,
Кум текейдин талаага —
Имерилип өтөлү.
Изибизди суудуруп

Эрдемсиген Калмакка
Беш күндөн кийин келели.
Оңдуу жооп бербесе,
Ойрондошуп көрөлү!
Калмактар издеп талысын,
Карасын жердин баарысын,
Жоо таба албай жеринен
Жок экен деп наалысын.
Кепке келсе абакем,
Кетирбес жоого намызын.
Өлтүрбөйлү муну деп,
Коё берер калмактар —
Өлөсөлүү карысын.
Угуп келсин калмактын,
Ушагынын баарысын...
Ушуну айтты Табылды,
Кырк жигит атка камынды.
Алтыбайды аткарып,
Аркайган тоону жамынды.
Күүгүм кире, күн бата—
Жылдыз толуп эл жата,
Адырмактуу белди ашып,
Арсак-Кара-Тоо басып,
Чоң серүүнгө келишти.—
Аттанып канча жол басып,
Жатып калды бекинип,
Ат жайдактап уйку алып,
Аттанып кетти Табылды —
— Ар тараптан жол чалып.

Чалкалмак баатыр Бөрүбашты чалып, бөксө жолго барып, Улуу жолду карап, аттын изин санап, Барскоонго чейин көрдү. Андан ары бастырып чепке келип, дарбаза кылган кара ташты алыс жерге алып, ыргыткан баатырдын күчүнө таң калып, бура тартып кайрылып, муңун айтып кайгырып, кантер айласын таппай ойду-тоону чалдырып, Улуу жолдон аттын изин таба албады. Суу сайын өрдөп, жоодон шек биле албай тегеренип келип, чалгынчынын баарынан кабар алып, «Кудайназарды алып кел» деп киши жиберди. Калмактан чыккан чоң Көгөй келип Чалкалмак баатыр өзүң айткандай кылып багалчагын чагып, башы-көзүн жарып орго алып барып салып таштаганмын, деп жооп берди.

Чалкалмак капа болуп камсыгып калмактардын билермандарын жыйнап алып. «Кудайназарды ордон чыгарып алып, өзүн жакшы багып, бутунун сыныгын айыктырып, кудалашып анан элине жиберели», дешип, акыл кылышты.

Калмактардын бул кеңешин угуп: өзү он беш жашында, саамайы бар башында, Чалкалмак кызы Торкобек, улуу жеңесин чакырып алып, энесине айттырган сөзү:

«Ой жеңеке, жеңеке,
Хандын жалгыз кызымын,
Жаш Торкобек өзүмүн.
Атам менен энемдин—
Как караган көзүмүн.
Атама айтар арзым бар,
Энеме айтар дартым бар.
Жеңеке, сенин мойнуңа
Менин салар карзым бар.
Кыргыздын келген элчисин,
Кыйратып бутун чактыңар.
Кыз балам деп ардактап,
Мени таза бактыңар.
Кеңеш кылып кетишти,
Кыйла мыкты жакшыңар;
Кыргызга мени бергени—
Бул акылды таптыңар.
Менин тапкан кеңешим:
Жеңеке, буга не дейсиң,
Ханың менен жакшыңар
Калктын камын жебейсиң.
Кудайназар калса да—
Беш жолдошун ээрчитип,—
Мени кандай бербейсиң?
Көөнүн жайлап кыргыздын
Көп мал кандай жебейсиң?
Арачысын урдуңар,
Аябай санат кылдыңар.
Буту-колун чаптыңар,
Муну мында бактыңар.
Кыргыздар укса бул сөздү
Кандай жооп таптыңар?!
Табылды бала жогунда
Далай элди чаптыңар.
Мен укканмын карыдан,
Уккан элдин баарынан,
Эрманкандын Табылды—
Элинен чыккан жакшы деп.
Эли-журтун асырап,

Энесиндей бакты деп.
Өзү баатыр жандан деп.
Кырк жигити жанында—
Өнчөй баатыр балбан деп.
Өрүштөн жылкы алганда,
Өзүмдүн атам Чалкалмак,
Ажыратып калган — деп,
Чалкалмакты ал тургай
Далыга найза малган—деп,
Суу ичинде кармашып,
Сакалын жулуп алган — деп.
Ушу кезде Табылды
Жыйырма төрт жашында,
Кырк жигити кашында.
Койгуулдап аттан түшпөйт—дейт.
Кароолун жолдон үзбөйт—дейт.
Жоону көрсө күлөт—дейт,
Жолун тосуп жүрөт—дейт.
Беттешип калса жоо менен:
Беш миң колду сүрөт—дейт.
Абасын издеп келбесин,
Айылга бузук салбасын!
Аман жаткан элимди,
Антара чаап албасын.
Ардактаган Торкобек
Ач билектен албасын,
Ат сооруга салбасын.
Арачы салсам бербейт деп
Ашмачы күң кылбасын.
Карысын издеп келбесин,
Калкка бузук салбасын,
Калың кара элимди—
Карарта чаап албасын!
Карып кеткен атамдын,
Кайгыга башын малбасын.
Кастарласам бербейт — деп
Кара чачтан албасын,
Канжыгалап барбасын.
Кадырымды кетирип,
Казанчы күң кылбасын.
Баркым менен барайын,
Бар кызматка жарайын,

Баланын байкап эрдигин,
Баатыр болсо жагайын;
Анча-мынча жан болсо
Акылын өзүм табайын.
Айла кылып өлтүрүп,
Айлымды аман багайын...
Ушул сөздүн жообун ал.
Жеңе-энеме айтып кеңеш сал.
Жалгыз кызың Торкобек,
Жалынып айтты муну деп,
Атама айтсын энекем;
Кандай болот ушу кеп.
Айтып калсын калың эл:
«Кыргыз менен качыптыр,
Чалкалмактын кызы» деп...
Жаманатты мен болом,
Эне, атама болсо эп»

**Торкобектин бул сөзүн маакул көрүп, жеңесинин кайын энесине бийкечтин аманатынан кутулайын, деп айтканы:**

— Энеке, кулак салыңыз,
Тең өскөн атам жарыңыз,
Алты сан калмак элине
Ата болгон ханыңыз.
Жалгыз кызың бийкечтин,
Аманат сөзүн айтайын:
Абыдан угуп алыңыз.
Маакул көрсөң энеке,
Атама кеңеш салыңыз.
Бир сөз айтты аманат —
Бийкечжан сиздин жаныңыз.
Жуучуга келген кыргызды
Журтуна атам ургузду.
Акырында берем деп
Арнап келген бир кызды,
Элинин болду кеңеши,
Бул кеңешти уктуңуз.
Бийкечти тапкан энеси,
Эрке жалгыз бийкечтин —
Мен элем жакын жеңеси.
Жаман көрүп, энеке,
Жалгыз кызым болсо да,

Жарабайт сөзү дебечи.
Абдан жакшы ойлонбой,
Атамандын болор жемеси.
Баласы үчүн көтөрөт
Башканын сөзүн энеси.
Бийкеч айт дейт апама—
Билинтип ушул кеңешти.
«Берер болсо кыргызга:
Караба дейт бир кызга,
Ойлоп көрсүн ата, энем
Орундуу болор турмушка.
Элчисин ханга жиберген—
Эр Табылды бала дейт.
Элине тынчтык болорун,
Эне, атам ойлоп кара—дейт.
Эрегиштен эр өлөт,
Элинин баарын таратып,
Эл болсун атам кыргызга.
Эрки барда жарашып,
Эмне болду абам деп,
Табылды келип калбасын.
Эл намызын талашып
Элге бүлүк түшүрбөй
Эртелеп өзүм барсам дейт.
Калбасак эстен адашып,
Атамды апам жайласын.
Жоонун жолун байласын
Артында көрөр энекем
Айтылган сөздүн пайдасын.
Кенеш дейт жене апама,
Кеп салсын апам атама,
Кекенип келсе Табылды —
Атакем калар капага.
Учуру кыска болгон соң,
Уялбай айттым апама»
Бийкеч жан ушул кепти айтат,
Билгиздим эне мен сага.

Торкобектин бул женесинен айттырган сөзүн, энеси Чоң кемпир жактырып, «баламдын акылы бар экен, карыган атасын, калың калмак журтун аяп балам бул кеңешти тапкан экен, атасына өз сөзүм кылып айтайын, не болсо да мен көрөйүн» деп Чалкалмакка Чоң кемпирдин айткан кеңеши.

— Хан Чалкалмак сен элең,
Карганча жолдош мен элем,
Өмүрдү бирге сүрүшкөн
Өзүң менен тең элем.
Кыз кезимден бириккен,
Кыраан төрөм сен элең,
Кызматыңды жайлаган,
Кыз алган курбуң мен элем.
Кеңешим бар өзүңө
Кулагың салсаң сөзүмө:
Бир акыл түшүп оюма
Келдим айтар кезиме.
Токсон миң калмак элиңдин—
Сен болдуң, ханым, чегеси.
Тогуз бирдей уулуңдун,
Мен элем тууган энеси.
Жалпы калмак журтуңдун—
Сен болдуң ханым атасы.
Жалгыз кызың Торконун
Мен элем тапкан апасы.
Жаман көрбөй кечиргин,
Сөзүмдүн болсо катасы.
Торкого келген жуучуну,
Тозокко салдың ушуну,
Бүгүн кеңеш кылдыңар
Бермек болуп кызыңды.
Арага келген жуучуну,
Азапка салдың ушуну.
Аягы бермек болупсуң,
Айнектей жалгыз кызыңды.
Берсең бергин кыргызга,
Бейли түшсө бир кызга;
Мен калыңды көп жейм деп
Берениm малга кызыкпа.
Кудайназар карыны,
Кадырлап келсе урдуңуз.
Башы-көзүн жардыңыз.
Буту-колун чактырып —
Багам деп алып калдыңыз.
Каргадай жалгыз кызыңдан
Калың жеп тойбойт кардыңыз.
Сан кара боз жылкың бар,

Сандыгың толгон мүлкүң бар.
Сайышам дебей карганда,
Сандыргалуу баатыр дейт—
Табылдыны колуңа ал.
Короо толгон коюң бар.
Ханым, сага эп болсо:
Катындын сөзү кеп болсо,
Менин да айтар оюм бар.
Берер болсоң Торкону,
Беш кыргызга кошолу.
Берен болсо Табылды—
Бек сынайлы ошону.
Береги чалын кетирбей,
Кырк күнү мында багалы.
Кыраан болсо Табылды,
Кыялын мурда табалы.
Кырчылдашып жоо болбой
Кызды берип жагалы.
Кыргыз менен журт болуп,
Кыйналбай элди багалы,
Кыргыздан баатыр Табылды
Күйөө кылып алалы.
Торкобек барсын аттанып,
Табылды калсын мактанып,
Томуроон[1] жатып калалы,
Тополоң болбой сактанып.
Тартуусун алып кыргыздар,
Келе берет ийилип.
Торком барса, Табылды—
Ток кылат журтка сүйүнүп,
Кыргыз, калмак калың журт,
Багынбайбы өзүңө.
Баарысы сизге сыйынып
Арбагың мындан чоңоёт.
Табылды күйөөң болгон соң.
Калмак кыргыз ханым деп
Келбейби сага жыйылып—
Торкону азыр бербесек,
Той түшүрүп кел десек,

[1] Томуроон — тынч, уруш-талашсыз.

Элчисин багып кетирбей—
Элчиликке көнбөсөк.
Арчатору минбесин,
Абасын издеп келбесин.
Арбактуу бала Табылды—
Айлыңды бүлүк кылбасын.
Беш кыргыздан кеп уктум,
Бейлеп сөздү мен уктум.
Берен бала Табылды
Белгилүү баатыр деп уктум.
Атышкан менен ок өтпөйт,
Отко салса чок өтпөйт.
Кийгени болот темир дейт,
Катаган кыргыз элине—
Карга айлангыз сеңир дейт.
Кыйналбай элди багалы,
Эрегишти ташта—дейт.
Эми чыкты Табылды—
Жыйырма төрт жашка—дейт.
Беттешип аман жоо кетпейт.
Бери аттанса Табылды,
Мерт кылбай бизди соо кетпейт,
Катын да болсом айтайын,
Кабарын айтып баштайын.
Ханым, жаман көрбөгүн—
Калкыңды аяп какшайын.
Аныгын укпай кыргыздын,
Калп эле кантип мактайын.
Жоонун жолун байлайлы,
Жолотпой кайра айдайлы.
Торкобекти качырып—
Жок издеп киши шайлайлы.
Жоо менен үйдө журт болуп,
Элинди эсен жайлайлы.
Кеңешим ушул, Чалкалмак
Кекенишсек жоо менен,
Кесиретке[1] калбайлы...

**Чоң кемпирдин бул сөзүн угуп, өз оюнда маакул көрүп, кара күчкө анткорлук кылып, «Кудайназардын жарааты айыкканча Табылды келе койбос» деген ой менен кемпирге сырымды алдырбайынчы, деп Чалкалмактын айткан жообу:**

[1] Кесирет—кесир, чатак, кырсык.

— Кесирлүү кемпир не дейсиң?
Кеп билбей тиги — бу дейсиң!
«Келсе душман кыйын» деп
Кечирим кылып сүйлөйсүң.
Кеңеш таап койду деп,
Мен кылган ишти сүйбөйсүң.
Табылдыны мактайсың,
Тартынып тилиң тартпайсың,
Далай жоону кыйраттым
Такыр андан айтпайсың.
Хан Чалкалмак өзүндөй,
Калктан баатыр таппайсың!
Какшай берсең карыганда
Калайыкка жакпайсың!
Качырып кызың берсең деп,
Кантип мага даттайсың!
Катындык кылып сен өзүң,
Каадалуу акыл таппайсың.
Табылды менден эр бекен?
Таалайы артык шер бекен?
Калың калмак журтумдан—
Катаган арбын эл бекен?
Качырып кызын бергендей,
Хан Чалкалмак кем бекен!
Калкы менден бай бекен?
Камылгасы шай бекен?
Кудалашпай кыз берген,
Кайсы наркта бар экен?
Чебимдин жолун баштаса:
Дарбазамда кара таш,
Ыраакка алып таштаса;
Кудалашып берермин—
Кудайназар кайткыча,
Курган жетим шашпаса
Акылы болсо Табылды—
Абасын күтүп жатпайбы!
Арчатору атына
Аяктай кебез байлатып,
Арааң кошуп күлүктөн,
Алтымыш буудан айдатып—
Алдыма тартуу тартпайбы?..
Күйөө болуп келбейби?

Кулугун такыр бербейби?
Кун ээрчитип, кул жумшап,
Чалкалмак кызын бербейби?
Жоо келет деп жобурап
Жок сөздү айтып кобурап,
Жолоочуну ээрчитип
Кыз бергин деп уялбай—
Кантип айттын кеп сурап!..

Чалкалмак бул сөздү айтып Чоң кемпирди жаман көргөн болуп, опосо кылды. Бул ошону менен токтой турсун.

Табылды баатыр чоң серүүндүн жонуна беш күн жатып, алтынчы күн болгондо: кошун көчүрүп мурунку кошуну Айгыр-булак деңизге келип бекинип, кароол карап чалгын чалып, жол тосуп. жүрүп Элдиярга айткан кеңеши:

Элдияр досум, эрсиңби?
Эриктим, кетсек дейсиңби?
Эли тынчып калыптыр
Ээнчилик болуптур,
Эрдик кылар сенсиңби?
Алтыбай жатат алсырап,
Акылын таппай каңгырап.
Абасы колго түшкөн го,
Айнектей көзү жалдырап.
Ачык жообун угузбай,
Жатты го калмак балдырап,
Өлтүргөн го абамды—
Өчүккөн калмак тагасы.
Өргүдүк он күн талаага,
Өттү го иштин чамасы!
Өрүшүн бузсак талкалап,
Өчүбүз канат калмактан,
Өзүң ойлоп карачы.
Кабарсыз калды көрдүңбү?!
Кармалган экен арачы.
Жарым ай жаттык жашынып,
Жүргөнүң тоонун арасы,
Жаткан менен жообу жок
Жарамсыз болду арачы.
Абабыз жатса кармалып.
Ала албай жообун саргарып,
Аны карап биз мында
Адырда жүрсөк сандалып.

Алты күн өттү болжолдон,
Ашыкпай жаттык биз дагы;
Ар кайсы жерге бир барып—
Талаада минип жүрөбүз,
Таң күнү тынбай жол чалып.
Кайтсак бекен деп ойлойм,
Каңгырап бекер жүргүчө—
Кара боз жылкы олжо алып.
Катылышсак белем да,
Калмакты тушап кол салып.
Кетсек белем жылкы алып,
Кекенишкен өчтү алып,
Кеңешим ушул, досум—деп
Элдиярга Табылды—
Эми турду сөз салып.
Бул кеңешти укканда
Элдияр күлүп жымыйды,
Эриктик го баатыр деп
Эрдин тиштеп кымыйды.
Эр Табылды досум деп,
Элдияр сөзгө кирди—эми.
Табылдынын кыялын,
Таамайлап досу билди эми.
Талаада экөө отуруп,
Тамашалап күлдү эми.
Мына минтип Элдияр
Табылдыга сүйлөдү:
— Болжолдуу күндө болушсак,
Кудалашып кетмекпиз,
Боорлошсо калмактар
Кубалашып кетмекпиз.
Алтыбай сындуу агаңдан,
Кудайназар абаңдан,
Акыл чыкпай баратат.
Арнап келген тагаңдан.
Калмактын кызын алам деп,
Кара тоону үй кылдың.
Кармашып жүргөн абаңды,
Кастарлуу мыкты бий кылдың.
Торкобекти алам деп
Тоо таштын баарын үй кылдың.
Тогошуп жүргөн Алтыбай,

Толук мыкты бий кылдың.
Чатыр тигип той сойдуң
Чатыраш ойноп чай койдуң.
Чалгынга жалгыз жибербей,
Чалкалатып тим койдуң.
Кошко аксакал бек кылдың,
Козголбогон төк кылдың.
Кордугун анын унутуп,
Кошамат ишти көп кылдың.
Хан Алтыбай улуу деп—
Кастарла балдар муну деп,
Канча күн жүрдүк талаада.
Какыратып куруттуң
Калмактын кызы сулуу деп.
Кудайназар абам деп,
Абамды жакшы багам деп
Кууратмак болдуң Табылды—
Калмактын кызын алам деп.
Чалкалмак кандай зор болду?
Кырда качып жүргөндөй,
Кыргыз кандай кор болду!
Кыйкырып жылкы тийбесек,
Кыраанын бизге шор болду!
Жуучудан кабар укпасак,
Жумушту бүтүп чыкпасак,
Кеткенден кабар укпасак—
Келген ишти бүтүрүп,
Аягына чыкпасак.
Элчинин сөзү жок болду.
Эми жиним козголду.
Эртең жылкы тиемин,
Эч ким кылбайт тоскоолду.
Эр Табылды бул сөзгө
Эркелеп көөнү кош болду.
Ээн жерде ким тыят,
Эриккен баатыр досторду.
Бүгүн кошко баралык,
Балдарга акыл салалык.
Алтыбайды чалгынга,
Бир жиберип алалык.
Эрмекти ага кошолук
Кача албайт андан бошонуп

Эрдигин сынап ханымдын
Кайкыдан жолун тосолук.
Тамашалап бир кыйла,
Табыш берип коёлук.
Тартынбаган эр болсо,
Алтыбайды ардактап—
Аксакал кылып коёлук.
Маакул, маакул, маакул—деп,
«Ушул болсун акыл» деп...
Эки дос кошко келишти.
Кайтарга болду жакындап.
Табылды түштү кошуна,
«Алтыбай ханды чакыр»—деп—
«Чалгынга бүгүн барыңыз,
Алып кел хандын атын—деп.
Улуу жолдо көрүнөт,
Укмуштуу адам жатыр—деп.
Ошону байлап келгиле,
Эрмек экөөң баатыр—деп...
Эки баатыр аттанып,
Барып келгин бачым» деп...

Табылдынын бул чалгынга барып кел деген сөзүн угуп, Алтыбайдын билеги кетип сабынан, жүрөгү кетип кабынан, «барбаймын» деп айта албай, баатырдын сөзүн кайтарбай, Эрмекти жанына алып чалгынга аттанышып жөнөп кетишти. Коштү тынчтантып, кошунду уктатып коюп, Табылды менен Элдияр барып, Алтыбай—Эрмектин алдындагы кайкыдан качырып чыгышты.

Эрмек «Манас» деп айтып бакырып, «Табылды» деп чакырып, алдынан чыккан карааңды беттеп калды качырып. Алтыбай караанын көрүп шашылып, кайра тартып качып калыптыр. Табылды «качырган калмактарды алыска кууп барып салдым, Алтыбайга бар» деп Эрмекти кайра жиберди. Табылды менен Элдияр кошко барып жатып калышты.

Эртең менен Алтыбай менен Эрмек келип түндөгү көргөн, билгендерин сөз кылышты. Бирок булар чынын айтышты, кайра тартып качып калганына Алтыбай катуу уялып калды.

«Эми кандай акыл табабыз», деп сексен төрт жолдошуна Табылдынын айткан кеңеши.

Кэчээ—Кең Нарындын боюнда,
Кызмазардын оюнда,
Кеңеш кылып катаган—
Келген элдин тобунда.
Акыл сурап сөз айттым,
Ак сакалдуу карыдан;

Андагы келген көпчүлүк
Ага ининин баарынан.
Катагандын улугу—
Алтыбай сындуу ханынан.
Калмакка качан барам деп,
Кантип өчүм алам деп.
Калың кошун берсеңер,
Койгуулду өзүм чалам деп.
Калмак тургай каңкайды
Катмары менен чабам деп,
Батасын сурап элимдин,
Баатырлыкты салам деп.
Эңкейип башым сунганда,
Эл журтумдан өтүнүп,
Кеңеш салып турганда.
Кудайназар кеп айтты,
Куп болот балам деп айтты.
Кудалашып калмакка
Жуучу болом өзүм деп,
Журтчулук жагын көп айтты.
Торкобек алып берем деп,
Тоорулга барып келем деп
Токтотуп койду кошунду:
Таякем менен Чалкалмак—
Токтолбой өзүм барам деп
Той түшүрүп мал берип,
Тагамдын кызын алам деп.
Токсон жорго жүз күлүк,
Кудалыкка айдадык.
Беш киши кошуп абамды,
Жуучулукка шайладык.
Абамдын айткан сөзүнөн
Ашыгып биз да тайбадык.
Айтып кеткен болжолун,
Ашыгы менен кармадык.
Арачыдан сөз угуп
Айылга түшүп-барбадык.
Ар кайсы тоого бекинип
Абакем үчүн чарчадык.
Тирүү болсо келбейби,
Тилинен кабар бербейби?
Болжошкон сеңир учунан,

Дүрбү салып көрбөйбү?
Абамдан кабар болбосо,
Аралап кантип барабыз—
Атыша чыкса калмактар,
Анда кандай кылабыз?
Кабарын укпай элчиден,
Калмакка кантип барабыз.
Кармаша чыкса Чалкалмак,
Кандай акыл кылабыз.
Камынышып беттешпей,
Капталып кантип турабыз.
Кабарын алып абамдын,
Качан жообун угабыз?
Биринчи менин кеңешим:
Билермандар не дейсиң?
Биз корголоп жүргөндөн
Бириң да кайгы жебейсиң.
Бирде бириң чалгынга,
Биз баралы дебейсиң.
Абама барып Алтыбай
Анык сөзүн уксунбу?
Айткан кептин учуна,
Алты акем барып чыксынбы?
Бул кеңешти баарыңар,
Жакшы байкап уктуңбу?
Экинчи айтар сөзүм бул:
Элдияр—Эрмек өзүң бул.
Ээрчип жүргөн катаган,
Нечен азап миң тарткан,
Мен Табылды өзүм бул.
Баштагыны ойлосом,
Баарын айтып козгосом
Мурункуну ойлонсом;
Муңумду ичтен козгосом,
Калмакка качан эл элем,
Кармаша жүргөн мен элем.
Караан болуп кырк жигит,
Каптап кирген сен элең.
Өрүштөн жылкым айдаган,
Өлтүрсөм деп ойлогон,
Өкүмдүк кылган Чалкалмак
Ашыгым жара ок тийип,

Азапты өзүм тартканда;
Томугум жара ок тийип,
Тозокту өзүм тартканда.
Токтоно албай кетемин,
Чалкалмактын кылганын—
Толуктап баарын айтканда.
Кеңешим салдым баарыңа,
Кебимди айттым ханыңа.
Ошонун баарын козгосом,
Кейишим түшөт жаныма.
Кечинде барып имерсек
Керүүдө жаткан малына.
Кебелтпей айдап жылкыны,
Кең жыргалаң боюнан—
Келип калса, атышсак,
Кереге таштын оюнан,
Аман болсо абакем—
Арачы болуп жетпейби?
Аныk куда болушса,
Алдыбызга келбейби?
Ажыратып жылкыны
Бизден алып бербейби?
Акылы кандай бул сөздүн
Айткыла, журтум, угайын.
Атайы келип калмактын,
Аягына чыгайын.
Мыктылар, акыл тапкыла,
Кебиңди угуп турайын.

Табылдынын бул кеңешин угуп, Алтыбай «баракелде Табылды баатыр—бул кеңешиң эң эле туура. Бирок мен Чалкалмакка барып, абамдан кабар алып, келүүм кыйын болотко, абамдын үстүнө Алтыбайды жайлайт го, кудай өзүнө кубат берсин» деп токтолуп калды.

Алтыбайдын сөзүн угуп, Элдияр: — Ээй Табылды баатыр бизден акыл чыгабы, эми он күнү жатканда бул олтурган баатырлар айткан сөздү угабы? Кыл дегенин кылабыз Кыр десең жоону кырабыз. Бар десең үйгө барабыз, баштасаң жылкы алабыз. Үйүбүздө жатканда баарыбыз эле баатырсынып калабыз Барбы, жокпу абакең андан кантип кабар алабыз? Көп кеңешти таштагын, өзүң билген жагыңа бул кошунду баштагын. Ким мекиян — ким короз, учурашканда көрөрбүз, ким каарман, ким коркок, чуу чыкканда көрөрбүз деп басылды.

Отургандардын баары: «Элдияр баатыр ырас айтат» дешип күлүп калышты.

Алтыбай менен Элдиярдын сөздөрүн байкап отуруп, ачуусу келгенсип Табылдынын жарлык кылып айткан сөзү.

— Алтыбай аттуу ханым ук!
Отурган эл баарың ук!
Элдияр—Эрмек досум ук.
Ээрчип жүргөн кошун ук.
Кырк жигитим калбай ук,
Кыргыздан келген балдар ук.
Мен сөзүмө келейин,
Сырымды айтып берейин.
Силерден акыл чыкпаса,
Сырлашпай балдар не дейин.
Мен—кызыкпайм калмак кызына,
Менин айтар пикирим,
Калмак, кыргыз аралаш
Калк болушуп калса деп.
Калың берип кыз алмак,
Нарк болушуп калса деп.
Үлгү болуп кийинге
Сөөктөшүп койсо деп.
Кара аламан, калың журт
Катташып ойноп жүрсө деп,
Каргаша болуп кырылбай,
Калк тукуму өссө деп.
Аралаш жайлап бир конуп
Айылдын баары бир болуп,
Жанаша кыштап бир конуп,
Жайыты малдын бир болуп—
Жамаалаш айыл консун деп,
Жарашып тууган болсун деп.
Аралаш айыл консун деп,
Абдан тууган болсун деп.
Алыш, күрөш жок болуп
Ар кимдин жаны тынсын деп.
Ойлогонмун бир ишти,
Журт кыламын өзүм деп.
Абакем баштап бул ишти,
«Куда болуп калам, деп,
Кубалашпа балам деп,
Кыз алышып калам деп
Кырылышпа балам» деп...
Өзү жолду баштады
Бизди артына таштады.
«Беш күндөн калбай келем» деп

Баарыбызга какшады.
Табылды менен Элдияр,
Таң күнү издеп таппады.
Айтпадым беле мен өзүм,
Укпадың беле сен өзүң!
Беш күндөн аба калба деп,
Бизди унутуп салба деп,
Алтынчы күнгө сен калсаң—
Аттанам жаткан тоодон деп.
Жылкысын алам коодон деп.
Жылас кылып кетемин,
Жылып бошон жоодон деп.
Абаңдар өттү болжолдон,
Айтканы калды бул жолдон.
Али күнгө жооп жок
Ал—кандай калмак зор болгон?
Беш күн өтүп ай болду.
Аман болсо көрөрбүз.
Алганды кайра берербиз.
Ак ниети бар болсо,
Ата кылып калмакты,
Айлына кайра келербиз.
Урушса уят кыларбыз,
Бербеген кызы Торкону,
Ат сорууга саларбыз.
Алып келдик келин деп,
Айлыбызга барарбыз.
Узун сөздүн кыскасы:
Эр кырк жигит кайдасың,
Элдияр күндү жайласын.
Эми качан көрөбүз,
Элдиярдын пайдасын.
Бөксөгө мөндүр төгүлсүн,
Бөлүнүп булут сөгүлсүн.
Жакага жамгыр жаадыргын,
Талааны аппак кар кылгын,
Жылкынын изин көрбөстөй,
Тизеден кары бар болсун.
Жол көрүнбөй күн жаасын!
Адырына ат жүргүс—
Ачылгысыз түн жаасын.
Боройлоп катуу күн жаасын,

Күндүзү тургай түн жаасын.
Өнөрүңдү көрсөткүн,
Калмактын баары жутасын.
Каңырты болсо жылкынын,
Шамалдан адам укпасын:
Жылуу жатып Чалкалмак
Эшикке чыкпай уктасын.
Алдыбыз ачык жол болсун,
Аркадан шамал мол болсун.
Айылдан узап кеткиче,
Ат жүрө алгыс кар болсун.
Аттарыңды тыңдагын,
Аспабыңды Чыңдагын.
Аркамдан калбай келе бер
Алпарамын жылкыга
Адистигим сындагын,
Элдияр баатыр, ылдамдап,
Аяр кылбай чамдагын.
Бул жардыкты угушуп
Кошуну атын токунуп
Коркоктору чочунуп,
Кошун артып күлүккө,
Тарта салып озунуп.
Жарактын баарын салынып.
«Жараткан өзүң сакта» деп
Желегин жерден түрүшүп,
Жергеси менен жүрүшүп.
Түпөктүү найза алышып,
Түп көтөрө аттанып,
Түрүлүп жүрүп калышып.
Элдияр күндү жайлады,
Булутту түйүп байлады.
Наспай тартым болгуча,
Булутту курап шайлады.
Жайчылыгы ушундай,
Жаанга кылат айланы.
Жылкынын изин бастырып,
Кылайын деп пайданы.

---

Эр Табылдынын колду баштап жылкыга бет алгандагы түрлөрү:

Эр Табылды кол баштап.
Алдыга түшүп жол баштап,

Элдияры күн жайлап,
Сексен беш киши аттанып—
Келе жатат жер жайнап...
Кандай болор экен деп,
Каранкгы да жортпогон,
Кайсы бирөө элеңдеп.
Кайрат кылып бел байлап,
Каныk болгон кырк жигит,
Караңгыга маш болгон,
Кабыландай көз жайнап.
Карагайдын коосунда,
Калың жылкы жаткандыр.
Жөнөйбүз деп бүт айдап
Карсактын[1] изин жаңылбай,
Караңгыда жол тапкан—
Калкына кеңеш иш түшсө
Капыядан сөз тапкан.
Кайраттуу баатыр Табылды.
Түлкүнүн изин жаңылбай,
Түн ичинде жол тапкан,
Түмөн колго беттешсе
Түк шашылбай эс тапкан,
Туйгун баатыр Табылды.
Кошунун баштап алды эми,
Копшуңдап жолго салды эми.
Коодо жаткан жылкыга,
Колду баштап калды эми.
Күн себелеп дыбырап,
Майдалай түшүп жыбырап,
Шамал болуп шар коюп,
Шар төгүлүп жыбыргак.
Түн ичинде калың чөп,
Бубактанып шылдырап,
Коркоктор келет элеңдеп,
Колу буту чымырап.
Колду баштап Табылды—
Коого келди зымырап.
Жанаша тиккен кош турат,
Жылкынын чети бош турат.

[1] Карсак — карышкыр, түлкү, кашкулак жана ушул сыяктуу жырткыч айбандарды айтат.

Жолбун үйдүн ичинде,
Жабырап калмак олтурат.
Коо Карагай, Коңурда,
Сан кара боз көп жылкы,
Коодо жайнап жыбырап,
Кош баш тиккен жолум үй;
От чыгып жылт-жылт тешиктен—
Отуз чакты жылкычы,
Оюю жок такыр эшиктен
Карагай комуз алыптыр,
Карсылдата чалыптыр,
Калмактардын бийчиси—
Калчылдап бийлеп алыптыр.
Ийни башы былкылдап,
Мойну кетет шылкылдап,
Мурдун чүйрүп чурмуюп,
Оозун бүйрүп бурбуюп
Ойноп жатат бийчиси.
Ого эле кыйын дурдуюп.
Чакада эти бырпылдап,
Комуздун үнү шыңкылдап.
Чоң өтүк менен чаңдатып,
Бийлеп жатат бир калмак.
Сабада кымыз шуулдап,
Калмактар сүйлөп дуулдап,—
Алып кетсе билгисиз—
Жылкынын баарын уурдап.
Элдияр—Эрмек, Табылды,
Эригип оюн сагынды.
Эрмек кылып шыкаалап,
Эшиктен булар камынды.
Кылычын алып колуна,
Кыя тартып оңуна,
Эшик жаккы калмакты—
Түртүп койду тонуна
От жаккан калмак элеңдеп,
Жылкычы келди белем—деп,
Кылычтын учу тийгенде.
Кылчактап калды сереңдеп.
Карап калды эшикти,
Эшиктен дабыш эшитти.
Бир калмак карайт төр жакты,

Киши турган тешикти.
Тешикте турат бир адам,
Түрү башка чоочун жан.
Жанында бирөө көрүнөт,
Түгөй менен эки адам,
Капшытта турат шыкаалап.
Катары менен беш адам,
Кана-кана деги ээ,
Карап турат жети адам;
Карап калды калмактар—
Каз катарлап нече адам.
Каны качып калчылдап,
Кабарын албайт эч адам.
Колунда кылыч жылтылдап
Кобурап үнү зыңкылдап,
Комузчу калды элейип.
Корконунан калмактар,
Бийчиси турат селейип.
Аңгыча болбой Табылды,
Айтып сөзгө камынды.
Даярланган кырк жигит,
Жылкычыга жабылды.
«Колуңду тоскун бери деп
Коркпой кара мени деп,
Кожуратпай тынчытып,
Коёюн бир аз сени—деп,
Колу, бутун бекитип,
Козголбо деп кекетип.
Кымызды куюп ичишип,
Чакадан алып эт жешип.
Чалкалмак жайын сурашып,
Бир азыраак кептешип.
Кайрат айткан киши жок,
Кармаша чыгып беттешип,
Дым чыгарбай баарысын,
Жылкычыны байлашып.
Атка таңып бир бирден,
Жылкыга кошуп айдашып,
Жылкыны коодон чубатып—
Буудандар менен чуратып,
Жоо барбы деп булардан;
Жолдун жайын сурашып.

Унчуксаң башың жарам деп,
Баарыңды кырып салам деп,
Аман эсен силерди—
Айылга алып барам деп.
Коркпогула, жылкычы.
Коңшу кылып алам деп.
Жылкыны айдап ойношуп
Жыргалаң суусун бойлотуп,
Сан кара боз көп жылкы,
Сап-сап болуп чубуруп—
Көп жылкынын дабышы,
Жер дүңгүрөп угулуп.
Кара, кызыл турна көк,
Кара суру бир бөлөк
Торусу толук миң болуп,
Тор-аласы сан болуп.
Мындай сонун жылкы бол,
Сарысында санат жок.
Кула менен жээрде,
Калың жылкы алышты.
Кара-аласы карк толгон,
Сара-аласы сан болгон,
Жылкынын изин жашырып—
Ат тушардан кар болгон.
Табылдынын таалайы
Даяр жайчы бар болгон.
Бет алышса душманга,
Берендин жолу шар болгон.
Эл мактачуу берен деп
Бериште буга жар болгон...
Жылкыны айдап күн-түнү,
Жылдырып келип ал күнү,
Кереге таштын оюна—
Келер бекен калмак деп,
Кечке жатып бир конгон.
Кызыр эмди тай союп,
Кырк жигит шашпай жай союп,
Кароол карап Табылды
Кырда жүрөт заңкайып.
Караса артта караан жок.
Караан тургай бараан жок.
Калың малды айдатып,

Эртеси жөнөп калышты.
Жеткен жерге коном деп,
Көшөөрүп кетип калбастан,
Көл бетинде болом деп—
Сан кара боз мал айдап.
Шашылбай баатыр жай айдап
Чалкалмак арттан келер деп.
Узап кетпей аяңдап.
Көп жылкыны жайдырып,
Көңүлүн басып жай кылып.
Көрбөдүм деп абамды,
Көп кылчаңдап кайгырып.
Көп жылкыдан Чалкалмак
Калдынбы деп айрылып.
Кеч киргенда конду эми,
Барскоонго жетип кайрылып.
Эки түнөп калган соң,
Ээрчитип малды алган соң,
Барскоон менен Тамганын
Карагайы түздө экен,
Катыш чөбү от экен
— Отунду үйө жагыңар
Тамганы отко салыңар.
Калмактарды отунга,
Такыр алып барыңар,
Таякемден энчи алдым,
Тайга тамга басыңар.
Семиз бээ, тай союп,
Серпилип ойноп жатыңар.
Тай, кунанды тамгалап
Сергип кумар жазыңар.
Келип калса абакем
Кепке салса таякем,
Чоң жылкысын беремин.
Тай кунанды калтырбай,
Чогуу алып кетемин.
Тай, кунанды тамгалап,
Өзүмдүк кылып алгыла,
Өзүңө энчи бөлөмүн.
Тарынышса калмактар
Бир тайына эки тай;
Тыргооттон алып беремин.

Таякем ага болбосо:
Талашкан сөзүн көрөмүн!

Табылды баатырдын бул сөзүнө кубанышып, Элдияр—Эрмек жана кырк жигит, жылкычы калмактарды алдыга салып айдап алышты.

Көп жылкыны токтотуп, отту жагып чоктотуп, бир жигитти төрттөн, тай чыңыртып алып келишет, чогуусу менен топтотуп, кунан тайдын баарына тамга салып, болдук баатыр, деп кырк жигит келди топтошуп... Табылды баатыр Чалкалмак кийин келип калса—абакем куда болсо, силерди күтүп жатканмын деп көрсөтөйүн, белги болуп калсын деп тамганы ташка басты. Күчүмдү көрсүн деп ташты жара чапты. Элдиярга элүү киши кошуп берип жылкыны Барскоонду ашырып айдатып жиберди. Отуз беш кишисин Алтыбайды баш кылып алып, Чалкалмакты жети күнү тосуп жатамын—деп кошун тосорго коюп, өзү кароол карап тоо-тоодо жүрөт.

Кароол карап жүргөндөгү эрмек кылып Табылдынын айткан эки үч оозыры бул эле.

Устадан белги дат кылсын,
Молдодон китеп кат кылсын.
Атым өчпөй артымда
Жаш Табылды ат кылсын.
Тосор тамга[1] белгимди,
Көргөн кыргыз шаттансын.
Тооруулдан эрдик кылган деп,
Тоо кыргызы мактасын.
Өрнөк болсун эрлерге—
Өзүмдөй элин сактасын.
Үч күнгө болжоп күн жайлап,
Үшүттүн бейм душманды,
Элдияр сендей баатырды,
Элимден издеп таппасмын.

Бул арада үч күн өтүп калды. Күн ачылып, жаан басылып,—эл эшикке чыгып—эки жактан кабар угуп, бүркүт, тайгандуулар анын изин кууп калган кезде, Чалкалмакка кабар угулду «Короо карагай Коңурдагы коодон кабар алсак каңгырап коон калыптыр, калың кара жылкын жок» дешти.

Бул кабарды угуп, Чалкалмактын эсине түштү. «Мен Табылдынын жылкысын алганда калың кар жаадырып калкымды көчкүгө алдырбады беле? Бул жаан дагы укмуштуу жаан болду; Көрсө Табылдынын жааны турбайбы?» деп калкына кабар салды. Карабоз атын минип, үч жүздөй киши алып, шашылып жөнөп калды. Ат оозун жыйбай келе жатып көлдүн бир Кулак деген жеринен көп жылкынын

---

[1] Тамга, тосор деп ошондон калган деген карылардан калган сөз бар.

изин көрүп, дүрбү салса: алыс жерден эрбеңдеген караан көрүнөт. Муну көздөй катуулап келатканын көрүп Табылды келип Алтыбайга айткан сөзү.

— Хан Алтыбай камынгын,
Кароолго барган Табылдын,
Караанынды көргөнбү.
Кайкыда сенин шаңыңдын,
Катуулап келет көп киши,
Каршы алдынан табылгын.
Хан Чалкалмак тагаңа,
Камчыңды салып мойнуңа,
Калп эмес чындап жалынгын.
Жылкы алган менин айбыма,
Атымды тарттым, тага—де.
Жылкыңа жылкы кошоюн,
Сөзгө келгин ага—де.
Мал керек болсо, таяке,
Мен берейин сага—де.
Азыраак токтоо сен кылып,
Сөзүңдү айткын мага—де.
Жуучу кылып жиберген,
Абакем менин кана—де.
Чалкалмак токтоп кеп айтса,
Абакең аман деп айтса,
«Кызыңды бермек болдуңбу?
Кудалык жолун кара»—де...
«Кызматыңды кылам дейт—
Табылды деген бала—де.
Кыз бербесең Чалкалмак,
Кошунуң канча сана—де.
Душман болсоң биз менен,
Тууганың кылар таба—де.
Кордук көрүп каласың,
Кол салышпа, сана—де.
Кокустан ажал кез болуп,
Коштошуп жарык дүйнөгө—
Көргөнүң болор чала—де,
Көп сүйлөшүп биз менен,
Кесир кылбай тара—де...
Бул сөзүнө болбосо,
Азгырып шайтан толгосо,
Коё бергин калмакты,

Ажалы жетип торгосо.
Аңтара сайып чыгайын
Ангекке башын тыгайын.
Арбагы тирүү эр Манас
Азыр мени колдосо,
Аттанып ылдам барып кал,
Алдынан жолун алып кал.
Атышам десе калмактын,
Арт жагында калып кал.
Алмабаш огу учпасын,
Атыңдын мойнун үзбөсүн,
Алтыке, өзүң билесиң,
Огу бекер түшпөсүн.
Кайкыдан карап жатамын,
Качырып калса калмакты,
Камынып мурда атамын.
Арчатору минемин,
Аралап жоого киремин.
Атам Эрмен колдосо,
Ак жолборстой илемин.
Арбагы тирүү эр Манас,
Атын айтып качырып,
Алмамбет деп бакырып
Алты сан калмак болсо да,
Ажыдаардай толсо да,
Аш бышымда сүрөмүн.
Үйүндө башын кесмекмин,
Абакемдин бир сөзүн,
Артыкча сыйлап жүрөмүн.
Ушуну айтып Табылды
Алтыбайды аткарды.
Жолдошторун иреттеп
Жол четине башкарды.
Жомоктун сөзү чын болсо,
Жолборстой болуп комдонуп,
Жоону көрүп оңдонуп,
Жогорку чыккан калың чаң,
Жоголор деп ойлонуп,
Беттешпесе экен деп,
Берениң жатат толгонуп.
Чалкалмак келет закымдап,
Чаң созулуп жакындап.

Алдынан тосуп Алтыбай,
Айтууга сөзүн макулдап.
Алтыбай барды арбайып,
Атынан түштү тарбайып.
Камчысын салып мойнуна
Карап турду Алтыбай—
Атын тартып жолуна.
Чалкалмак келди чамынып,
Чабуучудай камынып,
Алдынан тосуп Алтыбай:
— Таяке бир аз токто, деп,
Тартуусун алып жалынып.
Атым тартуу жолуңа,
Аялда бир аз жообума,
Хан Чалкалмак таяке
Караңыз сөздүн оңуна.
Мен элчимин, элчимин
Элчиликке өлүм жок,
Алдыңдан тартуу тартканда
Аяр кыл жаным кичине
Артык айтар сөзүм жок.
Абакем кайда, айтыңыз —
Андан башка кебим жок.
Табылды сизге жиберди
Тартуу кылгын атты—деп,
Таякеңе бар деди—
Мойнуңа салып камчы деп.
Кызыңды берсең алабыз,
Кыл дегениң кылабыз.
Жылкы кошуп жылкыңа,
Жыйнап келип беребиз...
Алтыбай муну айтканда
Ачуусу келген Чалкалмак,
Ала көөдөн чоң калмак:
— Кызы талак бузук, деп
Кылайын сага кызык, деп.
Кызымды сурап барасың,
Кылмышты кандай кыласың!
Атанды жуучу жиберип,
Арачы болуп барасың.
Аз күндө жообун бергиче
Жылкымды тийип аласың.

Кыз турмак кыпын бербеймин!
Кайын болсоң кел деймин!
Кыргыздын элин мен өзүм,
Кылча кыйып көрбөймүн!
Таяке, жээн болбоймун,
Такыр сени оңдоймун.
Табылды турмак таш болсун,
Талкалабай койбоймун.
Карма кулдун башын ал!
Кардын жарып өтүн ал!
Кыргыздан өлгөн элимдин,
Как ушундан өчүн ал.
Найза менен малайын,
Намызды сенден алайын...
Деп Чалкалмак бет коюп.
Жөнөп калды Чалкалмак
Союңар балдар деп коюп.
Көрүп турат Табылды,
«Көөсөр күл иштен жаңылды,
Өз убалың өзүңө
Көрсөтөйүн сонунду.
Көл ичинен берейин
Көйкөлүп жатар орунду.
Өзүм атсам ок өтпөйт,
Өпкөгө сайсам найза өтпөйт.
Өлтүрбөсөм бул баатыр,
Өжөрлүк кылып соо кетпейт.
Кудайназар бар болсо,
Куугун менен келбейби.
Кудалашса Чалкалмак
Маакулдук жообун бербейби
Алтыбайга кайрылып,
Арыз абалын укпайбы.
Ак ниети бар болсо,
Айтышкан сөздөн чыкпайбы.
Кайрылгысыз болгон го,
Карарып бизге келген го,
Канчалык жолун тоссом да,
Кармашсам деп жүргөн го.
Жашынып шашпай жатайын,
Жакшылап таамай атайын.
Атын атып жөө коюп,

Тамашага батайын.
Алдындагы кара боз,
Айбандан башка мал эле.
Аны минген Чалкалмак
Адамдан башка жан эле.
Атты башка болжоюн,
Акыры аман койбоюн.
Атынан айрып калмакты
Айбалта менен сомдоюн.
Абамдын өчүн алайын,
Азапка башын салайын.
Алтыбайды сойгонун
Көрүп туруп ушуну
Жайлабай кантип калайын!
Алмабашты сундурсам,
Атып кулак тундурсам.
Жакындап бери келгенде,
Калмактын жанын тындырсам».
Ушуну ойлоп Табылды
Алмабашка ок коюп,
Ак милтеге чок коюп,
Абдан жакын келсин деп,
Жабытта жатты токтолуп.
Ал аңгыча болобу,
Атышат деп ойлоду,
Айтылуу баатыр Чалкалмак
Адамдан чочуп коркобу
Кашаттан кирип эңкейип,
Карааны бийик деңкейип,
Маңдай жагын арытып
Караса көзү чекчейип,
Кыраңга чыгып зоңкоюп,
Кырдач мурун жар кабак —
Ызырынып оңкоюп.
Табылды жаккы сеңирге,
Жакын келди болкоюп.
Алды жагын карабай,
Адам бар деп санабай,
Алдымдан жылкы табам деп
Ачуусу ичтен тарабай.
Чалкалмак келет болкулдап,
Чоң найза колдо солкулдап,

Сыр барақ жондо жаркылдап,
Туулга башта калкылдап,
Боз кисе жанда салпылдап.
Асыл таштан көз айнек,
Маңдайына жаркылдап.
«Қызы талак бурут» деп
Барчын бүркүт үндөнүп;
Маңдайды карап баркылдап.
Қылычы белде кыңгырап,
Ай балта жанда шыңгырап,
«Табылды жетим кайда» деп
Жакын келди зыңгырап.
Чалкалмак келди тушуна,
(Табылды күткөн ушуга).
Даярланып жатпайбы,
Талкалап жоону жутууга.
Алмабаш баккан кирдетпей,
Шыкаалап көзүн ирметпей,
Табылды мылтык сундурду —
Апкарып жүрөк сүрдөтпөй.
Кара боз аттын көзү — деп,
Жазы маңдай өзү — деп,
Чөгүп тийсе кокустан
Омуроо көөдөн-төшү — деп.
Ооз омуртка тушу — деп,
Оң кылбас жерим ушу — деп.
Оңурайган калчаны,
Огум тийсе жутту деп.
Абалтан берки мөөрөйдү,
Табылды бүгүн утту — деп...
Машага бармак майышып,
Мылтыкка колу жабышып,
Тартып ийди Табылды —
Барандын үнү заңк этип.
Маңдайкы тоолор кабышып.
Тарс дегенде кара боз;
Түйүлүп ыргып чурады,
Ооз омуртка быркырап,
Оңкосунан сулады.
Оңурайган Чалкалмак,
Оодарылып кулады.
Тартып ийип Табылды —

Башынан түтүн бур деди.
Қара боз атты кулатып,
Баатырың өөдө турду эми.
Чалкалмактын артынан,
Қелаткан қалмак чур деди.
Қайра тартып качканда,
Қагылышып жыгылып,
Эки калмак өлдү эми.
Қарабоз атка ок тийип,
Хан Чалкалмак жалп этип —
Чоңдугу үйдөй зор калмак,
Җорудай — болуп талп этип,
Чоң өтүк менен шалпылдап,
Җүгүрө албай калтылдап,
Сыр бараңды таянып,
Қылчаңдап артын каранып.
Уйдай болгон кара таш,
Ушундан барып жай алып,
Сыр бараңга ок коюп
Қөк милтеге чок коюп,
Табылдыга сундуруп,
Ташка боюн жашырып,
Эки колу калтылдап
Эс алалбай калчылдап,
Элесин көрсөм атам деп
Энтигип турат Чалкалмак.
Арча тору бууданга,
Табылды ыргып минди эми.
Ташта жаткан калмакты,
Табайын деп жүрдү эми...
Табылды келет чуратып
Артынан чаңын буратып,
Атын мен да атайын,
Җалгызды ала жатайын,
Деп ойлонуп Чалкалмак
Сыр бараң менен бир атып.
Шашып калган Чалкалмак,
Қароолду жаза караптыр,
Қараанын болжоп-апкарып,
Алыс атып салыптыр.
Огу кетти чыркырап,
Табылдынын башынан

Кырып өттү зыркырап.
Кайра дүрмөт салгыча,
Мылтыкты бетке алгыча,
Оңолуп өөдө болгуча,
Эс алдырбай Табылды —
Энтелетип барды эми
Эңкее берген Калмакты
Этектен сүрөп калды эми.
Арча тору ат менен,
Адырмака салды эми,
Абдан эсин оодарып,
Алыска алып барды эми.
Айткан сөзүн укпастан,
Жүрөккө шамшар малды эми,
Жүткүнүп өөдө боло албай,
Күрөшүп күчүн көрө албай,
Арманда болуп Чалкалмак
Баладан өлүп калды эми.
— Жүргүлө балдар эми — деп
Табылды үндү салды эми.
Кыргыздын баары жам болуп,
Кылганы журтка даң болуп.
Чалкалмак жатат дардайып,
Чаң аралаш кан болуп.
«Айланайын Табылды —
Адамдын чоңу бул экен,
Кантип алың жетти» деп
Карашып балдар таң калып.
Тегеректеп туруштy,
Таңыркап карап дал болуп.
Жолдошторун Табылды —
Кошуна алып барды эми.
Кайра качты калмактар.
Кайкыдан дүрбү салды эми.
Кайра тарткан киши жок,
Калбай кетип калды эми.
Калмакка барган Алтыбай
Эмне болду экен деп,
Табылды кабар алды эми.

**Табылды жолдоштору менен ал күнү конуп калып, Алтыбайды калмактар өлтүрүп кеткенин көрүп, өлүгүн алып келип, тамганын кашатына көмдүрүп жаткан учурда, Элдияр келип калды.**

Табылды менен Элдияр кеңешип «калмактардын артынан баралык, тынч жатса жакшы сүйлөшөлү. Качып калса, урушса аны көрөлү», — дешип жолдошторуна «силер биздин аркабыздан аяндап келе бергиле», — деп экөө жөнөп кетишти.

Эр Табылды Элдияр
Эл алдына чабышты,
Эки буудан ат менен,
Эртелеп кетип калышты.
Калмактын бери четинен
Кароолдоп дүрбү салышты,
Куралган кошун барбы деп,
Жер арыта барышты.
Качып жаткан калмакты,
Кайкыдан көрүп алышты.
Убап-чубап, суу-суудан
Качып жүргөн эл көрдү.
Унаадан жүгүн түшүрүп,
Чачып жүргөн эл көрдү.
Уй, төө, коюн кубалап,
Шашып жүргөн эл көрдү.
Калк өөдөнүн белинен,
Ашып жүргөн эл көрдү.
Чоң таштын оозу чогууда,
Чогулушкан кол көрдү.
Колго жакын барсак деп,
Кошундун түрүн көрсөк деп,
Жакындап барып атышып,
Жасоосун бузуп бөлсөк — деп.
Мелтиреген түз менен,
Берендер келет жарышып.
Бер жагында белеске,
Беттешип барып калышып.
Алмабаш менен үч атып,
Түтүнүн баштан буратып,
Топко байлап Табылды
Калмактан бирди сулатып.
Калмактан чыккан балбаны,
Далай мөөрөй алганы,
Чалкалмак менен эр Көгөй
Бир атанын балдары.
Чаар атын минип чамынып,
Чарайна кийип камынып,

Чалкалмактын дартынан
Чыдай албай камыгып,
Колдун баарын «капта, деп
Кокустан бириң качпа, деп,
Жалпы каптап кирищти,
Жамгырчы баатыр башта—деп,
Чалкалмактын артынан
Жайлармын жалгыз шашпа»—деп.
Жолборстой чаар ат менен,
Жоодон качпас эр немең,
Мындан мурун душманга,
Намызын колдон бербеген.
Анча-мынча душманды,
Киши ордуна көрбөгөн.
Калмактын зору эр Көгөй
Кайраттуусу Жамгырчы,
Калың колду бүт алып,
Табылдыны бет алып —
Каптайлы деп камданып,
Кайраттуусу жамдалып,
Мөндү-мөндү-мөндү деп,
Мөндүрдөй огун жаадырып,
Жабы-жабы-жабы деп,
Жамгырдай огун жаадырып.
Жабыраган көп калмак,
Жалпы кирди качырып.
Табылды менен Элдияр,
Калбайлы деп шашылып,
Калың жоого баатырлар
Калган экен машыгып.
Аралап булар киргенде,
Арасы жоонун ачылып,
Көгөйдү беттеп Табылды —
Көк жалың барат ашыгып.
Эр Көгөй найза сундуруп,
Эки баатыр бир бирин,
Эмчеке болжоп бек уруп.
Эрдин тиштеп Табылды —
Эрдигим көрсүн деп уруп
Чаар аттан Көгөй чалкалап,
Чарайнасын талкалап,
Табылдынын найзасы

Эмчекти жара коюптур.
Көгөйдү көрүп дыркырап,
Качып калды көп калмак.
Табылды менен Элдияр
Качкан жоону коёбу.
Башчысы жок болгон соң,
Баатырга тоскоол болобу.
Бүлдүрүп сайып киргенде,
Бүтүндөй калмак колоду.
Артынан сүрүп кыйратып,
Алтымыш үйлүү калмакты
Айыл кылып чогултуп,
Бир кондурду жыйнатып,
«Кудайназар кайда» деп
Калмакты кармап кеп сурап
Чалкалмактын айылын,
Билесиңби деп сурап.
Хан Чалкалмак баатырдын,
Кең суудан тапты айылын.
Келип көрдү Табылды,
Кекенишкен кайынын.
Торкобектин ал жерден
Толук укту дайынын:
«Торкобек кеткен жол чалып,
Токтотом деп мен барып,
Элимди бөөдө кырдырбай,
Эр Табылды баатырга —
Эки сулуу кыз алып:
Тартуу кылып барам деп.
Айлымды бүлүк кылдырбай,
Аман алып калам деп.
Табылды жолун тоссом деп,
Таяжеси Торкобек,
Жанында эки кызы бар,
Жаш да болсо ошо деп.
Көчүрбөй койгон айылын,
Көпчүлүктүн камын жеп».
Ушу сөздүн баарысын,
Бир калмак айтты безилдеп.
«Торкобек сага кез болсо,
Угасың баатыр далай» кеп...
Бул кабарды укканда

Эр Табылды токтоду.
Торкобек кайда чакыр, деп
Қалмакты жыйнап топтоду.
Қабарга киши жиберип.
Тапкыла деп Торкону.
Қандай сөзү бар болсо,
Угайын деп ошону.
Қабылан бала Табылды,
Қалмактан сезип коркобу.
Қалмактар чапты кабарга,
Торкобекке барарга,
Табылдынын келгенин
Дайындап кабар салганга.
Қаршы чыгып Торкобек
Қабылышты аларга.
Қабарчы бала кеп айтат,
«Табылды келди» деп айтат.
Бат келсин дейт Торкобек
Баарыбызды кырам дейт.
Баатыр сөздү бек айтат,
Бул кабарды укканда:
Жоргону жолго салды эми.
Жоругу артык Торкобек,
Жолго түшүп алды эми.
Жоболондуу баатырга,
Жоосунбай жетип барды эми.
— Амансыңбы жээн, деп
Айдай болгон Торкобек
Атынан түшө калды эми.
Ак маңдайы жаркылдап,
Ботодой көзү жалтылдап,
Шоокел менен Торкобек —
Баатырга колун сунду эми.
«Соогат жээн, соогат» деп,
Учурашып турду эми.
Коздонгон түгөнгүр,
Сонун сырдан урду эми.
Эр Табылды жээним — дейт
Эрегиш үчүн келдиң — дейт.
Алдыңдан чыгып жол тоскон,
Арзымды уккун менин дейт.
— Қагылыштан хан өлдү,

Калктан нече жан өлдү.
Хандын кызы таяжең,
Кайгыга минтип бат көндү.
Ажалы жетип хан өлдү,
Арадан канча жан өлдү.
Айлыма зыян келет деп —
Таяжеңиз Торкобек
Алдыңды тосуп жөнөдү.
Чалкалмак жоодон өлдү деп.
Кошундан кабар угулду.
Табылды келип кырат деп
Калмактар качып Текеске
Калбай элим чубурду.
Тогуз адам качканда,
Тура албай баары шашканда,
Тополоң түшүп көп калмак,
Токтолбой белди ашканда.
Чалкалмак айлын качпа деп
Чачылып бекер шашпа деп,
Токтотуп коюп кеткенмин.
Кылар ишим башка деп
Табылдыга барам деп,
Жолун тосуп алам деп,—
Тартууга берип башымды —
Айлымды сактап калам деп.
Айтып турган сөзүм бул,
Таяжеңиз Торкобек,
Арзымды угуп сынаңыз.
Айлымды бүлүк кылбаңыз.
Атышар жооңуз калган жок,
Айткан сөзүм ылгаңыз.
Керек болсо алыңыз,
Короодо жатат малыбыз.
Ушу турган айылдан,
Мал тургай мына жаныбыз.
Таяжеңдин сөзүнө
Табылды кулак салыңыз.
Калмак менен кыргызды,
Калк кылар жолго барыңыз.
Хандын кызы Торкобек
Кашында турат, тааныңыз.
Калың кыргыз элинен,

Артык экен багыңыз.
Калган элди соогатка
Берүүгө кандай чагыңыз...

Торкобектин бул сөзүн угуп, Табылдынын көңүлү жай болуп, Кудайназарды сурап Торкобекке айткан сөзү:

— Таяжем Торко, тааныдым,
(Арзыңды айтып наалыдың)
Арага келген абамдын,
Айтпадың кайда экенин,
Ал жээниңдин анысын.
Баракелде сөзүңө,
Маашыр болдум өзүңө.
Жуучуга келген абамды,
Көрсөтчү менин көзүмө.
Сурасаң бердим ачуумду,
Ашпайын Кетмен ашууңду.
Сен билипсиң таяже,
Ачуумду менин басууну.
Калкыңды карып кылбайын,
Калмак деп бекер кырбайын.
Карала башың тарткансоң
Кантип сөзүң кыяйын.
Элиңди эми кырбаймын,
Эч кимге зыян кылбаймын,
Эрегишкен кишим жок —
Эрсинип бекер турбаймын.—
Эл үчүн башың тарткан соң.
Эзелде сөзүң кыйбаймын.
Сураган соогат сеники,
Сумсайган ачуу меники.
Калган айыл сеники,
Каарым чыкты меники.
Кагылыштан хан өлдү
Капаң чыксын сеники.
Бирок менин бир сөзүм:
Арачы болгон абам жок.
Аталаш бир туугаи агам жок.
Алдымдан Торко чыкпасаң,
Ачуум таркаар чамам жок.
Жуучуга келген абам жок,
Жумушу бүтпөй агам жок.

Абамдын келген тилегин,
Абалтан өзүм билемин.
Абакем калып туткунда
Артынан издеп жүрөмүн.
Айлың менен тосконсоң,
Ачуумду сага үрөдүм.
«Кыргыз менен калмакты
Кыз алышып журт болсун,
Кырылышпай калк болсун.
Арачы болуп, абаке —
Баргын» деп өзүм жибердим.
Өкүмдүк кылып Чалкалмак
Өзү салды бузукту.
Өзүң мынча тоспосоң,
Көрсөтөт элем кызыкты.
Бузуктан пайда болобу,
Булумду кийген тоңобу.
Намызын колдон кетирсе:
Табылды жээниң оңобу?
Убара кылып Чалкалмак,
Ушундай ишке жороду.
Таяжем Торко кайгырба,
Таякем өзү катылып,
Далайдын башы короду.
Жаңжалдан жалын чыкпайбы.
Жамандык башты жутпайбы...
Жанга залал келтирген
Жакшысы элин бузбайбы.
Жарашып калса таякем,
Жээнинин дарты чыкпайбы.
Кейибейли кеткенге,
Кек кылбайлы өткөнгө.
Кебиңди айткын таяже,
Саа караштуу айлыңды,
Кең Нарын көздөй көчкөнгө.

Табылды баатыр бул сөздү айтып таяжеси Торкобектин көңүлүн ыраазы кылып коюп аттанып, Чалк өөдөнүн белине чыгып барып, калмактардын ар тарабын чалып карап турду. Табылдынын отуз беш жолдошу келип ара жерде топтошуп адам таппай токтошуп,— жатканын көрдү. Ким экен деп жондон дүрбү салып жолдошторун таанып, жолго түшүп барып, баш аягы жыйналып, Чалкалмактын айлына барып, Кудайназардан кабар алса: беш жолдошу менен Кудайназарды калмактар өлтүрүп кетишиптир. Булардын сөөгүн Нарынга алып

кетемин деп жүктөтүп алып, — алтымыш үйлүү калмакты көчүрүп алып, кең Нарын көздөй эли журтун жыйнап, мүлдө калайыкка: «Кудайназар — Алтыбайга аш болсун, Торкобектин тою болсун» деп чоң той берди. Сан карабоз жылкыны калмактан өлгөн катагандын катын-баласына бөлүп берип, Торкобекти Элдиярга алып берип, алтымыш үйлүү калмакты элине кошуп эл кылып алды.

Башы Кызыл-Кыя, Зан таш, аягы бетегелүү Койташты жердеп, калың Кыргыз катаган элин ээлеп жатып калган экен.

---

*Сказитель: Актан Тыныбеков*

ЭР ТАБЫЛДЫ

(на киргизском языке)

Редактор Т. Баялиев

Оформлениесы В. Г. Рогачев

Худож. редактор Р. С. Табачников

Тех. редактор С. Чотиев

Корректор Ф. Муратова

Терүүгө 26/II 1957-ж. берилди. Басууга 3/V 1957-ж. кол коюлду. Д—02924. Кагаздын форматы 84X108[1]/32. 9,37+5 тиркеме 0,37 физ. басма табак. 15,37 Шарттуу басма табак.17,33 учёттук табак. Тиражы 30000 Заказ № 897 Мукабасыз баасы 9 сом.
Мукабасы 1 с. 50 т.

Фрунзе, тип. № 1 Главиздата Мин. культ. Кирг. ССР.